# *Жаңы Ала-Тоо*

*2011, 3 (23)*

ЭЛ АРАЛЫК АДАБИЙ-КӨРКӨМ ЖУРНАЛ



**Директор, башкы редактор Тилек МУРАТАЛИЕВ**

РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ:

**СУЛТАНОВ Омор** –

редакциялык кеңештин төрагасы,

**АБДУЛЛАЕВ Чингиз** (Азербайжан),

**ДЕЛИӨМЕРОГЛУ Якуп** (Түркия),

**ОРОЗАЛИН Нурлан** (Казакстан),

**МАРКИШ Давид** (Израиль),

**МЕХМОН Бахти** (Тажикстан),

**КОВСКИЙ Вадим** (Россия)

Кыргызстан:

**АБЫЛКАСЫМОВА Майрамкан**,

**АКМАТАЛИЕВ Абдылдажан**,

**БОНДАРЕНКО Олег**,

**ЖЕТИМИШЕВ Сейит,**

**КАЛБАЕВ Абдымомун**,

**КУЛТЕГИН Кожогелди**,

**ҮКҮБАЕВА Лайли**

РЕДАКЦИЯЛЫК ЖАМААТ:

**Айдарбек САРМАНБЕТОВ** –
башкы редактордун орун басары
**Жылкычы ЖАПИЕВ** –
редактор
**Алым ТОКТОМУШЕВ –**
редактор
**Жакин ТЕҢИРБЕРГЕНОВА** –
корректор
**Рахим ТӨЛӨБЕКОВ** –
дизайнер
**Нурлан КЫДЫКОВ** –
дизайнер
**Альбина КАСЫМОВА** –
оператор



Кол жазмаларга пикир айтылбайт жана кайтарылып берилбейт. Редакция бардык авторлор жана заказчылар (китеп, жарнама, плакат, буклет ж.б.) менен кызматташууга дайыма кызыкдар.

Журнал редакциянын басма-компьютердик борборунда даярдалды.



РЕДАКЦИЯНЫН ДАРЕГИ:
720054, Бишкек шаары,
Жибек жолу пр. – 466. Тел: 34-55-86
E-mail: Jany.alatoo@gmail.com



Күбөлүк: № 1510

Терүүгө 10.02.2011. берилди.
Басууга 15.04.2011. кол коюлду.
Форматы $70x100^1/_{16}$. Көлөмү 14 б.т.
Заказ № 654. Нускасы 2000

# Бул санда

**Салижан ЖИГИТОВ**
Ит атаар жана башкалар ...........................3

**Абдымомун КАЛБАЕВ**
Ырлар .....................................................44

**Султанбек ЖУМАГУЛОВ**
Автобооз–2 .............................................50

**Венера БӨЛӨКБАЕВА**
Ырлар .....................................................61

**Чынтемир АСКАРОВ**
Боксёр ....................................................68

**Баялы МОМУНОВ**
Баары оңой ............................................111

**Кулмат ТУКЕНАЛИЕВ**
Атамдын бубак чачтары .........................113

**Осмонбек КӨЧӨРАЛИЕВ**
Аристократка ......................................116

**Мухтар МАГАУИН**
Ай талаадагы кыштоо ..........................126

**Николай ШУЛЬГИН**
Отвечаешь? ..........................................138

**Уильям ФОЛКНЕР**
Виргиния университетинин студенттери, окутуучулары менен аңгеме ..................156

**Турусбек МАДЫЛБАЙ**
Менин Америкам, же жаңыдан Американы ачуу ...............162

**Рамис РЫСКУЛОВ**
Сулуу аял эмес, сулуу ойнош – генийдин үлүшү ..................................174

**Айдарбек САРМАНБЕТОВ**
Өмүрү өрнөк замандаш ..........................186

**Нурия КУТАНАЕВА**
Борбор Азия жана чет эл аскер очоктору ..........................190

**Байбагыш ААЛЫ уулу**
Тайлак баатыр .....................................197

**Жолоочу РЫСБАЕВ**
Тамсилдер .............................................206

**Олжобай ШАКИР уулу**
Бүркүмдөр ............................................211

Адабият жаңылыктары .........................221

Мукабанын биринчи бетинде:
Быйылкы жылы мааракелүү 90 жашка толуп турган Кыргыз Эл баатыры, Кыргыз Эл акыны Сүйүнбай Эралиев өмүрлүк жары Альбина менен. Аксакалдын чыгармалары менен кийинки сандардан тааныша аласыздар.

**УРМАТТУУ ОКУРМАНДАР!**

**Бардык почта түйүндөрүндө**
**«Жаңы Ала-Тоо» журналына жазылуу жүрүп жатат.**
**Ар айдын он бешине чейин жазылып алсаңыз**
**келерки айдан баштап колуңузга аласыз.**
**Жазылуу индекси – 77324**
**3 айына – 240 сом (редакциялык баа)**
**«Жаңы Ала-Тоо» журналын 1-санынан баштап окуйм деген**
**окурмандар редакциядан алышса болот.**

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
Бишкек ш. 720054, Жибек жолу пр. 466. Телефону: 34-49-90; Факс: 34-45-04



**(1936–2006)**

**ЖИГИТОВ Салижан** – *1936-жылы Өзгөн районундагы Көлдүк кыштагында туулган. Көптөгөн адабий сын макалалардын, ыр жыйнактардын, прозалык чыгармалардын автору. Н. Хикмет, М. Карим, А. Сент-Экзюперинин чыгармаларын кыргыз тилине которгон. Республиканын Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамоталарынын ээси. Филология илиминин доктору, профессор.*

*Салижан Жигитовдун*
*75 жылдыгына*

# ТАБЕРИК

*Мен билгени «Күн тууду» Салижан Жигитовдун энтамгадай көргөн чыгармасы, эңсеген суусуну эле. Эңсеген суусун эсиме келгени: «Ушул «Ит атаарымды» ийине жеткире иштеп өлсөм арманым жок эле, түп-тамырынан бери кайра жазмакмын, роман кылмакмын» – деп, башкасын билбейм, мага көп ирет айтты. Мен уюштуруп, гезитке жарыяланган кайсы бир интервьюсунда: бу кытай жазуучулары жаш кезинде каражат топтоп, карыганда нык отуруп жазат экен, мен кудай урганда, акча чогултканга да жарабапмын маанисинде масел айтып, кайрадан «Ит атаарын» кыйыткан бар. Көр оокаттын көйгөйү болбосо, айлык акы, кызмат деп ак урбай, ойду бир жерге топтоп, ушул романымды бүтүрөр элем дегени. Мен анда шап ооздонуп, Фолкнердин бир каймана сөзүн айтсам: «А кудай урган, анысы да бар» – деп каткырган. Фолкнер француздардын «Жаштык билсе… карылыктын каруусу жетсе…» деген ылакабын алып, анда гениалдуу чыгармалар дүйнөгө жамгырдай жаамак, тилекке каршы, жазуучу жаш кезинде жазып атканын түбүнө түшүрө билбейт, качан билгенде, карылык келип, каруу-күчү жетпейт маанисинде чечмелеген.*

*Анткен менен кай куракта болбосун ал кишинин күчү жеттмек. Убактысы жетпей калды. Мен ишенем. Канткен менен жаштыгымдын көп мезгили ал кишинин таасиринде өттү, кылт эткен кыймылы көз алдымда турду, жетим музоодой көп ээрчип, көп сүйлөштүм дегендей. Ал киши жашоодон, сүйүүдөн, чыгармачылыктан, чындыктан башка дүйнөнүн бардык кумарчылыгынан кутулган адам эле. Жогоруда мен атагандарга качан болбосун болуп-толуп*

*турчу. Кѳтүүсүз ойлордон, фантазия, сюжеттерден, маалыматтардан, ташка тамга баскандай тамаша-тамсилдерден башы, жаны, каны бош жүргѳн, ашыра айтпасам, саат, мүнѳтүн кѳргѳнүм жок. Аны байкаган азилкечтерине: «Кандек иттин карыганы билинбейт» – деп койчу. Кийин, ооруп жүргѳн мезгилинде бир ирет телефон менен сүйлѳшүп калсак: «Мен жаңылып жүрүпмүн, кандек иттин деле карыганы билинет экен, мен карыптырмын» – деп карс-карс күлгѳн. Тилекке каршы, карылыктан ѳлгѳн жок, айыкпас кесел 70 жашка жеткирип-жеткирбей арабыздан алып тынды.*

*Кечээ жакында «Ит атаардын» ушул гранкасын окуп аткан элем, редакцияга Эл акыны Омор Султанов баш бага калып, Салижан Жигитов тууралуу сѳз боло кетти. «Ар дайым таң-тамаша куруп жүргѳнсүгѳнү менен, – деди Омокем. – Ичинде кандайдыр бир кусалык, ызалык бар эле». Ошондо анын элеси кѳз алдыма кудум тасмадай тартыла түштү. Омокем оңбогондой таамай байкаптыр. Чын эле ошондой: чуулдаткан ачылышка, дуулдаткан атакка, керек болсо кенен-чонон каражатка болгон кусалык бар экен ойлосом. («Каражатым калың болсо, үйдѳн тап жылбай, «Ит атаарды» катырат элем дегени эле эмне каңкуу?!)*

*Кыргыз дүйнѳсүндѳ аларга деле жетти, бирок чѳѳт болуп акпай калар адам эмес эле.*

*«Ит атаары» ушу. «Күн тууду» деген ат менен 1977-жылы китеп болуп тараган. «Ит икаясы» деген каргысы да бар эле. «Итимди» ит талагандай кылып чыгарышты, кийин тааныбай барып араң тааныдым деп калчу. Сагызгандан сак айрым адабиятчылар китептен саясый ката таап жиберишиптир. Ички рецензия деп коюшчу, жашыруун-жабык пикир жазгандар кабинетте чогуу отурган каламдаштарым, санаалаштарым экен, басмага баралекте деле окушкан, ал пикирин мага түз айтса, акча тѳлѳбѳйм да, ошондуктан ЦКга жазып беришиптир деп күлкүгѳ айландырчу. Анын үстүнѳ автордун аллегорияларынан бийликтин бийик калдайлары ѳздѳрүн таанып алса керек.*

*Эмнеси болсо да китеп чыккандан кийин адабий чѳйрѳдѳ кыйла талаш-тартышты жаратты да, ошол бойдон унутулуп калгансыды. Учурунда окурмандар да бир топ уу-дуу менен кабыл алды. Башкасын билбейм, мен ѳтѳ маашырканып, ѳзүм жазып аткансып кычуум канып окугам. Китеп жарык кѳргѳндѳ ооруканада элем, улгайган адамдар менен жатчумун. Аларга окуп берип боорун тырматкам. Таасири ушунча, эртең менен тѳшѳктѳн: «О кайран, кара айгырым» – деп турушчу болгон. (Ит атаар эшегин ошентип «эркелетет» эмеспи.)*

*Ошентип, окурмандардын жаңы мууну да унутту. Китеп библиофил таңсыктыгына айланды. Бул жаатынан «Жаңы Ала-Тоо» бул чыгарманы жаңыртып басып, окурмандарга эле эмес, жалпы кыргыз адабиятына, бери калганда, тарыхына татыктуу кызмат кылып атыр.*

*Китепти эң жакын шакирттери, досторунан да таппай үйүнѳн алдырдык. Салижан Жигитович ѳз колу менен китепти кыйла жерин кыскартып, оңдоптур. Кѳп абзацтарга балчайта-балчайта белги коюлган. Кыязы, жаңы сюжет, портрет ж.б. кирмек. Килейген-килейген суроолор кѳп. Баяндын атын да ѳзгѳртүптүр: «Ит атаар жана башкалар» – деп. Тилекке каршы, «тигип-сѳгүүлѳр» жарымына жетпей токтоптур. Чолоосу тийбесе керек. Коомчулук билет, ал киши кайсыл ишти болбосун кан менен тердин ортосунда аткарчу. Кайсы маселенин болбосун жаңгактай катуу кабыгын чакмайынча жаны жай алчу эмес. Ошол сыяктуу касиеттер анын*

*асыл убактысынын баарын алып тынды. Анын үстүнө өмүрүнүн акыркы жылдарында коомдук-саясый иштерге да баш-оту менен кирип кетти. Публицистиканын жаагын айырды. Педагогикалык, илимий ишмердигин айтпай-ак коёлу!*

*Ошентип, редакция китептин олуп-чолуп оңдолгон вариантын жарыялоону туура тапты. Каалагандар салыштырып окуп алар. А мен болсо оңдолгон вариантты редакторлоп жатып, оңдоп-түзөгөнгө улуу устаттын колу бекеринен кычышпаганын байкадым. Кыязы, табият берген таланты менен чектелген жазуучу болсо, башкача жазмак, Салижан Жигитович адабиятчы, акын, болгондо да адабиятчылардын алдыдагы сарасы, акындардын «айкүрү» болуп атыр. Прозасында «кем-карч» болсо, ошого байланыштуу. Бирок ошол «кем-карчка» да канча күч, канча талант жумшалганын сезүүнүн өзү эле кандай керемет!*

**Алым ТОКТОМУШЕВ**

# ИТ АТААР ЖАНА БАШКАЛАР

**(«Күн тууду» китебинен)**

## Биринчи баян

Согуш бүтөр жылдын ала шалбырты эле. Күңгөй адырлар илең-салаң буу чыгарып турган; Жамшит-сары экөөбүз ошо күңгөйдүн чала тоборсуган бир таман каптал жолу менен келатабыз; төмөн жакта, биздин кыштак жайгашкан бүйүз түздөрүндө ала-чокул карлар киргилт-күңүрт жаркырап, булак-булак эриген суулар жылжып агып жатты. Мен ымыркай күчүктү көкүрөгүмө баладай көтөрүп, күчүктүү болгонума кудуңдап сүйүнүп келаткамын.

Үйдөгүлөр күчүк алып келгеними кайдыгер эле кабыл алышты. Мен алардан башканы күткөн элем. Бир гана кичинекей карындашым кубанганынан жер тепкилей тыбырчылап жиберди. Күчүктү пешайбандын жерине койгонумда, анын үстүнө үйрүлө түшүп: «Күчүк! Күчүк!» – деп жонунан сыйпалап, алда кандай чебеленип кетти. Анын ошонусуна ичим жылый түштү. Кубанычыңа ортоктош болгон киши табылса да жакшы турбайбы. Карындашым мага бажырая күлө багып: «Менин күчүгүм ээ, меники ээ? – деп жасакерленди да, кайра дароо эсине келе калып, кебин түздөй койду. – Экөөбүздүкү болот ээ?» Мен укмаксанга салып, унчукканым жок.

Күчүк бүрүшүп, ичиркенгендей болор-болбос калтырап, бүлкүлдөгөн кара тумшугу менен жер шимшилеп, кыңшылагандай бир кызык үн чы-

гарып, турган ордунда тегерене баштады. Жетимсирей түшкөн бечара энесин жоктоп жатты көрүнөт. Мага кантип жагынарын билбей делдектеген карындашым ашканадан бир бүтүн нан алып чыгыптыр. Анысын: «Ме-ме, күчү, күчү» – деп күчүккө сунуп баратканда мен колумду тескери жазгай корс эттим: «Тарт! Наныңды жебейт бу!» Карындашым нанын бооруна тарта коюп селдейе түштү да, мага жалооруй жалт-жалт карап туруп калды. «Нанга тиши өтпөйт, – дедим жумшара сүйлөп. – Сүт апкел». Карындашым сексеңдеп кайра ичкери кирип кетти да, ашканадан башбагып:

«Сүт кичине эле экен, апкеле берейинби?» – деди. Мен «апкеле бер» дегендей ишаарат кылдым.

Пияла толо сүт апкелиптир. Күчүккө пияланын өзүнөн эле ичирсем апам урушарын билип, итаяк болгудай бирдеме караштырдым. Ылайыктуу эчтеме жок. Мукураганымда пешайбандын өңгүл-дөңгүл жеринен бир чуңкурду чукуп кеңиттим да, сүттү ошого эле куя салдым. Эмчектен чыга элек күчүк сүт ичкенди билбейт экен! Желкесинен кармап тумшугун сүткө тийгизсем, шарт тартып алды. Сүт жерге сиңип, кирдеп, азайып баратты. Тумшугун сүткө матыра малып-малып алсам, күчүк кыңшылап жиберди. Уйпаланган тайкы жүндөрү ансыз деле күчүктү үтүрөйтүп турду эле, эми ал көзүнө дейре булганып, ого бетер бүжүрөп, боор ооругудай кебете кийди. Мурдуна сүт кирип кетти окшойт, бүт денеси менен силкине бышкырынып, жаланып-жаланып койду.

Даамын таткансып калды белем, тумшугун сүткө абайлап дагы малсам, ал башын дагы тартып алды, бирок оозунун сүт тийген жерин көңүлдөнүп жалмалады. Мени бир кыйла убара кылгандан кийин гана бир чети пейили тартпагандай, бир чети батына бербегендей маалкап, анча окшоштура албаса да, кадыресе итчесинен иче баштады. Ошентип ичип атса, мултук куйругу дегеле чычая чагаракталып, тыным албай чодоң-чодоң булактап жатты. Карындашым экөөбүз сүйүнгөнүбүздөн күлүп ийип, жетине албай маашырканып карап турдук.

* * *

Эми кээде күчүк менен көп алышканым үчүн жеме жей баштадым. Бирок күчүгүм турганда анын айынан анда-санда тил укканым кеп бекен! Мен анын тумшугунун учунан төрт таманына чейин жакшы көрөм. Мантаң-мантаң басканычы, сереӊ-сереӊ жүгүргөнүчү, айрыкча чоочун киши-кара же мал-сал көрсө, жакын барганга даабай, алыстан жан-дили менен борсулдап үрүп турганычы! Андан да тамдын бурчуна же күлдөбөгө барып, дегеле каадалуу итчесинен арткы бутун сырайта көтөрүп «даарат сындырып» калганычы!..

Мен жаз бою көңүлүм чак-чак, кудуң-кудуң куунак жүрдүм. Күчүгүмдү ээрчитип көчө аралай ойгелди жүгүрө берем. Сайга ойногону барсам, көрүнбөс канатым бардай учуп-жанып, артыман калбай сереңдеген күчүккө кылчак-кылчак карап коюп, бир башкача эдиреңдеп барам. Балдар да күчүктү көргөндө кубанычтуу чурулдашып, дароо тегеректей калышып, бири жонунан сыласа, бири куйругуна жабышып, бири апаптачудай ээгинен эркелетсе, бири кулагын кармалап, заматта жүдөтүп жиберишет. «Эй! Болду, коё бергиле, – дейм мен жүз үйрүп. – Колуңардын табы өтүп чоңойбой калат». Балдар айтканымы эки кылышпайт. Ошо күчүгүмүн аркасы менен теңтуштарымын арасында кадыр-баркым бир кыйла көтөрүлө түшкөн эле.

Бир күнү сайда балдар күчүгүм менен ошентип «саламдашып» атса, Жамшит деген ылжырама сары баланын ачуу доошу капыстан чайылдай түштү: «Эй! Таптым, таптым!» Баарыбыз анын оозун карап калдык. Ылжырама сары: «Муну апчарке ит кылып үйрөтпөйлүбү, ыя? Оо, баягыда оюнчулар келбеди беле, апчаркеси бар эмес беле, баарыбыз көрбөдүк беле? – деп безилдеп ийип, менден атайы сурап койду. – Сен дагы көрдүң беле?»

Көрбөгөндө анан! Эрди-катын эки оюнчу мурдагы жылы ити менен кошо оюн коюп келишип, а түгүл биздикине түнөп кетишкен. Аялы түпкүчтөй ийилип, жерден бетаарчысын тиштей тура калып, бир чалкасынан, бир оңкосунан кетип оюн көрсөткөн; эркеги оозунан кызыл жалын бүркүп, бычак жутуп, таңдайынан узун кагаздар чубап көз боёмочулук кылган; ити болсо ич жагына кыдырата бычактар сайылган алкактан секирип өтүп, көрсөтпөй каткан буюмдарын издеп таап, деги ээси эмне буйрук кылса, анын баарын так аткарып берген. Алар кеткенден көп-көп кийин чоң кишилер: «Кысталак, баягы эрди-катын оюнчу ишпион экен, чегарадан чыгып бараткaнда кармалыптыр», – деп жүрүштү. Биз болсок алардын адамдай акылдуу итине таң калып, иттин өнөрлөрүн айтып түгөтө албай, далайга жомок кылганбыз.

Жамшит сарынын айтканы баарыбызга макул келди. Качма топ ойногон мындай калып, күчүктү «апчарке кылып» үйрөткөнгө кириштик. Бирок күчүгүң түшкүр биздин оюбуз менен болсо эмне! Кыска чырпык тиштетип тургуза албай шайыбыз ооду. Чырпыкты улам туурасынан оозуна салабыз, ал улам кайра лак таштап коюп, мултуйган чагарак куйругун булактатып туруп калат. Айлабыз куруганда ага чырпыкты зордоп тиштетип туруп, эки четине эки жип тагып, жиптердин учун желкесине байлап таштадык. Ал ошо кемээчтеген боюнча нары-бери томполоңдоп чуркаса, тилегенибиз көктөн түшкөндөй чурулдап кубалап алдык. Мен күчүгүмүн аңкоолугуна арданып, аны урайын деп жатсам, ылжырама сары Жамшит дагы чайылдап кыйкырып ийди: «Эй! Ит атаар келатат!» Мен күчүктү кучактап отура калдым, балдар катар тура калышып, мени далдалай кетишти.

Тизилип турган балдардын арасындагы жылчыктан Улукбек акени көрдүм. Кара эшегин минип, кош ооз мылтыгын асынып, окчонтоюн курчанып алган экен. Эшегин кыдыңдатып жолдун бизге тушташ жерине жетти. Ошондо балдар алыстан: «Ассалоом алейкум, Улукбек аке!» – деп жарыша чурулдашты. Улукбек аке баш ийкей алик алды да: «Ай, кайбарлар эй, ит кубалап сайда жүрөсүңөрбү?» –деп күлүп койду. Дүңүрөйгөн капкара бетинен тиштери жарк эте түштү. «Кайбарлар, бу жаз чыккандан бери мага жолобой койдуңар го?» – деди ал кичине бастыра бергенде. «Кол тийбей атат», – деп бошоң айтты балдардын бирөө. Аңгыча болбой сары Жамшит дагы чайылдап ийди: «Улукбек аке, кайда баратасыз?» Узай түшкөн Улукбек аке кылчая берди. «Жогоргон айттырып ийишкен экен, бир дейди ит жүрөт имиш, ошону жайлап келем», – деп дагы тиштерин жарк эттирди.

Ал жолдон өтүп баратса, айылдын алаңгазар иттери чуулдап ээрчип алат, кээде эшеги менен өзүнө тап берет. Иттер өтө албууттанып кетсе, ал мылтыгын ала коюп «баң!» дедире атып иет. Атканы демейде тийбей калат, баягыда жогорку айылдын бир кабанаак итин жыга атканын укканыбыз болбосо, биздин мааладан бирди-жарым итти жыга атканын көрө элекпиз. Ошентсе да аны эшекчен көрсө, балдар кадыресе чочулайт, иттерин апыл-тапыл бекитип калат. Анын үстүнө кичине балдарды чоң балдар да коркута берет. «Ит атаарга быйыл тери планды көп салыптыр, – деп келишет алар. – Ал ошо пландан кутула албай шордоп жүрбөйбү, эми көзүнө көрүнгөн эле итти атып, терисин сыйрып алат». Ушундан улам биздей кичине балдар Улукбек акени жолдон эшекчен көрөр замат иттерин чакырып, байлаганга же бекиткенге шашат. Мен мурда бейкапар эле жүрчү элем, күчүктүү болгондон бери балдардын ошентип корккону мага да жабышты.

Эшекчен Улукбек аке бизден кыйла эле узап кетти. Биз «апчарке» кылып үйрөтөбүз деп Жолборсту кайрадан кыйнай баштадык. Кем акыл күчүк экен, дегеле бирдеме үйрөнө турган түрү жок. Жадаганда аны өз жайына коюп, качма топ ойногонго кирдик.

* * *

Биз чакан дайрабыздын суу жемирип ойгон бир жерин таш менен тосмолоп, көл жасап алган элек. Жайды-жайлай көргөн-бакканыбыз ошол көл: керээли-кечке суудан чыкпай, апаларыбызды үй-үйлөрүбүзгө какшатып чакыртабыз. Жолборс мени көлгө ээрчип барат. Биз баарыбыз жарышып сууга бой таштайбыз, күчүк да биз менен кошо киргиси келет, бирок киргенге даай албайт, тек жамажайы ачыңкы оозунан кызыл тилин салаңдатып кашатта тыбырап-тыбырап калып калат.

Баягыда биздин бир өрдөк күрп болуп, ага тооктун бир жумурткасын кошо бастырып койгон элек. Тооктун жалгыз жөжөсү өрдөктүн балапанына аралаш көз жарып, өрдөктү эне кылып ээрчип жүрчү. Бир гана жери: өрдөк балдары менен сууга кирсе, жалгыз жөжө кире албай чыйпылдап, арыктын кырында байкушсунуп туруп калар эле. Биз сууга бой урганда кашатта калган күчүгүм да ошо бечара жөжөгө окшоп кетет.

Көлдүн ичинде талашып сууланган нанды жегенде аябай ширин болот. Бир күнү ала келген нандарыбызды суулап жеп жаттык эле, мен кашатта жаланып турган Жолборско жеп аткан нанымы сунуп өзүмө чакырсам, ал суудан бир аз сүрдөп тыбырап турду да, анан тобокелге салды белем сууга чалп секирип түштү. Аптыга калкып чыгып, башын чулгуй бышкырынды да, мага карай бир көмүлүп, бир көрүнүп сүзө баштады. Мага эптеп жетейин дегенде, анын сүзүп келатканын көрө койгон балдар чурулдап кыйкырып ийишти. Күчүк чочугандан сууга чөгө түштү, кайра артына шарт кайрылып, жанталаша тарбалаңдап жатып жээкке жетти, жүндөрүн терисине жабыштыра шөмтүрөп, курсагы менен эки капталынан шыркырата суу куюлтуп кашатка секирип чыкты. Жонун бүкүрөйтө түйүлүп туруп, кумда кактанып жаткан балдарга калың тамчылар жаадыра силкинип жиберди... Кийин биз эт-нандын жардамы менен аны бат эле сууда сүзгөнгө үйрөтүп алдык.

* * *

Аңгыча болбой күз да келип калды. Мен үчүнчү класска бара баштадым. Биз түштөн кийин окуйбуз. Классташтарымдын көбү оо жогортон келет, алар келгиче мен көпүрөнүн үстүндө болом. Күчүгүм мени ошо жерге чейин ээрчип барат. Мен көпүрөнүн орто ченинде тактай кырында бутумду салаңдатып семичке чагып отурам. Жанымда суу бетине карап, куйругун шыйпаңдатып Жолборс турат. Мен айлампалуу иримге көз салып, сонуркап тамаша кылам. Каралжын-тунук суунун үстүнөн төгөрөк иримдер кат-кат таралат, түбүнөн самын таштар одурая кашкаят, жатып калган балырлар былжыр-былжыр көгөрөт. Топ-тобу менен кара чаар балыктар жылып жүрөт. Алар кылк-кылк этип жай сүзүп баратып капыстан ойт берет да, соймоң-соймоң оюн салып калат; чагылбаган бүкүлү семичке таштасам, шап илип алып, куйруктарын күнгө бир жарк эттире кайра кирип кетет.

Күн мемиреп тийип, менин жонумду коңур жылытат. Мен кат-кат таралып жаткан иримдердин как чордонуна, чуңкурая түшүп төгөрөк из жасап жаткан жерине кадалып көз тигем. Ошо иримге бир саам көз ирмебей карап турам да, анан көпүрө менен кошо жылып, акырын ага баштайм. Кадаланып караган сайын акканым катуулап, бир маалда

тим эле зымырап кетем. Зымырап ага берип, ага берип, акыры көзүм ымыр-чымыр талып, башым айлана түшөт. Көзүмдү жуумп жиберип, бир аздан кийин ачам. Суунун бетинде жанагы эле кат-кат таралган ирим, анан күчүк экөөбүздүн талпая түшүп, калтырап турган карарыңкы көлөкөбүз. Астыртан көз кырын салсам, Жолборс да сууга дегеле мелтирей карап турат. Ал суу бетине эмне эле мынча кадаланып карайт? Кызык, а да сууга карап-карап туруп көпүрө менен кошо зымырап агат бекен? Эмне, ошентип акканды менчилеп жакшы көрөт болду бекен?

* * *

Жолборс экөөбүз ушинтип жакшы эле ынак жүрүп, кыш ортосунан мамилебиз сууй баштады, кайра жаз чыкканда арабыз такыр эле ажырап кетти. Иттин бала чагы кышкы күндөн бешбетер кыска экен: ал бат эле чоңоюп, кадыресе ит болуп алды. А мен дагы эле бала бойдон элем. Ошонун айынан Жолборс мени баласынтып тоотпойт, баштагыдай ээрчитейин десем, анча көңүлсүнбөйт. Жиним келгенден таяк менен капталга сайгылап, көчүккө тээп тийишип көрөм. Ошондо ал мага кыртышы сүйбөгөндөй жаман көзү менен карайт, «таанышболбосоң көрсөтөт элем го» дегендей дүгдүйүп ордунан турат, дегеле тоотпогон кейпи менен деңкейе басып кетет. Шыйпаңдап, бутуна үч бүгүлө жыгылып, атама кошомат кылат. Таэнем өлгөн соң аныкында жүргөн жатындашым Түмөн кайра биздикине келди эле, ит менден улуусунтуп ошого көбүрөөк жойпуланат.

Жок, Жолборс каратып туруп эле мага сыртын салып кетти. Мен аны жек көрүп, туруксуздугуна күйүп-бышып капаландым, көңүлүм анын ордун жоктоп, бир жагы эңшериле түшкөндөй оңкулдап, катуу убайым жедим. Акыры, бир эрмек таппай тура албаган жаным, көгүчкөн менен таан бакканга көчө качтым.

Бирок аным итке тиешеси жок өзүнчө бир башка кеп...

Кокус жадасаңар, дагы кичине сабыр кылгыла, балким, мындан аркысы кызыгыраак болуп кетер.

* * *

Экинчи жылы Жолборс узун-бийигине бирдей чоңоюп, бат эле килеңдеген даңгыт болуп чыга келди. Баягы күчүк чагындагы түп жагы агыш, учтары каралжын-көгүш назик жүндөрүнөн дайын жок, эмки жүнү кылчык, узун, калың, бозомук. Көкүрөгү алдыга тээп чыгып, мойну жоонойуп, тула бою локуюп, нары кабелтең, нары айбаттуу кебете-кешпир алды. Арстан кабак, калжайган чоң, түксөйгөн түктүү башы анын ошо

кебетесин ого бетер сүрдүү кылды. Ал эшиктин алдында комдонуп жай жатканы менен эле келген-кеткенди коркутуп жүрдү.

Жолборс кокустан тышкы көрүнүшүнө жараша албуут, кабанаак, кара мүртөз жаралып калса, биз кызылдай эле балээге калмак экенбиз. Теңир жалгап, ал оор басмырт, жоош-момун, ак көңүл дөбөт болду. Көзүнө көрүнгөндүн баарына эле арсылдап бейжай үрө бербейт. Байкатпай асыла кетет, качырып тиш салат, албууттанып ажылдайт деген менен иши жок. Тааныгандарга, атүгүл биздин үйгө кирип эле чыккан кишиге асти үн чыгарбайт. Ырас, чоочун киши көрсө сөзсүз үрүп чыгат, үргөндө жепирейген жел өпкө иттерче чебеленип, чайылдап, кыйратып ийчүдөй эрдемсип үрбөй, тек салабаттуу калбаат сөөлөтүнөн жазбай, жоон доошу менен салмактуу күп-күп этет, күпүлдөп үргөн сайын эки бөйрөгүнүн тушу көөп чыга калып турат. Кишини ажылдап ээрчип да албайт, качырып да тийбейт, чын пейилинен күйүп-жанбай, обочороок туруп алып, ыргылжың гана үрүп-үрүп тим болот. Менимче, анын үргүсү деле келбесе керек, же унчукпай жүрө берип ичи бышкандан, же бизден уялгандан, же иттик парзынан эптеп кутулайын дегенден эле үрүп койсо керек.

Көрүп-билгендер биздин иттин жакшы пейилин мактап калышат. Ошондо апам: «Иттин кандай чыгышы эшиктен болот, – дейт сыймыктана түшкөнүн сыртына чыгарбаска тырышып. – Биз күчүктүн кандайын баксак деле жоош чыгат. Деги биз ит жагынан жолдуубуз».

Үчүнчү жылы Жолборс ошо жакшы атына кир жугузбай килеңдеп жүрүп эле бир күнү жоголуп кетти. Анын жылас болгону үч-төрт күн өткөндө билинди. Иттин үйдөн качып кеткени атамын кабагын карыш түшүрүп, жакын туугандарыбыздын ыраңын саруулатты.

Көптөн бери илең-салаң болуп ооруп жүргөн апам төшөктөн турбай жатып калган эле. Абаларым менен тагаларым апамын көзүнчө кабатырлыгын каш-кабагынан көрсөтпөс үчүн күлө сүйлөшүп кара күчкө багжаңдашса да, тышка чыгар замат дароо сумсайышып, кайдыгер эле бирдемелер жөнүндө кобурашып турушуп, анан чочугандай: «Кысталак, качып кетти, аа!» – деп Жолборстун жоголгонуна кейип калышчу болду. Мага эмне үчүндүр жакындарыбызды апамдын оорусуна караганда иттин качканы көбүрөөк бейпайга салгандай сезилди.

Жолборстун жоголгону чоң кишилерди неге мынча санааркатканын түшүнө албай бүшүркөп жүрсөм, бир күнү кокустан эки кемпирдин сүйлөшүп баратканы кулагыма шак этти. Апамын алын сурашып кайтышкан кемпирлердин бири: «Я, жеңе, бечара Майрамбү өйдөлөбөй калат бейм, – деди да, күйүттүү шыпшынып койду. – Иттери да качып кетиптир...» «Чын айтасың, чоң кыз, чын айтасың! – деп безилдеди экинчиси. – Ит качкан жаман, жаман! Ит дегеле жакшылыкка качпайт. Ит жаныбар көзү ачык болот имиш ко. Баягыда Улакчы акем өлөрдө дагы иттери качып кетпеди беле?»

Менин жүрөгүм шуу дей түштү. Көпкө ооруп жаткандардын далайы акыры өлүп тынарын көрүп-билип жүрсөм да, көптөн бери төшөктөн турбаган апамын бир күнү өлүп калары такыр эле капарыма келбептир. Ошондо итибиздин качканы апамын оорусуна байланыштуу экенин, апамын да таэнеме окшоп жерге көмүлөрүн ойлой коюп, үрөйүм учуп кетти. Ошо жерден эле жүгөрүгө суу сүрүп келгени алышка кеткен акем Түмөнгө карай чаптым. Ага кемпирлерден укканымды айтып бергенче ашыктым. Арык бойлой дикилдеп баратсам, ал кетменин далысына арта салып суу сүрүп келаткан экен, мени көрөр замат сестейип токтой калып, кайра мага каршы жүгүрдү...

* * *

Башка жакка ооп кетсе керек, биздин кыштактан Жолборстун өлүгү да, тириги да табылган жок. Көрбөгөнүн деле көргөндөй, божомолун деле болгондой кылып сүйлөгөн бир абам: «Ит жайлоого өткөн бир түркту[1] ээрчип кетти, – деди чырт түкүрүп. – Айтканым калп чыкса мага келгиле, мурдуму кесип берем». Абам айткандын жалган-чыны билингиче эле Жолборстун дареги ылдыйтан угулуп калды. Өзгөндөн базарлап кайткан бирөө биздин үйгө кайрылып: «Какырдын талаасынан бир ит көрдүм, кубаласам сайга кире качты, мага силердин итиңердин эле өзү көрүнүп кетти», – деген кабар айтты. Аңгыча болбой Жолборстун дареги жогортон чыккансыды. «Салам-Аликте бир жолбун ит жүрөт имиш, – деп келди жайлоолоп барган тууганыбыз. – Сураштырып көрсөм, куду Жолборстун өң-түспөлүн айтышты». Кекенген Түмөн качкан итти тындым кылып келгени эки тарапка тең издеп барып, таппай кайтты. Анан өлгөн апамын жетилиги чыгып-чыкпай бир шашке ченде Жолборс өзү эле темселеп келип калды.

Аны биринчи мен көрдүм. Кынжыйып арыктап алыптыр, жүндөрү уйпаланып, кээ жери даакыланып, жүдөмүш тартыптыр, локуйган сөөлөтү эле калбаса, анык күйпүл күчүктүн кейпин кийиптир. Ал мага эркелегенге батынбай, көзүмө тике карай албай, айбыккансыган кыяз менен илээлей басып барып, күлдөбөнүн түбүнө комдонуп жата кетти. Созо таштаган алдыңкы буттарына тумшугун коюп, киртийген көздөрүн сүзүңкүрөп, кайгылуу ойго чөккөндөй тунжурап калды.

Апамын өлгөнүн Жолборстун качканынан көрүп, Түмөндөн калышпай сыртынан кектеп-жектеп жүрсөм да, байкуштун карыпчылыгын көргөндө ошо жектегеним эсимен чыгып, ырайымым козголо түштү. Үйдө отургандарга Жолборстун келгенин сүйүнчүлөсөм, баары жабалактай турушуп, босогодон жардана карашты. Атамын чоң эжеси: «А-а, ырысы жогум, болор иш болгонун билип келген тура!» – деп кейиштүү шыпшынды.

[1] *Түрк* – өзбектин мурдагы көчмөн уруусу, көбүнчө кой багышат.

Түмөн жумуштап кеткен жагынан түш ченде кайтты. Ал аталага[1] тоюп алып, пешайбандын бурчунда солуп жаткан Жолборско бир чети жипкиргенсип, бир чети боору ооругансып бети-башын тыржыйта карап турду да, шарт артына бурулду. Там башынан узун кыл аркан алып түшүп, бир учунан сыйыртмак жасап, шыйпаңдап тура калган Жолборстун мойнуна кийгизди. Кийгизип жатса, ээсинен эч жамандык күтпөгөн ит башын сыйыртмакка камырабай тосуп, дагы шыйпаң-шыйпаң эркелемиш болуп койгонун кантесиң! Жетелегенге да кыйыктанбай көнүп, өзү эле Түмөндү ээрчип жөнөдү. Түмөн мага кайрылып: «Жүр, коктудагы чоң жаңгакка асып келебиз», – деди. Мен көңүлдөнбөй тескери басайын десем, ал бир акырая карады эле, аргам жок артынан түштүм. Биз төш таяна бергенде атамын эки эжеси тамдын капшытына чыгышып, бизден иттин жанын соогалап какшанышты, мен кылчактасам да Түмөн кашайып эле кулак какпай койду. Эки кемпир биздин тил азарлык кылганыбызга наалыган бойдон кала беришти.

Каркайган чоң жаңгактын түбүнө жеттик. Түмөн буйрук кылгандан мен жаңгакка үч метр чамалаш чыгып бардым да, курчана чыккан аркандын учун белимен чечип, туура карай өскөн жоон бутакка арта салдым. Арканды ылдый түшүрүп жатып карасам, Жолборс калың жалбырактуу жаңгактын шоола аралаш түшкөн аламык көлөкөсүндө таргыл түспөлдөнүп шүмүрөйүп, кыпкызыл тилин бултайта болор-болбос акактап, мага ынамдуу акыйып туруптур. Көп өтпөй күм-жам болору дегеле капарында жок, көз карашында тек гана маңыроо ишеним бар. Мен иттин көзүнөн көзүмдү ала качып, арканды шапа-шуп сойлотуп ийдим, опсуз жоон жаңгактын одур-будур боору менен шыпырылып түштүм, өңүрүмү чала-була кагынып, Түмөн менен Жолборско баш буруп карабай, чыңк ылдый салдым. «Эй, кайда? Токтой тур, – деди Түмөн шашкалактап. – Бир чоң таш таап келчи». Мен чочуп кеттим: «Эмне таш менен уруп өлтүрөсүңбү?» «Жок, – деди Түмөн. – Кел, асып туруп, арканга таш байлап качабыз». Анын көшөргөнү саал бошой түшкөн экен. «Өзү деле өлгөнү калыптыр, коё бербейлиби?» – дедим мен боорукерсинип. «Жок, өлтүрөм, өлтүрбөй койбойм!» – деп Түмөн кайра чыйрала түштү да, аркандын салбырап бош турган жагына асылып, күч менен ылдый тартып жиберди. Мойнундагы шалкы сыйыртмак зыр сыдырылып, алкымын кыса бууп, байкуш Жолборс эми көтөрүлөйүн дегенде, төмөн жактан тааныш бакырык заңк этти: «Эй! Коё бер! Ташта арканды!»

Атамдын эжелери жумшаган көрүнөт тагабыз ат оргутуп чыгып келатыптыр. Ал Түмөн экөөбүздү тең бак-бак этип тилдеп, кокон пешке салып коркутуп, Түмөнгө опурулуп тийди: «О колуң сыңгыр десе! Итти агыт! Коё бер азыр!» Түмөн үлүрөйө жер карап, аркандын учун мыкчыгылап, көшөргөндөн көшөрүп тура берди. «Эй, – деди тагабыз жоошуй

[1] *Атала* – жүгөрү талкандан жасалган жарма.

түшкөн доошу менен. – Сенде баш барбы? Бу, эмне, жамандыгынан качты дейсиңби? Жаман болсо кайра келет беле? Билсең, ээси өлөрдө иттин жакшысы качат. Көзү ачык, эстүү ит ошентет».

Тагабыз кашайып маңдайыбызда туруп алды эле, Түмөн акыры итти агытканга аргасыз болду. Кыңырылып кыйылган кыяпатта сыйыртмакты чечип жатып, эчкирип ыйлап ийди...

* * *

Ошо Жолборс ажалдан аман калгандын кийинки жылы болучу. Ак жайдын үп баскан бир караңгы түнү эле. Пешайбандагы чарпаяда атам, жаңы апам, мен үчөөбүз жатканбыз. Түшүм же өңүм экенин билбейм, бир маалда кимдир-бирөө катуу чочуп кыйкыргансыды, бутума чалынып, санымы сый басып өткөнсүдү, көйнөгүмөн: «Кокуй! Тур!» – деп жулкуп-жулкуп тартып жибергенсиди. Обдула туруп отуруп калдым бейм, көзүмдү араң жыртып ача салсам, тандырдын жанынан дүпүйгөн эле кыпкызыл бирдеме адегенде мажүрүм тал сыңары самсаалап тургансып, анан бир заматта алоолонгон улуу отко айланды. Карандай кызыл жалын караңгыдан калдайыңкы суурулуп, тандырдан кыйла эле жогору көкөлөп чыгып, жалбырт-жалбырт алоолонбой, опурулуп-жапырылып дуулдабай, тек байкалар-байкалмаксан чайпалып, кылк-кылк көйкөлүп, түтүнү көрүнбөй, кылда учунан кара-кара пырлар учуруп, жайбаракат жанып атыптыр. Оттун жарыгы алыска чарпыла тийип, чукул айланасын жапжарык кылып, ошо жарыктан жанындагы боз тандыр менен көк жүгөрүлөр кызаргансып, Жолборс болсо берегирээкте кыңшылай тыбырап, жалынга карап туруптур.

Аңгыча ак дамбал-көйнөкчөн атам караңгыдан жарыкка атып чыгып, жалындын арасына кирип кетчүдөй күүлөнүп барып, колдорун серпип ийди да, чакасын калдыраткан бойдон там аркасына чапты; ага удаалаш делбеңдеп жыңайлак чыккан жаңы апам да чакасындагы сууну отко ыргыта салып, атамын артынан буту-бутуна тийбей безеленип чуркады. Жаңы эле бүкүлү турган кыпкызыл жалын эми ортосунан жемирилип кирип, бурк-бурк түтүн бүркүп жиберип, эки-үч жеринен айрылып, өөдүк-сөөдүк күйүп калды. Мен ошондо эсими жыйып, чарпаядан жерге секирип жүрөм.

Суу ташыгыдай идиш табам деп ашканага карбаластап баратсам, атам менен апам бирден чака көтөрүп, энтеңдей дикилдеп, дагы там бурчунан чыга келишти. Босогодон аттаар замат менин көзүм байлана түштү, карайлап бурчка жетип, алда немеге чалынып, казан-аякты калдыратып, колдорум менен караңгыны кайсаладым. Адеп колума урунган мискейдей бирдемени эле жула качып, эшик таппай түркүктү чала сүзүп кокуйлап, эптеп пешайбанга чыкканча, атам менен апам там аркасындагы арыкка

эки-үч мертебе чымын-куюн каттап ийишкенби, айтор, өрттү өчүрүп салышыптыр. Жалындын орду караңгыга бүтүндөй жутулуп, анда-мында гана кызыл кыпындар жылт-жылт өчүп, суу тийген чаңдын, түтүндүн, күйүктүн аралашма жыты караңгы аваны жарып жибериптир.

Атамын караңгыда агарыңкы көрүнгөн карааны оор-оор үшкүрүнүп, пешайбан секичесинин кырына отура кетти, колундагы чакасы ташка тийди бейм, ачуу дабыш чыгара «каңк!» этип каңгырады. Атам күйүккөнүн баса албай: «Пай-пай-пай-пай!.. Ух-уу... пай-пай-пай... үх-үү!.. – деди энтигип-энтигип. – Кудай бир... ух-уу... сактады да... ух-уу!» Көөрүктөй күшүлдөгөн өпкөсүн басып-баспай, ал апама кайрылып буйрук кылды: «Чырак жакчы!» Демигип турган жаңы апам ичкери карай баскансыды. «Кудай жалгап, шамалдын жогун кара, – деди атам өзүнө өзүбү же магабы, айтор, божурап. – Леп эткен жел жок экен, мемиреп гана туруптур, жел болсо эле жалын шыйпаңга[1] жабышат болчу, ошондо бүт айылыбыз менен өрттөнөт элек. Пай-пай-пай-пай!»

Тандырдын жанындагы үймөк самандын өрттөнүп кеткенин мен эми аңдап жүрөм. Кечээ эле тандыр кызытканга деп арабакечтер үч араба саман түшүрүп, тандырдын капшытына шоңшойтуп үйүп кетишкен. Саманга учкун күлдөбөгө төккөн жаңы күлдөн жабышкан го, сыягы.

«Жолборс бир азаматтык кылды, бир зор ишке жарады, – деп атам божурай берди. – Так кулагымдын түбүнө келип уңулдап улуп ийген экен, ошондон чочуп турбадымбы. Карасам эле тандырдын жанындагы калдайган бирдеме кызарат. Үрөйүм учуп кеткеничи! Дагы өчөйүн дегенде көрүпмүн, чатыр-чатыр күйүп атканда ойгонсом жүрөгүм чындап түшмөк экен...» Ичкериде күкүрт тамыза албай шыртылдатып жаткан апам: «Жолборс азыр дүмбүл уулап жүрбөйбү, өрттү алыстан көрүп келген го, – деп сөзгө аралашты. – Ит жетип келгиче саман дагы күйүп бүткөндүр да». «Мына, жел келбедиби! – деп атам чочуп кетти. – Бу жел баяраак жүргөндө шорду катырмак. Шыйпаңга куду азыр чабылат эле өрт! Тыптыйпыл өрттөнөт элек!»

Жайын-кышын даңкылдап оорубай жүргөнү болбосо, кайран Жолборс кошунамын ити көргөндүн чет-жакасын да көрбөптүр. Анын үйдөн буюрган күндөлүк ырыскысы жугунду менен сөөк-саак эле. Андан башка аңдыганы мен элем. Ал талаадан да шимшилеп бирдеме-сирдеме таап жечү, бирок сырттан тапканы деле демейде алиги ыпылас бирдемелер боло турган. Үйдөн тапкан эң мыкты олжосу кадырлуу мейман келгенде сойгон кой-сойдун жылуу каны эле. Ал эми мейман биздин үйгө күндө эле келе берчү эмес.

Ырас, Жолборс үчүн «күндө майрам, күндө той» жылына бир келип, катары менен жыйырма күндөй, кээде бир айга жуук созулар эле. Биздин айыл менчик жерлерине туташ жүгөрү айдачу, дүмбүл убагында итибиз

[1] *Шыйпаң* – тамдын камыш байланган чатыры.

ошо бой тирешип калың өскөн бийик жүгөрүлөрдүн ичине кирип, дарегин таптырбай кетчү; жүгөрүлөрдүн башы андан-мындан былкылдап калганы гана анын кайда жүргөнүн каңкуулап турчу. Жүгөрүнүн даны таштай катуу болгуча Жолборс анын ичинен чыкпай, күндүр-түндүр дүмбүл кемирип, ээн-жайкын чардап жүрөр эле. Анан бир күнү күлтүйө семирип, кызыл тилин салаңдатып, кылчык сыйда жүндөрүн артына жапырып, берметтерин жылтыратып, кундуздай кулпурган кейпи менен жарк этип чыга келээр эле.

Кокусунан кара шайтан азгырбаса, кайран Жолборс жылына бир ай гана дүмбүлдөн чечекейи чеч болуп, калган учурда кыштак иттеринин көнүмүш күнүн көрүп жүрүп, жедеп карыганда өз ажалы менен эле өлөт беле? Бирок андай болгон жок, күтүлбөгөн жерден анын тагдыры тескери тегеренип кетти. Анын убалына Анар жинди калды.

* * *

Эми силер, ардактуу окурмандарым, Анардын ким экенин да билбейсиңер. Силер баарыңар биздин кыштактан болсоңор, ошондо да жашыңар мага куракташ, меникинен улуу же саал кичүүрөөк болсо, анда мен Анардын жөн-жайын атайы божурап отурбайт элем го, атын атаганда эле силер кимди айтып атканымды дароо биле койбойт белеңер. Ошо силер баарыңар мага кыштакташ болбой калганыңардан эми мен Анардан аздыр-көптүр кабар бергенге аргасыз болуп жатпайымбы.

* * *

Согуш бүткөндө кыштагыбызга «кара кагаз» деген балакет көп келип, ар кайсы үйлөрдөн ызы-чуу чыгара баштады. Суук кабар алгандар үй ичи менен ыйлап-сыкташып, ургаачылары кара кийинишип, кемпир-чалдары мөгдөй түшүшүп, бирок көп өтпөй эле баары тең өлбөгөн көр оокаттын абыгерчилигине аралашып кетип жатышты. Бир гана кыштактын чет жагында бир үйдө өзү жалгыз турган Анар деген аялды «кара кагаз» аябай жаман кылды. Жаман кылганы ушул: кара чечекей уулунан «кара кагаз» алгандан кийин Анар акыл-эсинен айнып, тамын өзү өрттөп ийди.

Буга чейин мен Анардын өзүн көрмөк түгүл, атын да укпапмын. Тамын өрттөгөнүн да өз көзүм менен көргөн жокмун. Бир күнү таң атканда эле биздин кыштак дуу дей түштү. Көрсө, айыл-апасы суук кабарды угузгандан кийин Анар адегенде нес баскандай далдырап, кээде гана чочугандай омбу-домбу сүйлөп жүрүп, анан бир түнү акылынан тайып, тамына өрт коюп жибериптир. Анан ал ошо жалбырттап күйгөн үйүн тегерене

саксаңдап жүгүрүп, каткырык салып кыйкырып-өкүрүп жүрүптүр. Айыл-апасы там күйүп бүтүп, кара дүмүр болоюн дегенде араң туюшуптур. Кошуналары Анарды байлап ташташып, эртеси арабага таңып Өзгөнгө жеткиришиптир, аерден Ташкендин жиндиканасына алып кетишиптир.

Анар Ташкенден үч ай өткөндө кайтып келди. Тирүүлүктүн өксүбөгөн башка сөздөрүнө алаксып, Анарды унутуп калган кыштак кайрадан жандана түштү. «Бечара айыгып кеткен окшойт, баягысындай эле көрүнөт», – дешти бирөөлөр. «Жок, догдур оолукма жинин эле кагып салган го, көзүн көргөн жоксуңарбы, соо кишинин көзүндөй эмес», – дешти экинчи бирөөлөр. «Жиндин керээти дагы эле калыптыр, жакшы эле сүйлөп келатып, айнып кетет экен», – дешти дагы бирөөлөр. Айтор, Анардын аты аял-эркек менен кары-жаштын оозунда эрмек болду.

Мен – өмүрүмдө тирүү жинди көрбөгөн жаным – Анарды бир көрсөм деп дегдеп, бирок көргөндөн сестенип да жүрдүм. Аңгыча болбой төшөктө жаткан апамын алын сураганы Анар өзү эле биздин үйгө келип калды.

Ырас, адеп эшиктен киргенде анын Анар экенин билгеним жок. Маасыгалошчон, кыжымы чапанчан, эски ак жоолукчан, тышкы көрүнүшү кыштактын башка катындарыныкынан эч айырмасыз бир жалпак бет катын кирип келди да, төшөктө жаткан апама эки колдоп учурашып, божурап эсен-соолук сурашты. Ал нускалуу аялдардын каадасын бузбай салынуу көрпөчөгө көчүк басып, апаман: «Кандай, ооруңун жылышы барбы?» – деп дагы сурап койду. Апам: «Кудая шүгүр, жакшы элемин, турпактан тышкары кыбырап турам, – деп даяр жообун айтты. – Кандай, Анар, өзүң жакшы барып келдиңби, сакайып алдыңбы?» Мен ошондо тиги нускалуу көрүнгөн аялдын Анар экенин биле коюп, чочуп кетип жүрөм.

Эми мен Анарды, ар бир сөзү менен кыймылын кыя өткөрбөй, ыкылас коюп аңдый баштадым. Ал көпкө дейре чай ичип, соо кишилердей эле сүйлөп, суроолорго жөндүү жооп берип отурду. Кыймылдары деле соо кишиникиндей экен. Менин ынтызарым дароо сууп, күндө эле угуп жүрчү соо сөздөрдөн жадап кетип, эми эшикке жөнөйүн деп жатсам, капыстан Анардын кеби айный түштү. Мен адегенде таңыркай калып, анан чыдай албай бырс күлүп жибердим. Анар андан бетер кызык дөөрүгөндө, мен аябай быкылдап күлдүм. Апам да муңайым жылмайып, берки отурган аялдар да жапырт күлүп ийишти. Анар күлкүдөн эреркеп ээлигип кетти. Анын ээ-жаа бербей көбүрүп-жабырганы, маанисиз чалды-куйду кажылдаганы эми менден башка эч кимдин күлкүсүн келтирбей калды. Тырчыган алсыз үнү менен: «Мээми кагып алдың, Анар, кичине дем ала турчу», – деди апам.

Апамын сиңдилери кепке кызып алган Анарды араң тыйышып, колуна эки нан карматып, алдап-соолап араң жолго салышты. Бөлмө бир азга тунжурай түштү. «Бечаранын эски дарты кармап калган турбайбы, – деди апам бир аздан соң. – Элдин көбү билбейт, бу Анар илгери, жаңыдан ке-

лин болуп келгенде, ушинтип жиндеп кеткен. Анда күйө тургандары бар экен, бакшыга салып, ысыктап багып атып айыктырып алышкан. Катуу күйүт ошо эски дартын кайра козгогон тура ырысы жоктун. Оңолгонсуп эле калыптыр, эми деле эки-үч кой союп ысыктаса, окутуп-чокутса, жакшы болуп кетчүдөй. Атаганат, эми ошентчү киши кайда, багар-көрөрү жок коколой калбадыбы шордуу!»

Анар жинди ошо бойдон оңолгон жок, оокат-тиричилигине карабай, дейди болуп кетти. Күн сайын кыштактын башынан аягына аралай чаап, ар кимдикинен буюрган ырыскысын терип жеп, өлбөстүн күнүн көрүп жүрдү. Кышында гана балтырын итке каптырып, каптырган жери кабылдап кетип, эки айча үйүндө жылбай отуруп калды. Ошондо бир тамак-аштан кыйналбаса, дени-карды соосунда кара курсактын кайгысын анча деле тарткан жок.

Анар керээли-кечке айылчылап жүрөт, кирген үйүнөн тамак ичет, атүгүл бирди-жарым нан ала чыгат. Ал нанды сурап деле албайт, кишилер тек боору ооругандан өздөрү берет. Айтор, күн сайын эртең менен өйдө карай салт өтсө, кечке жуук ылдый карай нанга толгон түйүнчөк көтөрүп өтөт. Бирок ал биздин маалага кемде-кем келет. Эмне үчүн дегенде, анын үйү күңгөй өйүздүн чатында, ал эми күңгөйдөн биз жак өйүзгө өтчү жалгыз көпүрө биздин туштан кыйла өйдөдө. Ошол себептен биздин маала Анардын көндүм жолунан обочо, кыйчалыш калат.

Май айында биздин чакан дайра сайга батпай кирип, өйдө жактагы көпүрөнү шыпырып кетти. Суу тартылганда жаңы көпүрө биздин туштан ылдыйраак салынды. Эми Анар өйдө-ылдый биздин мааланы аралап өтө баштады. Бирок анын жолдон өткөнүн мен эртели-кеч көрө албай жүрдүм. Чоң жол бийик өскөн жүгөрүлөрдүн далдаасында калган эле.

Жүгөрү орулганда чоң жол шаңк этип ачыла берди. Жолборс жолдон каттаган киши-карага үйдөн дегеле асылып кетчүдөй адырандап чыгып, жакындап барганда кайра тайсалдай түшүп, эки-үч мертебе калп эле арсарс үрүп коюп, кайра артына кайтып жүрдү. Бул анын көнүмүш адаты эле, тек гана доңуз айбаты эле. Иттин бу сырын билгендер анык адыраңдап келатканын тоотушчу эмес, камырабай беймарал өтө беришчү. Жолборстун ошонусун Анар гана чын көрүп алыптыр.

Мен өзүм көргөнүм жок, бир күнү кечинде Анар биздин туштан ылдый өтүп баратса, Жолборс адатынча абалап жетип барыптыр. Ит артына кайра тартарда коркуп кеткен Анар жолго отура калып, түйүнчөгүнөн бир нан ала коюптур. «Мечи деги, раистин жугундусуна тойбой атсаң, ме, тоюп ал!» – деп бир нанын итке ыргытып ийиптир. Жолборс нанды баса калганда, Анар аны менен кадыресе кишидей урушканча жолго түшүптүр.

Каптыргандан бери ит аттуунун баарынан жүрөгү түшүп калган Анар ошондон кийин өйдө-ылдый өтсө нан таштап бере берип, Жолборсту жа-

ман үйрөтүп ийди. Анарды аңдыганы аз келгенсип, ит эми башкалардан үмүт этип, тааныш эле кишилерге каап ийчүдөй тап кылып, алардын артынан калбай арсылдап, айласын кетире баштады. Күн сайын мектепке каттачу кыздар Жолборс чуркап келатканда эле чай-чуй кыйкырышып, туш-тарапка дыр качышып, итти ого бетер эрдемситип салышты. Анан кыздар Анарды туурап итке нан таштап берип, өйдө-ылдый тынч өтүп жүрүштү. Бекер оокаттын кылыгына кирген даңгыт кыш түшкөндө уятсыяттан бүтүндөй кол жууп, «кой-ай» дегенге көнбөй, өткөн-кеткендин астын тороп, жолдун так ортосуна жатып алмай адат чыгарды. Локуя комдонуп жатып, болор-болбос ыркырап, жолоочу четтей басса кошо жылып, бирдеме үмүт этип акыйып, торогон кишисин биздин үйгө кыйкыртчу болду. Бирок Жолборс чакырганыбызга кулак какпай, үйдүн нанына азгырылбай, какыс-кукус кылганыбызды деле эч тоотпой калды. Итибиздин ээнбаштыгын жакшылыкча койдура албай, анын айынан арыз-наала да көп угуп ийдик. Ошондо атам: «Кысталак, дурус эле ит эле, паракор болуп кетти, – деп кейиди. – Капырай, тим эле паракорго шакирт жүргөндөй иш кылат! Кой, муну байлабаса болбойт, байлап салгыла!»

Мойнуна каргы тагып, терең кагылган жоон казыкка бышык эле жип менен байлап койсок, өмүрү байлоо билбеген ит алкынып-жулкунуп жатып жибин үзүп кетти. Өчөшкөндөн чынжырлап байлап таштасак, бошоном деп урунуп-беринип, дагы үзөм деп өлөрмандыкка салып алкынды, чынжырын тындырбай шалдыратып, кыйлага чейин казыкты чарк айлана берди. Шайы ооп, мойну ооруп, бу шалдыраган салмактуу немени үзүлбөй турганына көзү жеткенде Жолборс акактап туруп калды да, заманасы куурулгандай кыңшылап жиберди. Тамак ичпей кезерип, бу жагынан да кууланып көрдү. Антсе да, минтсе да эчтеме чыкпаган соң ит өз пейилинен тапкан жаңы тагдырына аргасыз баш ийди.

Бирок кыш ортосунан Жолборстун кыялы кескин бузула түштү. Болор-болбоско кыжырланып, ачуусу мурдунун учуна тез чыгып, чыргоолоно баштады, тааныштарга деле ыркырап, чоочун кишилерге албуутtanып жулунмай адат тапты. Бир жаалданып алса, кепке сабыр токтото албай, үрпөйө түшкөн жогдорун кайра жаткыра албай, бир калыпта жай ырылдап, казыкты тегерене берчү болду. Буулуккандан ушинтип атабы деп күндүз маал-маалы менен агытып көрдүк. Анда Жолборс мал-салга катылып, жолдон өткөндөрдү дыркырата кууп, атчандарга асыла кетип жатты. Бир сапар күндүз коё берсек, ал биздикине келаткан карыя абабызды байкатпай куду май куйрук туштан каап алды. Чапандын калыңдыгына баракелде, иттин тиши чалдын этине өтпөй калыптыр. Ошо жолу Түмөн Жолборсту байлап алып, эси-көөнүнөн кеткис кылып аябай сабады. Көрсө, деле пейили бузулган итке сабак болбоптур.

* * *

Райондук милициянын начальниги Бейшеке Ургазиев жазгы айдоо маалында колхозго уполномоченный болуп келип, биздин үйдө жатып жүргөн. Ал өзү жапалдаш бойлуу, ыраң-мүчөсү зайпана чалыш, кылыктангандай кыңылдап сылык-сыпаа сүйлөгөн, кулунча кишинеп күлгөн киши экен. Эрмеги эле китеп экен, көп окуй берип өзү да китептегидей сүйлөп калыптыр. Күп-күп сүйлөп чыкчырылган начальниктерди көп көргөн кыштак калкы Бейшеке Ургазиевдин илмейген назик келбетине тойбой, сыпайы жосундары менен кыңылдап сүйлөгөнүн аябай өгөйлөдү. Жоро шайтан аны келеке кылып алды.

Жоро шайтан демекчи, а дагы бир кызык киши. Уруштан келгенден бери лесхоздо корукчу болуп иштейт. Уруш чыга алекте айылдагы аткаминер кызматтарга жармашып жүрүп, акыры сельсоветтин төрагасына чейин көтөрүлүп барган экен. Ал ошондо аябай катуу көпкөн дешет. Көпкөнүн мындан билгиле: жаш эле катыны турса, үстүнө Жаркынай деген сулуу кызды токолдукка алат. Жаркынайды алардын өзү алып, нике күбөлүгүн өзүнүн кем акыл инисине жаздыртып таштайт. Ошентип Жоро шайтандын сулуу токолу документ боюнча акылында тубаса майыбы бар кайнисинин жары болуп калат. Душмандары Жоро шайтандын үстүнөн эки катыны бар деп «тоголок» арыз жазышат. Райондон тергөөчү келгенде Жоро шайтан көрөр көз зайыбын келиним деп айтып, далилине алиги нике күбөлүгүн көрсөтөт; кошумча далил болсун деп Жаркынайды өзүнөн качыртып, «акелетип» тергетип да коёт. Бирок күнүчүл жаш байбичеси айгак чыгып, анын айыбы ачылат да, сельсоветтиктен ыргып түшөт. Түшкөн ызасына чыдабай: «Үч жүз отуз үч талак койдум, төрт тарабың кыбыла, кааласаң баягы тергөөчүгө тийип ал!» – деп жаш байбичесин айдап иет. Анан нике күбөлүгүн жаңыртып, Жаркынайды инисинин наамынан өзүнүкүнө каттатып алат.

Корукчу аты эле болбосо, Жоро шайтан токойду сыртынан багып, дайыма кыштакта бекер жүрөт. Баса, ал маал-маалы менен уучулукка чыгып, жазында бөлтүрүктөр кармайт, күзүндө карышкыр да чаап алат. Ошондон улам кээ бир нускалуу карыялар аны: «Жоро бөрүчү» – деп кадырлап айтышат. Бирок анын чындап кылган иши – бакылдап элди күлдүрмөй. Эртели-кеч устакананын алдына чогулгандарга тамаша салып турбаса жарпы жазылбайт. Ырас, ал чукугандай сөз таап, калпты-чынды койгулатып күлкүлүү сүйлөйт. Бир гана айыбы: кебине уятты көп аралаштырып, шалпып кетет. Бир жеринде өксүгү бар киши көрсө, ачкенедей жабышып, кайра-кайра келекелеп асыла бермей адаты да бар. Деги ал бирөөнү күлкү кылбай тура албаса керек. Бейшеке Ургазиев биздин кыштакка келгенден бери Жоро шайтандын күнү куду оңунан тууду белем!

Мен бир күнү чоң кишилердин сөзүн укканы устаканага барып калсам, Жоро шайтан бак-бак этип атыптыр. Адегенде эле анын: «Катын эле болчу кейпи бар, катын болсо келишкен жубан болот эле, кысталак!» – дегени кулагыма чалынды. Жаңы начальникти кеп кылып жатканын мен дароо аңдай койдум. Жоро шайтан: «Кудай Таала оюнда ургаачы эле кылып жаратайын десе керек, баарын ургаачы кылып жасап келип, бир жерине келгенде гана жаңылып калган экен... – деп дагы шалпып кетип, анан кайра ымандуу сөзгө кайрылды. – Катын эле болуп калганда эмне? Керилип-чоюлуп, кыңылдап кылыктанып, көзүн сүзүп турса... кысталак, мендей азамат уулдар колуна өлүп берет болчу! Башкаларды ким билсин, мен жан аямак эмесмин, көргөндө эле дубанадай ак уруп артынан түшмөкмүн. Ой-боюна койбой имерип алмакмын. Жаркылдаган Жаркынай сулууман да кечип иймекмин. Ошондо бир катындан арманым чыгат эле, кысталак!» Жоро шайтан бирдемеге сугун түшүргөндөй жаланып-жаланып койду эле, анын ар бир сөзүнө эле күлүп отургандар кыраан-каткы түшүп калды.

Күлкү сээлдей түшкөндө Жоро шайтан: «Өгүнү экөөбүз кызык болбодукпу, – деп сөзүн узата берди. – Мен кызматтан суй жыгылып чарчап келаткамын. Начайлик чочугандай Жалгыз-Жаңгактын кырына чыгып барыптыр. Көңүл сергитип келейин десе керек. Атын отко коё бериптир. Өзү болсо катынча өчөйүп отуруп алып, көк майса чөптүн башынан мына минтип эркелетип сылап атыптыр. «Ассалоомалейкум!» – деп барк этсем, селт чочуп кетти бечара. Кызга окшоп кыпкызыл боло түштү. Куду кашына балпаң-балпаң басып бардым дагы, кыздыкындай маез колун ушу рабочу колум менен кабыштыра кармадым, кысталактыкы! Колун коё бербей, кайра-кайра кабыштыра кысып: «Саламатсызбы, амансызбы, бакыбатсызбы, жакшысызбы, дуруссузбу?» – деп дегеле узакка эсен-соолук сурашып туруп алдым. Начайлик болсо: «Жакшы, жакшы!» – деп кыңылдап, колун кыскан сайын: «Ой, аксакал, ой, аксакал!» – деп ойкуштап, бойго жеткен кыздай бураңдай берди. Кысталак, бир маалда көзүмө кыз эле көрүнүп кетпеспи. Шап кучактап, көкүрөгүмө кысып ийгенимди өзүм билбей калыпмын. Жаагым чуу дегенде бир эсиме келдим. Начайлик кучагыман жулунуп чыгып, кызаңдап урушуп, мени катырып сөгүп калды. «Акмак!», «Келесоо!», «Наадан!» – деп ого эле көп сөз айтып чукчуңдады. Ошондогу менин сүйүнгөнүмү айтпагыла! «А-а, бар экенсиз го, жолдош начайлик! – деп арсалаңдап күлдүм. – Мына эми өзүңүзгө келдиңиз!.. Бизге окшогондорго ушинтип кыргыйдай тийип турсаңыз! Сөгүп турбаган начайлик да, начайликпи!» Ошентип аржалактасам, кайран эр ого бетер ачууланып, ачуусуна чыдабай атына мине качты, минген бойдон өчөңдөп жүрүп берди... Жок, жинине тийсе бу деле түзүк эле чукчуңдайт экен, кыздай кылыктанып сылык сүйлөгөнүн да унутуп калат экен!»

Жоро шайтандын айтканы жарым-жартылай чын экен. Ал начальникти кучактап го ийбептир, бирок колун бир саамга кыса кармап, тамашага чалып бакылдап тура берип, чын эле анын ачуусун келтириптир. Ошонун эртеси атам Жоро шайтанды чакыртып алып, жети өмүрүн жерге киргизе жекириптир. Деги атам Бейшеке Ургазиевге айрыкча жан тартып, анын кадыр-баркын бекер ооздордун келекелүү кеп-сөзүнөн көп арачалады. Жаңы начальник ага бардык жагынан жагып калгансыды. «Билимдүү деген ушундай жумшак болот, – деп аны сыртынан мактап жүрдү атам. – Кишинин шагын сындырбайт, көрүнгөнгө бейжай короңдой бербейт. Сойсо да билимдүү сойсун кишини. Чочоңдоп чоңсунгандын баары мага окшогон караңгы немелер».

Бир күнү Бейшеке Ургазиев жогор жакка мейманчылап кетип, эл жатарга чейин келген жок. Биз байлоодогу Жолборсту агытып ийип, жатып алганбыз. Мен катуу уйкумун айынан түндө болгон дүрбөлөңдү туйбай калыпмын. Көрсө, барган жери: «Жатып эле алыңыз» – деп суранса болбой, начальник жети түндө биздикине келе бериптир. Өчөйүп бастырып келатса, килеңдеп бош жүргөн Жолборс ага капыстан асыла кетиптир. Ат үстүнө чапчаң секирип, Ургазиевдин көкүрөгүн апчый аркырап, кителинин сол төшүн айрып түшүптүр. Муну мага эртең менен турганда Түмөн сүйүнчүлөп айтты.

Жолборстун жоругу атамы аябай беймаза кылды. Ал мен ойгонгондо эле эшикте наалып аткан экен, баарыбыз чайга отурганда деле бирде итти беймаал агыткан бизге сүйлөнүп, бирде иттин өзүнө ачууланып, бирде кителдин айрылганын айтып, өзүнчө эле наалый берди. Кителди жамап отурган жаңы апам да атама кошулуп кейип алды. Бир маалда Бейшеке Ургазиев чыдабай кетти. «Койсоңуздарчы, жарыктыктар, – деп кыңылдап жиберди ал. – Сиздер мени абдан ыңгайсыз абалда калтырып жатасыздар. Ырас, иттин мага асылганы принципте өкүнүчтүү факты деңизчи, бирок аган кейип-кепчүүнүн эч кажети жок».

Атам наалыганын тыйып, астындагы пияланы колуна алды. Бир саамга нандын чалп-чалп чайналганы менен чайдын шоркурата ичилгени гана угулуп турду. Атам ичип бүткөн чайынын түбүн жерге серпип таштап, пияласын Түмөнгө суна берди да: «Жолборс бизди жаман уят кылып койду, найсапты бүгүн эле аттырып салам!» – деди. Ургазиев селт чочуп, колундагы чайын төгүп ала жаздады. Алдастап шашканынан: «Жо-жок, аксакал, антпеңиз, кереги жок, кереги жок!» – деп безилдеп жиберди. Жаңы начальник, Жоро шайтан айткандай, жини келгенде гана эмес, шашканда да башкалардай эле бат-бат сүйлөп иет экен. Атам анын оозуна таңыркай карап калды.

Бейшеке Ургазиев бир аз ойлонуп туруп, анан адатынча жай кыңылдады: «Иттин өлтүрүлүшүнө мен принципте каршы эмесмин, принципте ал башкаларды да каап алышы мүмкүн. Бирок сиз бир нер-

сени эске албай жатасыз. Арийне, райондо ажыкыз жолдоштор аз эмес. Эгер ит өлтүрүлсө, сиз менен биз дагы бир шылдыңга негиз берип койгон болобуз. Ит атыла турган болсо, эртең эле дагын бир анекдот чыгат. Айтор, «Ургазиев командировкага барып, чоңдугунан пайдаланып, бир ит аттырып келиптир» дегендей бирдеме чыкпай койбойт. Мындайды башымдан көп өткөрбөдүмбү. Сиз билет бекенсиз, билбейт бекенсиз, менин бир аз үшүкчөөл жайым бар. Мен быйыл кышта күн өтө суук болуп турган эле, райкомго чейин жөө бардым, баргыча калчылдап үшүп кеттим. Ошол үшүгөнүмдү көргөн ажыкыздар дароо гана бир анекдот чыгара коюшуптур. Мен анекдотту тузу менен айта албайм, ошентсе да айтууга далалат жасап көрөйүн...»

Өзү айта баштаган анекдот боюнча, Бейшеке Ургазиев кышкы суукта райкомго колу менен оозун камтууга да шайы келбей тоңуп кириптир. Кире берип кабинетте отургандарга бирдеме деп айтканы карышкан оозун күч менен чоң ачыптыр, бирок араандай ачылган оозун кайра жапканга шаасы жетпей, аңкайган бойдон карышып туруп калыптыр. Аңгыча болбой аны кимдир бирөө меш жанына делдейте көтөрүп барып, ошо селейип каткан калыбында дубалга жөлөп коюптур. Карышканы жазылбай, жаагы жабылбай меш жанында жөлөнүү турган Бейшеке Ургазиев жарым сааттан кийин гана: «Са-ла-мат-сыз-дар-бы?» – деп үлдүрөп үн катыптыр. Көрсө, чыгып келатып тамагына тоңуп калган салам сөзү жарым саатта араң эрип, оозунан араң-араң муун-мууну менен түртүлүп чыккан экен.

Зыңкыйып тоңуп калган Бейшеке Ургазиевдин оозун аңырайта ачкан бойдон карышып, меш жанында кыймылсыз селейип турганы көзүмө даана элестей түштү. Мен кыстаган күлкүмү кармай албай бышкырып ийдим. Жаңы начальник өзү да мага удаалаш кулунча кишинеп күлүп калды. Атам мага жаман көзү менен акырая тиктеди, мен коркконуман тиңшийип жер карай бердим. «Эчтеме эмес, аксакал, – деп атама карап жай кыңылдады начальник. – Бул өзү күлкү чыкыра турган анекдот, адеп укканымда өзүм да күлгөмүн. Бирок күлкүгө объект болуу кимге кызык? Жок, мен эми сиздин иттин айынан да кулкүгө калгым келбейт. Эгер мени белгилүү өлчөмдө сыйласаңыз, итти азырынча өлүмгө кириптер кылбаңыз. Сизден суранам: маган ит асылганы жөнүндө эч кимге эчтеме деп айтпасаңыз экен!»

Ажалы жеткен эмес экен, Жолборс мында да аман калды. Бирок ошондон көп өтпөй эле ит төрт жыл бою кызыл кыргында жүрүп, алты санынын кыпындай жерин окко чарпытпай, уруш бүткөндө «Даңк» орденинен үчөөнү катар тагынып келген Айдараалы бырыкна деген кедейген кодоо жигитти каап алды.

Биздин кыштакта Айдараалы аттуудан экөө бар, эл аларды бир биринен Айдараалы бакырчаак жана Айдараалы бырыкна деп ажыратат.

Бырыкнасы ушул кошумча атын уруштан кийин алыптыр, ага чейинки аты Айдараалы бир метр экен. Ошо кодоо Айдараалы аскерден келген күнү бозодон саал ашыкча ичип коюптур, согушка барып келген жолдоштору бирдеме айтса эле анын баарына орусча «брыхня»[1] деп кол шилтеп, кыткылыктап күлө бериптир. Ал ошондон кийин Айдараалы бырыкна деген жаңы атка көчүптүр.

Мен уйку-соодо ыңгыранып жаткамын. Сырттан иттин «ар-р» эткени, бирөөнүн ачуу кыйкырганы, атамын көнүмүш «найсабын» айтып бакырганы капыстан кулагыма шак этти. Мен ыштанчан эле эшикке жүгүрүп чыктым. Атам качкан Жолборсту таш менен уруп кубалап баратыптыр, Айдараалы бырыкна канжалай түшкөн оозунун үстүн кармагылап, калтырап куту учуп, сөрүнүн жанында туруптур, жаңы апам күйгөн оту бар очокко куйкум жытын буркурата курмушу куйкалап атыптыр.

Көрсө, түндө агыткан Жолборс кайра байлана электе Айдараалы бырыкна биздикине жумуштап келаткан экен, тамдын капшытынан кедең этип чыга калганда, пешайбандын бурчунда жаткан дөбөт ага илбирстей асылып тийип, «ар-р» этип беттен алыптыр.

Иттин курч тиши Айдараалы бырыкнанын куду үстүңкү эрдине кириптир, тиш тийген жер кийин ок тийгенсип тырыйып бүттү. Тырыгын жашырам деп Айдараалы бырыкна мурутун коё берди. «Бир эсептен ит ырас эле кааптыр, – деп ал кыткылыктап күлүп жүрдү. – Каппаса кайдан муруттуу болот элем». Коё берген муруту Айрадаалы бырыкнага куп жарашып, аны кадыресе салабаттуу кылды. Бирок Жолборс өзү каап алган адамынын мурутка жетинип, салабаттуу боло түшкөнүн көзү менен көрбөй калды.

Ошо Айдараалы бырыкнаны капкан күнү эле атам Жолборсту өлүм жазасына буюрду. Түштөн кийин окучу элем, мени атам сабактан келерим менен Ит атаарга жумшады. «Айт, эртең саарлап келип атып таштасын», – деди. Мен ашканадан нан ала чыгып, Улукбек акеникин көздөй бет алдым.

Ит атаар – биздин кыштактагы бештен белгилүү адам. Биздин көзгө басар мергенибиз да ошол. Кокус бирөөнүн уюу же ити кутуруп кетсе, дайыма аны чакыртып аттырышат. Анан калса ал чын эле көзгө атар мерген – кандай жаныбар атпасын, как көзгө атып жыгат. Бир сапар мен өзүм көргөмүн: жогорку мааланын кутурган бир уюн коктуга байлап коюшкан экен, Улукбек аке алыстан эле атып ийген, атып ийсе ок уйдун оң көзүнөн кирип, сол көзү ченден тешип чыккан. Мен өзүм көргөнүм жок, көргөн балдар айтышат: Улукбек аке ит атса да ар дайым көзгө атып жыгат экен. Ошенткенде иттин териси бузулбайт имиш, жогорку сортто өтөт имиш.

Уруштан келген соң Улукбек аке айлыктуу экен деп ушул ишке турган, райондук «Заготживсырьёнун» чоңу Акынбек Коёнкөзовго тогуздап-

[1] *Брыхня* (туурасы – брехня) – орусча калп, жалган деген сөз.

тогуздап кекилик тартуу кылып, анан менин атамы да арага салып жатып араң орношкон.

Улук акенин аттай кажырлуу бир кара эшеги бар. Аны коделегинде Ит атаардын тун уулуна таэнеси энчилеп берген экен. А кезде Улукбек аке урушта экен, уруштан ал кара коделек кадыресе эшек болуп калганда келиптир. Өзгөнгө түшөр замат кеч кирип, түнөп кеткени өзбек ашынасыныкына барыптыр, ошо жерден эшекчен базарчылап келген тун уулуна кабылыптыр. Тууган үйү көзүнөн учкан Ит атаар түнгө карабай кыштакка жол тартыптыр. Уулу экөө кара эшекти алмак-салмак минип отурушуп үйлөрүнө таңга жуук келишиптир. Үй-бүлөсү түгөл экенин көрүп, Улукбек акенин көңүлү жайланыптыр. «Он беш күндөн бери уйкум кана элек, бир алп уйку салбасам болбойт – дептир ал бала-чакасына. – Эртеңкиге чейин келгеними эч ким билбесин, мишайт кылышат».

Ал айтканындай эле туура бир сутка уктап, эртеси шашкеде эшегинин айкырыгынан ойгонуптур. Ойгонору менен: «О, коңгуроодой болгон доошуңан айланайын! – деп эшегине жалынып жибериптир. – Акжолтой экен, жаныбарым, акжолтой экен!» Кийин өзүнө учурашканы келгендерге да: «Акжолтой эшек экен, уулум экөө мени Өзгөндөн тосуп алышпадыбы, – деп тамашасы жок мактана бериптир. – Түшүндө эшек минген кишинин иши оңолот имиш. Мен кызылдай өлүмдөн эсен-соо кайттым, үйүмө түшүмдө эмес, өңүмдө эшек минип келдим. Буюрса, ыкыбалым көтөрүлөт экен!»

Улукбек аке кара эшегин жанындай көрөт, дайыма: «Кара айгыр» – деп ардак менен атап, күлүк аттан бетер бапестеп багат. Бирөөгө асти мингизбейт, сураган кишиге өлүмү бербейт. «О кайбар эй, өзүмү «сен» деп, кара айгырды «сиз» деп жүрсөм, кулакка гана койгулап иштеткиң бар ээ?!» – деп кергиштейт. Ошентет да карт кекирип коёт. Мунусу – бир чети «сөз бүттү» дегендин, бир чети «бозого тоюп алдым эле» дегендин белгиси.

Ал жайдыр-кыштыр үзбөй бозо салдырат. Улукбек аке анда-санда бозодон аракка да кирип кетет. Өзү арак ичкенде эшегин да кур ооз калтырбайт экен. «Ит атаар оңбойт, киши кылбагандын баарын ушу кылат, – деп чоң кишилер күлүп калышат. – Кичинеден берип жүрүп эшегин да аракка үйрөтүп коюптур, капырай!»

Улукбек акенин ошентери деле ырас окшойт. Ал айына бир жолу райондун борборуна тери өткөргөнү барат. Ошондо эшегине куудураган терилерин үйө артып алып соо кетет да, кайра эшегинин жонуна конуп мас кайтат. Нары-бери оолжуп, алды-артына тоңкочуктап, үйүндөгү зайыбы жанында тургансып: «Ой, катын! Катын!» – деп улам-улам чакыра берет. Алка-шалка тердеген эшеги да башын кейкейте көтөрүп, куйругун казыктай чычайтып, дегеле алчылана басат; үйүнө жакындаган сайын алкынгандан алкынып, анда-санда буттары чалыштаса болбой адырандап,

кайра-кайра айкырып кулак тундурат... Эртеси ээси үйүндө башын мыкчый кокуйлап жатса, эшеги малканада өйдө боло албай очорулуп калат.

Улукбек акенин дагы бир кызык жоругу бар. Ал жыл сайын тоокту көп багат, бозодон ичи каарылып же этсиреп кетсе эле бир тоогун чыгаша кылат. Бирок ал тоокту элчилеп мууздап жебейт, дайыма атып жейт. Союла турган тоокту уулу же кызы, алар болбосо башка балдардын бирөө там башына алып чыгып, ошо жерден көкөлөтө ыргытып берет, жерде «мантикирис» мылтыкчан даяр турган Улукбек аке «чып» дедире атып калат, тоок кээ-кээде эле жерге тирүү түшпөсө, демейде өлүп түшөт. Там башынан мен деле далай тоокту көкөлөтө учуруп бергемин, ошолордун бирөө гана жерге тирүү түшүп, кукулуктап сайга качып жөнөгөн, качып баратканда как койкоктогон башына ок тийип, томолонуп кеткен... Ушинтип тоок атканын Улукбек аке «тирнирөпкө» деп атайт. Тоогуна жерге түшкүчө тийгизсе эле ал: «Мынтип тирнирөпкө кылып турбасаң сынайперче атканды да унутуп каласың», – деп чүйрүйүп коёт.

Улукбек аке деги кыштагыбызды кеп менен күлкүдөн өксүтпөйт. Соосунда кылгандары эле кары-жашка күнүмдүк эрмек болот, ал эми мас чагында кылгандары кыштакты көп күнгө дуулдатат. Элдин баары эртели-кеч Улукбек акенин чалды-куйду жоруктарын айтып күлө берет. Кээ бирөөлөр гана: «Бу башта мындай эмес болчу, уруштан ушинтип айнып кайтты», – деп калышат. Анын айныганы кеп-сөз болсо эле Жоро шайтан тууралдан чыгат. «Ит атаардын кантип айныганын мына менден сурабайсыңарбы, – деп бак-бак этет ал. – Бу сынайперлик кылып жүрүп, уруш бүтөрдө десанты вызботко туш болбойт бекен. Барган күнү эле жонуна парашут таңып туруп, айрыпландан куркуратып таштап ийишиптир. Ит атаарың өлсө да жөн өлбөй калсын, ошондо да элден башкача болом деп шумдуктаныптыр, эл буту менен түшүп атса, ал башы менен жерге түшүптүр, жердин катуусун жаман башы менен сынап көрүптүр. Мунун мээси ошондо козголуп калган, аны силер билбейсиңер, мына, мен билем!»

Былтыр бекен, айтор, бир жолу кечинде атам, жаңы апам, абаларым болуп Улукбек акенин кылыктарын сүйлөшүп отуруп калышты. Мен кыябы келе түшкөндө: «Ит атаар мурда башкача экен го, аскерден айнып келген имиш го?» – деп сөз арасына кыпчылдым. «Каяктан айныйт, апенди чалыш пейили башта эле бар болчу», – деди атам. Анан ал Улукбек акенин жаш чагынан эскере кетти:

«Уруштан мурда кароолчу да кылып көрбөдүкпү. Калкоздун кянсясына[1] үйү жакын, кирип-чыгып карап турат дегенбиз. Караарын го жакшы эле карап жүрдү, калпычылыгы бизди аябай жадатты. Мен ошондо билбедимби, калпты бир шумдук айтат экен, капырай! Бүгүн сенден бирдеме укса, эртеси эле аны сага таптакыр башка кылып кайра

[1] *Кянся* (кэнсэ) – кантора, канцелярия.

айтып берет. Айтып берсе, кечээ эле өзүң айтканды кайра өзүң таанybай каласың. Кайдыгер калп айтса го мейли эле, калпына калкоздун ишин аралаштырып жаман кылды. Мен билбей жүрө берипмин, Улукбек менин атыман калп сүйлөп, айтпагандын баарын айттыра бериптир. Мага туюк сүйлөп таарынгандар эле көбөйүп кетти. Бир күнү ушул эле Маати кокуй келип, мага туюк таарыныч айтып калды. Сурамжылап анығына жетсем, Маати кокуй Улукбектин калпын чын көрүп коркуп алыптыр. «Айдап кел ошо найсапты!» – дедим. Маати кокуй Ит атаарды алаңдатып ээрчитип келди. «Эй, жаны жок, Маатини кулакка тарттырам деп качан айттым эле сага?» Ушундай десем, жаны жок Ит атаар: «Мен аны жөн эле айтып койгомун», – деп чүйрүйүп, турбаспы! Жети атасын калтырбай ашатып сөгүп, эсинен кеткис кылдым. Ошондо деле ал калпын тыйган жок. Дагы бир күнү мага Айдараалы бакырчаак келет. Ал күүлөнүп кирип келип эле: «Ит экенсиң!» – деди. Анан мени «ит» деп туюк кекетип, наркы-терки зиркилдей берди. «Ырас, менде итчилик бар, мойнума алам, – деп тамашага чалымыш болдум. – Эми сенде да итчилик болуп атпайбы. Ачыгын айтчы деги, эмне дартың бар?» Бакырчаак ого бетер бакырбаспы. «Ой, ормойгон арамы, бакырбай ачыгын жай айтчы!» – деп менин жиним келе түшүп, кыйкырып жибердим. Ал менден бешбетер бакырды: «Ачыгын сен айт! Мага келген орден кана? Өзүмкүн өзүмө бер, ит!» Экөөбүз бакырышып атып араң түшүнүштүк. Көрсө, оңбогон Улукбек Айдараалыга: «Сен экөөбүзгө Калийнин аксакалдан эки орден келген экен» – дептир мен өзүмкүн алып катып койдум, ушу сеникин раис өзү алып алды окшойт», – дептир. Бакырчаактын күүлөнүп келип мурду менен бир тийгени ошол экен. Экөөбүз туткакташкан бойдон Улукбектикине кирип бардык. «Эй, жаны жок, экөөңөргө Калининден качан орден келди эле, ыя?» – деп кыйкырып кирдим. Ит атаар дагы эле баягысын айтып турбаспы: «Мен аны калп эле айтып койгомун». Жаным чыгып кетти. «Жөн эле айта бересиңби, найсап! Эмне, оозуңа алың жетпейби?» Ошондо да Улукбектен сөз качып кутулбайт. «Оозуман чыгып кетсе эмне кылайын!» – деп кайра мага догурунуп жүрбөйбү! Ошо жерден Айдараалы бакырчаак мага: «Сөзүмдү кайра алдым, жолдош раис, – деп коюп, Ит атаарга апырылып кирди. – Мына, сен ит экенсиң!»

«Аны кароолчудан бошоткуча шашпадымбы, – деди атам күлкү басылганда. – Баарыбызды кагыштырып, арабызга от жагып ийбесин деп чочуладым. Көрсө, бечаранын ошентейин деген деле ою жок экен. Өзү айткандай, калпты жөн эле айта берет экен. Иштебей тура албаган дыйкан адамдар болот, алар керээли-кечке тыным билбей кажына берет, кажынып турбаса ооруп калат. Бу Улукбек да ошолордой эле неме окшойт, калп айтып турбаса оорумак тургай өлүп деле калабы дейм, а жаны жок. Байкап көрсөм, бу дагы бир дыйкан экен, калптын дыйканы экен. Биз анын ошондоюн билбейт экенбиз. Ит атаар ушу майда балдар-

ды ырас таап алды. Балдарга эмне? Калпыбы, чыныбы, кызык сөз болсо жыргап уга беришет да. Улукбек болсо курсагында кайнаган бугун ырас чыгарып алат».

Улукбек аке калп жагынан биздин кыштак түгүл, бүт район боюнча эч кимди алдына чыгарбайт имиш. Чоң кишилердин баары ушундай деп айтышат. Жоро шайтан болсо: «Кудая шүгүр, биздин уруу башкасынан жутаса да, калптан жутабайт, – деп бакылдап калат. – Мына, чынды чыңыртып айткан мен деле кээ-кээде апыртып коём. Анча-мынча апыртпаган киши да кишиби?! Көбүбүздүн эле калпыбыз бар, бирок баарыбыз Ит атаардын жанында шоона эшпей калабыз».

Жоро шайтан Улукбек аке тууралуу ушул сыңары тамашалуу бирдемелерди үстөккө-босток чыгара берет. Баарынан да анын: «Азирети Калп калпа» – деп чыгарганы аябай кызык. Ал калпты кадыресе кишидей кылып жандандырып айтат, ага «Азирети Калп калпа» деген ат коюп, эшек миндирип, селде чалдырып, сүлкүлдөтүп эл кыдыртып коёт.

Ошо Азирети Калп калпа илгери биздин кыштакка келген имиш да, кийин калпычы боло турган балтыр бешик балдардын үйлөрүн текши кыдырып чыккан имиш. Ал болочок калпычылардын кээ биринин бетинен өөп, кээ бирин башынан сылай эркелетип, кээ бирин батага маарытыптыр, кээ бириникинен чай ичип, кээ бириникине түнөптүр, кээ биринин атасына эле алыстан салам айтып өтүптүр. Ошондо Азирети Калп калпа Улукбек акеникине үч күн катар коно жатып, кетеринде ага ак батасын берип, оозуна түкүрүп кетиптир. Калп калпа оозун толтура түкүргөндө болочок Ит атаар какап-чакап, азыраак жийиркене түшүптүр. Анын жийиркенгендей чүйрүйүп калганы ошондон экен.

Жоро шайтан ушуларды укмуштантып сүйлөп келип: «Калпты Ит атаардай кылып айтыш кыйын, ага дуба кеткен, – деп багжаңдайт да, артынан кара күчкө өкүнүмүш болот: «Аттиң ай-я, ошондо Азирети Калп калпа биздин туштан атама салам айтып өткөн экен, атам «түшүңүз» деп чакырса болбой койгон экен, ошонун азабынан мен калпты жарытып айта албай жүрбөйүмбү!»

Чоң кишилердин арасында Улукбек акеге сөйкөнбөй сүйлөгөнү жокко эсе. Жадагалса эки сөздүн башын кошо албаган коноктор менен өтүгүн майрыйта баскан ашкебилер да ага сынтагып сүйлөйт. «Эй, Ит атаар!– деп келишет ошолор. – Кана, өрдөктөрүңөн бирди-экини учуруп койбойсуңбу?» Мындай арсыз шакабаларды го Улукбек аке чиркей талагандай да көрбөйт. Баарынан Жоро шайтандын асылганы жаман. Ал көрүнгөн жерде Улукбек акеге жабышып, а жок жерде деле ага тийиштирип күлкүлүү кеп-сөз чыгарганы чыгарган. Өрдөктүн жапайысын же бакмасын көргөндө: «Ит атаардын өрдөгү го, быякта эмне кылып жүрөт?» – дегендей бирдеме айтпай койбойт. Бая күнү эле устакананын алдында Жоро шайтандын элди күлдүрүп атканын уккамын.

«Айтты-айтты дээрсиңер, калптын беш жылдык планын Ит атаар быйыл эле бүткөрүп коёт, – деп бакылдап отурган Жоро шайтан. – Быйыл өрдөктөрү бир укмуш балалаптыр! Кызматым кыйын эмеспи, өгүнү кечке маал кызматтан чарчап келатсам, биздин үйдүн үстүнөн эле бир куш чарк айланып учат. Үнү кудайга жетчүдөй боздоп каркылдайт шоруң каткыр. Сүйгөн жарым Жаркынай сулуудан: «Бу кайсы куш?» – деп сурадым. Ошондо Жаркынайым жаркылдап айтып калды: «Балаңын кылганы да! Безери балаң балдарын апкеле бериптир, эми энеси ушинтип эле безилдеп атат». Көрсө, жанагы менин жарыбагырым темселеп жүрүп Сасык-Булактын сазынан талаа өрдөктүн уясын таап алыптыр, сегиз балапаны бар экен, энесин чыркыратып туруп эле баарын койнуна салып үйгө жөнөптүр, эне өрдөк артынан үйгө чейин безилдеп ээрчип келиптир. Өзүңөр билесиңер, мен бала-чакага тим эле кыргыйдай тиет эмесминби. «О, делдейген кулагыңды сенин! Баарын бүтүрүп эми ушу уурулукка өттүңбү? Бирөөнүн өрдөгүн башыңа урасыңбы, ыя?» Ушундай деп күпүлдөсөм, чычкагым өзүмү айныбай тарткан экен, кайра мага каяша айтып жүрбөйбү. «Эмне, сени кудайдын өрдөктөрүнө да корукчу койду беле? Бу талаа өрдөктүн балдары, Сасык-Булактан таап келдим», – деп турат да кысталак. Анда мен: «О, делдейген кулак-мулагыңды! – деп ого бетер күпүлдөбөйт бекемин. – Кудайдыкы эмес эле, Улукбек акеңки бул өрдөк! Элден жашырып сазга катып койсо, сен балапандарын уурдап келе берипсиң. Өрдөктөрү жок эми кантип оокат кылат Ит атаар акең? Бар, каерден алсаң, ошо жерге жеткирип кел!» Ит атаардын балапан өрдөктөрүн ошентип баламан кайра көтөртүп ийдим. Ырас кылыпмынбы, ыя?»

Жоро шайтандын ушундай апыртмаларына чоң кишилер кыраан-каткы түшүп күлүшөт. «Атаңа ыракмат, шайтан, Ит атаарды куп кана келиштиресиң да!» – деп көтөрө чалып мактап да коюшат. Ошого эрдемсиген Жоро шайтан кээде аша чаап, өтө эле олдоксон тамаша кылып жиберет. Мурдагы жылы – анда мен үчүнчү класста окучу элем – обу жок ойнойм деп ал Улукбек акени бөөдө өлтүрүп ала жаздаган.

Ошо сапар биз, кичинекей балдар, дем алыш күнү Улукбек акенин короосундагы чарпаяга батпай тыгылышып отурганбыз. Улукбек аке болсо бизге аңгеме салып берип аткан. Аңгеме кызып калганда атчан бирөө короого дүпүрөтүп кирип келди. Жалт карай салсак, Жоро шайтан экен. «Эй, Ит атаар, балдарга өрдөгүңүн учканын көрсөтүп отурасыңбы? – деп барк этти ал. – Тоокторуңу аткыча оозуңан учкан өрдөктөрүңү ата берсең го, качан эле кырып бүтүрөт элең. Эми жерге-сууга батпай быкылдап кетиптир, башкалар атып убара болуп атат. Капчыгайдан бир мадырабаш атып алган экен, мен: «Келе, бер, бул биздин Ит атаардыкы!» – деп колунан жулуп алдым. Ме, өрдөгүңү өзүң ал! Ха-ха-ха! Бышырып же! Ха-ха-ха!» Жору-шайтан артына жашырып турган өлүк өрдөгүн биз жакка серпип ийип, каткырган бойдон атынын башын бурганча, өрдөк

как ортобузга талп этип, канаттарын жайып жатып калды. Улукбек аке колдорун сереӊ эттире селт чочуп кетти да, тула боюн жыйра чалкалап, көздөрүн алайткандан алайтып барып, кайра бүкчүйө түштү, бетин ыйлап ийчүдөй тырыштырып, мурдун чүйрүйткөндөн чүйрүйтүп, көкүрөгүн апчый кармап, онтолоп жиберди...

Аялы бетине суу чачып, колу-бутун укалап, эптеп эсине келтирип үйүнө колтуктап киргизип баратса, Улукбек аке бизге кылчая берип, үлдүрөгөн үнү менен: «Капа... болбогула... балдар... көрдүӊөр го... табым кичине... айный түштү», – деди. Биз ошондо Улукбек акеге боорубуз ачып, Жоро шайтандын ырайымсыз тамашасына кыжырыбыз кайнап, үй-үйлөрүбүзгө шылкыйып сабыры суз тараганбыз.

Улукбек акенин аябай жаман көргөн кишиси эле ушу Жоро шайтан болсо керек. Ал аны касташкан жоосунан бешбетер жек көрөт, жек көргөнү ушунчалык – Жоро шайтандын атын угар замат чүйрүгүй мурду ого бетер чүйрүйүп, дүӊүрөйгөн өӊү кара көк тарта түшөт, титиреӊдеген жука эриндерин кыбыратып, ичинен сөгүнүп жиберет. Ал Жоро шайтандын изин басканда жалтайлап турат, а жүргөн жерден жаа бою качып өтөт. Кокус экөө беттеше калса, Жоро шайтан чап эле ага асыла кетет, Улукбек аке болсо каяша айтканга бурчасы келбей, ызырынып купуя сөгүнгөн бойдон качып жөнөйт. Бирок ал бизге айтып берчү аӊгемелеринде Жоро шайтандан каалашынча өчүн алат, ага адамда бар жамандыктын баарын жамап сүрөттөп, моокум-табасын аябай кандырат, анын абийирин тим эле айрандай ашатып төгөт. Улукбек аке кас душманына үйүндө отуруп алып ушундай каяша айтат!

Ал чоӊ кишилердин калгандарын деле жакшы көрүп жарытпайт, алар топтошуп турган жерге эзели өзү басып барбайт. Барса эле баары туш-туштан чыгышып, шакаба чегип кажышып аны жүдөтүп ийишет. Ошонун айынан ал айылдагы ак тилектүү тойлорго да көз көрсөтпөйт. Мен телпеӊдеп дегеле той аттуудан кур калбайм, ошо тойлордун биринен да Улукбек акени көрө элекмин. Көп кишилүү жыйындардан анын үзбөй барганы эле тажия[1] экен. Бирок тажияларга барганда ал эркектерге кошулбай, аялдардын арасына отуруп алат экен. Анын ошентерин мен таэнемин тажиясында көрбөдүмбү.

Ал өзү жалгыз алыстан өкүрүп келип, өкүргөн бойдон сөөк жаткан боз үйгө кирип кетти. Кайра эшикке чыкканда короодо топ-топ болуп отурушкан эркектерге сыртын салып, аялдар отурган жакка басты. Эркектер дуу күлүп ийишти. Алардын бирөө: «Эй, Ит атаар, катындардын ичинде суутуп коюптурбу, бас бери!» – деп кыйкырды. «О, силердин атаӊардын арбагына! – деп кыжынды Улукбек аке отурганы жатып. – Силерден көрө катындар жакшы, ушулар менен эле отурам». Аял-эркек бири калбай кыраан-каткы түштү. Дагы бир эркек күлкүгө аралаш да-

[1] *Тажия* – сөөк коюу жөрөлгөсү, кара аш.

быш салды: «Бу сен качантан бери катын болуп калдың эле?» Улукбек аке да жемин жедирбей: «О, сенин атаңын арбагына! – деп корс этти. – Сендей эркек болгуча, катын эле болом!» Баары тең күлкүдөн дагы кыйракан түштү. Анан бири-биринен кыйынсынган тамашакөйлөр туш-тараптан каптап киргенде, бечара Улукбек аке талоонго түшкөн итке окшоп кылчаңдап жооп беришке да чамасы келбей калды. Эки далысы уңкуя чыккыча башын төмөн түшүрүп, кулагын жапырып, түнөргөндөн түнөрүп, чүйрүйгөндөн чүйрүйүп, тек жука эриндерин кыбырата ичинен сөгүнүп, отурган жерине белчесинен батып кеткенсиди. Анын ошо кыяпаты мага үлүлканасына кире качкан үлүлдөй көрүндү.

Деги Улукбек аке чоң кишилердин тобун көргөндө эле чочуңкурап, үлүлдөй жымырылып, алардын жанынан сыртын салып өткөнгө камынып, кулагын жапыра баштайт. Көчөгө чыкса эле мурчуйгандан мурчуюп, кабагын карыш түшүрүп алат. Ошентип алганы дүңүрөйгөн өңү менен чүйрүгүй мурдуна кошулуп, анын кебетесин ого бетер келиштирип таштайт.

Анан калса анын ыраңы аябай эле калаты кызык. Жаңыдан төрөлгөндө киндик энеси аны сүйүнчүлөп көрсөткөнү алпарса, чоң энеси катуу чочуп кеткен имиш: «Апей! Маймыл го мунуң, апар нары!» Улукбек акенин ынды кара ыраңы чын эле серт, көргөн кишини чочуткудай эле бар. Мурду болсо кимдир бирөө учунан чымчый кармап, анан ылдый карай чоё тартып, кайра ныгыра басып койгондой. Же өтө катуу жийиркенген бойдон бетине биротоло катып калгандай. Айтор, ал жай убакта эле көзү көргөндүн баарын жактырбай мурдун чүйрүп жүргөнсүйт, ал эми кабак түйө мурчуюп алса, жарык дүйнөдөн көңүлү аябай жипкирип турган сыяктанып калат.

Чоң кишилер менен оту анча күйүшпөгөн Улукбек аке биздей балдар менен, айрыкча бизден да кичинекейлер менен аябай ынак. Бизди көргөндө анын кабагы жарк этип, бетинде жылмаюу кылактап, дүңүрөйгөн ырайында кандайдыр бир мээрим пайда болот, атүгүл мурдун чүйрүп жийиркенгенсип турганы да жазыла түшкөнсүйт. Биз үйүнө барганда ал чын көңүлүнөн кубанып кетет, кашка тиштерин жарк эттире күлө багып, ордунан шарт ыргып турат, үстүнө дегеле ызааттуу меймандары кирип келгендей бүлүнүп, жетине албай калдаңдап калат. «Эй, катын! – деп ашкана үйүнө бакырат. – Балдар келди, төшөк салып, чай кайнат!» Анан отурган жерибизге көрпөчө төшөтүп, астыбызга дасторкон жайдырат. Өзү бозодон согот, биз нан жеп, чай ичебиз.

Ал бизди өзү менен тең барабар кишидей көрөт, биз тургай кичинекейлерге деле, жанагы мектепке бара элек балдар бар го, ошолорго деле теңтушча сүйлөп, теңтушча мамиле кылат. Анын жанында отурганда биз өзүбүздү кадыресе чоң кишидей сезип кетебиз. А чоң кишилер анын биз менен мамыр-жумур алакасын жактыра беришпей: «Атан төө мас болсо, тайлак төө менен дос болот», – деп калышат,

Бирок бизди Улукбек акеге шынаарлаткан анын жакшы мамилеси эмес, кызык-кызык кеп-сөздөрү. Ал акыйкатта укмуш сүйлөйт! Кебин муңайым, жай доош менен эле баштайт, адегенде биз анын сөздөрүн мурдунун чүйрүйгөнү, жука эриндеринин кыбыраганы, мурутунун чычайганы, колдорунун сереңдегени менен кошо угуп-көрүп отурабыз. Анан ал кызыгандан кызый берет, биз болсок кептин кызыгына улам-улам бата беребиз; анан бир маалда аңгеменин таасирине кадыресе арбала баштайбыз да, өзүбүздү өзүбүз унутуп, көрүп турганыбыздын баарын көрбөй, аңгеменин ичине качан чөгүп кеткенибизди да байкабай калабыз.

Анан биздин көз алдыбызга жомоктогудай татынакай көрүнүштөр, бири-бирине чиеленишкен укмуш кызык окуялар, опурталдуу бурум-бурумдары көп тагдырлар тизмектешип тартыла берет. Жок, биз ошолордун баарын жөн эле көзүбүз менен көрүп турбай, алардын арасында өзүбүз кошо аралашып жүргөн болобуз, кубангандарга кошулуп кубанычка батабыз, кайгыргандарга кошулуп кайгыга малынабыз, кыйналгандарга кошулуп кыйналыш тартабыз; жомоктогудай акылман сүйлөп, жомоктогудай иштер кылып, жомоктогудай кереметтенип жүргөн Улукбек акенин өзүн кайра-кайра көрө беребиз; жомоктогудай бирде түрү суук, бирде кыянатчыл, бирде коён жүрөк коркок Жоро шайтанга да көп жолугабыз.

Анткен менен анын айткандары жомок десең, жомокко окшошпогон, китептеги чыгармаларга да анча коошо бербеген кызыктай бир нерселер. Ал көргөн-билгендерин эле айтып жаткансыйт, көбүнчө жеке өзү башынан кечиргендерин, согушта жасаган иштерин, Жоро шайтан менен кантип кармашканын кеп кылгансыйт, биздин кыштакта жашап өткөн кишилердин, жылкылардын, иттердин тиричилигинен эле сөз козгоп отургансыйт. Бирок ошолордун баарын таптакыр башкача кылып асемдеп, кубулжутуп, сонундап айтат: анын оозунан бизге ашмалтай-тааныш эле нерселер жомоктун буусуна чайкалгансып чыгат, көрө берип көзүбүзгө көндүм болгон эле кубулуштар таптакыр өзгөрүп, башкача кебете алып, кулпургансып кетет.

Бизге Улукбек акенин ушундай сөздөрүнөн кызык бу дүйнөдө эчтеме жоктой керүнөт. Мектепке бара электе, атүгүл биринчи-экинчиде окуп жүргөндө биз анын айткандарына жантыгыбыздан жата калып кулак төшөйбүз, алардын калпы-чыны менен деле анча ишибиз болбойт. Тек үчүнчү-төртүнчүгө барганда гана көңүлүбүзгө күнөм саноо башбактап кирет. Буга дагы эле болсо чоң кишилер себепкер. Алар ар дайым биздин көзүбүзчө Улукбек акени келекелей кеп кылышат, апендиникиндей кылык-жоруктарын айтып күлкү салышат, сүйлөсө эле кызылдай калп сүйлөрүн кулагыбызга куя беришет. Анан биз жан-дилибиз менен жакшы көргөн кишибизге башкача карап, айткандарына баштагыдай ишенбей, андан тымызын жатыркай баштайбыз. Бирок айтканы бүт калп экенин

билгенде деле биз аны укпай коё албайбыз, карандай калпты шыпырылтып сүйлөп берерин күн мурунтан билип турсак деле аныкына имерчиктеп бара беребиз. Бир гана жаман жерибиз: кичине чоңоё түшкөндөрүбүз Улукбек акенин калптарын үйүнөн жыргап-жыргай угуп алабыз да, сыртка чыкканда чоң кишилерди ээрчип мыскыл кылабыз, а тууралуу улуулардын сүйлөгөнүн сүйлөп кетебиз. Кокус чоң кишилер сурап коюшса, уккандарыбыздын баарын: «Ит атаардын жаңы калптары» – деп дегеле келекелүү кылып айтып калабыз.

Мен да азыр кичине чоңоюп, бешинчиден окуп жүрөм. Улукбек акенин кеп-сөзүн үйүнөн майда балдар менен кошо маашырканып угуп, анан тышка чыксам эле чоң кишилер тарабына өтө качам. Сурагандарга а түгүл Ит атаардын кантип сүйлөгөнүн тамашалап тuурап, калптарын мазактамыш болуп кайта айтып берем.

* * *

Мен Улукбек акеникине жеткенче көз байланайын деп калды. Ачык эшиктен шырп алдырбай кирип барсам, ал өз төрүндө сүйлөп отурган экен. Оң-сол жагында уй мүйүз тартып кыдыракей отурган жалаң кичине балдар. Терезе текчесинде өлүмсөк кызгылт-күүгүм жарык чыгарган жетинчи чырак. Ортодо жая салынган эски чыт дасторкон, дасторкондун ар кайсы жеринде загыра нандын кесек-кесек сындырымдары, кырлары кетилген үч чай пияла, бирөөнүн эки жеринде кадоосу бар. Пиялалардын чайы куюлган бойдон ичилбей туруптур, бир гана Улукбек акенин астындагы жыгач кесе бошогон экен, ичинде агарып бозонун жугу калыптыр.

Улукбек аке сүйлөгөндүн кызуусуна кирип, угуп отургандар да кызыкка аябай баткан экен, мен кирип барганда бирөө да мага назар бөлгөн жок, эси-дартын кепке алдырып койгон немелер менин киргенимди чын эле байкашкан жок. Салам айтайын-айтайын деп барып, бирок саламым аликсиз калабы деп оозумду тартып алдым, отургандардын четки катарына барып көчүк бастым.

Ит атаар учуп кетчүдөй теминип-теминип, колдорун арбаңдатып, жанын сабай чамынып сүйлөп жатса, төрдөгү текчеге жыйылган жүктүн боорунда калдайган чоң көлөкөсү арбаң-тарбаң ойноп жатты; ынды кара бети кызууланып, коңур майланышып, кызгылт-күүгүм жарыкка күңүрт жылтылдап, алайган көздөрү менен күрөк тиштери жарк-жарк этип турду. Мурдун чүйрүйтүп, чычайган муруттарын сербеңдетип, шилекейин уурттарына көбүртө чыгарып, тиштеринин арасынан чачыратып, чамынгандан чамынып жаңшай берди. Мени адегенде анын кыймыл-аракети көбүрөөк алагды кылды, сөзүнүн мааниси аң-сезимиме анча жете берген жок, кептин жайын бир кыйладан кийин гана боолголой баштадым.

Башын укпай калганыман аңгеменин жибин кармай албай, кызыгына кире албай тирмие кулак төшөп отурсам, Ит атаар капысынан мандашын жаза коюп чөгөлөй берди. Аңгыча болбой колдору менен шап жер таянып, итчесинен чочоё калды; анан: «Ошондо жаны кашайган кайран Көкдобул желке жүнүн үрпөйтүп, көздөрүн панардай балбылдатып, мына минтип асманга телмирип, мына минтип уңулдап», – деди да, итчесинен улуп-улуп жиберди: куду иттин өзүнө окшотуп үргөн боюнча жайылуу дасторкондун үстүнөн жөрмөлөп кетти; тизеси менен кара кесени аңтара жыгып, зыгыра нандын сыныктарын жалпайта басып, дасторконду сыдыра тартты; пиялалар дасторкон менен кошо акырын сүйрөлүп, бирөө кыңырайып барып жыгылып, чайы төгүлдү. Мен бырс күлүп ийдим. Отурган кичинекей балдардын бирөө да күлгөн жок, аларды аңгеме ушунча арбап салган экен, дасторкондун үстүнөн көз ачып-жумганча жөрмөлөп өтүп, эми шалчанын үстүндө жөрмөлөп үрүп бараткан Ит атаарды баары текши күн карамадай ээрчий карашып, жалдырагандан жалдырап отурушту. Улукбек аке өйдө боло койду да, бир терең дем алып, кебин улаган бойдон өз орду жакка басты. Отургандардын аркасы менен сүйлөп өтүп баратса, балдар кежигесин кержейтип, анын оозуна акыя карап калышты.

Улукбек аке баягысындай эле эргип-эргип сүйлөп жатты. Мен айткандарына кунт коё баштасам да, дагы бир азга анын кызууланган ыраңын, сербеңдеген колун, арбаңдаган көлөкөсүн көрүп отурдум, кеп-сөзгө көшүлгөн кичинекей балдардын эс-учун билбей делдейип, аңкайгандан аңкайып отурганы да баамыма урунуп турду. Мунун баары качан парасатыма илинбей калганын билбейм, аңгемеге аз-аздан тартыла берип, бир убакта ага биротоло жутулуп кетипмин...

Мен эл жатарга жакын балдардын шары менен дүрбөп чыгып, биз тараптан келген үч балага кошулуп баса берипмин. Эшикке чыгарым менен ал үчөөнө чоңдук кылып, баштарын кагыштырып ойноп, бирөөнүн жаркырак-сары тоголуу аскер кемерин чечип алып, анысын талаштырып ыйлатып, айтор, ошолорду эрмектеп келе берип, үйгө жакындаганда гана эсиме жара чыкканын билип жүрөм. «Итти атып берсин» деген атамын аманатын айтканы барып, кепке алаксып унутуп жүрө берипмин.

Улукбек аке ушундай укмуш сүйлөйт! Ошон үчүн Жоро шайтан мамындай бир күйдүргү тамаша чыгарып жүрбөйбү.

Көйкап деген жерде Дажаал деген бир шумурай шумдук бар экен, ал темир дубалы бир кулач калың туюк тамга камалып жатат имиш. Ошо Дажаал күн сайын куптандан багымдатка чейин калың темир дубалын тили менен жалай берип кагаздай кылып жукартат экен, анан күн сайын эртең менен багымдат намазга азан айтылганда кагаздай жукарган дубал кайра баштагыдай толо түшөт экен. Акыр заманда, жумурай журт динден безип, азан таптакыр чакырылбай калган бир таң заарда Дажаал дуба-

лын тешип чыгат имиш, көк эшегине тетири минип алып, коңгуроолорун шалдыратып, керней-сурнайын күпүлдөтүп, ыр-күүлөрүн безелентип эл аралап жөнөйт имиш. Ошондо элдин баары Дажаалдын кубулжуган ыр-күүсүнө эрип, катуураак тамашасына азгырылып, артынан калбай ээрчип бара берип, түз эле тозоктун отуна кирип кетет имиш.

Жоро шайтан ушу диний жомокту дегеле ойкуштантып айтып келет да, анан: «Бу Ит атаар да ошо Дажаалга окшогон бир неме да! – деп арсаңдап күлөт. – Керней-сурнайдын деле кереги жок, аны ушул эле кара эшегине тетири миндирип, ушу айтып жүргөн калптарын эле айттырып койсо, биздин балдар бири калбай артынан ээрчип кете берет. Кулактарын делдейтип бара берип, жердин түбүнө кирип барганын деле билбей калчудай кысталактар».

Чоң кишилер Улукбек акенин аңгемелерин өз кулактары менен угуп көрбөй эле сыртынан өгөйлөп, баарын кызылдай калпка чыгарып, кур бекер мазактап күлүп жүрөт окшобойбу. Кокустан кулак салып калышса, алар деле ошо «калп» дегендерди бизден бешбетер ынтызарланып угат экен. Муну былтыркы бир көргөнүмөн улам айтып жатам.

Ошо былтыры Улукбек аке үйүндө бизге сүйлөп берип атса, үстүбүзгө Байымбет деген чал кирип келди. Үй ээси менен эсен-соолук сурашкандан кийин төр жакка өтүп, куду менин маңдайыма мандаш токунду. Улукбек аке анын эмне иш менен келгенин сурамжылады. Ал сунулган чайды эңкейип ала берип: «Бир иш бар, анан өзүңө айтам, кебиңи сого бер», – деди да, чайын иче баштады.

Ит атаар аңгемесин кайра улаганда, мен кепке кулак салганча маңдайымдагы Байымбет абышканын жүдөмүш кебетесин, дайыма уйпаланып жүргөн сакалын, чүрүшкөн бетин көрүп отурдум. Көп өтпөй абышка көзүмөн кайым болгон экен, бир кезде аңгеменин таасиринен бир аз бошоно түшсөм, ал кайра баамыма урунду. Башы саал кылжыйып, кетик тиш оозу болор-болбос ачылып, бети күлүмсүрөөгө толуп туруптур. Бир саамга тунарган көздөрүн Ит атаардын оозунан албай дал болуп отуруп, ууртунан шилекейи шыр куюлуп өткөндө гана эсине келе калды да, башын чайкап күлүп, тамшанып жиберди: «Кысталак, жакшы айтып атасың!»

Мурдагы жылы биздин Түмөн Анжиянга барып келген эле. «Ит атаар семичке сатканы жөнөп атыптыр, мен дагы барып келем», – деп делгирип калганынан атам аны төрт кап семичке менен Улукбек акеге кошуп берген. Кайра келгенде чоң шаардан кандай кызыктар көргөнүн сурасак, Түмөн жарытып деле айтып бере алган жок. Анын шаардан ала келген сөздөрү бат эле түгөнүп калган. Улукбек аке болсо шаарга барып келгиче көргөн-билгендерин бир айга жакын айтып да түгөтө албай койгон. Анын ошо түгөнбөгөн аңгемелерин Түмөн да үч күн катары мага кошулуп барып угуп көргөн. Үчүнчү күнү экөөбүз Улукбек акеникинен

кайтып келатканда: «Анжиянга бекер эле барыпмын, – деп Түмөн чын эле арман кылган. – Барбай эле баарын Ит атаардан угуп алсам, баргандан кызыгыраак болмок экен».

***

Улукбек акенин бир бир тууган жээни орто мектепте он жыл, жогорку окуу жайында беш жыл, аспирантурада үч жыл окуган, анан Москвадагы квалификация көтөрүү курсунда бир жыл чоң илимий кызматкер абалында (докторантурада) эки жыл жүргөн. Былтыр философия илиминин доктору деген илимий даража алган. Бир жагынан таякесин айныбай эле тарткан экен: докторлук диссертациясын жактаганда илимий советтин мүчөлөрүнө банкет бермек түгүл, оппоненттерин да үйүнө чакырып койгон жокко, оңбогур! Ырас, биз (айылдаштары) элди туурап туугансыгандан ага банкет өткөрүү жагын жакшы эле эскерткенбиз. Бирок ал: «Мен диссертациямды өзүм эле жазгамын, – деп кесе айткан. – Мен эч кимге милдеткер эмесмин. Анын үстүнө өзүм жалаң айлыкка караган кишимин, банкет өткөрчү бекер тыйыным жок».

Анткен менен Улукбек акенин жээни илимдин артынан сая түшкөн неме. Тирмейип китеп карай берип, калп айткан менен болобу, абстракттуу ой жүгүртүүсүн кыйла эле өөрчүтүп алган. Ар кандай факт колуна тийсе же оозунан кайдыгер эле бирдеме чыгып кетсе, ал аны дароо философиялык категориялардын торуна сала коюп, ошо замат жалпылап жиберет. Бир гана кемчил жери: таякесинин көркөм шыктуулугун тартпай калыптыр – адабиятка анча кунту жок. Кунт коймок турсун, өлүү жана тирүү классиктерден башка жазуучуларга өйдөтөн текебер карайт. Адабияттын көп сандаган жөнөкөй дыйкандарын жалпы эле интеллектуалдык жагынан, асыресе өз алдынча ойлонуу жагынан бечел калгандар деп эсептейт. Муну купуя гана ойлоп тим болбой, көрүнгөн жерде жарыя айта берет. Өзү тим эле философиянын классиги болуп алгансып айтат! Ошенткени менин мүйүзүмдү да сыздатып, куйкамды куруштурат. Мен жеке өзүм үчүн гана эмес, өзүмдүн Толстой болобуз деп боло албай калган жазуучуларым үчүн да арданып күйүп-бышам. Күйгөнүмө чыдабай Улукбек акенин ошо жээни менен кажандашып айтыша кетем. Көп учурда ал мени теселдей сөз менен эле туюкка камап, айламы курутат. Бирок жаныма күч келгенде мен да аянбайм, кээде анын талуу жеринен карыштыра кармап, анча-мынча аптыктырып коём. Бир сапар ошо текеберсиген философ менен талаша кетип, мен аны бир аз мукактантып койгонум күнү бүгүнкүдөй эсимде.

Адегенде экөөбүз «кыргыз бальзамынан» бир флаконду дарылыкка деп суу кошпой ичип алып, анан балалык күндөрүбүздөн мамыр-жумур кеп козгоп отурганбыз. Аны айтып, муну айтып, кызыгандан кызый бе-

рип, бир кезде Улукбек акени сөз кыла баштаппыз. Анын кылык-жоругу менен калптарын экөөбүз бир сыйра эскерип өткөндө мен да чочугандай философчулук кыла кеттим.

– А киши чоң художник турбайбы, калпынын баары эле көркөм чыгарма экен, – дедим дегеле килейген чоң жаңылык ачып ийгенсип. – Анысын билбей, биз аны укмуш калпычы деп жүрүппүз.

Бала чактагыларды эстегенденби же тим гана «бальзам» ичкенденби, айтор, саал-паал кыялга алдыргансып, анча-мынча элжирегенсип башын колу менен сүйөй кыңырайып отурган философ:

– Да-а, тагам калп айтканга мастер, – деп ойлуу кобурады. – Сен туура байкапсың, тагам чын эле художник экен... Айылдык Расул Гамзатов экен... Сен токто... үрпөңдөбөй коё тур... Да-а, аны билими жок Гамзатов... караңгы кыргыз Гамзатову десе болчудай...

Ал ошол кыңырайган кыялдуу кейпинде бир аз отурду да, капыстан жандана түштү:

– Сен, молдоке, кызык ойдун башын чыгардың, Азаматсың! Тагам чынында да художник экен, аны ошо художниктик жаратылышы калп айттырып жүргөн сыяктанат. Эми сенин оюңду улап, логикалык чегине жеткирели. Билесиңби, өтө чоң, масштабга салып караганда улуу жазуучулардын баары калпычы болуп чыга келет. Токто, токто, сабыр кыл! Ырас, мен чала сабат тагамы классиктерге теңегим келбейт. Алардын маданий-интеллектуалдык деңгээлинде чоң айырма бары чын. Мен көркөм чыгармачылык сыяктуу феномендин түпкү маңызын айтып жатам. Тышкы маанилүү айырмачылыктарына карабастан, тагам менен улуу жазуучулардын арасында кандайдыр бир ички окшоштук бар. Алардын өнүп чыккан тамыры бир. Улуу жазуучулар, балким, күндөлүк турмушунда калп айтышпастыр, бирок чыгармачылыкка келгенде аларды да тагама окшогон калпычылар деп айтса болот, алардын ар бир чыгармасы гениалдуу калп, татынакай бир жалган элес, азгырмалуу иллюзия...

Философ ушуну айтканда мен чыдай алган жокмун, жаным чыгып кетти. Аны бура сүйлөтпөй чап кармадым эле, экөөбүз дагы жаакташып калдык. Карапайым жазуучуларыма асылганы аз келгенсип, оңбогон философ эми: «Чоң калпычылар» – деп улуу жазуучуларымы тим койбой атпайбы! Мен аябай күйүп-бышып, классиктеримин таламын тим эле жөжөлөрүн айры куйруктан коргогон тооктой чыркырап талаштым. Философ болсо дегеле кебелип койбой өз айтканын жай жактап отурду. Мен адабий чыгарманын жакшы-жаманы дебей турмуш акыйкатын өзүнчө ык менен чагылдыра турганын айтып безилдедим. Ошентсем, калпычынын калп айтпас жээни жайбаракат гана:

– Эмне, турмушту калп чагылдырбайт бекен? Билгиң келсе, диний түшүнүктөр да реалдуу турмуш көрүнүштөрүнүн аң-сезимде өз алдынча чагылышы болот, – деп каяша кылды.

Айтор, мен «дарт» десем, ал «балээ» дей берди. Заманам, жаман куурула баштаганда, кудай жалгап, удургуп турган акылыма бир дурус ой келе калбаспы!

– Кой, башкаларды эмне кылабыз, ушу экөөбүз жакшы билген Ит атаар тагаңы эле алалы, – дедим мен сүйүнүп кетип. – Анын соо киши кылбаганды кылганын, элдикинен башкача жоруктарын, шыпырылткан калптарын сен менден жакшы билесиң – сенин бир тууган тагаң эмеспи. Ошолордун баарын кимдир бирөө так өзүндөй кылып жазып койсо кантесиң? Ошону да калп дейсиңби? Тагаңы куду өзүндөй кылып жазган киши да сага калпычы болобу?

Ушундай деп демитип жиберсем, ал бырс күлүп ийди, оозуна алгылыктуу сөз кирбей, саал буйдалана түштү. Кепке жыгылыштуу болсо ал дайыма ошентип калат.

Атаны кокуй ай-я, олуттуу окурмандарым, силерди дагы эсимен чыгарып, кызыганда кыйшык ала качмайым дагы кармап, итке тиешесиз эле бирдемелерди бабырап кеткен турбайымбы! Улукбек акени узун сабак сөз кылганымын го жөнү бар, канткен менен итими ошо киши атканы жатпайбы. Ал эми жанагы философко эмне жок? Же анын итиме бир тиешеси болсочу! Силер деле байкап калдыңар го, деги ал өзү чыгармага оң каарман да, терс каарман да кылып киргизбей турган неме. «Күрүчтүн шылтоосу менен күрмөк суу ичет» дегендей, ал таякеси Улукбек акенин аркасы менен бу баяныма кирип кетти шекилди. Оңбогон философ ошого да ыраазы болбой, дагы сүйлөйм деп жулунуп, дагы кыймыл-аракет жасайм деп кынынан суурулуп жүрбөйбү. Чап кармап, желкесинен ныгыра басып, кынына кайра араң киргизбедимби. Мен классик эмесмин да, шүгүрчүлүк, каармандарыма азырынча күчүм жетет! Капырай, классиктердин каармандары башкача бир ээнбаш болот экен, кээде авторлоруна баш ийбей өз билгенин кылып, оозуна келгенин оттоп, башы ооган жакка дейди басып кете берет экен. Байкуш классиктер болсо эмне кыларын билбей жалдырап отуруп калат экен. Менин азыркы эле философ каарманым да ошолорду окуп алып, анан мага баш бербейм деп ээленип көрдү го, сыягы.

* * *

Сабырдуу окурмандарым! Эгер ушу жерге чейин чыдап окуп келсеңер, мен чыдамыңарга «баракелде» айтып кыйкырам да, жанагы философтун байкатпай сөз арасына кирип алганы үчүн силерден кечирим сурайм. Ал эми бул баянымдын көп жери силерге кызык көрүнбөй атса, ага эч кандай кечирим сурабайм. Канчалык ыйынсам да, силердин кыялыңарды удургуткудай, көңүлүңөрдү аптыктыргыдай, сезимиңерди чымыраткыдай кылып жаза албасам кантмек элем? Колуман келгени эле ушул. Көргөнүмү

көргөндөй жазып атам, кызык кылам деп курулай калп айтканым жок. Өзүңөр билесиңер, болгонду болгондой жазса ушундай эле чыгат, мындан кызык боло албайт.

* * *

Ошо түндүн эртеси эртелеп мен Улукбек акеникине бардым. Короосуна кире бергенимде, ал кирирээк ак көйнөгүнө чапанын желбегей жамынып, чодойгон кыска дамбалынын узун ычкырын салбыратып, там аркасынан какырынып-түкүрүнүп чыгып келатыптыр. Ал менин саламымды күлө багып алик алды да, чүйрүйүп сурап койду: «А-аа, Сарыбаш, таң атпай жогжоңдоп жетип келипсиң, деги тынччылыкпы?» Мен атамын «Жолборсту атып берсин» деген аманатын айтсам, ал менден иттин айыпкылмышын сурамжылап билди. «Раистин сөзүн эки кылгыдай башым экөө эмес, – деп ал тамашага чалды. – Оокат ичип алып эле жетип барам».

Улукбек аке кара эшегин кыдыңдатып, шашке ченде келди. Асынганы – кош ооз, курчанганы – патронташ. Кабагын карыш салып, чүйрүйгөндөн чүйрүйүп алыптыр. Бизге жакын келгенде эшегинин башын кейкең дегизе тарта берип сурап калды: «Итти каерге байладыңар?» Мен Түмөндөн озунуп жооп айттым: «Коктуга, чоң жаңакка». Ит атаар чүйрүйүп койду: «Жок, болбойт, жаңак касиеттүү жыгач, түбүндө чымынга да ок атпаймын. Ал тийген күндөн көздөрүн алаканы менен далдалаганча төш тарапты бир айландыра карап, анан колун жаңсады: «Оо, тиги боордо жалгыз бадал серейеби? Долоно окшойт, ошого байлагыла».

Көрүнгөн жалгыз бадал чын эле солкулдаган жаш долоно экен. Түмөн Жолборсту тушардан ашкан чөптү аралатып долоного жетелеп барды, жерге тизелей калып, долононун билектей жоон уңгу жыгачына иттин узун чынжырын кабат-кабат ороп байлады, чынжырдын бышык байланганын сынап тартып-тартып көрдү. «Ит атаар жанын жейт, көрүнөө болсо жаңактын түбүндө деле атат болчу, – деди Түмөн ордунан тура берип. – Жаман алында дегеле жанда жок көйрөң, атканымы эл көрсүн деп атпайбы».

Ит атаардын төшкө чыгып келатканын көргөндө эле Жолборс арсылдап жулуна баштады. Тиги болсо иттин үргөнүн таңазар албай биздин жаныбызга жай чыгып келди, мылтыгын алдына кыңырайта кармаган бойдон алкынып аткан итке чүйрүйө карап туруп калды. Жолборс жулкунган сайын долоно солк-солк силкинип, майда жалбырактарын дир-дир шуудуратып жатты.

Улукбек аке иттин айбатын тоотмоксон доош менен: «Бекем байладыңарбы? – деп сурады да, жоопко күтпөй эле кайра өзү сүйлөп кетти: – Жакшы ит эле, кысталак, көрөр күнү бүткөн экен. Териси аюунукундай

эле экен, буюрса, биринчи сортко өткөрөм. Эми карап тургула, как көзүнө атып жер каптырам. Же чыкыйга атып жыгып берейинби?» Ал оозун жыйып алганча болгон жок, алкынып турган Жолборс бар күчү менен жулунуп калды, долоно бир серпилип ийиле түштү, чынжыр байланган жеринен сыдырылып кетти; ит жаалы менен дагы бир аркырап секирди, долоно түп жагынан карс этип сынгансыды. Ит атаар аландай түштү, кетенчиктей берем деп чөпкө чалынды, чалкасынан жыгылып баратып кандайдыр бир амал менен жерге көмкөрөсүнөн тийди. Жолборс аны баса калып, куду көчүк ченден бир бурдап алды, Ит атаар бир ачуу бакырып, тура качканга шайы келбей, буттарын тыбыратты, колунан чөпкө ыргыган мылтыгына жабышып, ылдый сойлойм деп тырбаңдады, карбаластап жаза кармап алды бейм, кош оозу сорок эте түштү, сорок дегенде эле учунан түтүн бурк деп, кулак тундурган дабыш кошо жаңырды.

Мылтык атылар замат Жолборс корконунан артына жалт берип, ылдый жактан эмнегедир кара эшек айкырып ийди, менин тула боюм дүрүлдөп, эсим чыгып кетти; Улукбек аке атылган октун коктуда жаңырганын тыңшагансып кыймылсыз жатып калды. Аңгыча Түмөн эки секирип жанына жетти. Ит атаар жан-алы калбай тыбырап, мылтыгын коё бербей далбастап, арбаң-тарбаң тура качты, ошо бойдон артына карабай дыр койду эле, май куйругунун бир жагы кызаңдап, таар шымы менен сур дамбалынын чоң айрыгы кабаттала салпаңдап баратты. Узай түшкөндө гана бир кылчак карап алды, анан боюн токтотуп-токтотпой эле артына бурула берди; аландап шашып, кайра жулуна баштаган итке жалтаң-жалтаң карап, кундагын акырегине такай берип, киркиреп калды: «Качкыла!»

Түмөн экөөбүз эки жакка капталдай качтык. Мен ок атылар замат кайрыла берсем, байкуш Жолборс: «Каңк!» – деп кыйраңдай түштү, кайра оңоло калып, бар кудуретин жыйнап жулунду, долоно дагы карс этти, Жолборс аркырап атырылды, долононун түп жак уңгусу сороң этип көкөлөп барып, кайра жерге чабылды, бутактуу үч жагы бир-эки калдаң-калдаң ала салды. Муну көргөн Ит атаар дагы качып берди. Бирок алкынган Жолборс узай алган жок, кыйраңдап баратып бураң дей түштү, ордунан тура албай очорулуп калды. «Жыгылды! Жыгылды!» – деп кыйкырып жиберсем, Улукбек аке аландап артына бурулду, шашып-бушуп патронташынан ок сууруп, апылтапыл мылтыгын дүрмөттөп, итти дагы кароолго алды эле, кош оозунун соройгон найы өйдө-ылдый кыймылдап турду. Ок «баң!» дегенде көчүгүн көтөрө албай, көөдөнү менен ынтылган Жолборс дагы бир «каңк!» этип алып, шылк жыгылды. Улукбек аке кардыккан доошу менен: «Тийди, тийди! Башка тийди!» – деп кубана кыйкырып, мылтыгын жерге шалак таштап ийди, ошо замат көчүгүнүн жылаңач жерин коомай кармалап, ошо жерин көрөм деп башын төмөн карай кылчайтып, канчалык чымырканып мойнун бураса да көрө албай, турган жеринде көк мээ болгон койдой тегерене баштады.

Түмөн экөөбүз анын жанына эки жактан жүгүрүп барсак, ал айрылган жерин бизге тозо берип, безилдеп сурап ийди. «Канабаппы! Тиши кирбеппи?» Түмөн эңкейе калып карады да, мурдун чүйрө башын өйдө кылып, күлүп жиберди: «Эчтеме болбоптур, канабаптыр, тиштин тагы эле түшүптүр, айра тырмагандай эле так түшүптүр». «А гөргө, гөргө[1], – деди дале тула бою калтырап турган Ит атаар. – Баягы ок бирөөгө тийген жокпу? Эшек аманбы?»

Улукбек аке мылтыгын жерден алып, сол далысына арта салды, шымынын айрылган жерин колу менен жамай кармап, ылдый карай басты. «Иттин терисин эмне кыласыз?» – деди Түмөн. «Ошонун терисинин как чокусуна... – деп сөгүндү Ит атаар. – Желкемдин чуңкуру көрсүн. Көөмп салгыла капырды».

Түзгө түшүп, өрүккө байлалуу кара эшектин жанына келдик. Түмөн Улукбек акеге дагы үн катты: «Чай ичип чыкпайсызбы?» Ит атаар ага карабай: «Ошо чайыңын как чокусу... – деп баратып оозун жыйып алды. – Кой, байым, чай ичкидей шай жок, дагы бир күн ичермин». «Ак суудан бар эле, – деди Түмөн. – Ушунун ачуусуна бир тартып ийбейсизби?» Улукбек аке ыңгырангансып чүйрүйүп турду да, айрык жерин кармаган колун бошотуп, жерге карай силкип калды: «Апкел ошо капырды! Заар болсо да ичип иейин!»

Түмөн келгиче Улукбек аке дамбал-шымынын айрыгын салпаңдатып, дагы эле калтырап турган колдору менен патронташка бастыра байлаган жоолугун күчөнүп сууруп алды, салаңдаган айрыкты өз ордуна келтирип, үстүнөн жоолугу менен бастырып, жоолугунун учун алдына тартып, бекем байлады. Мылтыгын жонуна асына берип, мен колтуктап мингизейин дегиче болбой эшегине секирип минди да, чылбырын өрүктүн бутагынан чечип, жоолугу менен таңып байланган жерине кылчайып карап койду.

Түмөн дикилдеп жетип келди. Ит атаар анын колунан чоң стакан толо аракты илип алып, кылк-кылк жутуп ийип, бети-башын тырыштыра ачырканып, чүйрүйгөндөн чүйрүйдү. «Закускага бирдеме ала чыкпапсың да, бала!» – деди чычайган мурутун жанып-жанып. «Шашып калбадымбы, – деди Түмөн купшуңдамыш болуп. – Эми таарынбай барыңыз, эшегиңиз да кур ооз калды». Ит атаар чүйрүйө күлүмсүрөй: «Кара айгыр менден ашса ичет да!» – деп кара эшегин теминди.

Эшек кыдыңдап тигиндей узай бергенде, Түмөн мага: «Ит атаар акең жаман коркту го, корконунан кичине булганып да алды бейм», – деди.

Түмөн кетмен көтөрүп, мен бел күрөк алып, экөөбүз төштү көздөп илээлеп бараттык. Тиги боордо сынган жалгыз долононун жалбырактуу бутактары барпайып, чөп арасынан Жолборстун бир капталы дөмпөйүп көрүнүп турду. Жанына чыгып барсак, ит ылдый баштанып, өлүк денесин шалдайта жайып, канжалаган тумшугун кызарган чөптөргө жашырып,

[1] *Гөргө* – дурус, ошенткени жакшы болуптур деген мааниде.

арткы бир бутун жансыз сырайтып кыймылсыз сулк жатыптыр. Башы менен курсагынан аккан кан кылчык жүндөрүн териге жабыштыра батташтырып, чөптүн сабактары менен жалбырактарын кызыл жаян кылып, жерге жайыла агып, килкилдеп катып, кара кочкул тартып каймактана түшүптүр. Курсагындагы ок тийген жерден кан дагы эле кочкулданып тамчылап туруптур. Заматта үстүнө чымын-чиркей жабалактап үйүлө калыптыр. Мен дит багып тиктеп тура албай, терс карап кеттим.

Асмандан күн чакчайып, ой-тоонун жапжашыл ыраңын жарыкка балкытып шоола чачат; дабышсыз жумшак жел чөптөрдүн башын болор-болбос термелтип, дүйүм жыттарын коңур аңкытып, дарак жалбырактарынан угулар-угулбас шоокум чыгарат. Коктудагы дүпүйгөн жаңгактар менен бака теректерде чымчыктар ызы-чуу түшүп кужурайт; ошо кужураган «чырык-чырыкка» аралаш булбулдар үн алышат, алар созолонто ышкырып-ышкырып, ышкырыктын аягын чолок-чолок кайрып булдурап кетет.

Кыймыл-шоокумга толуп турган көк-жашыл айлана жадырап-жайнап, чөп арасында Жолборстун тырайып өлүп жатканын эч таназар албай кулпурат.

Түмөн ылдыйраак басып барып, артына бурула берип, кетменин как төбөсүнө көкөлөттү. Керилип туруп чапканда кетмен жерге күп этип тийип, чөптөрдүн башын солк-солк эттирип, кыртышка чала-була кирип токтоду. Түмөн күчөнө жулкуп алып, кайра keриле көтөргөндө кетмендин мизи күнгө жарк деп чагылыша түштү. Чапкан сайын чөп тамырлары туташ кармаган каксоо дың күп-күп дабыш чыгарып, кетменди анча тоотпогонсуп жатты. Бирок Түмөн кетменин көшөрүп, кара күчкө салып чаап жатып бат эле токумдай жердин үстүңкү кыртышын сыйрып жиберди, анан ошо карара түшкөн жерди тереңине чукуп каза баштады. Ал кара турпакты кетмени менен дем албай чапчып ыргыта берип, күйүккөнүнөн катуу бышылдап калды. Ошондо мен жардамга келдим. Күрөк менен ийрелеңдеп топурак чыгарып, чуңкурду дурус эле тереңдетип салдым. Мен чарчаганда Түмөн чуңкурдун эки жагын кетмени менен кеңейтти да, мага: «Чынжырды чечип кел», – деп буйрук кылды.

Мен сынган долонону чынжыры менен эле калдаңдатып сүйрөп келатсам, Түмөн чынжырды канга малынган үчүн Жолборстун каргысынан чыгарып, мындайраак серпип салды. Мен берки учун долононун уңгу жыгачынан бошотуп, чынжырды шалдыратып түрүп атсам, Түмөн итти бир бутунан кармап, башы менен берки буттарын шалактатып сүйрөп жөнөдү. Көк чөптү жапырылта сүйрөп барып, чуңкурга чалкасынан түшүрүп таштады эле, Жолборстун төрт аягы сырайып чыгып калды. Түмөн иттин өлүгүн эки бутунан өйдө көтөрүп, кайра капталынан шалак таштады да, сырайып чыгып калган эки бутун ичкери тээп киргизип койду. Мен чынжырды шалдыр-шулдур түргөнчө анын жанына басып бардым.

Түмөн Жолборстун үстүнө чөп аралаш топуракты кетмен менен шыпылдатып тарта баштады. Иттин башына жабылган бир кетмен кара топурак дагы эле чыпылдап чыгып турган кызыл канга кочкулдана эзилип, ылжырай түштү. Түмөн бош жерди эки жактан бат-бат шилеп, иттин өлүгүн жашырып салды. Көөмп бүткүчө экөөбүз сөз катышканыбыз жок.

Түмөн дөмпөйгөн дөбөчөнүн үстүн тегиздемиш болду да, өкүрүп ийчүдөй кетмендин сабына таянып, нымшып тердеген чекесин тырыштырып, көздөрүн чүңүрөйтүп, кайгыга баткандай тунжурап туруп калды. Менин көңүлүм да аздыр-көптүр сыздап турду. Канткен менен кайран Жолборс бизге кайдыгер жат жаныбар эмес эле, өз колубузда чоңойгон, биздин үйдүн бир бүлөсүндей эле болуп калган, эч кимибиз жамандыкка ыраа көрбөй турган бир боор ит эле. Деги биздин кабыргабыз анча-мынча кайышканга кадыресе себеп бар эле.

Түмөн капыстан иттин мүрзөсүн карап чөгөлөй берди да, шатыратып куран окуп кирди. Мен бир кур күлүп ийе жаздадым. Карасам, анын тамаша кылгандай түрү жок, көрүнүшү чын пейили менен куран түшүргөн кишиникиндей. Ал кээде айылдагы молдолордун башка-башка кыраат менен куран окуганын тамашалап туурап калчу эле, азыр болсо өзүнүн эле саал киркиреги бар доошу менен олуттуу окуп атат. Мен да олуттуу боло түшүп, анын каршысына чөгөлөй кеттим. Ортобузда иттин кара мүрзөсү дөмпөйүп турду. Аңгыча болбой Түмөн жаагын жап басып, оозун ачыңкырай делдейип, асманга аңкая карап, үнсүз-сөзсүз отуруп калды. Окуп аткан куранынын андан аркысын эстей албай жатканын мен дароо сезе коюп, курандын а такалган жеринен нары улап окуй кеттим. Экөөбүз тең бата кыла берип, тең барабар каткырып күлүп жибердик, күлгөн бойдон ыргып туруп, чынжыр менен кетмен-күрөктү көтөргөнчө кубалашып чыңк ылдый салдык.

Асмандан күн жаркып тийип, ой-тоонун жашыл көркүн жадыратып, куштардын баарын кужур-кужур сайратып турган эле.

**(Уландысы келерки санда)**

*Поэзия*



**КАЛБАЕВ Абдымомун Ашыралы уулу** *1953-жылы Жалал-Абад областынын Аксы районундагы Афлатун айылында туулган. Жалал-Абад шаарындагы А.С.Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайын, Кыргызстан мамлекеттик университетин бүтүргөн. Кесиби – журналист.*

*«Молдо Багыш» (1998), «Ала-Тоонун жаңы жылдыздары» (1984), балдар үчүн «Майлуу токоч» (1997), «Кылымга жүз ыр белегим» (1999) ыр жыйнактарынын ж.б. очерк китептердин автору.*

## Эрте жазда

*Март. Жамгыр бир жаап, бир басылып,*
*Карга. Кар-р…, кар-р… – деп кар чакырып,*
*Жаз келатса, бүчүр көйнөк кийинип*
*Карга учат: «Кар жаайт» – деп жар чакырып.*
*Кыз келатат гүлдүү көйнөк*
*Кол чатырын көтөргөн сумке асынып,*
*Байчечекей бүрүшүп, үшүп турат*
*Кар алдынан көз жарган жаңы ачылып.*
*Тор кашканы аса байлап коюптур.*
*Той болмок. Суутуп таң ашырып.*
*Кышты коштоп: туман каптап, жаз качырып.*
*Жаз келатат, чачтарыңа гүл тагынып,*
*Чыт курсактар терезеден сыртты карайт*
*Гүл теришмек кыздар менен жаз сагынып,*
*Козу, улактар сүзүшүп тынчы кетип.*
*Төшкө айдалбай, короодо жар сагынып,*
*Карга учат, жаздан коркуп,*
*Кар-р, кар-р, кар-р кар сагынып,*
*Жаз келатат бүчүрдөн гүл тагынып.*

## Сиз бар үчүн

*Сиз бар үчүн майрам шаңданат,*
*Байчечекей кар алдынан көз жарат.*
*Жылгалардан обон салып булактар,*
*Сиз бар үчүн курат агып салтанат.*

*Сиз бар үчүн белек алам дүкөндөн,*
*Бактылуумун сизди бүгүн күткөндөн.*
*Дайым жаздай жүрө бериң жаркырап,*
*Сиз сулуусуз таңкы чолпон, үркөрдөн.*

*Сиз бар үчүн келет менин жашагым,*
*Сиз бар үчүн тартам сүйүү азабын.*
*Жакшы тилек, каалоо, арноо дайыма,*
*Жалаң гана сизге арнап жазамын.*

*Сиз бар үчүн байчечекей гүлүн ачат,*
*Сиз бар үчүн Ай, Күн дагы нурун чачат.*
*Сиздей сулуу бар үчүн үмүт менен*
*Сизди эңсеп мен дагы келем жашап.*

*Сиз дайыма бар болуң, сулуу болуң,*
*Сизди эңсеп ойлорум улуу болсун.*
*Күн сагынып өзүңдү, Ай сагынып,*
*Сиз бар үчүн жер шары сулуу болсун.*

## Зайыбыма

*Өмүр деген канчалык кымбат, асыл,*
*Бул жашоодо жашап өт болуп батыл.*
*Кемчилдикти оңдосоң ал кеч эмес,*
*Жараткан берип сага ыйман, акыл.*

*Кубат бол, жөлөк болгун сен жанымa,*
*Мен кайылмын бул турмушта бүт баарына.*
*Чыгармамды жазайын жанды үрөп,*
*Жандүйнөмдө акыл жана күч барында.*

*Жөлөк бол ылдый түшүп бара жатсам,*
*Өбөк бол өйдө чыгып жан талашсам.*
*Тагдырга мен ыраазы боло берем,*
*Жаңыны жан элим деп мен жаратсам.*

*Кайгыртпа, жүрөк ооруйт, дабасы жок,*
*Же мени жан дейсиңби санаасы жок.*

*Жашоодо канат-бутак издеп келем,*
*Жүрсөм деп аз жашоодо көңүлүм ток.*

*Болсо экен чайым белен, үйүм жылуу,*
*Адамга парз турбайбы эмгек кылуу.*
*Жаңылып, жаңыланып келем дайым,*
*Болсо да бул турмушта нечен сынуу.*

*Аткарылса деп тилейм максаттарым,*
*Кемчилдей болуп келет көп жактарым.*
*Жүгүмдү жолго таштап сала албаймын,*
*Суранам, оо Жараткан, аксатпагын.*

*Басам-турсам санаамда салмактуу ой,*
*Сен мени күнөөлөбөй жөн эле кой.*
*Бир күнү тыным билбей жазып салам,*
*Чоң чыгарма, бышканда баштагы ой.*

*Келем күндө жумуштан түйшүк менен,*
*Жеңил эмес турбайбы, турмуш деген.*
*Шарында чабак уруп чебелектейм,*
*Жол издеп чыгып кетер түптүз, кенен.*

## Өмүр жашым жетеби?

*Жетеби өмүр жашым эңсегенге,*
*Жарайбы сайган дарак көктөгөнгө.*
*Бирок мен кубанамын кээде туруп,*
*Өмүрүм куру бекер өтпөгөнгө.*

*Бул турмушта жетип-жетпей келе жатам,*
*Ичиме буулуккан сырлар катам.*
*Махабат тузагына көп чалынып,*
*Өзүңө өзүм болуп бара жатам.*

*Баскан жолум ушунча кыска тура,*
*Карынын айткан сөзү нуска тура.*
*Кечиргин, оо Жараткан, мени кечир,*
*Иш кылдым туура жана же натуура.*

*Ушундай алган жарым тагдыр деген,*
*Жүгүм оор, басыгымдан жазбай келем.*
*Жеңилди жерден алып, оорун колдоп койгун,*
*Эң башкысы кегим жок, пейилим кенен.*

## Бул күндөр

*Салттуу десем бирин бири алдашат,*
*Сак болгула мына ушундан балдар ай.*
*Чалдар ичип, сойку гезит окушат,*
*Баталары а балдарды жалгабай.*

*Муңайтпачы кетипсиң деп арыктап,*
*Жүргөн кезде жандүйнөмдө жабыркап.*
*Балдарымдын тартам кээде түйшүгүн,*
*Аялым да боло калат табышмак.*

*Бата кылган жерде бирөө каткырып,*
*Күлүп жатты, жатса бирөө кайгырып.*
*Көрөт элем каткырганын кайрандын,*
*Жакынынан калса эгер айрылып.*

*Бүгүн бүтчү иштер көп кезек күткөн,*
*Жаным бышык баарына чыдап түткөн.*
*Өмүр өтүп кеткенин байкабастан,*
*Кубанамын арзыбас иштер бүтсөм.*

*Ушул күндөр береби кайтарымын,*
*Абдымомун ой калчап байкагыныӊ.*
*Түшүм жыйнаар кез ушул сыяктанат.*
*Берекелүү болсо экен айдаганым.*

*Мажес ойлор жүдөтүп майда-чүйдө,*
*Капа болуп барамын кээде үйгө.*
*Адат болуп баратат байкашымда,*
*Арзыбаган иштерге кабак түймө.*

*Болбос ишке кээде басмырланам,*
*Көкүрөктө ойлор көп айтылбаган.*

*Агымында турмуштун буркан-шаркан,*
*Учурлар көп эңсегенди жаздырбаган.*

## Билбейм дебе

*Билбеймин дебегин, билесиң,*
*Түшүмө күндө киресиң.*
*Калп эле болуп көрмөксөн,*
*Барк албай, а балким, жүрөсүң.*

*Сүйбөймүн дебегин, сүйөсүң,*
*Мен окшоп сен деле күйөсүң.*
*Баланы эң жаман көрөм – деп,*
*Жеңемдей алдаган күйөөсүн.*

*Суктанам өзүңө, суктанам,*
*Башка бир көздөрдөн кызганам.*
*Жанымда жатасың шыбырап,*
*Жаздыкка баш коюп уктасам.*

*Болбогун көрмөксөн суранам,*
*Мен деле өзүңдөй бир адам.*
*Боор ооруп койсоңчу жылмайып,*
*Жигитмин азабыңа чыдаган.*

## Тирилик

*Жазуу менен жанды багуу кыйындап,*
*Үйгө барсам сөз төркүнү тыйын тап.*
*Көкүрөктө уюп жаткан ойлорум,*
*Жазгының деп улам мени ыйыктап.*

*Кетейин дейм элге окшоп базарга,*
*Мен да туруп уйку көрбөй азанда.*
*Бешенеге жазбаганбы сооданы,*
*Туралбадым буюм сатып катарда.*

*Уулум мени түшүнөт да унчукпайт,*
*Кошунадан же кесмелик ун чыкпайт.*
*Көр тирилик кара чачты агартты,*
*Ар тараптан турмуш мени кысмактап.*

*Жеңижокко алып берген колукту,*
*Талантына желбиреген болуп туу.*
*Сөздүн наркын, ырдын баасын түшүнгөн,*
*Эстей берем Сулайманкул болушту.*

*Проза*

# АВТОБООЗ – 2

## (Кыргызча жашоо бормуласы)

Султанбек
ЖУМАГУЛОВ

**ЖУМАГУЛОВ Султанбек (Султан Акторпок)** *– 1958-жылы Нарын облусунун Ат-Башы районундагы Өзгөрүш айылында төрөлгөн.*

*1981-жылы КМУнун журналистика бөлүмүн бүтүргөн. Бир катар республикалык ММКларда, Би-Би-Си радиосунда бөлүм башчы болуп иштеген. Республикалык басма сөз каражаттарында чыгармалары жарыяланып келет.*

Жыл-жыл ары, иий-оххх, бутум, тартчы эй, бутуңду, былчыйтып басып турубаласың да өчүң бардай! Э кокуй, бутумду эми каякка коём жер жок болсо, эмне мойнума артып алайымбы, эй? Кайдан билем каякка артарыңды, ал ары бутуңду! Эй, карындаш, адегенде ал жигиттен сурап көрбөйсүңбү каяктан экенин, агер жалал-абаддык болсо илибой бутту тебелеп турса улуксат, мурда кеминдиктер менен таластыктар тебелесе улуксат эле да чынбы, хи-хи-хи... Ары жылып койсоң боло жалгыз ээлебей бүт орунду, эми биртике жыл, ии, копшоп кой көчүктү, берекени бериптир да кудайым бу алдагы жамбашка, ыя? Берчү кишиге берет да, алдыгинтип тыржыйгандан көрө балпайып турганга не жетсин, батпасаң отур алдыма, улуу баламдай кылып кондуруп алайын, как мягкий мебелге отуруп баргандай барасың, толко төлөйсүң айтып коёюн. Беш сом передайте, өчүрчү эй, сотканды безелентпей сенделе болсо да, үнү да жаман экен, итиркейди келтирип. Эже, жылып коюңчу. Кайда жылам, ботом, жыла турган жер болсо жыламбы? Эй, вадила, жөнеле тыга

бересиңби, эмне же сенин бусигиң резиновыйбы, канчай а, демалалбай калдык!

Ии, дебейсиңерби анан, Бишкекте эки киши мушташып атсачы, бирөө сөз жок таластык болот эле да, эми сузактыктар канкурент болуп атыптыр, хи-хи-хи... Сиз отуруп алыпчы, элди бөлбөңүз да, эй, аке. Мен бөлүп атамбы, өлгөн экемин да анда, мен бөлгүдөй же Ак үйдө иштебесем, же депутат болбосом, бир жүргөн букара болсом, ыя, карындаш? Акырыын жылжытып атпайсызбы, араң турган элди ушинтипле бөлүп койсо болот да, жалал-абаддыктар, сузактыкта-ар деп атайы баса белгилепчи. Койдум кокуй, тамаша да айталбай калдым го, эми бул тибиртке тийгир тилимди каякка катчумун, жаныңыз кейигенине караганда өзүңүз жалал-абаддансыз го, э, карындаш? Анын сизге кереги жок, мен Кыргызстанданмын. Э, кокуй, анда мен каяктанмын, Монголияданмын го, э, ыя туугандар? Кой эй, сенин тамашаңды биерде эч ким түшүнбөйт, шүк отуруп барчы, ансыз деле араң кыртыштары сүйбөй баратышат. О, аркы айнекти ачып коюңчу, байке, дем жетпей калды го.

Баттыңбы, отур эми мыңкылдабай, айттым го канешный астановкага чейин мягкий мебелге отургандай көшүлү-үп барасың, андайды өмүрүңдө көрбөсөң да керек. Ох, чынеле жыргализм экен, оонапле жата бергидейсиң, кайран Какем ары оонап, бери оонап, чардайткен да ыя, хе-хе-хехх... Ошо Какең кара жерге кирсин, оонамак түгүл, башы төшөккө тиери менен кор-реле дей түшөт, ал ашынаңан эбакле шай качкан, ыркыйбай биртике эттенсең болбойбу айлайын, сөөгүң тимеле өтүп кетти, көгөрүп калбаса болду, айтып коёюн төлөйсүң. Төлөсө, төлөп коё беребиз, натура төлөйбүз да. Натура деп муну кара, сенин алдагы натураңа ким кызыгат өзү, эй-кой, тамаша, бу экөө жинди неме дебатышат ко, Гүля эмне кылыбатат? Гүля эмне кылмакле, кез-кез мени жеп коюп отуру да. Ырас кылат сени, силерди жейбиз да же эл окшоп дивижение жасаганды билбесеңер, же башкага жарабасаңар. Жараганчүн эт жок да денеде, бу силер ачкүзөндөй болуп же акчага, же башкага тойбойт экенсиңер, давайле-давай деп турасыңар, чынбы ыя, тууган? Хе-хе-хехх...

Кочкор-кочкор, бир киши, Чолпон-Атагабы чоң кыз, ке, отур аркы ауди соткага, сизге үшчүсдөнле, аме-ей, үшчүз болгону качан, ке, отура бер, андан ылдый таппайсыз, самалеттой гана зуу кирип барабыз бир паста. Балыкчы–Чолпон-Ата маршрутка, три человек, тү-үй, жүгүң бир сентнер го ыя, машине жер чийип калат ко, мейли эми ке, отура бер. Оомийи-ин, дөөтү колдосун, алыска баратабыз, жолубуз шыдыр, жолдошубуз кыдыр болсун, омийи-ин! Акчаны казыр беребизби же жеткендеби? Дунларовдун мостунан заправке кылабыз, ошондо бересиңер, ал айнек ошондой жакшы жабылбайт аба, ничево кайра жакшы, шамалдап барасыз да.

Тартчы эй, колуңду чукулабай, ал дейм, эл көрсө эмне дейт э, тарт дебатам жинди десе, сразымле ошоякка сойлоп жөнөйт ай, мунун колу, жана айттым го, бүгүн-эртең болбо-ойт деп... Эмнеге болбойт? Ошого болбойт, кризис азыр. Кризисиң эмне? Сура, аркы кыздан сурасаң, айтып берет кризисти сага, болду эми шүк отур, тартчы дейм, эй, азыр кыйкырам тимелечи, өлүбатсаң имне ишим бар менин эй, катын албайсыңбы көрүнгөндүн катынынын көтүнөн салпактабай, болду эми серозно айтыбатам, азыр точно кыйкырам, эй, автобусту жаңыртыпчы, өзүңле шерменде болосуң, бир айтканда түшүнүш керек да. Болду эми как будто первый раз замужка чыгып аткансыбай, эмне ломатся этип калгансың? Анан болду да, кризис дебатпаймынбы, алааңан кара кан жылжып агып, көзүң тунарып турса, көрөтлем сени...

Ырабочий гарадокту ким сурады эле, түш эй, эй, жигит, сен эмне төлөбөйсүң, чото унчукпайле келатасың. Ырабочий гарадок, бабуля, ну быстро же, колунан кармап түшүрүп койсоң, эй, өзү өлалбай атып көтөргөнүн кара, бир тонна... Бүгүн эч соода болбоду, эй, картишке аз, бүт казактарга кетибатат, эки миң доллар карыз таап берип турсаң боло, эй, Көлдөн арзан картишке чыгыбататле, Баткенден уруп жиберип, бир куруг жасап алатлем, бар го сенде акчачы, эй, эмесичи, майлоосу болот. Ойта, кишини уят кылып эки миң сурайсың да, мени билесиң, жыгырма миң бакстан өйдө гана чек жазып берет эмесмимби, сирозно, акчанын баарын бир ишке салып койдум жакындалечи, кич-чине эртерээк сурасаң болмок, чын айтам эй, буюрбасын. Буюрбасын депле жүрөсүң, ушу бир выручайт этпей койдуң, эй. Аны коюп өзүң бир выручайт этсең боло? Кантип э, ушу прасент менен иштеген кишиден сурап... сен да кызыксың, эй! Жо-о... сен түшүнбөй калдың... мен башканы айтыбатам... эме шеф качан келет ырассияданчы? Келер маалы болду да, өткөндө чалдыле да о апрел башында келип калам депчи, али жокко, чото. Ырассияда дагы бир сулууну таап алып, ысык төшөктү кыялбай жатса керек да, өзүң зерикпедиңби, эй? Эми силерге, эркектерге айла жок да, көзү көрбөгөндүкүн бөрү жесин депчи, майлиле дейтлем, о пул жиберип турса кана, эй. Өзүңдү ойлосоң боло өзүңдү, өң дегеням бар, эй, чын айтам, чото сени көргөндөчү делебем ырасса бир козголуп кетет да эй, жүрөкчү, бо-олк этип кабыгынан чыкчудай болуп дегин... бир балээ кылсаң боло? Эк, болбойт, шык-шык, кой эми, эй, сөйкөнбөй, алчы эми колуңду, барбайм эй, задний креслого, кой дебатам, нушто Ырассияда болсо, тем более бекер неме бар бекен саган, силерге ошолеле болсо, бир выручайт этип койбойсуң, анан а-ач кенедей жабышасың, чышш-ш угубатат эй, арттагылар, жо, барбайм заднийге, майли, анан көрөбүз, чыш-ш эми, бири болбосо да бири тааныйт да эй, көрөйлү дебатпаймынбы эй, пасмотрим на твое поведение, эй, чынеле таап берип турчу акча, арзан картишке чыгыбататле-а...

Куй, анда бирден, жолду кыскарта бирден басып алалы, анда ушу турмушту кудайым кут кылсын, алган дөөтүңдүн алдынан жалаң жашыл

сивет жанып турсун, төрт дөңгөлөгү дайым чимирилип турсун, анан кээде сивежий кыз-мыздардан да мен түшкөндө сала жүрсөң, эй... Кыз-мыз дейби, кызды экөөңө көргөзөм мен, хватит, жаш кезиңерде жакшыле тайраңдадыңар, машинени мен сатып берсем, анан бу экөө свежак кыздардан салыбалып катайт этишеткен да. Ой, тамаша, аяш, тамаша да, каяктагы кыздар, бура сүйлөгөн күлгөнгө жакшы депле, берчи аркы закускеден...

Тартчы, эй, оозуңду, иттей сасык экен, ченеп ичпейсиңби жарыбагыр, тимеле перегар уруп атат! Жеңеша, мени билесиң, тапканды да билем, чачканды да билем, туурабы, сиз деле жаш эмессиз, бирокчу, анча-мынча кыздар бияктале калат, тосуп койчу аппак алкымдан бир жыттап алайын. Кой, эй, бала, элден уят, бир туретский шакалат, анан жүз грамм мененле колго алып койдум дебатат окшойсуң э, жаман арыңда, кой эми соондо сүйлөшөлү, азыр ты-һинч жетип алайлы айылга. Жеңеша, тосуп койсоң эми аппак алкымыңды, бирдемең короп калбайт да, мен мына магниттейле тартылып баратам, бирдеме кылсаң боло, эй, жеңеша, бойдоктун бир ажатын ачып койсо болот да, тем более, жеңенин бир буту кайниники дейт. Койчу эми, демим кысылып кетти, жылчы ары, бир бутумес, бир саны, сан менен буттун айырмасын билбей калгыча жүрө бересиңби колоктоп катын албай. Жеңеша, ладна, бир сан болсо бир сан, чын айтам, мени билбей жатасың, просточу, эсиңен кеткис кылып коём эй, жеңеша, анан өзүңле артыман кантип ээрчип калганыңды билбей каласың, так што, ломатся этпе, жеңеша-а. Ломатся эткен эч ким жок, сенде ар барбы ии-ий, артынан ээрчийт экем да, эй, байкуш, мен бир күүлөнүп алсам жаманмын, анан даана желиң чыгып, ычкырыңды тарталбай качып жүрбө, так што, өпкөлөнбө эй, жубарымбек, аялга да ушинтип асылабы, ооздон перегар уруп турса, көздү чылпак баскан, анан калкозбайлар десе арданып каласыңар, бир мындай зыңкыйып, жуунуп-таранып алып, анан келип тийишкенди качан билесиңер, эй, кыргыздын эркектаналары, ичкенделе кыйын болуп чыга келесиңер да, баары тең тиги эме, половой гигант болуп чыга келишет, үстүнө чыгып бир желгенден чыгышпайт өздөрү... Ты чо, жеңеша, бардык эркекти көрүп чыккансып айтып атасың да. Баарын көрбөсө деле көрүнүп турбайсыңарбы, болгон алыңар арак менен тилиңергеле чыккан, болду эми, тынч отур, элдин баары кулагын түрүп калды, алдагы арагыңан дагы жүздү сок да, тынчып кал, сексти эмне кылат экенсиң...

Анда туугандар, аңгеменин кызыгы, жолдун кыскасы жакшы дейт, алыс жолду кыскартып ырдап-чордоп, аникдот айтышып дегендей, кандай дейсиз, ыя, чоң кыз, пака мен өзүмдү өзүм тамада кылып шайлап алдым, оштук туугандар айтмакчы, куда каалаcа, барып-келгиче иштеп берейин, эгер кет эле кет дебесеңер. Кана таанышууну баштайлы, сиз чоң кыз, атыңыз ким? – Адалат? Каерден, Өзгөндөн, абда-ан ыймандуу кыз экенсиз, ушундай бир жазганып, эркектин жанында өзүн коомай кармап,

бу курган жүрөктү элжиретип жибересиз да, анда менин атым да сиздикине үндөшүпле жатып калат. – Адилет, өзүм о Оштун Ат-Башысынын Кара-Суусунан болом... Эй, боорду эзбечи эй, кайдан жүрүп оштук боло калдың, бу оштук сулуу көрсөңле айнып каласыңбы? Кыргызстандын картасын көрдүңөр беле, Ат-Башы ошондо как түштүктө турбайбы, ошентип бу чоң кыз экөөбүз жердеш болуп чыктык, мына мен сиздин жердеш катары семинар бүткүчө сизге личный телахранител болмокчумун да, сизди суук көздөрдөн коргомокчумун... Көрчү ата бу эргулду, сразым сулууну ээлебедиби, тилин карачы буудай кууруп турганын... Бу байке Таластан экен, таластыктар айла жок кыйын, эмнеге дебейсиңерби, анткени кудайым алардын бир органын кем жараткан, эмнеге дегени эмнеси, таластыктарда өпкө болбойт, анын ордун калдайга-ан жүрөк ээлеп калган... хе-хе-хе, ыгы-гы-гы-гы, баса унуталекте сразым таластыктар тууралуу аникдот айта кетейин, илгери-и, 90-жылдары таластык бир крутой Германиядан элден биринчи болуп кызыл иномарка тээп келбейби, келатат дейт, өзүнө өзү ыраазы болупчу, Жамбылдан өтөт баарын авгондопчу, ананле чегарадан өтө бергенде андан да кыпкызыл, андан да күлүк иномарка ашып кетпейби, берки кубалап жөнөйт, жүз элүүнү басат – жетпейт, жүз сексенди басат – жетпейт, түйнеңди, бу ким болду экен деп, иттей настроениси түшү-үп келатса, кировканын заправкасында жанагы авгондоп кеткен иномарка турат дейт май куюпчу, бу ким болду эке-ен деп жакы-ын келип караса, өзүнүн өпкөсү экен, ха-ха-ха-ха, хи-хи-хи, гы-гы-гы-гы-ы, ке, берчи колуңду, маладес...

Эй, жаным, быйыл жетебизби айылга, айтчы аркы шоопурга жылжыбай катуу айдасын? Дагы эки сааттай бар, уктай бер. Уйкуну эмне кыласың, тосчу бери кулакты, барар замат төшөк салчы, өлүп атам тимелечи. Акырын эй, өлсөң өлө бер, эми түштөн кийин мен керек болуп калдымбы, тешик керек болгондоле сеники ушу, ишиңди бүтүп алгандан кийин кайдан көрдүм кара эшек, колоттон көрдүм кор эшек деп, баягыңды баштайсың да. Койчу эй, жаным, өлтүрбөчү, казырле баса калгым келибатат, берчи алмаңан кармап барайын. Алма жок сага, ушу бир көйнөк сатып алайын десем, жанале оозуңан эмне чирик сөздөр чыгып аттыле, эми жаным деп, тарт ары колуңду, тиягың менен ойлонбой, башың менен качан ойлоносуң, өлүбатам деп, тарт эми, эмне жеп алдың эле, өлөт ко, тарт дебатам.

Бакиев катынпоз дейт ко, күндө жаңысына бараткен. Барса бара берсин да, эркек экен, жигиткен, маладес, өзүңөрдүн колуңардан келбейт, колунан келгендерди көрө албайсыңар? Маладес болгондо ал президент да эй, уят да. Эмнеге уят, импотент болгондон көрө, аңги болгон артык да. Жо, пажалыста, көрсөтпөй жасасын да президент кишичи. Сен эмне өзүң көрдүңбү, вот видиш, көрбөгөн соң айтпа да, айтыбатышат деп, айта беришет да, аппазитсянын чыгарганы да. Причем тут аппазится, элдин

баарыле айтып жүрүшпөйбү, кыйындыгын катынпоздугу менен көрсөтөт бекен, элдин турмушун оңдоп көрсөтпөйбү андайле кыйын болсо. Ой, эл үчүн жооп бербегилечи, элдин турмушу сопсонунле оңолубатат. Ооба, оңолубатат, хуже болуп кетти бу Бакиевиңер келгени. Бакиевиңер дегени эмнеси эй, ал бакибиздин президент, ошондой да сөз болобу, силердики-биздики деген. Эй, тынчыгылачы, алыска баратканда соо барайлычы, палитикадан башка сөз жокпу. Анда кыздар жөнүндө сүйлөшөлүбү. Кыздар неинтересно. Эркектин көбү импотент болсо неинтересно болот да, уже кыркка чыгалек жатып импотент болуп атышыптыр го. Болот да, мээсине күнү-түнү чай кайнатсаңар, нармалный тамак бербесеңер, аял деген аялдай болбойлечи, эркекке окшоп баратса, кайдан желание болот эй... Давай эй, андан көрө ырдап барайлы.

Дагы бир шиңгил сипсивежий аникдот, бир бозулан катын алмакчы болуп, атасына айтат: Ата-а, катын алгым келибата-ат депчи, и, азаматым жарайсың, катын сенден айлансын, канчаны аласың, азыр алсаң азыр алып берем, деги мелжегениң барбы десе, баласы баланчанын кызын алатле-ем дейт, атасы жаш кезинде катуу ойноок киши болгонкен, падряд жайласа керек кайран киши, айтат дейт, кой балам, ал кыз сенин карындашың болот, ит болобуз, башкасын тап дейт. Баласы шылкыйган бойдон кетип, дагы бир күндөн кийин башка бир кызды айтып келсе, атасы дагы кокуйлабайбы, ал да сенин карындашың, бу башка кыз таппай калдыңбы депчи, их-хи-их-хи... Өшөнтүп жактырган кыздарынын баарыле өз карындашы болуп чыга берет да, акыры айласы кеткен бала апасына келип даттанат экен, ушу катын алайын десем, атам карындаштарың болот дебеле алдырбай ата-ат, эми имне кылам депчи. Анда апасы айтат экен, ошо кыздардан каалаганыңды ала бер, балам, мен уруксат бердим, анткени сенин радной атаң негизи башка киши депчи, их-хи-хи-ихх, ге-ге-ге...

# АСМАНДАН АКЧА ЖААГАН КҮНҮ

### (Кыргызча терим-жыйым бормуласы)

Таң атпайчы, бүт Кыргызстан боюнча күпүлдөтө акча жаап таштаптыр. Элден мурда ким көргөнүн бир кудай билет, иши кылса, уйкусу түгөнгөн чал-кемпирлер үйдөгүлөрдүн баарын бачым ордунан коптуруп, мурду менен тынып, буту менен баскандар жамырай ачкарын акча терүүгө чыгышты. Жумушка баскан бир жан жок дегин, эңкейип-тоңкоюп каптарына акча шилегенле киши. Койчулар коюна карабай, жылкычы-

лар жылкысын түгөл агытып таштап, тоо-ташты тегиз баскан кызгылт, жашыл, көк акчаларды четинен оюп баратат дейт. Арыда койлор кошулуп, үйүр бээлердин айгырлары байтал талашып тиштешүүдө. «Мал деп жүрүп неңдур-райындыкы, өлмөк белек, биекте белен мал жатса» – деп койчулар аткулак түбүн калтырбай чукулайт.

Шаарда болсо бирди-жарым каттаган автобооз жок, дүкөндөр текши жабык, көчөдө белен пул чачылып жатса кайсы жинди иштейт, эй? Анығой, о өкматтагылар да ишке чыкпай, эл менен кошо тоңколоңдоп жүрү. Бетинде биртике кызылы бар эки-үчөө гана Ак үйгө келип, аларың да элеп-желеп, терезенин кычыгына коно калган акчаларды жымыра калышат. КыТыРыдан элге акыл салалы десе, ал мекемеде кулпу салаңдайт. Милийсалар менен салдаттар деле тил алчу түрү жок, тапанча-мылтыктарын ыргытып салып, турсий-майкечен эл менен кошо дарбыбайбы.

Кеч бешимге дейре баш көтөрбөй теришти, алдынын оозуна кара суу келип, колунан дарман качса да көгөрүп тоңколоңдойт. Кээ бир чоң муштум, кулагы сынык, мурду былчыйган эргулдары бар үйлөр уюша калып, ошо тегеректи бөлөк-бөтөндөн коруп да жиберишти. Биринчи кабаттагыларга оңойкен: терезелерин аңырайта ачып, о асмандан да жаап атыр, тергендерин да терезеден куя салып, үй ичи үймөк-үймөк. Вот, үстүдөгү бечараларга кыйын болду да, аларың чака-чайнегин кошо көтөрө түшүп, улам буту менен ныгыра шыкап, артканын койнуна шолоп, шаты менен өйдө-ылдый зуулдашат. Лифт иштебейтле.

Акча армансызле түшкөн экен. Биртике каниет кылгандары түнкүсүн көчүк басып, бирдеме шам-шум этишти. Ысык тамак кайдан, газ жок. Акчадан көзү каткан өлөрмандары түн жамына шам жагып, жер тытып жатканы. Электр күйбөйтле. Кудай экинчи мындай акча жаадырабы, эй. Таңга жуук гана элдин көбү суй жыгылып, каптарын колдошо үйлөрүнө тарай башташты. Ошондо да артын кылчак-кылчак карап коюшат, дагы канча пул терилбей калды, ске-ейдики-ии!

Ошентипчи, мына эми кыңайган кезде кайрадан асман байкуштан акча лапылдап жаап кирбеспи! Бири-бирин жулкулдатып, уйкусу катууларына муздак суу чачып, оозсдорун аңырдай ачып, оо кайра сыртка жабылышканы. Тырмалаңдап тере беришти, тере беришти, кудайдын күнү акчасын тындырбай жаай берди. Эми амалы кыйындар майдага карабай, жалаң курупныйларын иргеп тергенге көчүштү. Ушинтсе бат арбыйтле. Биздин коңшулар катуу чарчашкан экен, каптарынын оозун ачып таштап, улам көзү илине кетип, анда-мында копшоп отурушканын кара.

Кыргызстанга акча жаап жатканын уккан айлана-тегеректеги эл да жөөжалаңдап, машинелерге шыкалып, ал куспуруштар жете келишти. Атаңдыкы десе! Ошондо биздикилер кезээрип турганына карабай, кайратын жыйнап, бөтөндөрдү жолотпостун амалын көрүштү. Биринчи очурат акчасына көөп, кыргызды басынткан казакты кубалашты, андан барып сасык газын кымбат

саткан өзбекти итеришти, жер талашкан тажикке тап беришти. Бирок мунуң болбогон убара экен, акча деген адамды бир паста зверь кылат тура, аларың аз кыргызды жөөлөп, сүзө качырыпле жойлоп кетишти. Арыдан аксакал-көксакалдары делегация болуп келгени: «Бир баур калкмыз гой, кудайдын бекер тенгесин аяйсыңарбы енди, кийин биз жакка будан да көп теңге жаап калса, силер деле куру калбайсыңар да» – деп алдап туру.

Бу кабар аркы Маскөөгө, о адан ары Америка менен Европаларга чейин угулбай коёбу ушу интернет заманда. Аларың самолётун, вертолётун, спутнигин минип чаап келип, жайнапле жатып калышты. Баары жалдырайт дегин, Америкасы: «Силер эгемен болгондон бери каралаштык ко эй, биз да биртике терейлиби, окей?» – деп жылмая баш ийкесе, орусу болсо: «О илгертен табакташ-аракташ, бок-жинибиз аралашкан эл эмес белек, давай делиться, брат а» – деп анысы ары жактан жалооруйт... Аны кой, аркы Ат-Башыны Ак-Сайы менен кошуп кылкылдаган кытайлар басып, эчакле жердин чаңын чыгара тытып салыптыр. Кайдагы чегарачы эй, ажосу менен кожосу кошулуп, акча терип жүрсө!

Ой, бу мамилекет имне болот энди, өкмөт кайда, депутаттар кайда да, береседент кайда? Депутаттар биз да элден чыкканбыз деп, ачыкле кошо терип жүрүштү. Өзү үчүн да. Эл үчүн терибатат дейсиңби. Өкмөт баштыгы да бетин жаппаптыр, о тыш карызды жапканга пул чогултубатам деп коёт дейт. Как будто биз ишенип койчудай болуп, бизди бир мал ойлойт да. Андан көрө айтпайбы: мен да бир пенде, менде да бала-бакыра, кара курсак бар депчи.

Мындан береседент бечарага кыйын болубатат дешти. Ошо ажо башы менен тоңколоңдоп акча терип жүргөнүн элестетсеңер, эй. Биракчы, уккан кулакта жазык жок, береседент дейт, башына парикти баса кийип, бетибашын боёнуп да алганбы, иши кылса бир жерге лапылдап көп түшпөйбү акчачы, элдин көбү ошерге жабалактап, бири-бирин төөбастыга албай коёбу. Бечара ал киши да эл менен кошо дарбып бара калган го, калайман жөөлөштө паригин байкабай түшүрүп ийип, оме-ей могу биздин береседент ко, ушу башы менен аган имне жок, буга чейин басканы жетпейби, ыя, – деп жабыла карап калыптыр дешет. Айтору, ал киши да оңой жан эмес да ажо болгон соңчу, урматтуу шайлоочуларым, мен о баштале айткам, ар дайым элдин арасында болом депчи, могу менин тергендерим силердики, бөлүп алгыла деп, жапжаңы кытайский чоң кабын баса терген экен, анысын ортого таштай, алаканын күбүп, башка акча жааган жакка басып кетиптир.

Кыскасычы, үч күн-үч түн тынбай жаады го, акча чиркинчи. Кыргыздын бастырмасы, эски сарайлары калбай пулга шыкалды. Үч күндүк жыйым-теримден суй жыгылган бечара кыргыз бир сутка былк этпей сулап жатты. Алды ачкасынан жөөлүп, табы айныды. Же алпаралы десе, эмканасы жабык. Мынча акча көрбөгөн анча-мынчасы жинди болуп

кетти, он беш жылдан бери карыздан карызга батып, счетчикке отуруп жүрүп, крышасы жылып бараткандардын көбүнүн жүрөгү кабынан чыкты. Тыйын көзүнөн учкан дагы бир тобу акча ашай берипчи, арт жагы бүтөлүп иши тамам болду дешти, капырай. Тек ганачы, үйүнө, короосуна, коюн-колтугуна дейре шыкалган акчалар жанына кубат берип, мындай анча-мынча кишилей чыгымдарга катуу ичи ооругандар болбоду.

Анан... ананчы, алда кудайым ай-э, кыргыздын качан бу куу турмуштан жолу болдуле да, бу бекер олжону ыраа көрүштүле, а? Кыргыз мына эсине келип, мына эми ошол терген-жыйганынын күнүн көрөйүн, иштетип бир дивижение кылайын деп, ордунан эми козголгондо жаңкы ООН деген немечи, кыргызга жааган акчалардын куну жо-ок, жүгүрткөнгө алынба-айт деп жар салганы...

# ЖАЙГА ДА ТЫНЧ КОЙСОҢОР, ЭЙ!

## (Кыргызча өлүү бормуласы)

Эмне болгонун билбейм, айтор, аркы дүйнөгө жылып кеткен окшойм өзүчү. Жатам да бир бурчтачы, и-ич кыймылдай албайм да, бирок баарын кадимкидейле угуп, көрүп турам дегин. Ана, арыда үч-төртөө өкүрүп келатат, кайран гана Өмүш, жаман да болсо жарма досум эмеспи, өңгүрөгүдөй болсочу, өзүмдүн да зээним кейип, көзүмө жаш тегеренип кетти, ал арыдагы бети көгөрө баштаган көсөлү башын жазып алган го таң атпайчы, менин артыман келчүдөй болуп боздойт да капыр, сайсөөктү сыздатып. Бу боз үйдө кемшиңдегени, а эчкирип ыйлап атканы бар, эки-үчөө жарыша кошок кошуп отургансыйт. Төрдө китайский кийиттер илинип туру, ой неңди-и (кудай өзүң кечир), могу баркыт чапан менен аркы кара костүмдү тирүү кезимде апкелишсечи, бир кийип, ыракатын көрүп өтпөйт белем!

Улам топтошуп кирип, куран окутуп чыгып жатышат, оозунан ачкыл жыттанганы бар, путунан шыбоо урганы жүрү, боз үй эмесле бозокордун үйүндөй эле болуп жатып калды. Негизичи, жазгы алашалбыртта көз жумган анча жакшы эмес экен эй, карачы могу куспурушту, көчөнүн баткагын а пок-согу менен менин боз үйүмө гана сүйрөй келгенин! Энесине кошуп туруп сөгөйүн десең, а куран окулубатат да, тирүү болгонумдабы келтирип турупчу, көчүккө тээп кууп чыгатлем.

Мындай карасамчы, дене-башым бүтүндөйле сезилет, демек, киши колдуу болгон эмес окшоймун, колдогонум бар болсо керек да, ато за-

казный убийствого кабылып калсаң жаман да эй, бир сен үчүн килтейген чоңдор мамилекеттик ишин жыйыштырып коюпчу, өз ара жакалашып атса: «Кыргызстанда дагы бирөөн как чыкыйга атып кетти-и!» – деп интернет аркылуу алты кыйыр ааламга жарыя салынып, жаманатты болуп турсак ыя? Гезиттерде жүрсөң көрүнгөндүн күнөөсүн көтөрүпчү, бири КГБ менен бандиттердин биргелешкен аператсиясы деп жазып атса, экинчиси көсөмдүк кылыбатса, балитический балажениеге чаң салайын деген үчүнчү күчтөрдүн кылганы депчи. О дагы бир органы келип, мүлкүмдү кагазга каттап отурса, имне бизнеси бар эле, а тиги камок имне, о маркум бензин менен занимайт этчү эмес беле, же баягы жылы Баткенге барганда баңги апкелбесин? Ыя? Лучшечи, өз ажалың менен кеткен эле жакшы да, кулак-мээң да тынч.

Эркектананын топтошуп калганына караганда мал сойгону жатышкан окшойт, аркыны карабайсыңбы, адатынча жаланып жүргөнүн неңдурайын (кудай өзүң кечир), каерде өлүк чыксачы, мурутун майланыштырыпле ошерде жүрөт, мага өлүм болубатса – буга майрам да эй, өлүктөрдүн өкүлүндөй болгон акеңди... Береги көсөлдү көрбөйсүңбү, пычактарынан от чачыратып кайрап атканын, тимелечи, бөтөнчө шайдоот, буюрса кардым казыга кампаят деп туру да, мал байкушту көтөрүп чаапле, ары-бери шылыш үчүн жаралгандай да өзүчү.

Эми канчаны союшар экен бу кыргыздар, кана тыңдайлычы... эмне дейт, төрт кара дейби скей, кудайды карасаңарчы эй!!! «Бу жапжаш кетти, келгендер көп болот, төрт кара сойбосок эт жетпейт» – деп атпайбы аркы неме маган бир короо малын өткөрүп койгонсуп. Эй, андан көрө айтпайбы, кой агайын-туугандар, беш баласы менен жесир катынынын убалын ойлойлу, өзү төрт карасы болсо, баарын сойсокчу, мыдыры жок калат дебейби, мен да аны киши экен деп жүрбөймүнбү дос кылыпчы, казыр тирүү болгонумдабы, чыкыйын гана чыгара чабатлем да кысталактынчы. Кудайым ай-э, ушуну укканда кантип көрдө тынч жатат киши?

А могуга имне жок салбыраган суволуш, карасаң ыктытып коюп турганын, дагы бирөөлөр аркы ага-инилериме бирдеңке көтөрүп келип, көңүл айтса, хвостко отура калсам деп туру да, ким өлүп-койгону менен деле иши жок мунунчу, чөнтөгүнө боорсоктон уучтап сала чыккан тура куспуруш, ай, кудай ай, ушуну көргөн киши кантип тынч жатат көрдөчү?

Ана, кайран гана күрөң уй менен карагер бээмди жетелеп келатышат, силердин убалыңар эми менде, кара ашыма курмандыкка чалынарыңарды ким билиптир, энди кудалар менен досторуман дагы бирден кара союлат дебатышат. Бая там салалбай жүдөп, сууктап аткандачы ысык сорпого эч киминерден би-ир жандык чыкпай койдуле, энди сооп гана болду силергечи, акыры караңарды чыгардыңарбы?

Мынаке, бечара бир туугандарым о коруктун артына барып, бопоросун түтөтүпчү, кеңешип жатыр, боорсокко деген ак ун, суу май

түгөнүптүр дейт, жыртышка тыйын тартыш, пулду кайдан табабыз эй, о Малдуубай аке карыз берер бекен, күйөө балдарды грузить этсек кантет деп туру кабыргалары кайышыпчы. Мынча жүк болорумду билгендечи, о Орусиягабы, башка жагынабы көпле тентип бардымле, ошерден өлүп албайт белем, эй.

Энди кеч киргенде суук катуулап кеттиби, просточу, кайыгып калдым да, эй! Бу билермандардын кобурашкандарына карагандачы, эртең жок, бүрсүгүнү жашырат ко меничи, о Оштогу карындашыма кабар жетелек дебатышат, ал келгиче качан эй, өлгөндөн артыгым чыгып кетпейби. Те-ек ошондо көмүлбөй зарыгып жатканымачы, төрт күн болуп кетет экен, эртегеле коюп салышпайбы эй, зачем сөөктү мынча кордоп.

Ушундан көрөчү эй, өлбөйле койгула, эй, кыргыздар, лучшечи, о көз көрбөгөн жакка барып өлүп алганыңар жакшы эй, бу кордуктучу башыман өткөргөн өлүк катары айтып жатам го...



## Венера БӨЛӨКБАЕВА

*Поэзия*

# Досум

*(Бир кайгысы үчүн, миңдеген кубанычтары көзүнө көрүнбөй турган досумду үйгө чакыр-ганда)*

*Батышка батып кеткен,*
*Бир күндүн баркын баалап –*
*Күүгүмдү жактырчу элең.*
*Күүгүмдө жөнө, үйүңдөн*
*Ай тийип калаар, акырын.*

*Жуунтуп койгон жамгыр.*
*Жабылбай, улам жабылбай*
*Каалгам да өзү ачылып,*
*Калдыркан көпөлөктөй,*
*Калдактап учкандаймын.*
*Күтүүдөбүз.*

*Түн экөөң бирге келипсиң,*
*Досум ай!*
*Сезимталсың!*
*Өзүңдөй түндү кошо,*
*Капалуу сезип алып,*
*Унутуп өз кайгыңды,*
*Түн – кайгы болуп алып.*
*Досум ай,*
*Аярлай сылап түн чачын,*
*Батырып кучагыңа бүт денесин,*
*Таманына төшөп бооруңду,*

*Эриген жүрөгүңдү жашка айлантып,*
*Көтөртүп көздөрүңө*
*Түн кайгысын:*
*«Түндү да эч ким сүйбөйт ээ,*
*Түн дагы мендей керексиз…» –*
*дейсиң.*

*Түн болбосо:*
*Кантип бизди*
*Карайт эле жылдыздар?*
*Көрөт белек*
*Асмандагы айды биз?*
*Кыялдан өткөн, кызык*
*Түштөрдөн айрылмакпыз.*
*Биз сүйгөн таң жок болмок,*
*Жактырган күүгүмүңдүн*
*Коздугун издемексиң сен каяктан?*

*Өз кайгысын унутуп,*
*Түн – кайгы болуп алган,*
*Досум ай!*
*Сезимталсың!*
*Түн – кайгы досум!*
*Түн – кайгым!*

## *Сүйүү*

*(Ал жигиттин элин, жерин сүйөм)*

*Асман бирдей – баарыбызга.*
*Колду сунса кармалчудай*
*Сен жашаган жерде гана башкадай…*
*Тынч уйкуга элиң киргенде,*
*Түйшүгүңдү түнгө карматып,*
*Мен суктанган асманыңды карап кой!..*
*Жазылгансып, тамгалардай булуттар,*
*Уланышып-уланышып баратса,*
*Жүрөгүмдүн сага жазган ырлары…*

*Жолугарбыз от чачышып,*
*Жолукпаспыз түбөлүк…*

*Мекениң да Мекенимден алыста…*
*Өз элим деп соккон менен жүрөгүм,*
*Башка элдин келининдей жүрөмүн…*

## *Таш*

*(Ушул таш мага карап сүйлөп тургансыйт)*

*Кыймылсыз жаткан,*
*Катуу бир ташсың дебечи.*
*Пахтадай жумшак*
*Көңүлүм бардыр ичимде.*
*Дебечи, дебе*
*Өзгөрбөйт дайым келбети,*
*Күлмүңдөп күлүп,*
*Солуктап ыйлайм кээ бирде.*

*Көздүүмүн сендей,*
*Асманды карайм суктанып.*
*Ырдаймын сендей*
*Кубанып, кээде муңканып…*

## *Жөргөмүшкө*

*(Күндө бири-бирибизди караша берип чарчадык эле. Бүгүн жанына сары жөргөмүш кошулуп калыптыр)*

*Желелерин желбиреткен,*
*Жөргөмүш,*
*Унут баарын.*
*Жашым төгүп,*
*Жарык күйгүзбөй*
*Жатып алган – түндөрүмдү.*
*Күндөрүмдү – келбей койгон,*
*Көпкө сени жалгыз калтырып.*

*Майрам бүгүн экөөбүздө:*
*Сага түгөй кошулуптур,*
*Мен жолуктум – жүрөктөшкө.*
*Майрамдайлы Сүйүү күнүн!*

## Оору

*(Ашказанын мыкчый кармаган ак чач жаш жигитти көрдүм. Оору жаман)*

*Жаштыгы качкан,*
*Ай-ай-ай!..*
*Көктөмгө – аяз эч болбойт!*

*Чөп дагы жыгылбасын.*
*Жыйрылткан денебизди*
*Жылан да оорубасын!*

*Алдыга баспай,*
*Артыма кайтпай,*
*Аңтарып кеттим,*
*Кеттим…*

## Кезек

*(Таңдын атмагы бир тозок болсо, кайра кечтин кирмеги дагы бир тозок болуп калды, – деген карыяга)*

*Бир сулуунун жыттагыча алкымын,*
*Көз ирмемде таң аткандыр*
*Бир кезде…*
*Да бир сулуу эркелесе элжиреп,*
*Сөз айтканча кеч киргендир*
*Бир кезде…*
*Саатым*
*(Чырылдап, чыркырап мени ойготтуң.)*

*Агарган таңда ушундай,*
*Дайыма жалгыз ойгоном,*
*Саатым!*

*Бир жарык жанат –*
*Караңгы түндө,*
*Бир караан жашайт –*
*Жүрөктө…*

## Терек

*(Жаш терек кыйылып отко жагылды)*

*Жылтылдап жалбырактарың,*
*Булутка жакын,*
*Сен элең…*

*Жемишин жеген,*
*Жешинче…*
*Бул жерде жакын*
*Мен элем…*

## Түш

*(Түндөгү түшүмдө: Аппак тоолор, ал тооолордун түбүндө чалкыган чо-оң көл, көл астынан көрүнбөгөн бир аялдын ыйлаган, абдан сыздап ыйлаган үнү чыгат. Ойгонуп кеттим. – Менин Гүкү энем болуш керек, – дедим ичимден)*

*Дал ошол,*
*Ошол энем…*
*Нымдалбай согончогу,*
*Төрөбөй балкып бала,*
*Узаган бизден алыс,*
*Уюган жер астына.*

*Мээримин кошуп алып*
*Жетелеп жүргөн далай,*

*Колумда изи калган,*
*Бырышкан колдорунун.*
*Дал ошол,*
*Ошол энем…*

*Сулуу тоо,*
*Суу жамынып, түпкүрүнөн…*
*Сыздаган үн угулат*
*Сөздөрү жок…*

## *Узатуу*

*(Курдашым жактырбаган жигит жөнөөрдө)*

*Боз туман басып баратат.*
*Сыдырым соккон жел менен*
*Жакшы бар жигит, жакшы бар!*
*Зарыгып үйүңдө күткөн,*
*Жарыңа жакшы жетип ал…*

## *Жооп*

*(Баткен жеринде жүргөндө, мен көзүнө сулуу болуп көрүнүп кеткен Афина сиңдиме)*

*Кооз жердин*
*деминендир…*
*Желпип өпкөн жүзүмдү,*
*желинендир.*
*Уйку бербей*
*Түнү бою уйпалап,*
*ууртумдан сылагандыр булуту…*
*Көлдөй терең*
*бир жигиттин сүйгөнгө,*
*Же, кайгымдын*
*унутулуп турушу…*

# Кетээрде

*(Бороон-чапкынга, түнгө карабай, жалгыздыктан качып үйдөн чыгып баратам)*

*Терезем ачык,*
*Үй чачык.*
*Үшкүрүк үйдө,*
*Мен – жолго…*

*Таарындым…*
*Тартылдым…*
*Кейидим…*
*Кемидим…*
*Кеттим мен досторго…*

*Эртең кеч келээрмин!..*
*Ачылып, жазылып*
*Өзүңдү үйүм, сагынып…*

*Проза*



**Чынтемир АСКАРОВ**

# БОКСЕР

**(Повесть)**

Мисир күнүгө үйүнөн чыгып, аялдамада автобус күтөт. Бул күнү да демейдегисинен эрте келген, адаттагысындай эле кичинекей отургучта отурган көзгө тааныш баланы көрдү. Колунда бут кийимди майлоочу щеткасы бар. Анын жанынан өтө бергенде күндөгүсүндөй керектүү буюмдарын шыпылдата жая салып:

– Байке, бут кийимиңизди щеткалап берейинби? – деди.

Мисир жүдөңкү баланы кунт коё карап турду да, боору ачып кетти. Он эки, он үч жашар балага эмнеге турмуштун мынчалык запкысы эрте түштү экен деп ойлоп койду ичинен.

– Мейли. Автобус өтүп кетпес бекен?

– Жок, өтпөйт. Мен бат эле. – Бала колу-колуна тийбей шыпылдап, туфлисинин үстүнө кыл жаткызбай жалтырата майлап жиберди.

– Рахмат, балакай. Мына он сом. Ушу жетеби?

– Беш сому ашыкча. Мына, алыңыз. Арам акчанын мага кереги жок.

– Кой, ала бер. Атайы берип жатпаймынбы, – деди Мисир.

Бала кыйыктанып жатып зорго алды. Анын дилинин тазалыгына, акчага сук артып азгырылбаганына бир жагы таң калып, бир жагы сүйүнүп турду. Ар бир бала ушундай ак

жүрөк болуп өссө кандай жакшы болмок эле деп ойлоп койду. Кимдин баласысың деп сурайын деди эле, автобус аялдамага токтоп, ага убактысы болгон жок. Чоң калпакты көзүнө чейин түшүрө кийип, улам маңдайына көтөрө коюп, мурдун шыр-шыр тарткан, колдору карала-торала, эптеп жан багайын деп убараланган баланын элеси күн бою Мисирдин көз алдынан кетпей койду. Иштен келатканда ага жолугайын деди. Бирок ал ордунда жок болуп чыкты. Үйгө келгенде креслого жайлана отурду да, чылымын бурулдата тарта баштады. Тамакка табити тартпай, терең ой басты Мисирди. Дал ушул аялдамадагы баладан да алда канча кичинекей кезинде өзү да ата-энесин көрбөй калып, жетимдиктин запкысын тартпады беле. Эми карачы, тиги балага да менин башымдагы жетимдик келип турса керек. Макул болсо багып алайын. Мен аны адам деген чоң атка татыктуу кылып тарбиялап чыгарам. Мисир ушинтип ойлоп койду да, анан башынан өткөндөрдү эстей баштады.

... Мисир балдар үйүнө кандайча түшүп калганын эстей албайт. Эмне болсо да он үчкө чыкканча балдар үйүндөгү эжекелеринен тарбия алып чоңойду. Бирок ата-энедей болуу кайда. Оюндагысы кээде аткарылбай калып ызаланган, ыйлаган күндөрү болду. Анын үстүнө балам бар эле деп издеп келген бир да адам болгон жок. Ошенткен менен тагдырына таарынбай, кийин чоңойсом эл катары жашап кетермин деп ойлоп жүрдү. Күндөрдүн биринде анын тагдыры өзгөрүлдү да калды. Ал мындайча болду...

Кийинки кездерде Мисир Виктор деген бала менен ынак болуп кетти. Анын айтымында бир жыл мурда Новосибирск шаарына барып алма сатып жүргөн жигит менен таанышып калат. Ага кол кабыш кылса акча бере коюп, өзүнө жакындатып, бир күнү Кыргызстанга баралы, алма алып кайра бат эле келип калабыз дейт. Жүрөгүндө кымындай да кири жок бала ага ишенип, ээрчип алат. Тиги жигит жолдо келатып ууруларга акчасын алдырып коюп, Бишкекке келгенде Викторду карабай коёт. Ал ошентип, көчөдө тентиреп калат. Акыры милициялардын колуна түшүп, алар балдар үйүнө апкелип тапшырат. Ошентип жүргөн күндөрдүн биринде:

– Баарынан апамды сагындым. Ал мен жок кантип жалгыз жашап жатты экен,– деди Виктор кабагын түнөртүп, – ошол апама эми кантип жетем?

– Акча табыш керек.

– Аны билип турам. Кантип, каяктан табабыз.

– Кийимдерибизди сатсак кантет? Бизде кийимдердин эскиси, жаңысы болуп үйүлүп жатпайбы, – деп Мисир акылдуу болуп чыга калды.

– Туура айтасың. Базарга салып көрөлү.

Экөө базарга келишти. Арзан сатылган товарлардын кардарлары табыла койду. Бир азыраак тапкан акчаларына сүйүнүшүп, түз эле темир

жол вокзалына келишти. Кудай жалгап поезд Новосибирскини көздөй бир аздан кийин жүргөнү жатыптыр.

– Эже, бизди ала кетиңизчи. Бир аз акчабыз бар эле,– деп жалдырап жиберишти кондуктор аялга. Ал балдардын түрү-түспөлүнө карап калды. Экөө тең жүдөө болгону менен жылдыздуу балдар экен. Тим эле көздөрүнө жаш алганы турат. Өзүнүн да ушул куракту у эгиз уулдары бар. Ошондонбу боору ачый түшүп, колдорундагы акчаларын да албай, поездге киргизип жиберди.

– Бирөөлөр аты-жөнүңөрдү сураса Нина Ивановнанын балдарыбыз деп койгула. Анан силерге эч ким тийишпейт, – деди аял балдар отура турган купени көрсөтүп жатып.

Экөө Новосибирскиге келип түшүштү. Виктор апасы кайда жана кайсы көчө, кайсы үйдө жашарын так билет экен. Экөө тең көп буйдалбай үйгө кирип барышты. Ксения апа баласынын жоголуп кеткенине, минтип өзү таап келгенине жетине албай сүйүнүп, баласын кучактап ыйлап жиберди. Анан ашканага киргизип, алдыларына тамак-ашты жайнатып койду.

– Бул бала кайдан?..– Ксения апа маңдайында отурган Виктордон сурады.

– Кыргызстандан. Балдар үйүндө жүргөндө экөөбүз бир туугандай болуп кеткенбиз.

– Орусча билеби?

– Анча-мынча.

– Анча-мынча билсе, биердеги балдар менен ойноп жүрүп үйрөнүп кетет.

Мисир убактылуу эле жүрүп, кайра балдар үйүнө барып калармын деп ойлонгон. Ал эми Ксения апанын азыркы сөзүнө да, оюна да түшүнгөн жок.

Тамак ичип бүткөндөн кийин Виктор бөлмөлөргө кирип, андагы буюм тайымдар менен тааныштыра баштады. Мисирдин өзгөчө көңүлүн бурган Ксения апанын бөлмөсүндөгү сүрөт болду. Анда Виктор үч жашар гана бала экен. Атасы Дмитрий Григорьевич Викторду алдына алып, жанына Ксения апаны отургузуп түшүптүр. Аны көрүп Виктор оор үшкүрүп алды:

– Карачы, атам өлгөнүнө он жыл өтүп кетиптир...

«Викторго эле жакшы болду: өз үйү, өлөң төшөгү, эркелетээр апасы бар. А мен болсом бул жерде артыкбаш адаммын. Ксения апа бир күнү эле катуу урушуп койсо кирерге жер таба албай калам го. Кетем десем акча берер бекен?» – деп терең ойго түшүп жүрдү Мисир. Бирок Ксения апа ал ойлогондой ажаан эмес экен. Кең пейил, адамкерчиликтүү, боорукер жан болуп чыкты. Бара-бара Викторду кандай көрсө, Мисирди да ошондой көрчү болду. Мындай камкордукка бөлөнгөн Мисир кетүүнү таптакыр оюнан чыгарып койду. Окусак болот эле деп коёт экөө тең. Бирок колдорунда эч кандай документ жок, алтынчы класста окуганбыз

дешсе кайсы мектеп ишене коёт. Ошентип үйдө эмне кыларын билишпей, көчөгө чыгышып, балдар менен ойноп, кеч кире үйгө келе турган болушту. Ксения апа муну көрүп-билип жүрсө да балдарына эч нерсе дебеди.

Бир күнү көчөдө кетип баратып үч балага жолугушту.

– Кайда баратасыңар? – деди шапкесин кыйшыгынан кийген бирөө.

– Эмне, көчөдө басса болбойбу? – деп жооп кылды Мисир.

– Эмне-е?!. – Көйнөгүнүн топчусун чече салып көкүрөгүн дагдайта ача жакындады бирөө Мисирге.

– Көчөдө басса болбойбу деп жатам.

– Болбойт! Көчө биздики. Руксат алыш керек, дос. Ал үчүн бир аз, бир аз салык төлөп туруш керек. Кана, чөнтөктөрүңөрдү сыйпалап көргүлөчү.

– Сыйпалаганда эмне, эч нерсе жок.

– Жок болсо андан да жакшы. Балдар, булардын эч нерсеси жок экен э-х-ее, эмне кылалы?.. Мүмкүн үстүндөгү кийим-кечектери бир нерсе турар. Азырынча шапкеси жакшы экен, ала туралык, – деп, Мисирдин башынан шапкени шыпырды да, ары жакка ыргытып жиберди.

– Койгулачы, достор, коё бергилечи.

– Кантип коё бере алабыз. Чөнтөгүндө көк тыйын жок болсо. Кана, балдар, ишке киришели. Биринчи бул бышыгын, анан экинчисин чечиндирели. Мүмкүн өздөрү эле чечинип берет чыгар. Кана... кана... Ой, боло турган эмес ко... Али булар кичинекей турбайбы. Өзүбүз эле чечиндирет экенбиз деген тиги Мисирди бутка бир тепкенде ал чалкасынан жыгылып түштү. Зөөкүр аны буйдамга келтирбей шымын шыпырып алып, шапкенин үстүнө ыргытып жиберди.

– Эми көйнөгүңдү өзүң эле чечип берерсиң?

Мисир шашпай ордунан турду да көйнөгүн чечип колуна карматаарда тигини байкатпай жаак талаштыра коюп калды. Катуу муш жеген бала эс-учун билбей жерге сулк кулап түштү. Виктор кийимин чечтирбей, экөө менен алышып жатыптыр. Мисир бирөөнүн арт жагынан келип кулак түпкө согуп калды эле ал кыңкая түшүп барып, зорго оңолуп, качкан бойдон кетти. Үчүнчү баланы оңой эле жерге жыгышып, жанын көзүнө көрсөтүп ийлей турганда арт жактан бирөө:

– Койгула, балдар, ачууга алдырбагыла, – деп арага түшө калды. Экөө тең ыргып турушту да тиги кишини карап калды. Тулку бою чымыр, 25–27 курактагы адам карап туруптур. Тигилерди уруп коюшкандарына күнөөлүүдөй сезип баштарын жерге салып турушту экөө. Бир жагынан таякталган бирөөсүнүн атасы болуп жүрбөсүн деп коркуп кетишти.

– Тиги баланы ордунан тургузууга жардамдашкыла, – деди бейтааныш киши.

Ал эс ала түшүптүр. Ордунан тура калып өзү эле үстү-башын күбүндү да, Мисирден жалтактап коркуп турду.

– Экинчи мушташпагыла. Кайра дос болуп жүргүлө, – деп бейтааныш адам баарын кол алыштырып, жараштырып койду. Мисир менен Виктор кетүүгө камынганда:

– Токтогулачы, балдар, акылдаша турган сөз бар, – деди киши. Ал эмне айтаар экен деп аң-таң болуп карап калышты эки бала.

– Каерде окуйсуңар?

– Эч жерде окубайбыз, байке.

Бир нерсени айтсамбы, айтпасамбы дегендей эки анжы боло туруп калды бейтааныш адам.

– Окубасаңар бир жумуш бар, балдар.

– Кандай жумуш?... Байке, кандай иш болсо да иштегибиз келип жүрөт.

– Боксёр болгуңар келеби силердин?

– Бизден боксёр чыкпайт ко дейм, байке. – Мисир Виктордон мурда жооп кылды ага.

– Чыкканда да кандай чыгат. Мушташыңарды көрүп турбадымбы. Айрыкча сенин муштумуңдун күчү зор экен, – деп Мисирдин жанына келип булчуңдарын кармалай кетти, – сенден бир нерсе чыгат. Эртеңден баштап машыгып көргүлөчү, – деп, аты-жөнүнүн Волков Максим Трофимович экенин айтып, машыктыруучу жайдын дарегин кагазга жазып колго карматты.

Үйгө келгенден кийин болгон окуяны Ксения апага айтышты эле ал:

– Бокс деген кыпкызыл мушташтын ичинде жүрө турган, кырсыктуу оюн. Эртеби-кечпи өмүрүңөргө залалы тийип калышы мүмкүн. Мен аны каалабайм,– деп, кеп уккусу келбей балдарды урушуп койду.

Ээленип алган экөө Ксения апанын айтканына көнө коёбу, эртеси эле Максим Трофимович айткан жерге келип калышты. Ойдогудай техникалык каражаттары бар экен. Элден мурда бардыгын сонуркай карап чыгышып, анан ар биринде ойноп көрүштү. Тиги жерде ар түрдүү салмактагы штангалар. Болжолу алар да бул жерде керектелет окшойт.

– Кана, ишти баштайлыбы балдар, – деп Максим Трофимович балдарды катарга тургузду, – эми жаңы келген балдар менен таанышып алгыла, бирөөнүн аты – Виктор, мунусунун аты – Мисир же Миша деп койсоңор болот. Улуту кыргыз. Тааныштыңарбы? Эми кана, чуркай баштайлы...

Бул жерге такай келип жүргөндөр алтоо эле экен. Экөө кошулгандан бери сегиз болуп бир аз көбөйүп калышты. Максим Трофимович саны эмес сапатына баа берип, келечеги жок балдарды көпкө кармап турбайт экен. Ошон үчүн мындагылар жанталашып машыгууларды өткөрөт окшойт. Муну түшүнө койгон Мисир мени көп кармабайт го деп ойлоп жүрдү. Бирок Максим Трофимович негедир ага өзгөчө көңүл бөлүү менен мамиле кылганын сезип калды. Өзү да күндөн күнгө күчкө толуп бараткканын байкайт. Муштум соккусунун күчүн текшерип, анын улам өйдөлөп баратканын көрүп Максим Трофимович да, өзү да сүйүнүп жүрдү.

Ушундай күндөрдүн биринде Новосибирск шаарында 13–17 жаштагы өспүрүмдөрдүн ортосунда бокс боюнча беттешүүлөр болоорун Максим Трофимович балдарга билдирди да:

– Ага чейин бир ай бар. Мындан ары тыным албай катуу машыгууну жүргүзөбүз, – деди. Чынында эле ушундай болуп чыкты. Оор нерселерди көтөрүү, бут булчуңдарын чыңоо үчүн жантайма жерлерден өйдө көздөй жөрмөлөө, скакалкада секирүү, чуркоо жана башкалар адатка айланды. Эки-экиден атаандашып бoксташуу күндө өткөрүлүп, машыгып жүргөн балдар техникалык чеберчиликтерин өстүрө берди. Беттешүүгө бир күн калганда машыгууларды азайтып, тыныгуу берди Максим Трофимович.

Акыры айтылган күн да келди. Стадион. Эл жыкжыйма. Төрт жерде ринг орнотулган. Дал мына ушуларда күчтүүнүн күчтүүсү сынала берип, акырында чемпиондук наам үчүн жанталашкан мушташ өтөт.

Мисирдин мындай, эл көп жыйналган жерге биринчи жолу чыгышы. Канчалык өзүн өзү токтоо кармайын деген менен тигил, жайнаган көздөр өзүнө эле кадалып тургансып, толкунданып денеси титирей түштү.

– Мисир, сага эмне болду? Өзүңдү карма. Минтсең жеңилип каласың,– деди Максим Трофимович үйрөнчүк «кол баласын» бокска коё берерде.

Ортомчу судья атаандаштарды кол кармаштырып, эрежени бекем сактагыла деген болду да гонг угулары менен:

– Бокс! – деп колун кесе үн катты.

Атаандашы сүрдүү. Көзүн жыландай ойноктотуп, октой атылганы турат. Шапа-шупа эки ирет коюп калды Мисирди. Сокку анчалык катуу болбогондуктан Мисир эч нерсени сезген жок. Биринчи раунд бою каршылашына бир нерсе колдоно албай, качуу менен алек болуп калды. Амалы куруду. Оюнун баш-аягы жок чакчелекей түштү. Көпчүлүктөн да катуу сүрдөдү. Анча-мынча муш уруп көргөнү болбосо чындап чабуул да жасаган жок. Акырында тиги жеңүүгө ишеним менен эс алууга чыкса, Мисирдин көңүлү чөгүп, кол капты ыргыта жаздап үстөлгө көңүлсүз олтурду.

– Сага эмне болгон? Мен сага ишенип жүрсө...– деп кейиди Максим Трофимович, – бул беттешүүдөн жеңилсең экинчи мага келбей эле кой. Баарын мен айткандай кыл. Сол кол менен үч жолу тап берип, оң колуң менен ылайыгына жараша ичке же бет талаштыра сок. Оңунан чыкса дагы кайталагын. Аны жакын келтирбегин. Түшүндүңбү? Тур эми...

Экинчи раунд. Чын эле бокстан ушу беттешүү менен гана кетип каламынбы? Кетпейм. Мен жеңбесем Максим Трофимовичтин оюу жаман, – деп Мисир чымыркана түштү. Тиги анын оюн билип коюптурбу, бокс башталар менен мурункудан да бешбетер күчөп чыкты. Максим Трофимовичтин айтканын эстеп сол колун удаа жумшап жиберди эле анын бири таамай тийип калды. Бирок күчтүн баары оң колдо экенин Мисир жакшы билчү. Эми дал ошентип сол кол менен алаксытып барып оң

муштум менен таамай уруу керек. Бирок техникалык жактан такшалган тиги бала жакында кармата турган эмес. Кайра удаа эки соккуну Мисирге жумшоого үлгүрдү. Дагы бир жолу ал алга умтулуп сокку жөнөтөрдө бетинин ачылганынан пайдаланып, Мисир ээк талаштыра согуп калды. Муш таамай тийди! Атаандашы килемдин үстүндө кантип кулап түшкөнүн өзү да билбей калды. Отургандар дуу көтөрүлүп:

– Азаматсың Мисир! Азаматсың Мисир! – деп чуулдап жиберишти. Тигил бир топко чейин ордунан тура алган жок.

Бул жеңиш машыктыруучусун да, өзүн да көп нерсеге шыктандырып койду. Бирок экинчи боксер менен беттешүүдө биринчидей болгон жок. Упай жагынан гана бир аз өйдө болуп, жан жактагы судьялар Мисирге жеңишти ыйгарышты. Эми алдыда күмүш медалды жеңүү максаты турду. Ошондуктан Максим Трофимович «кол баласына» көптөгөн техникалык ыкмаларды үйрөтүп да, айтып да жатты. Дагы эле:

– Сен жеңишиң керек! Сен жеңишиң керек! – деп кайталай берди.

– Бокс! – Ортомчу судьянын үнү жай чыккан менен заардуу угулат. Анткени кан кайнатып, жан кейиткен кыл чайнашка чакырык таштап жатпайбы.

Биринчи раунд тең тайлашуу менен өттү. Чынын айтканда, Мисир мындай сологой менен биринчи беттешиши. Ошондонбу катуу соккуга эч бир амал-айла таппай койду, канча аракет кылса да. Каршылашы да чечкиндүү эч нерсе кылган жок. Тим эле илбирстей аңдыйт да турат. Оюнда бир сокку менен бүтүрөм деп жаткан го, – деп ойлоп коёт Мисир.

– Сол колунан асыр бол,– деп кеңеш берди Максим Трофимович.

– Ооба, түшүнөм. Өткөндөгү салгылашын көргөм. Анын сол колуна оң колумду каршы коё алам.

– Болуптур, ошент, – деп Максим Мисирдин далысынан таптап койду.

Экинчи раунд. Тиги Мисирдин сол колунун бир жолку соккусуна карабай ичке кирип, эки жолу бет талаштыра уруп калды. Мисир анын экинчи катуу соккусунан кийин көзүнөн от чачылып башы эңги-деңги боло түштү. Эси ордуна келе электе сол колдун соккусуна кабылып, кетенчиктеп барып, кол таяна отуруп калды. Судья алаканын жайып санай кетти. Өзүн оор сезип ордунан турду Мисир. Раунд аяктаарына жакын калганын түшүнгөн Мисир улам тигинин колдорун кармай калып, кучакташа калат. Ушинтип очко жагынан да, жеңем деген ишениминен да утулуп, үчүнчү раундга чыкты. Намыс баарынан бийик окшобойбу.Чарчап, үстүнөн тер чыпылдап чыкканы менен тигиге биротоло чөгөлөбөй, рауnддун аягына чейин туруштук бере алды. Бул менин биринчи жана эң акыркы беттешүүм болсун – деп ойлоду ичинен Мисир. Максим Трофимович болсо:

– Буга сен капаланба. Бокста баары боло берет.Ушинтип барып чыйраласың. Ким эле бир күндө атактуу боксёр болуп кетиптир, – деп жоошута сүйлөдү.

– Жок, Максим Трофимович менден эч нерсе чыкпайт. Андан көрө мага жардам кылып акча бериңиз. Кыргызстанга, өз Мекениме кетким келип жатат, – деп жалооруй карады Максим Трофимовичке.

– Акча да бербейм. Эч жакка да барбайсың! – деп ачуулана кетти машыктыруучусу.

Виктордун да кабагы салыңкы эле. Ал биринчи беттешүүдө эле тажрыйбасы аз боксёрдон жеңилип калып, Максим Трофимовичтин ишениминен таптакыр чыгып калды. Анын үстүнө мурда эле сенде боксёрлук эч кандай мүнөз байкабайм деп жүргөн. Мына ошондогу айтканы туура келип, беттешүүдө өтө начар жагын көрсөтүп, өзү да уялып калды. Максим Трофимович да ичине эч нерсени сактабаган ачык адам. Ошондонбу Викторду чакырып алып, эртеңден баштап сен бокска келбей эле кой деп балп эткизе айтып салды.

Виктор жолмо-жол ага кыжырланып, ачуусун токтото албай койду. Үйгө киргенде апасынын ооруп калганын көрдү. Ошондо гана үйдө апасына каралаша турган адам керектигин билди.

– Эмне, тез жардам чакырайынбы, апа.

– Чакырсаң чакыр. Бирок айтып коёюн, тиги сандыкка сак боло көргүлө. Анда баалуу буюмдар бар.

– Андан кам санабаңыз, апа. Көздүн карегиндей сактайбыз. Андан көрө өзүңүздүн сак-саламат болуп кетишиңизди ойлоңуз.

Виктор үйдүн ачкычын апасынын колунан алгандан кийин телефон менен тез жардам машинасын чакырды.Тез жардам бат эле келди. Эки баласы коштоп барып ооруканага жаткызды да, үйгө кеч кайтышты. Викторго апасынын сандык жөнүндөгү айтканы оюнан эч чыкпай койду. Мунун ичинде кандай кымбат баалуу нерселер бар болду экен деп сандыкты көргөн сайын ойго батат. Акыры чыдамы кетип Мисирди чакырып алды.

– Сандыкты ачып көрбөйлүбү. Кайра жаап коёбуз да.

– Апам урушсачы. Сен го өз баласысың. Мени кууп жиберет.

– Бир нерсесин алмак белек. Эч нерсесине тийбейбиз. Макулбу?

– Өзүң бил, Виктор. Мен коркуп жатам.

– Коркпой эле кой. Андан көрө кычкачты апкел. Бул эки мыкты сууруп алсак эле сандык ачылат.

Экөө көпкө убараланып жатып, сандыкты ачышты. Ксения апанын кийимдеринен башка көзгө эч нерсе урунбады.

– Ксения апанын баалуу буюмдары ушулбу?– деп Мисир каткырды. Виктор сандыктын түбүнө чейин аңтар-теңтер кылып жатып матага оролгон бир нерсени алып чыкты. Оромосун ачып карашса акча. Экөөнүн тең көзү алайып кетти. Байкуш Ксения апа эч бирөөдөн акча сурабай, же бирөөлөргө көзкор болбой, бизди да эч нерседен кем кылбай, диңкилдетип багып жатканы, топтоп койгон ушундай каражатынан тура.

– Тим эле көп ко. Санайлыбы?– деди Виктор акчаларды жыттап-жыттап жатып, – чиркин, укмуш бурулдайт экен.

– Ушинтип отура беребизби, бол, санап туруп жыйнаштырып коёлу.

Экөө санап чыгышты. Ашык-кеми жок жүз миң доллар экен.

– Буга каалагандай квартира, каалаган машинаны алабыз. Кел, ошентели. Буга апам урушпайт деле. Бекер чачып же бирөөгө алдырып жибербей, кайра орду толуп, турмуштагы эң керектүүлөрдү алганыбыз аны капалантпайт болуш керек.

Экөө ээн тамда көпкө акылдашты. Акчаны иштетип миллиондун үстүнө дагы миллион кошо турган коммерциялык иштерди ойлонуштурушту. Боксёрлук клуб ачса да болот деп койду Мисир. Алар ой менен байып, акчаны кайда жумшаарын билишпей отурганда эшиктин коңгуроосу кагылып калды.

– Ксения апа, өлдүк Виктор,– деп Мисир кийимдерди шаша-буша сандыкка сала салды. Виктор болсо акчаны кучактап кышындагы муздак сууга түшүп чыга калгандай калтырап-титиреп кетти.

– Эсиң оогондон соосуңбу? Салбайсыңбы, акчаны сандыкка,– деп Мисир шаштыра кетти. Сандыкты жаап эшикти ачса, коңшу аял экен. Ксения апаны сурап, жок экенин билгенден кийин үйдөн чыгып кетти. Лакылдаган жүрөктөрү басылганча диванда бир топко чейин отурушту да, анан гана буюмдарды, акчаны орду-ордуна коюуга киришишти. Сууруган мыктар өз ордуна келбей, кулпу бир аз кыйшайгансып калды. Уурулук ушунчалык коркунучтуу жана сүрдүү боло тургандыгын экөө тең ушундан-улам түшүнгөндөй болушту.

Ксения апа ооруканадан чыгып келери менен сандыкты карады. Мыгы суурулганын көргөнү менен сыр алдырган жок. Куураган балдар канчасын жок кылды экен. Бүтүндөй жок кылып жибербесе болду деп тынчсыздана түштү. Алар өз бөлмөлөрүнө кетип, уктаганда гана сандыктын оозун ачты. Акчанын түгөл экенин көрүп ичинен кымыңдап сүйүндү. Мындан ары буларга толук ишенүүгө болот деп койду ичинен.

Ксения апа отуз алты жыл бою бир мектепте, бир эле кызматта завучтукта иштеп жүрүп пенсияга чыккан аял. Өмүрлүк жолдошу кайсы бир электр тармагына караштуу чоң мекемелеринин биринде директор болуп, элүү алты жаш курагында иш орунунда отуруп эле кайтыш болуп кеткен экен. Көрсө, тээ союздун убагында эле бардар жашап, акырындап акча топтой берген тура. Мына эми ошондогу тапкан-ташыгандарынын үзүрүн карыганда Ксения көрүп жатат. Өзү гана эмес, эки алмончоктой балдарды багып, айткандарын айткандай орундатып, бирөөлөрдөн өйдө кылбаса, кем кылбай карап жатканын айтпайсыңбы. Муну Мисир жакшы түшүнүп, Ксения Николаевна деп атынан атабай, апа деген сөзгө өткөнүнө көп болду. Алгач апа деген сөз Ксениянын күлкүсүн келтирип жүрсө, эми биротоло көнүп калды.

Мисир мурда эне мээримин билбей өссө, эми эне мээримин орустун бир жөнөкөй аялынан тапты. Ксения апасы канчалык бооруна тарткан сайын Мисир да имерилчектеп жанынан чыкпай бир боорундай жакшы көрүп кетти.

Адам баласы күнүмдүк тиричилик менен алек болуп жүрүп күн түнгө, түн күнгө айланып зыпылдап өтүп жатканын таназар албай калат эмеспи. Мисир да алгачкы боксташкан күндөн бери алты жыл өткөнүн билбей калыптыр. Бул аралыкта токсон алты беттешүүнү өткөрүп, үчөөнөн гана жеңилип, Европанын, Азиянын чемпиондуктарын жеңип алууга жетише алды. Ошондуктан жөнөкөй бокстан профессионалдык бокска чыгышың керек – деп Максим Трофимович какшап айта баштады. Мисир профессионал боксчулардын ар бир мушташын көрүп жүрөт. Жанын уучтап ойногон оюн. Ал турсун рингден сүйрөп алып бараткан боксёрлорду да көргөн. Анан да үч-төрт раунд эмес, он беш раундга чейин өткөнүн айт. Буга жүрөгү тоодой, өпкөсү казандай адамдар гана туруштук бере алат ко – деп ойлоп жүргөн. Бирок Максим Трофимович айтканынан кайтпады. Менин тилимди албасаң анда бөлөк машыктыруучу таап ал дей баштады. Канчалык жүрөксүнгөн менен бактымды мындан да сынап көрөйүн – деп акыры макул болуп, ага карата машыгууларды өткөрө баштады.

Мисир күн сайын эртең менен эрте турат да беш-он чакырымдай жерге чуркап, кайра кайтат. Бир күнү кайтып келатып алды жагынан жай чуркап келе жаткан кызды көрдү. Кыз Мисирди көрөрү менен токтоп калды. Өзү да токтой калып көзүн ала албай тиктешип калышты. Кыз куурчактай татынакай экен. Бир кашык суу менен ичип жиберүүчүдөй. Бала болуп башына жүн чыкканы мындай сулууну көргөн эмес. Көзү чачырап, эмне кыларын билбей турду.

– Мен сизди тааныйм, – деди кыз, – Мисир Абдырахманов деген сиз эмессизби?

– Ооба, менмин. Кайдан тааныйсыз?

– Биздин шаарда болуп өткөн бардык беттешүүлөрүңүзгө барып, боксёрлордун ичинен сизди кумир тутуп жүрөм. Европа, Азиядагы боксташканыңызды телевизордон гана көрө алдым.

– Анда таанышып койбойлубу?

– Мейли, атым – Света.

– Меники Мисир. – Кыздын назик колун кармады. Жылуу. Ал жылуулук бүткөн боюн дүрүлдөтүп жибергендей болду.

– Сиз кыргыз болосуз да.

– Ооба, кыргызмын.

– Биякка каяктан келип калдыңыз?

– Тагдыр айдап. Эмесе, Кыргызстанда эле жүрөт элем го.

– Кыргызстан кооз жер деп уккам. Ысык-Көл деген көлүңөрдү укмуш сонун дейт. Чын эле кышында тоңбойбу?

– Тоңбойт. Эмнеге тоңбой тургандыгын мен да түшүнө албайм.

Кыз менен мындан башка эч нерсе деп сүйлөшө албады. Бири-бирин кызыга бир аз карашып турду да, экөө эки тарапка бет алды. Жигит болуп ээгине мурут бүткөнү кызга ашык болгону азыр гана. Чиркин, бир дегенде кандай сулуу кызга жолукту! Үйгө келгени көпкө чейин төшөктө ооналактап кыз жөнүндө ойлоп жатты. Мени жакшы тааныйт экен. Эртең жолугат чыгар. Ал да спортсмен го, сөзсүз чуркап чыгат. Анан сүйлөшөбүз. Мен жагымдуу мамилем менен аны таң калтырбасамбы.

Эртеси Мисир чуркап жүргөн жерлерден канча караган менен кызды көрө да, жолуктура да албады. Колундагы бакыт кушун учуруп жибергендей кайгырды. Анан да анын дарегин алып калбаганына аябай капаланды.

Бул арада Максим Трофимович машыктырууну күчөтүп жиберди. Чарчаганыңа карабай чуркатат, өйдөгө жөрмөлөтөт, оор нерселерди көтөртөт, тренажердо көнүктүрөт, «алмурутка» жакын туруп алып:

– Тез!.. Тез!.. Катуу ур, мындан да катуу! – деп, жин ургандай кыйкыра берет. Техникалык жаңы ыкмаларга көнүктүрүш үчүн мен-мен деген боксёрлор менен кыл чайнаша мушташтырат. Кечке чаалыгып-чарчап келген уулун көргөндө Ксения апа:

– Суранам, ушуну таштачы. Бирде болбосо, бирде кырсыктап калып жүрбө, – деп аяп кетет.

– Жакында оор салгылашуу турат. Эгер биринчи эле кармашта жеңилсем, анда биротоло таштайм, апа. Викордой болуп машинеде тынч таксовать эткеним жакшы эмеспи.

– Ырас айтасың, балам. Жаныңды жанга урбай, жай турмушта жүргөнүң кандай канимет.

WBO версиясындагы беттешүү дал Москва шаарынын стадионунда өтмөк болду. Бул бир жагы Мисир үчүн жакшы шарт. Чет мамлекеттерге караганда бул жердин аба ырайына көнүп калгандай. Анткени канча жолу бул жерден беттешүүлөрдү өткөрүп, канча жолу келип-кетпеди. Демек, бул жагы мага плюс деп ойлоп койду Мисир.

Матч шаан-шөкөт менен ачылып, биринчи эле беттешүүсү кубалык боксёр болуп чыкты. Албетте, ал боксёрлук жактан дүйнөгө атагы чыккан мамлекет. Анын үстүнө ким менен беттешүүлөрдү өткөрбөсүн оңойлук менен жеңиле коюшпайт. Бул жагы түпөйүл кылганы менен короз-короздун көзүн чокумайынча жеңиш жок дегендей көзүн чокубаса да талылуу жерин таап чөгөлөтүү Мисирдин эң башкы максаты эле. Манас атанын арбагы колдодубу, Кудай Таалам берген күч кубатынанбы, жетинчи раундда барып кубалык боксерду жерге жабыштырды!

Экинчи беттешүүнү америкалык Кара менен өткөрдү. Кара онунчу раундда гана бир бурчтан экинчи бурчка качып тайсалдай баштады. Акыры Мисирдин барскандай муштумуна туш келип, капталдагы канатка арта салынып калды. Каранын машыктыруучусу ошол замат кол жоолук-

ту ортого ыргытып жиберди. Анысы жеңилдик дегени эле. Стадиондун бетин бербеген эл, дуу көтөрүлүп:

– Азаматсың Мисир! Азаматсың Мисир!– деп, чуу түшө кыйкырып жатышты.

– Биз сени мененбиз, – деген жазууну желбирете көтөрүшкөн кыргыз жигиттерди көргөндө көзүнөн жаш кылгыра түштү. Бирок бул, толук чемпиондук эмес эле. Алдыда чемпиондук алтын курдун ээси украиналык каардуу боксер Семен Клименко турган.

Бул боксердун беттешүүсүн Мисир да, Семен Трофимович да көрүп жүрөт. Бою да, колу да узун. Жакындай түшкөндө эле оң же сол колун тосо калат. Эки колу менен тең катуу урат. Анткен менен ал Мисирдин эки мушташын көрүп айбыга түшсө керек. Мисирге ортомчу кишилерди сүйлөшүүгө жибериптир. Мисир оюнда арам эч нерсе жок, машыгуудан жаңы эле чыгып келе жатса каршысындагы үч адамдын үстөлдө отурганын көрдү. Бирин жакшы тааныды. Семен Клименконун машыктыруучусу, бири болжолунда бокс федарациясынын президенти болуу керек деп болжолдоду. Максим Трофимович болсо алардын жанында адаттагысындай чылымын бурулдатып тартып отурат.

– Эй! – деп, ага колун булгалады Максим Трофимович,– бери кел. Сөз бар.

Мисир алардын жанына келгенде отургучту жылдырышты. Тигилер ордунан тура калып саламдашып, тим эле бир тууганын көргөндөй жалпаңдашат. Столдун үстү ичкиликке да, тамакка да толо экен.

– Сенин бүгүнкү мушташыңды көрүп аябай ыраазы болдум. Кичинекей Кыргызстандан сендей чоң боксёр чыгат деп ким ойлоптур. Азаматсың! Кана, колуңду берип койчу, – деп, Семендун машыктыруучусу ордунан тура калды. Жанындагысы да жеңишти куттуктап Мисирдин колун кармады. Стакандарга аракты куюп, анын бирөөсү:

– Жеңишти дал азыр белгилеп койсок кантет? – деди.

– Сөзсүз, белгилеш керек да, – жанындагысы аны коштоп кетти.

– Жок, мен ичпейм. Өзүңөр билесиңер, үч күндөн кийин кайра рингге чыгам.

– Биз жөн келип отурган жерибиз жок, – деди Семендун машыктыруучусу,– ошол ринг жөнүндө сүйлөшөлүк деп келдик.

– Ал кандай сөз? – Мисир таң кала аларды карап калды.

– Семен экөөңөрдүн мушташыңарды тынчтык жол менен бүтүрөлүк деп келдик.

– Кандайча?..

– Ал мындай. Азыр сен беш миллион долларды ал да, кармашка чыкпай эле кой. Чемпиондук анда кала турсун. Сен жашсың. Кийин деле жетишесиң.

– Бул кандай болуп кетти, Максим Трофимович. Мындайды биринчи угуп олтурам.

– Ачууланба, Мисир. Сабыр кыл. Койкоңдобой олтур.

– Демек, сен макул эмес экенсиң да. Былчылдата жанталашып мушташканды жакшы көрөт турбайсыңбы?! – Тиги катуу нервденип кеттиби бет териси кыймылдай түштү.

– Былчылдашса былчылдашам. Үйрөнгөн өнөрүбүз ушу болгондон кийин акчага сатылган адам, адам эмес. Тайсалдабай чыксын мушташка. Дал ушинтип айтыңыз Семенго.

– Катуу таяк жеп, өлүп калып жүрбө.

– Көрдүм, ошондон келгенин!

Семендун жактоочулары орундарынан тура калышты. Алар Максим Трофимовичти карап:

– Эй, Максим, мунуң ороңдогон жаман неме го? – деп үстөлдөгү жайнаган тамактарын таштап басып кетишти.

Матч башталганча үч күн Максим Трофимович тынчый да, уктай да албай койду. Мисир профессионал бокска алты жолу эле катышса, украиналык боксчу Семен он төрт жолку беттешүүгө катышып, сегизин нокаут менен, калганын очко менен жеңген боксер. Демек, теңдешсиз мелдешти түшүнбөй, Мисирдин ага карата чамынып жатканын туура көргөн жок. Андан көрөкчө миллиондорду алып, кийинки беттешүүгө даярданууну эп көргөн. Эми баары чечилди. Өз акылын, билгендерин калтырбай түшүндүрүп, бир кудайга жалынып «кол баласын» рингге алып чыкты Максим.

Биринчи раунд башталды. Узун бут, узун колдуу Семен жанына жакындата турган эмес. Жаңы эле жакындайын дегенде чекеге муш жеп калат Мисир. Кээде соккусу күрс деп тийип мээни солкулдатып жиберет. Коргонуусу темир чеп сыяктуу бекем. Беттешкен биринчи үч мүнөттүн аралыгында бир эмес, жарым сокку да уралбай, алгачкы раунд бүткөндө көңүлү чөгө үстөлүндө отурду Мисир.

– Ич жагы ачыла калып жатпайбы. Ичке ур. Анан бет жагы ачылат. Аякка сок. Көңүлүңдү чөгөрбө. Муштумуңду андан тезирээк шилтегенге аракет кыл. Түшүндүңбү?..

Экинчи раунд башталды. Семен эми үстөккө-босток соккулап кирди. Бирок машыгууда такшалгандыктанбы Мисир анын баарына чыдады. Көптөн кийин гана ал, Семендун ич жагы ачыла түшкөнүн байкап калды. Ошол замат сол колу менен ичке согуп калды эле тигил ыңк дей түштү, демек, дал тийди! Ошол замат оң колу менен бетке урганда мурдуна былч дей түштү. Мисирдин соккусу оор экенин түшүндүбү, качырып киргендин ордуна тиги мурдагы темптен жайлап калды. Антсе да узун колдуу неме раунд аяктаарга жакын калганда эки жолку катуу сокку урууга үлгүрдү. Стадиондо отурган Семендун күйөрмандары орундарынан тура калышты.

– Семен накаут!... Семен накаут!... – деп кыйкырып жатышты.

– Мисир, биз биргебиз! Сок, Семенду! – деген кыргыз жигиттеринин үндөрү ар кайсы тараптан чыга калып жатты.

Чарчап турса да жанагы кыргыз жигиттеринин үндөрү чыккан жакты карады. Стадиондо алар аз эле. Бирок ар бири кыргыз желегин көтөрүп алып тынымсыз булгалактап жатат. Бизди уятка калтырба. Кантсең да жең деп дем берип жатканы го. Ким эле жеңбейин дейт. Колдон келсе каршылашын азыр эле сулатып, стадиондун ичин дүңгүрөтүп, рингден салтанаттуу түшүп кетмек. Бирок тагдыр ташы кимге оборун билбей, үчүнчү раундда бардык күчүн жумшап, үстөмдүктү ал эмес, мен жүргүзүшүм керек деген ой менен ордунан турду. Өзүнөн өзү кыжырданып мен андан күчтүүмүн. Менин колдоочум ак кар, көк муз каптаган улуу Ала-Тоо, атам Манастын арбагы. Анан кантип мен жеңилишим керек. Жеңем. Баарына туруштук кылып өжөрлүккө, тайманбастыкка салышым керек. Уят, намысты, карааны калдайган кыргыз калкымды ойлошум керек. Дал бүгүн кыргыз желегин желбиретпесем, анда уятка чыдай албай өлгөнүм! Жеңем, оо айланайын Ала-Тоо!.. Ушул ойлор заматта келип, эки-үч соккуну удаа бет талаштыра коюп калды Мисир. Моюну кыйшая түштү Семендун.

– Сок! Токтотпо! – деп жан-алы калбай кыйкырып жатты Максим Трофимович. Аны Мисир кайдан уксун, ызы-чуу тимеле кулак жарат. Ал артка кетенчиктей берип кайра ичке киреридe Семендун муштумуна туш келип, кол кабы кашын сыдырып өттү. Ортомчу судья боксту ошол замат токтото салды. Каштан кызылжошо кан агып чыкты. Доктор дароо келди да абал оор экенин Максим Трофимовичке айтты. Ал:

– Токтотсок кантет, Мисир? – деди шайы бош.

– Мынча болду, өлсөм да мушташам, – деп Мисир көктүгүн карматты.

– Каш жагыңды абайла, колуң менен дайыма корго, сага эми кыйынырaак болуп калды, – деп Максим Трофимовичтин көңүлү чөгө санааркады.

Эми Семендун аңдыганы эле оң жактагы көздүн үстү болуп калды.

Андай бир жерди аңдыганда, өзү да алданып калат окшобойбу. Семен ошентем деп отуруп, кайра өзү эки катуу соккуну жеп деми сууй түштү. Үстүнөн көл-шал тер чыгып, өпкөсүн кага үстөлүндө дем алып отурду.

Профессионал бокста биринчи экен, үчүнчү раундга жетпей жеңилет деген тажрыйбалуу боксчулардын берген маалыматтары суу кечпей калды. Кайра тиги кыргыз жигит басымдуулук кылып жатат. Жеңип калышы мүмкүн деген божомолдорго келишти мен-мен деген мыкчыгер машыктыруучулар.

Төртүнчү раунд Семендун күйөрмандарынын кыйкырык-сүрөөндөрү менен башталды.

– Семен нокаут кыл! Семен нокаут жаса! Бүтүр! Сок!

Мисир кай тарабын карабасын ушундай кыйкырыктар. Ал да дем, күч, кайрат берет окшобойбу азыр эле жерге кулата тургансып чамынып

кирди Семен. Эки-үч муштум оюндагысындай аткарылып Семен үстөмдүк кылууга өттү. Мисир артка буйтап чегинип, бурчка барып такабаса экен деп жаңы гана кача баштаганда Светанын:

– Качпа, Мисир. Мен мында отурам, – деген үнүн угуп калды чуунун ичинен. Мисир атайы эле тигинден алыстай түшүп, Света жакты карады. Кайдан-жайдандыр суурулуп чыгып рингдин жанына келип калыптыр. Манжаларын эрини менен өпкүлөп, аны Мисирди көздөй узатып жатат. Баарын түшүндүм. Мен сен үчүн болсо да жеңишим керек. Эми жеңилсем медер туткан Ала-Тоом, анан сен кечирбейсиң. Света, мен сени сүйөм. Ошол сүйүүм мага дем, күч берет. Азыр байка. Тиги темирден жаралган киши болсо да анын өпкөсүн үзөм деген Мисирдин тулку боюна күч-кубат суудай агылып киргендей болду. Чарчаганын сезбей, кабыландай кайратка келди. Аны Семен былчылдата мушташып жатып, Мисирдин оюн кайдан билди дейсиң, канаттын бурчуна такап алып биротоло жеңишке жетүүнү көздөдү. Семендун ал ою таш капты. Мисирдин удаа урган эки таамай соккусу эле Семенду бөк түшүрдү.

– Ура-а, чемпион! Ура-а, чемпион! – деген үндөр стадионду дүңгүрөтүп жиберди. Фото сүрөтчүлөр, теле, радио журналисттер тегерегине толуп кетти.

– Улутуңуз корея же кытай эмеспи? Аныгын айтыңыз. Кыргызстандан мындай боксёр чыкты деп биринчи угуп жатабыз.

– Укпасаңар уккула, мен Кыргызстандын кулунумун. Кыргызмын! Кыргызмын! Уктуңарбы! – Мисир элди жиреп бараткнда ушуну айтууну гана үлгүрдү.

Ичте жуунуп тазаланып, чекчейе кийинип стадиондун сыртына чыкканда Светаны издеди. Аны кантип эстен чыгарсын. Жүрөк оту басаңдап бараткнда аны жалбырттатып тутандырган ошо эмеспи. Жаным Света, сенин көзгө көрүнбөгөн сыйкырдуу энергияң канча күч-кубат болду деп айткысы келди. Бирок уюктан чыккан кумурскадай жайнаган элдин арасынан кантип таба алсын. Ошентсе да эки жагын карап, элеңдеп тура берди. Виктор менен Максим колунан тарткылады эле:

– Бара бергиле, мейманканадан жолугабыз, – деп жооп кылды. Светаны таппасына көзү жетип, көңүлү чөгө кетүүгө камына бергенде астынан үч кыз чыга калды. Колдорунда Мисирдин сүрөтү тартылган альбом.

– Кол коюп бериңизчи? – деп тегеректеп алышты. Мындайга Мисирдин биринчи туш болушу. Чөнтөгүнөн ручка алып кол койгондон кийин кыздарды карап калды. Он сегизге толо элек жапжаш кыздар. Мисирдин колтугунан кармашып бура бастырышпайт.

– Биз сизди сүйүп калдык. Кимибизди жактырасыз? – дейт анын бирөө. Мисир аң-таң боло эмне дээрин билбей калды. Биринен бири сындуу, биринен бири сулуу. Ошентсе да карегинен от чачып, жүзүнөн нур төгүлгөн четтеги кыздын колунан кармай калды.

– Бул кыргыз кыз эмес, японка. – Тиги экөөнүн ичи тарый, эмне кыларын билбей кайсалактап турушту да:

– Да ну, вас,– деп колун шилтеп басып кетишти.

Экөө таксиге түшүштү. Кыз жайланып отургандан кийин гана:

– Биз кайда баратабыз?– деди.

– Мен жатып жүргөн мейманканага. Ал тим эле комфорт. – Кыз унчуккан жок. Экөө түз эле мейманкананын ичиндеги кафеге киришти. Бет маңдай отуруп калышты. Мисир бет алдындагы кызды эми гана жакшылап көңүл буруп карады. Кара көз, кара каш. Ажары муздай тунук. Маңдай чачы өзүнө жарашыктуу тегизделип, калган бөлүгү ай далысында төгүлөт. Өзүндө да, кыймыл-аракетинде да назиктик. Жаңы ачылган жоогазын гүлүндөй үлбүрөйт. Орус тилине тили так келбегени менен сүйлөй да, түшүнө алат экен.

– Япониядан кантип келип калдыңар? – деди Мисир.

– Атам министр болчу. Саясий жактан куугунтукталды. Россияда атамдын досу бар эле. Ошол куткарып жүрөт. Келгенибизге жети жыл болду. Камап коёбу деп кете албай жүрөбүз.

– Эмне, жашооңор начарбы?

– Жок, эмнеге жаман болмок эле. Баары бар.

Официантка бир бөтөлкө вино, тамактын түр-түрлөрүн столдун үстүнө жайнатып койду. Эки стаканга вино куюп, бирин кызга жылдырды.

– Муну ичпейм, – деп кыз стаканды өзүнөн ары түрттү.

– Эмнеге?...

– Ичип көргөн эмесмин.

– Менин жеңишим үчүн ичпесең таарынам, – деп Мисир эки-үч курдай айтып жиберди.

– Кыйнасаңыз кетем анда.

Баятан бери көчө кызы го деп отурса, эми эмнеге ээрчип келди экен деп башы маң.

– Кыргызстан бул жерден алыспы?

– Самолет менен барса жакын эле.

– Мени ала кетет белеңиз?

Кыздын күтүлбөгөн суроосуна эмне дээрин билбей кыйпычыктай түштү Мисир. Э-э, ээрчип келгени ушу турбайбы деди ичинен. Бирок үйлөнүү жөнүндө ой бир да башына келбей жүргөндө кыздын суроосун карасаң. Анын ондон бир гүлү ачыла элек го. Эмне эле мени ээрчип кеткиси келип жатат десе, мындай кыздарга мендей боксёрлорго турмушка чыгуу ушунчалык кызык көрүнсө керек го деп ойлоп койду ичинен.

Тамак жеп бүтүштү. Мисир музыкага заказ берди. Кыздын аты Чен Мун Юан экен. Мисир аны толук айталбай:

– Чен, бийлейлиби?– деди

– Мейли.

Кыздын ичке белине Мисирдин колу ороло түштү. Жагымдуу жыт буркурап, айдай сулуу кыздын денеси денесине тийишкенденби дене бою балкып, тагдыр ушундай кызга жеткизгенине ыраазы болуп, кубанычы койнуна батпай жатты. Кыз баятан бери кысынып жатса, эми тартынууну коюп, Мисирдин көкүрөгүнө башын жөлөдү. Балбылдаган көздөрү менен утур карап коёт. Канча айткан менен жаштык жалындаган кез эмеспи. Ал караган сайын кучагын кыса коюп, төгүлгөн чачтарынан жыттагылап жатты.

Бий аяктап, экинчиси башталарда Чен кетүүгө камынды. Бирок Мисирден кыз толук жооп алган жок. Болот же болбойт дей элек. А Мисир болсо бир аз кызып алгандыктан кыздын айткандары оюнан чыгып кетип, колтугунан кармап, өз бөлмөсүнө сүйрөгүлөй баштады. Таарынтып албайын деп кыз Мисирдин эркине көнүп берди. Кызды кооз креслого отургузуп, муздаткычтан бир бөтөлкө шампан алып чыкты. Чен шампандан баш тарткан жок. Экинчисин, анан үчүнчүсүн ичишти. Баятан бери сактанып отурган Чен кантип кызый түшкөнүн билбей калды.

– Мен мурда эле боксташып жүргөнүңдө сүйүп калгам. Кантип жолугаарымды билбей жүрчүмүн. Акыр сага жеттим. Эми сени эч кимге бербейм, – деди кыз чын сырын айтып.

– Чен мени түшүнсөң.

– Түшүнбөйм. Түшүнгүм да келбейт! Сен мендиксиң. Түшүндүңбү, сен мендиксиң!

Чен чындап ачылды. Мисирдин астына отуруп алып эрининен соруп жатты. Мисирдин денеси бүтүндөй дүрүлдөп, алапайын таппай кетти. Мисир бүгүн муну менен жатып, эртең кошо алып кетейин – деп ойлонду. Андай болгондон кийин ата-энесине билдирүү керек го. Антейин десе эртеңки самолетко билет алып койгон. Чен да жүрөгү бир нерсени сезгендей Мисирдин астынан тура калды.

– Мисир сен качан кетесиң? Эртең киного баралы, ээ. Мен сени издетпей эле ушу жерге келип калам.

– Чен менден алыстабачы. Мен али бул жерде көп жүрөм.

Мисир калпты ышкырта айта салды. Анткени бүтүндөй жандүйнөсү чыңалып калган эле.

Шампандан түгөнгүчө ичишти. Чендин муздай бети кызыл боёк төгүлгөндөй кызарып чыкты. Мисир үзүлө сукtанып, азыр кучагына эркелетип өппөсө ушул жерден эле мүрт кете тургансып турду.

– Жаным Чен, бүгүндөн баштап мен сендикмин, сен мендиксиң...

Алар эртең менен төшөктөн жаңы эле турушканда эшик тыкылдай калды. Максим Трофимович менен Виктор экенин Мисир дароо баамдады.

– Сен кете бер Чен, эртең ушул жерден жолугушабыз.

Эшик ачылар менен кыз сыртка атып чыкты.

– Мунуң ким?– деп Максим Трофимович жактырбай заардуу карап алды.

– Сүйгөн кызым. Мен аны алам.

– Башың барбы!? – деп устаты ого бетер зиркилдеди, – сендей боксёр үчүн мындай кыздардын миңи артыңдан ээрчийт. Эмитен үйлөнө турган болсоң бокстан кеткиниң! Мен да сени экинчи карабайм!

– Апам ооруп калыптыр. Азыр кетпесек болбойт! – деди Виктор.

Мойнунан байланган иттей болуп араң көндү Мисир.

Новосибирскиге учуп келип үйүнө келгенде Ксения апа чын эле ооруп жатыптыр. Ага каралап жүргөн аялды көчөдөн бир машина коюп кетип, ошол күнү эле жан бериптир. Бул Мисирдин эртең матч болот деген күнүндө болгон. Ксения апа Мисирдин келбесин түшүнүп бул жөнүндө билдирген эмес эле. Өлгөн аялдын мүрзөсүндө болуп, келгенде эле Ксения апанын кан басымы жогорулап кетиптир. Ошондон бери төшөктөн жылбай жатканын балдарына айтып шолоктоп ыйлап жиберди. Ооруканага алпарышканда врач:

– Коркпой эле койгула, анча коркунучтуу эмес, – деп сүйүндүрүп койду.

Новосибирскиге келгени күн жаанчыл болуп басылбай туруп алды. Ага карабай мурдагы чуркап жүргөн жерлеринен күндө чуркап өтөт. Бир жагы машыгуу болсо, бир жагы бокссташып жатканда гипностой таасирин тийгизген Света алдынан чыга калабы дейт. Жолукса сага ырахмат. Кандай күч-кубат бердиң. Мен аны өмүр бою унуталбайм. Бирок канча көргүсү келген менен Новосибирскиден биротоло көчүп кеткендей эч бир жерден көрүнбөй койду. Ошентип жүргөндө Максим Трофимович Ысык-Көлгө барып келсек кантет деп калыптыр. Мисир сүйүнүп кетти. «Жерин сагынбаган эл болбойт, элин сагынбаган эр болбойт» дегендей чыны менен эле аябай сагынып калганын эми сезди.

Максим Трофимовичтин Кыргызстанды көргөнү ушу. Бала чагынан баштап бир чырпык сайылбаган, көк тиреген имараттардын айланасында өскөн. Азыр да жашап келатат. Эми ээн талаа, бак-даракка бай жерлерди көрүп, кооздукка көңүлү көкөлөй түштү. Анан калса көлдү көрүп суктанганын айтпа! Эртең мененки айдарым жел менен толкундар чыбырчыктап, жээкке келгенде шарпылдап турат экен. Көк менен сулуулукту талашкандай көл көпкөк болуп туптунук, таптаза. Ысысаң леп-леп салкын жел согуп, чачтарыңды сеңселтип, бети башыңды аймалайт.Чулп этип көлгө түшүп, чыга калганда кири жок жууп койгондой кумдарда чалкасынан түшүп, кумга, күнгө кактангандар канча. Башка жерлерде да көлдөр бар, бирок бул көл өзгөчө экенине баа берип турду Максим Трофимович.

Эки күн көлдө болуп, анан жайлоону да көрө кетелик деп Виктор экөө жолго чыгышып, Мисирди таштап кетишкен. Эми Мисир ээн-эркин бактын аллеясында басып келатып, арыраакта өзүн көздөй басып келаткан

кызды көрдү. Тааный коюп: «Ой, Айжан го» – деп кыйкырып жибере жаздады.

...Айжан экөө балдар үйүндө бир болуп, бир класста окушчу. Айжан жүдөө жүргөнү али эсинен чыкпайт. Ал турсун чачын да жуубай саксайтып жүргөнүн Мисир шылдыңдап, жуубасаң мына деп кара май сыйпап жеткизбей качып кеткен күндөрү болгон. Ага карабай Айжан Мисирди абдан жакшы көрө турган. Бир күнү Мисир катуу ооруп калды. Айжан жок дегенде балдар үйүнөн алган нанын үнөмдөп Мисирге апарып жүрдү. Кереги жок, оорукананын тамагы жетишет дегенге ыланчу эмес. Көгөрүп калган көк бет экенсиң деп таарынтып алган бир жолу.

Бир күнү ойдо жок жерден Айжан сенин аны-мунуңа жетет деп 200 сомду Мисирге суна калды.

– Бул кайдагы акча? Бир жерден уурдап алдыңбы? – деген Мисир.

– Кантип уурдамак элем. Базардан келатып жолдон 500 сом таап алдым. Ала бер, берген акчаны. Менде дагы үч жүз сом бар, – деп болбой жатып таштап кеткени азыр эсине түштү. Мисир анын боорукерлигин, кылган жакшылыктарын кантип унута койсун.

Мына ошол кыз Мисирге жакындап келатты. Ал да дароо Мисирди тааныды. Бир гана өзгөчөлүгү бир кездеги илмийген бала кең далылуу, денеси келбетине жарашкан толук зыңгыраган жигит болуптур.

Экөө кол алыша учурашып, бир биринен бөлүнө албай аллеяда жапжай басып баратышты.

– Атактуу боксёр болуп кетиптирсиң, Мисир. Теледен көргөн сайын сүйүнүп жатам. Менин классташым деп ар кимге айтып мактана берем. Бирок Россиянын желеги менен чыгып жүрөсүң го. Кичинекей мекенибиздин да атын чыгарып койбойсуңбу.

– Машыктыруучум таарына турган. Азырынча мейли деп эле жүрөм. Кези келгенде Кыргызстандын атын көкөлөтпөсөмбү.

– Ошент Мисир. «Бөлөк жердин султаны болгончо, өз элиңдин ултаны бол» – дейт ко кыргыздар.

– Аның туура. Эми көлгө түшөлүбү?

Экөө көл жээгине келгени менен сууга түшүшпөй, өткөн-кеткендерди айтып отурса түгөнөр эмес. Мисир анын кылган жакшылыктарын бүтүндөй айтып, анан али турмушка чыга элек болсоң бир жашасак кандай болот деген ойду айтты. Айжан:

– Болбойт, – деп кесе сүйлөдү.

– Эмнеге?..

Айжан Мисирдин көкүрөгүнө башын коюп, ыйлап жиберди.

– Сенин мындай оюң бар экенин билсем өмүрүм өткөнчө күтөт элем го.

– Азыр деле кеч эмес ко, Айжан. Кетели Россияга. Буйруса көп жүрбөй келип калабыз Ата Журт, кыргыз элибизге.

– Баарын түшүнүп турам, Мисир. Мен куруюн. Күйөө табылбай тургансып өзүмдөн он жаш улуу кишиге турмушка чыгып алгам. Жыргаган турмушта жашаган жокпуз. Батирден батирге көчүп жүрдүк. Ага деле мейли десем бир күнү мени таштады да кайра кайрылбай койду. Айла жок Нарында агам бар эле, ошонун колуна келдим. Жеңем түшүнүктүү адам. Сен-мен дешпей ынтымактуу эле жашап жатабыз. Менин шартым сурасаң ушундай Мисир. А сен болсоң бүт дүйнөгө таанылган боксёрсуң. Кандай кызды болбосун чекесинен чертип аласың. Дүйнө, даңк баары бар. Мени кой. Тагдыр маңдайыма эмне жазса ошону көрөрмүн.

Айжан көз алдынан тамчылаган жашты эми гана бет аарчысы менен сүртүп, Мисирдин көкүрөгүнөн башын көтөрдү. Мисирди карады. Жүрөгү бырчаланып жаткандай жигиттин ойлуу отурганын көрдү. Мисир ушул отурушун туурагандай көл тымтырс толкунсуз томсоруп турду. Өздөрү да бир топко чейин кыймылдашпай, же сүйлөшпөй отура беришти. «Турмушка чыкса эмне экен, үйлөнө бербейминби. Башка бирөөлөрдү бактылуу кылганча Айжанды бактылуу кылганым жакшы. Ал менин айтканымдан чыкпаган жароокер, боорукер жар болот. Мен аны кичинекейинен бери билем го» деген ойго түшүп, кайра Максим Трофимовичтин айткандарын эстеди. «Сенин үйлөнүшүңө али эрте. Бокстагы карьераң жаңы башталды. Ошондуктан аял алууну башыңдан алып таштагын. Мынчалык болгондон кийин ой-максатың, дитиң бир гана бокста болсун. Ааламга жылдыздай көрүнгөнүңдө гана мен сени чыныгы адам деп эсептейм».

Айжан ордунан турду. Мисир артынан ээрчий басып колтуктай калды.

– Сен бүгүн кетпечи, Айжан. Мейманканага барып, кумардан чыга сырдашалы.

– Сырдашканда эмне. Баары бүткөн, баары кеч. Мен эмес, мындайраак эле бассаң солкулдаган кыздар сага жармашат. Коё бер, мени.

– Мени таарынтып кетип каласыңбы?...

Айжан тык токтой калды. Мисирди карады. Көздөрүндө сүйүү уялап, каректери тигилип турат.

– Сени таарынткым келбейт, – деп Мисирди кучактай калды, – мен сени кичинекей күнүмдөн бери сүйүп келгем.

Мисир мейманканага ээрчитип барып, бир кишилик бөлмөсүнө киргизди. Ичинде эмне гана жок. Каалаганыңдын баары бар. Карачы, талантттын күчү, – деп ойлоду Айжан. Ал башында ким эле, эми ким болгон. Анан бир окуя эсине түштү. Өзүнөн эки жаш улуу бала менен мушташып, көйнөгүн ала-даласын чыгарып тамак жеп отурган балдардын үстүнө кирип келет. Тарбиячы катаал эле:

– Чык эшикке үстү-башыңды таптаза кылып, башка көйнөк кийип келмейинче биер эмес, короонун ичине аттаттырбайм, – деп урушат. Мисир чыгып кеткен. Бир убакта далдайган чоң көйнөк кийип келиптир.

Жарашсачы. Жарашпаган менен жаңы эле да. Балдар муну көрүшүп баары апендинин көйнөгүн кийип келгенсиңби дешип каткырып калышты. Тарбиячы эжеке:

– Муну эми Мисир, эгер жыртылбаса дагы эки жыл киесиң,– деп аябай күлгөн эле. Бирок бул көйнөктү тартып алуу Мисирге оңойго турган жок. Жан аябай мушташып, өжөрлүгүнө, кайтпастыгына салып отуруп, тартып алган болчу.

– Азыр да ошондой өжөрсүңбү? – деп күлдү Айжан.

– Өжөрлүк кыла турган жерде өжөрмүн. Сендей боорукер жанга боорумду төшөйм, – деди Мисир.

Экөө сүйлөшүп, тамактанып бүткөнчө караңгылык кирип калды. Бөлмөнүн ичи дем болуп ысып чыкты. Экөө терезени кенен ачып коюп, айланага кызыга көз чаптырып турушту. Күн ачык эле. Көк көгүлтүр көлдөй көпкөк болчу. Таза аба терезени көздөй леп-леп согот. Жылдыздар кудум алтын шакектей жылтылдашып, учкундай жарыгын чачат. Табигаттын ушул керемет көрүнүшү таасир эттиби экөөбүнүн кучактары чырмалыша түштү...

Айжан бирөө түрткүлөп жибергендей көзүн умачтай ачып ойгонуп кетти. Ордунан туруп эшикти карады. Асманда тырнактай да булут жок болгондуктан чыгыштан сүттөй аппак таң агарып келатыптыр. Түндөгү ачып койгон терезе ошо бойдон ачык экен. Аны жаап Мисирдин жанына келди. Эч нерсе билбей уктап жатат. Бетинен өөп, ойгонобу – деп ойлонду. Ойгоно турган түрү жок. Кетейин, – деди. Караңгыда эрбеңдеп кайда барат. Деги кайсы жумушу калып баратат дейсиң. Жата турайынчы деп жана эле кийген халатын кайра чечип, ары жактагы креслонун үстүнө ыргытып жиберди да, жыпжылаңач бойдон Мисирдин жылуу койнуна кирди.

Күн көтөрүлүп калган менен экөө тең катуу уктап жатышты. Эшикти бирөөлөр такылдата баштады. Уйкудан чочуп ойгонушуп, шаша-буша кийимдерин кийине калышты.

– Кудай алгыр Максим Трофимович менен Виктор го. Дайым ушинтип тынчтык бербейт, – деп Мисир өзүнчө эле күңкүлдөп алды.

Эшикти ачканда экөө босогону талашып кирип келди. Айжан телевизордун жанына келип, аны иштетти да, тушма-туш коюлган креслого отура калды. Максим Трофимович ага өзгөчө жылуу мамиле кылган болуп, баш ийкей учурашып, колунан өөп койду. Анан Мисирге жайлоого барып ат минип, куш салганын, боз үйдөн кымыз ичип, эт жегенин, чабандын ити кубалап кетип, зорго кутулганын айтып түгөтө албады. Айжан анын узаргандан узарып бараткан сөзүн уккусу келбей бөлмөдөн чыгып эшиктин оозунан Мисирди күтүп турду. Айжан чыгар менен Максим Трофимовичтин:

– Аял алуу жөнүндө ойду башыңдан алып сал дебедим беле. Сен көөп баратасың. Тилимди албай баратасың! – деген ачуулуу үнү чыкты. Ай-

жан аны даана угуп, ошол замат ылдыйкы этажга түштү да, бактысыз тагдырына ызаланып, бактын арасындагы аллея менен артынан шайтан кубалап келаткансып катуу чуркап баратты. Мисир сыртка чыгып Айжанды таппай калды. Тагдырдын тамашасыбы, Чен Мун Юанды да, дал ушинтип таппай калган. Карачы ал окуя экинчи ирет кайталанып отурат.

Көлдө бир ай жүрүп, жакшы эле эс алып калды Мисир. Табына келип күч-кубатын кайда жумшаарын билбей шаңшыган бүркүттөй эргип калыптыр. Максим Трофимович аны түшүнүп, чемпиондук наам үчүн күрөшө турган талапкерди караштыруу үчүн WBO уюмунун жетекчилерине кайрылды. Ал бат эле табыла койду. Ал Германиянын Лейпциг шаарында өткөрүлүп, таймаш 15 раундга чейин созула тургандыгы белгиленди. Каршылашы мексикалык Кара деген боксер болуп чыкты. Тулку бою коргошундай уюган Кара Мисирге аябай сүрдүү көрүндү. Бирок биринчи раунддун экинчи мүнөтүндө эле Мисирдин барскандай оор соккусу жаак талаштыра таамай тийип, каршылашы эч нерсе билбей жерде сулап жатты. Мындай болорун Мисир өзү да билбей калды. Бул беттешүү бардык беттешүүлөрдүн ичинен эң жеңили да, атак-даңкты бийикке көтөргөн сыймыктуу да беттешүү болду. Бирок күчтүүмүн деп ар кандай машыгууларды токтотуп коюуга болбойт эле. Анын үстүнө Максим Трофимович да талапты улам жогорулатпаса эч кандай басаңдаткан жок. Анткени бүгүн болбосо дагы бир күнү чемпиондукту талашкан атаандашы чыга калат.

Мисир таң эрте туруп, күндө чуркоочу аллеяда күн чыкканча чуркап жүрдү. Мына кызык, алды жактан өзүн көздөй чуркап келе жаткан Светаны көрсө болобу. Маңдайы жарыла сүйүнүп кетти. Светанын жанына келип токтой калды. Экөө жылуу учурашты.

– Света, Светочка, сен баягыда кайда жоголуп кеттиң?

– Кайда кетмек элем. Эл менен кошо чыктым. Агам Москвада тышкы иштер министрлигинде иштейт. Ал машинасына салды да үйүнө алып кетти.

– Демек, Красноярск менен Москванын ортосунда тайраңдап жүрө берет турбайсыңбы.

– Менин тайраңдап жүргөнүмө ичиң тарып жатабы?

– Ичим тарыбайт дечи. Бирок сенин көрүнбөй калганыңдан кийин кандай катуу кайгы чектим дейсиң. Сени издеп бүт ааламды кыдыргым келип кетти. Анткени Семен Клименко менен беттешүүмдө сенин кубаттаган бир сөзүң эле канча күч, энергия берди. Эмне, сенде гипностук күчтүү энергия жокпу?

– Кайдагы гипностук, кайдагы энергия. Ошондо сени жеңилип калабы деп аябай коркком. Анткен менен сен азаматтык кылдың. Жеңдиң. Ал жеңиш кандай сыймыктуу болду. Анан Кара менен беттешүүң тим эле андан да сонун болуп кетпедиби.

– Света, анда сен номур биринчи күйөрманым турбайсыңбы?

– Ооба да. Кокус жеңилип калсаң кандай абалда кала турганымды элестетип көрсөң. Мүмкүн ошол жерде эле намысыма чыдабай өлүп калмакмын.

– Алтын кыз экенсиң, Света. Мен сени киного чакырсам барат белең?

– Мейли, эгер күндүзгү сеанска апарсаң.

Экөө башка эч нерсе дешпей, жолугушуу убакытты белгилешти да, эки тарапка бөлүнүп кетишти.

Мисир болжошкон жерге эрте келди. Ал үчүн сааттын жебеси такыр жылбай калгансып убакыт өтпөй койду. Ал отурган жердин ары жагында эле мотурайган кичинекей балдар чуулдашып ойноп жатышты. Апалары көлөкө жерде отурушуп, аларга көз салып отурушат. Негедир ушулардай татынакай балалуу болууну каалап кетти. Алардын чоңураак бирөөсү жанына келди да, учурашып:

– Сиз чемпион Мисир Абдырахманов эмессизби? – деди.

– Ооба, мен Мисир Абдырахмановмун.

– Байке, мен да боксёр болгум келет.

– Азамат экенсиң. Мен сага өз кол кабымды берем. Кийин чоңоюп боксёр болгонуңда ал сени колдоп жүрөт. Макулбу?

Ушинтип тиги бала менен кызуу сүйлөшүп жатканда Света Мисирдин арт жагынан келип көзүн алаканы менен баса калды.

– Колуңдан тааныдым, сен Светасың.

– Жок, адаштың. Мен башкамын.

– Сенсиң. Сенсиң.

Света каткырып күлүп жанына отура калды. Ал укмуштай сулууланып, буркураган атырды себинип келиптир. Мурда бир кашык суу менен ичип жиберүүчүдөй кыз деп баамдаса, эми көктөн түшө калган периштедей көрүнүп кетти көзүнө. Негедир мурда болуп көрбөгөндөй толкунданып, жүрөгү лакылдай сокту.

– Эмне, киного баралыбы?

Мисир ыңгыранып жай козголду. Киного көп кызыкпайт. Бир кезде түнү-күнү менен телевизордон көрө берип, эми тажап калыптыр. Бирок киного барабыз деп койбоду беле. Сөзүнөн танса Света жалганчы неме экен деп түшүнөбү деп ойлонду. Аерде эл көп болуп чыкты. Мисир ичинен кымылдай түштү да:

– Паркка барсак кантет? – деди.

– Мейли.

Паркта жаштар көп экен. Кулакты тундурган, күчтүү үн менен чыккан музыканын ыргагында экөө бийлеп жатышты. Светанын кыска көйнөктөн чыгып турган ууздай аппак балтыры тизесине тийип, төшүндө тырсыйганы менен денеге былпылдап урунган эки «алмасы» Мисирдин бүтүндөй тулк-турпатын балкытып жибергенсиди. Өзүн өзү кармай албай, бийди токтотуп:

– Света, жүрчү далдаа жерге отуралычы, – деди.

Ар кайсы жерге коюлган бош отургучтар көп экен. Ээн-эркин жерде жанаша отурушту экөө. Света Мисир бул жерден ага эмне деп сөз баштаарын билбей, маңдайына түшкөн сеңселген чачтарын өйдө силке салып, Мисирге карап коёт. Мисир болсо балтырын улам кызыга карап, кызды чочутпай өзүнө кантип тартып алардын амал-айлаларын ойлоп отурду. Чен Мун Юан менен да, Айжан менен да бат эле мамилелешип кеткен. А Света андай көрүнбөйт. Ошентсе да тиш кагып калган эмеспи, адатынча колун белине оролто салып, кызды өзүнө тартты. Бурулдаган жыты каңылжаарын жарып жиберип, букадай мурдун көтөрүп чүйрүй калганын байкабай калды. Кыздын жүзү бир карыштай эле жерде тургандыктан үзүлө түшүп өбүүгө умтулганда, өмүрү жигит жандап жүрбөгөн кыз чочуп ордунан ыргып турду.

– Эмне мени сүйбөйсүңбү? – деп таарына түштү Мисир.

– Сүйөм. Бирок баары үйлөнгөндө гана.

– Света, андай болсо бүгүн десең бүгүн, эртең десең эртең үйлөнөбүз.

– Атам улутчул киши. Ага билдиришим керек. Мен алардын акылына көнбөй кайда барам.

– Мейли, айтып көр.

Бул күнү экөөнүн сөзү ушуну менен үзүлдү.

Света көпкө көрүнбөй жүрүп, кайра баягы Мисир чуркап жүргөн жерден жолукту.

– Таарынып калган жок белең? – деди Мисир.

– Жок, кайра сагынып калдым.

– Деги сага түшүнбөй койдум. Шайтан алып кеткендей жок болосуң да, кайра табылып каласың. Деги ооруган жоксуңбу?

– Эмнеге ооруйт элем. Москвага барып сен жөнүндө жеңеме айттым. Анын ою түз экен. Мени менен кошо келди. Ал атамдарга айтат. Баары ойдогудай чечилет окшойт, Мисир.

– Чын элеби, Света?.. Сен макул экенсиң э-э-э. Келчи, алаканыма салып көтөрүп алайын.

– Койчу Мисир, көп айландыра бербечи. А-а-а-й, башым айланып баратат...

– Өптүрөсүңбү? Өптүрсөң азыр эле токтотом.

– Өптүрөм байкеси, өптүрөм.

Экөө ушундай жагымдуу маанайда жолугушту. Аллеяда бирге басып баратып тамашалашат. Кубалашып ойной кетет.Тамаша сөздөрдү айтып каткырышып калышат. Чынында Света өтө шайыр, ичине эч нерсени сактай албаган ачык кыз. Анан да бой көтөрбөй, ууртунан күлкү төгүлгөндөй жаркылдап жайнайт. Сылык-сыпаа илбериңки мүнөз, уккулуктуу назик үнү Мисирди таң калтырбай коё алган жок. Ушунун баары жүрөгүнө жылуулук сээп, биротоло сыйкырланып калгандай болду. Эми Светасыз

күн күндөй болбой, түн түндөй болбой кала турганын кыздын жанында туруп жүрөгү менен сезип жатты.

– Анда тойду эртелетейинби?..

– ...

Мисир кызды автобустун аялдамасына чейин жеткизип, жылуу коштошушту.

Светанын атасы Иван Сергеевич шаардагы мединституттун ректору экен. Апасы педагогикалык илимдердин кандидаты, доцент. Света ушундай илим, билимге канык үй-бүлөдө тарбияланган уулдан кийинки жалгыз кыз. Мисир бул жөнүндө уккандан бери Светаны айтсам урушуп, экинчи кызга жологус кылып коёбу деп корунуп жүрдү. Андай ойдо болгон менен Светага ашык болгондон кийин кайда качат. Акыры Света менен үйгө кирип барды. Стол үстүндө үчөө отурган экен. Бирөө кечээ жакында Москвадан атайы учуп келген жеңеси.

Экөө эмне айтаарын билбей босогодо туруп калышты.

– Апа, мен айткан жигит ушул. Аты – Мисир. Кыргызстандык.

Үйдүн ичи чымын учса угулчудай тынчтык бир саамга өкүм сүрдү.

– Эмне туруп калдыңар. Отургула.

– Иван Сергеевич, Света экөөбүз бири-бирибизди жакшы көрүп калдык, баш кошолук дедик эле, – Мисир тартынбай ачык айтты.

– Анын баарын тиги келинибиз Мария айтып койгон. Көп кабатыр болбой биздин катарыбызга отура койгула. Биздин үйдө бирге болгонуңарды элде мурун белгилеп коёлу.

Иван Сергеевич Света айткандай улутчул да эмес экен. Света менен Мисирди карыш жылдырбай Марияга тамак жасаттырып, столго арактын түр-түрлөрүн коюп, тээ түн бир оокумга чейин чер жазыша отурушуп, эртеси күнү эле той үлпөтүн өткөрүүнү чечишти...

Света Мисирдин көңүлүн калтырбаган, жанга жагымдуу жароокер жар болуп чыкты. Өмүрдүн таттуулугун, кызыгын жарынын ошондой асыл сапаттарынан көрүп, ичинен сүйүнүп жүрдү. Карачы, тагдыр өмүрлүк жарыман да, бокстук өнөрүмдөн да кенен жол ачып берди. Мындан бөлөк Кудай Таалам кандай бакыт берет мага. Мен чексиз бактылуумун,– деп сыймыктана түшөт, чарчап-чаалыккан машыгууларды өткөрүп кыйналган күндөрүндө да.

Ошентип жүргөн күндөрдүн биринде Мисирге кат келип калды. Анда минтип жазылыптыр:

«Балам Мисир, мен сенин атаң болом. Турмуштун айынан сени балдар үйүнүн жанына таштап кеткем. Сени издеп барбаганым да чын. Арактын артынан жүрүп алкаш деген атка конуп, андан арылганыма эки жыл болду. Апаң учук оорудан али күнчө айыга элек. Биздин көзүбүз барда бир келип кетсең мен эмес, урук-туугандарыбыздын баарын сүйүндүрүп койбойт белең.

Сен атактуу боксёр болуп кетиптирсиң. Мен эмес, бүтүндөй кыргыз эли сыймыктанып жатат. Алар сени макташса төбөм көккө жеткенсип калам.

Сенин чын атың Мисир эмес, Мүнүр. Муну балдар үйүндөгүлөр адашып жазып койсо керек. Мурда менин балам экениңди күмөн санап жүрсөм эми башка эмес өз балам экениңди ишенем».

*Атаң Абдырахман.*

Мисир окуп бүткөндөн кийин баарын Светага айтып берди.

– Андай болсо жакшы болуптур, барбайлыбы Мисир.

– Эмне деп барам. Мени карабай талаага таштап кеттиң эле. Жетимдик жыргал экен. Жыргап жашадым. Миң бир ирет рахмат деп, тим эле алкышымды жаадырып, ыраазычылыгымды билдирейин – деп барамынбы. Андай ата-энени ылайдан жасап, эшигимдин алдына тургузуп алам.

– Мисир, анча каттуу кетпегин. Кандай деп, эмне десең да алар сени жарык дүйнөгө алып келген адамдар. Эч болбосо бир көрүнүп, таанышып коюшуң керек.

– Чын-чынына келгенде алар менин чыныгы ата-энелерим эмес. Менин аброюма, байлыгыма кызыккан бир шылуундар болсо керек болжолумда. Мен бул катка ишене албайм. Алар бул дүйнөдө бар экенине да ишене албайм.

Экөө көпкө чейин талашып-тартышып бир жыйынтыкка келе алган жок. Бирок арадан көп убакыт өтпөй эле дагы ошондой маанидеги кат келип калды. Каттын аягында мындай деп жазган кошумча сөзү бар:

«Балам, көзүбүз өтүп кетсе бизди таптакыр көрбөй каласың. Бизден кеткен каталыктар болсо кең пейилдик кылып кечир».

– Бул дагы атаңданбы? – деп сурай калды Света.

– Ооба, тынчтык бербейт окшойт.

– Баралы, Мисир. Мен Кыргызстанды көргүм келип жатат, – Света жароокерлене Мисирдин мойнуна асылып, бетинен чопулдата өбө кетти: – Барайлычы э-э. Макулсуң э-э?

– Сен айткандан кийин айла жок, жаным. – Светаны так көтөрүп айлантып жатты.

– Э-э-й Мисир, койчу башым айланып баратат...

Мен атаңмын деген кишинин үйү кичинекей айылдын кылда башында экен. Аны да канча убара болуп жүрүшүп зорго табышты. Эшиктин астына келип машинаны токтотқондо жепирейген жер тамдын эшигин чыйк-чуйк эткизе ачып бир аял чыга калды. Жүдөө. Жоолугун кашына чейин түшүрүп байлап койгон. Жоолуктун чекесинен чыгып турган таралбаган буурул чачтары турмуштун запкысын тартканынан кабар бергенсийт. Ал кайра үйгө кирип:

– Эй, Абдырахман, эшикке бирөөлөр келди. Бирөөсү орус кыз экен.

– Аты-жөнүн сураган жоксуңбу? Мүнүр болуп жүрбөсүн?

– Ээ, кудай, Мүнүрүм болуп калса кана...

Экөө эшик талаша атып чыгышты. Абдырахман сөзсүз балам болуш керек деп мойнунан кучактай:

– Сен Мүнүрсүң. Менин баламсың. Балам экениңе эч күмөнүм жок. Эмне мостоёсуң!... Мени карачы, апаңды карачы. Окшоштугубуз бар бекен сага?..

– Чын эле Мүнүр турбайбы, айланайын алтыным ай, аман-эсен тура.

Батма апа эми гана эсине келгендей Мисирге жармаша калып, буркурап ыйлап жиберди. Мисир дале мисирейип турду. Жүрөгү аларга жылыр эмес. Анын үстүнө ата-энеси экенине толук ишенбейт. Ишенген күндө да багып какпаса, балам деп эркелетпесе, эне мээримин, ата сүймөнчүлүгүн көрбөсө асмандан түшө калгансып эми эле чыга калса аларга эмне дээрин билбей турду. Анткен менен Мисирдин боору таш жагы жок, боорукерлик жагы көп эле. Ошол боорукерлиги баарын жеңди окшойт, экөөн эки колтугуна кучактай калып:

– Ата, апа баары турмуштун айынан болгондон кийин баары кечиримдүү. Кудайым силерге өмүр берип, көп жашатса экен, – деп ийиге түштү.

– Балам, кичинекейиңде оң ийниңде бир кал бар эле. Ал эмдигече чоңоюп калган чыгар.

– Ооба, ата, туура айтасыз. Ал кал оң ийнимде. Буурчактай болуп калган.

Бул кабар кичинекей айылдын баш-аягына жетти окшойт, эл дүйнөлүк боксёрду көрөбүз деп дүрбөп, тамдын айланасына чогулуп калышты.

– Айланайын калайык-калк! Өзүңөр билесиңер бир кезде турмуштун түз жолунан адашып, өз канымдан жаралган баламдан да ажырап калган элем. Мына ал табылды. Чыныгы аты Мисир эмес, Мүнүр. Ошон үчүн менин балам экенин билбей жүргөм. Эми мына аты адашса да, өзү адашкан жок. Киндик кан тамган жерин таап келип отурат. Аман болуп, иши бийиктей берсин, колуңарды жазып, оомийин деп койгула, – деп Абдырахман ата сүйлөп бүтөрү менен үндөр жаңырып кетти.

– Оомийин!

– Оомийин!

Элдин көбү тарап, Абдырахман атанын жакындары калышты. Алар көпкө кызуу сүйлөшүп, анан тарап кетишти. Света болсо арыраакта эле агып жаткан чоң суунун жээгинде отуруптур.

– Кокуй, келинибиздин жанында эч ким жок ко. А-а-ай, Света, аякта эмне кылып жүрөсүң? – деп келинин кол булгалап чакырды. Үйдө дасторкон жайылуу экен. Же стул, стол жок, кийиздин үстүнө бир кабат төшөктү салып коюптур. Света мындай жерде отуруп тамак жеп көргөн эмес. Анын үстүнө кандайча оңтойлуу отурарын билбей, акыры бир колу менен жерди таяна, бутту сунуп жиберди.

– Кокуй антип отурбайт, мына минтип отурат, – деп көрсөтө кетти да,– азыр аялдар келет, – минтип жоолук салынып, минтип жүгүнөсүң,

– деп үйрөттү Батма апа. Арадан көп деле убакыт өткөн жок. Аялдар топурашып киришип, топуратып чачыласын чачып киришти.

– Божемой, койгулачы, башыма тийип жатат, – деп Света башын колу менен жаба салып, эшикке качып чыккысы келип отурду. Бирок чыга албады. Батма апа кыска тигилген көйнөгүнүн этегинен кармай калып, тынч отур дегендей тартып калат. Келген аялдардын бири да кур эмес. Башына жоолук салып, көйнөккө деген болуп, мата-кечелерин таштап кетет. Булардын каада-салты кызык экен, – деп ичинен ойлонуп коюп отура берди Света.

Кеч кирип баратты. Опур-топур басаңдабай кайра көбөйүп кеткенсиди.

– Үйгө келинди соксойтуп отургузуп койбой, бир кыздыбы, бир келиндиби кошуп, тиги Алыбектин үйүнө апарсаңчы, Батма. Бул жерге эми аксакалдар келишет, – Абдырахман ата келининин үстүнө кире албай, терезенин жанына барып заңкылдады.

Мисир ошол жерде жүргөн туугандары менен мал союшуп, тамак даярдашып, келгендерди тосуп, кайра узатып түнү бою тынган жок. А Света болсо жалгыз бир бөлмөдө жатып Мисир качан келер экен деп ойлоп жатып, уктап кетти.

Короз кыйкырып, иттердин авалаган үндөрү, мечит тараптан молдонун азан айтканы Светаны ойготуп жиберди. Күн чыгып чыкпай көчөдөн өтүп бараткан койлордун маараганы, уйлардын мөөрөгөнү угулду. Шаарда кыйма-чийме өткөн машиналардын дүрүлдөгүнөн кутулуп, мында тынч жашоо болор десе мында да тынчы жок дүйнө бар турбайбы деп ойлоп койду өзүнчө.

Эшикке чыкты. Бийик-бийик тоолор айылдан бир чакырым алыстыкка жетпеген аралыкта турат. Тоо боорунда өскөн түрлүү түстөгү гүлдөр ушул жерден эле көрүнөт экен. Ошоякка, андан да алысыраагына баргысы келди. Мисирди тиги үйүнүн тегерегинен карады. Ат союп жаткан жерден көрдү. Түз эле Мисирдин жанына барып, касапчылардын кыймыл-аракеттерине кызыга карап турду. Алардын бирөө спортивкачан, көкүрөгү ачык көйнөкчөн келинди көрүп күлүп жиберди.

– Мисир, алдагы келин аерде эмне туру? – деп Абдырахман ата тээ алыстан үн салды.

– Тоого чыгалыбы деп жатат, ата, – жооп кылды Мисир.

– Бар. Барып келгиле. Элди чакырып тойчук бергенче али көп бар.

Кара жумуштан, же азыркыдай тиричиликтен алыс өскөн Мисир атасы бул түйшүктөн куткарып койгонуна сүйүнүп кетти.

Жол тоонун этеги менен сууну жээктей кете берет экен. Анын аягы түгөнөр эмес. Суунун четиндеги бадалдар да дал ошондой. Сууну жээктеп түгөнбөйт.

– Ө-ө-х, – деп отура калды Света андан ары басканды каалабай.

Отурууга көрпөдөй көк шибер, тегереги жайкалган түрдүү гүлдөр эле. Света бул кооздукка бөлөнүп рахаттана түштү. Көңүлү эргип, чалкасынан түшүп, асмандагы аппак пахтанын үзүндүсүндөй болуп жылып бараткан булуттарды кызыгуу менен карап жатты. Гүлдөр салкын желге ыргалды. Бети-башты аймалап жыпар жыт сапырыла каңылжаарга жете өрдөдү. Табигаттын мындайда таасири күчтүү окшобойбу. Башын көтөрө калып Мисирди карады. Ал бир тутам гүлдөрдү терип алыптыр. Аны Светага суна койду.

– Эх, кандай жыттуу гүлдөр!

– Сен мындан да жыттуусуң Света.

– Чын айтасыңбы?

– Чын эле.

– Чын болсо мени карачы.

– Карадым.

– Көзүм күйүп турабы?

– Күйүп турат.

– Табият таасир бердиби сага да?

– Берди.

– Анда сен эмне кылышың керек?..

– Света, мен келатканда эле түшүнгөм.

– Түшүнсөң, кана... Кел...

– Жөнчү. Какыраган жерге күнүбүз түшүп калыптырбы?..

– Сен дайыма ушундайсың,– деп Света таарынгандай ордунан туруп өйдөгө кеткен жол менен басып кетти. Мисир жарым сааттан ашык чөптүн үстүнөн тургусу келбей ooналактап жатты. Түнү менен уктабаганы денесин шалдыратып коюптур. Бир убактан кийин гана Света мынча эмне жоголуп кетти деп ордунан туруп эки жагын карады.

– Света-а-а! – деп тоо жаңырта кыйкырып алды. Светадан жооп болбоду. Жол менен бир топ жерге өйдөлөп барып келди. Эч кандай караан көрүнбөйт. Көз мелжиген тоонун боору менен өйдөлөп чыгып, бир таштын үстүнө отурду. Бул жерден кокту-колоттор, тиги суу жээктей өскөн бадалдар, шаркырап аккан суунун тиги жана бул жээги алаканга салгандай көрүнүп турат. Баары көрүнгөн менен Светаны карай берип көзү талыды. Кандайча жок болуп кетет? Бул ортолордо жүрсө көзгө көрүнөт эле го. Таарынтып албадым беле. Ызаланып же суу ичейин дегенде сыйгаланып суугa түшүп кеттиби? Ушуларды ойлоп жүрөгү оозуна кептеле түштү. Ылдыйга түшүп сууну карап турду. Тоодон түшкөн суу тулпардай атырылып, көбүк чача, күркүрөп шаркырап агып жатат. Бул суу адам эмес төөнү да ала салдырып, таштан ташка жанчып, күм-жам кыла тургандай.

– Света-а-а! Света-а-а-а-а...

Тоо кошо жаңырды. Тоонун тиги бетинен кекиликтердин үн алышып сайрагандары угулду. Аны Мисир таң кала кулак төшөп укканы менен

кайра эле Светанын көрүнбөгөнү жүрөгүн жанчып, башын оорутуп баратат.

– Света-а-а! Света– а-а!– деп заңкылдап кыйкырды,– мен эми сенин айтканыңдын баарын орундатам. Келчи. Көрүнүп койчу, жаным.

Света көптөн кийин гана калың бадалдын ичинен суурулуп чыгып тамашалаганын ойлоп күлүп жиберди. Мисирдин баятан берки күйүп бышканын оюна да кирип чыкпай жол менен келатты.

– Ө-ө-өх! – деп жанын колуна кармап отурган Мисир жеңилдене түштү. Ошол замат Светага жете барды да, бүркүт коёнду алгандай баса жыгылды.

Айылга келгенде:

– Ыраса убактысында келбедиңерби, – деп Батма апа алдыларынан тосуп чыкты.

Эл агылып келе баштады. Келгендер эле Мисир менен учурашат. Кандай чемпион? Биз сени дайыма телевизордон боксташканыңды көрөбүз. Азаматсың. Бирок сенин биздин айылдын кулуну экениңди билбептирбиз да. Эмки беттешүүндө кайсы жерде болбо, айылыбыз менен көчүп барабыз дешип жатса, Мисир өз жериңдин топурагы алтын турбайбы деп ойлоп койду.

Эл дүрбөп барып ары жактагы тегизге топтолушуп калышты. Мисир эч нерсени түшүнгөн жок. Элдин арасынан аппак сакалын жайкалткан, узун бойлуу аксакал чыга калды.

– Бери кел айланайын, балам, – деп Мисирди ортого чакырып алды, – сенин ийгилигиң муногу турган сенин ата, агайин-туугандардын ийгилиги. Андан да кандай кубаныч, кандай сыймык. Биз эмес бүтүндөй кыргыз журтчулугу сыймыктанат. Сенин оң кулагыңа да, сол кулагыңа да айтаар сөз бар. Биз көргөнү Россиянын Гимнин ойноттуруп, Россиянын Желегин бийикке көкөлөтүп келатасың. Ошол жерде тарбияланып, ошол жерден өнөрүңдү өркүндөтүп ушул даражага жеттиң. Бир жагы аның да туура, бир жагы россиялыктар менен аралаша жашап боор тартып калганбыз. Ошондой болсо да эмки беттешүүндө кыргыз желегин бир желбиретип коюуңду суранат элек.

– Ошент Мисир!

– Ошент Мисир!

Жаштар ортого келип, Мисирди өйдөгө ыргытышып:

– Биздин Мисир чемпион!

– Биздин Мисир чемпион! – деп жатышты.

– Болду балдар. Токтоткула, – деп буйрук бере сүйлөдү жанагы аксакал. Жаштар өз-өз орундарына туруп калышты.

– Ата салты ушундай, Мисир балам. Сендей атагы чыккан балбандарын куру койчу эмес кыргыз эли. Биринчи бул калпакты башыңдан түшүрбөй кийип жүр. Чепкен бороон-чапкындан, жаан-чачын күндөрдө

жаан-чачындан сактап жүрсүн, – деп кийгизип бүтөр менен ары жакка кол булгай калды.

– Эми бул тулпардай болуп ар бир мелдешиңде байгени бербей жүр. Урган сайын муштумуң күчтүү болсун деп бул камчыны тартуулайбыз. Аны унутпай үйүңдүн бир бурчуна илип кой. Келинчек алып бактылуу жашап жатыптырсың, колуңа куш кондурайлык. Боосунан бекем карма. Бош кармап учуруп жибербе. Анда коломтоң аңгырап, үйүңдөн береке кетип калат. Эми эмне дейли калайык-калк. Балабызга дагы бир ирет бата берип коёлу, алаканыңарды жайып койгула.

– Балам, колуңдан тап кетпесин, башыңдан бак кетпесин, ойлоруң желдей болсун, пейилиң көлдөй болсун, максатка эрте жеткин, бүркүттөй шаңшып өткүн, жакшылык жасап өткүн, элим деп жашап өткүн, Манас ата колдой жүрсүн, ишиңди оңдой жүрсүн. Омийин!

Света кыргыздын мындай каада-салтын өмүрү көргөн эмес. Бир жагы кызыга, бир жагы таңдана карап туруп, анан үйгө кирип кетти.

Мисир Красноярскидеги үйүнө келгенде ага дагы бир кат келип калыптыр. Аны Света ичин ачпай Мисирдин колуна карматты.

«Мисир, сүйүнчү, сен балалуу болдуң. Атын Болот койдум. Эмнеден экенин билбейм, ээгинин бармактай жеринде кара так болуп төрөлдү. Жаны аман болсо ал эч нерсе эмес ко. Жөн эле тагдыр экөөңөрдү тогоштурса, билип ал дегеним го. А мен жөнүндө эч нерсе ойлонбой эле кой. Турмушка чыгып алгам.

*Сенин Айжаның*».

Каттын кайдан жана кимден келгенин Света кызыга сурады эле, атамдардан келиптир деп тим болду.

Кудая шүгүр, Мисирдин жашоо-шарты көптөрдөн өйдө болбосо кем эмес. Хандын сарайындай үйү, дачасы бар. Кымбат баадагы машина сатып алган. Кайда барам десе, барат. Жолдон тосуп жолтоо болгон гаишниктерди көрө элек.Тоскон күндө да:

– А-а, бул чемпион турбайбы, – деп чест берип жылуу узатышат. А Света болсо Мисирге турмушка чыккандан бери эч жерде иштебейт. Үй иштери менен алек болуп, кээде Мисир менен машинага түшүп кыдырып кетет. Жакында Мисир ага айттырбай эле жаңы машина алып берген. Эми ал айдайм десе айдап, барам деген жерине каалаган убагында кете берет. Көбүнчө атасыныкына көп каттайт. Алар да из суутпай келип турат. Тилегендери эле күйөө баласы менен кызынын амандыгы. Кайнатасы Иван Сергеевич Мисир жөнүндө жакшы сөздөр угуп калса көөдөнүн көтөрүп сыймыктанып калат.

Баса, Виктор апасы экөө бир жашайт. Виктор бокстан жолу болбогондон кийин электр жагына окуп кеткен. Бул жагынан андан өткөн мастер жок. Табыштуу, оокаттуу болгондуктан Мисирден эч нерсе сурабайт. Берсе да албай коёт. Ксения өз апасындай болуп калгандыктан Мисир

Света экөө белекке деген болуп анын көңүлүн көтөрө турган ар нерселерди алпара берет. Светаны тим эле жакшы көрөт. Кетпе, мени менен бол дей берет. Виктор аял албай жүрөт. Күндө үч маал какшайм. Сендей эле келиним болсо кудайга миң мертебе ыраазы элем дейт. Анан үшкүрүнө, жашым да келип калды, эч болбосо келинимди көрүп өлсөм, арманым жок эле деп армандай берет.

Максим Трофимович Мисир келгенден бери машыгуулар азайып кетти деп кабагы ачылбай капа. Күчтүү боксёрлор көбөйүп баратат. Минтип жүрсөк чемпиондукту алдырып коёбуз. Анан ага жетип көр. Баса, Сергей Клименко үч каршылашын артта калтырып, жакынкы айлардын ичинде америкалык Жек Кени менен чыгат экен. Жеңгени сенин чемпиондугуңду талашат.

– Семендун баягыдагы жеңилиши эси-көөнүнөн чыгып кетпептирби? Ал шүмшүк Жекти жеңип, мени менен чыкса экен. Тим эле тери ийлегендей кылбасамбы.

– Антип мактанба, Мисир. Ал сени оңой эле ийлеп коюшу мүмкүн. Бир пайыз талант болсо, токсон тогуз пайызы эмгек менен адам максатына жетет. Мүмкүн, ал ошончолук даярдык көрүп жаткандыр. Өткөндөгү беттешүүлөрү күчтүү боксёрлордун катарына кошуп койду. Эмки каршылашы Жекти билесиң, 12 беттешүүсүндө жетөөн нокаут менен бүтүргөн. Ошон үчүн Мисир, катуу даярдык керек. Жалаң муштумга ишенип отурсаң жеңилип каласың.

Максим Трофимовичтин айткандарын эки кылбай орундатып келатат. Азыр эмне укпай коймок беле, баарына макул болуп машыгууларды жан аябай өткөрө баштады.

Ошол арада Ксения апа катуу ооруп калып, о дүйнө салды. Мисирдин жүрөгүнө тийген зор сокку болду. Канча айткан менен өз апасынан өйдө асырап, бапестеп бакты. Тентектик кылып койгондо кол көтөрмөк турсун тил тийгизген жок. Пейили кенен, колу ачык, жамандыкка барбаган, кимге болсун жакшылык тилеп жашаган жанда жок адам эле. Түн уйкусунан кетип, уктаса каяктагы коркунучтуу түштөрдү көрүп, кыйналып жүрдү көп күнгө чейин Мисир. Ушундай учурда бокска эч ким, эч жактан чакырбаса экен деп тиледи кудайдан. Анткен менен Жек Кени менен Семен Клименконун беттешүүсү так аныкталып, күнү, саатына чейин белгиленди. Максим Трофимович Мисирге бир нерсе айта салып, болбос жерден жүрөгүн оорутуп албайын деп машыкпай койгон күндөрүндө да унчуккан жок.

Мисир машыктыруучусу менен базарга чыгышып, жаңы чыккан спорттук кийим-кечелерди, спорттук товарларды карап жүрүшкөн. Ары жакта эл топтошо калганын көрүшүп экөө тең алардын жанына басып барышты. Эки адам эки короз кармап турушат. Тургандар да эки бөлүнүп алган. Ортодо акча чогултуп жүргөндөр да экөө.

– Силер кайсы тарапта болосуңар? Кана 500 рублден таштагыла.

– Коё тур жигит, элден мурда кайсы корозго күйөрман болорубузду тандап алалы.

Чаар топучан жигит акча сала турган баштыкчасын көтөрүп ары басып кетти.

– Кызыл короз чапчаң көрүнөт, ошого күйөрман бололу, Максим Трофимович.

– Жок, чаар короздун буттары балпайып, алибеттүү болуп турбайбы.

– Жок, Максим Трофимович, кызыл корозго өтөлү. Эгер ал жеңилсе, анда келерки беттешүүмдө менин жеңилишим дей бериңиз.

– Сен магияга көп ишенесиң, аныңды мен такыр жакшы көрбөйм, такыр жактырбайм. Реалдуу турмушка ишенүү керек. Бул жерде эки короз урушат. Жеңгени жеңет, жеңилгени жеңилет. Аны төлгө кылууга эч болбойт.

– Жок, Максим Трофимович, мен төлгө кылам. Эгер кызыл короз жеңилсе, анда мен рингге чыгат деп ойлонбой эле коюңуз. Ал мага берген аяны.

– Антип айтпагын Мисир, кызыл короз жеңилсе да сен рингге чыгасың!

Короздун ээлери эки корозду коё беришти. Эки короз а дегенде эле катуу салгылашууга өтүштү. Канат жая тебишип, бүкчүйө бирин бири карап калат.

– Таң калбагыла, туугандар, биринчи раунд буларда да ушундай болот,– деп ортомчу болгон судья карап тургандарды дуу күлдүрүп койду.

Чаар короз кызылдын жанын коёр эмес. Тепкенде да таамай тээп, кызылды мүдүрүлтө коёт. Максим Трофимовичтин жаны чыгып:

– Айтпадым беле Мисир, айтпадым беле Мисир, – деп улам кайталап айта баштады.

Мына чаар короз кызылдын ээк таажысын бекем тиштеп, өзү менен кошо айландырып кирди. Ал тараптагылар дуулдата кол чаап жиберишип, качан кызылды алсыздандырып качыра берер экен деп тирмийип карап турушту. Кызыл, чаар короздун кычкачтай тумшугунан кутулган менен ээк таажысы канталап калды. Тебишип, бири-бирин чокулашып отуруп экөө тең энтиге чарчап калышты. Ээлери короздорун дем алдырышып, оозуна суу куюшуп үстүнө суу чачып коюп жатышты.

– Менин корозум экинчи раундга жеткизбечи эле, эмне болуп жатканын билбейм, карачы узарып кетти, – деп чаар короздун ээси күңкүлдөп калды. Кызылдын ээси: – Менин корозум мындай эле, тигиндей эле – деп ооз да ачкан жок.

Эки корозду кайра коё беришти. Бир аз тебишкенден кийин чаар, кызылдын кылтыйып чыгып турган таажысына тумшугун матырып алып, кызылдын тартынганына карабай жакында коё бере турган эмес. Бул матырылган тумшук кызылдын мээсине чейин жетип жатса керек ко, көзүн ачып жумуп анан:

– Кы-ыйк, – деп жиберди. Быякта туруп Мисирдин бүткөн бою титиреп кетти. Чын эле жеңилип калабы? Анда, анда менин жеңилишим.

Максим Трофимович да тилин тишине басып эч нерсе дей албай турат. Анын башында бир гана түшүнүк бар. Кызыл короз жеңилсе Мисирди трос менен сүйрөгөн күндө да бокска барбайт. Ал бир айтпайт, бир айтса айтканынан кайтпайт. Мындай өжөрлүгүн аны менен бирге иштеп келаткандан бери жакшы түшүнүп, бул мүнөзүн түк туура көрбөй келатат Максим Трофимович.

Кызыл короз эптеп жатып тигинин тумшугунан бошонуп, таажысынан кан чыкканына карабай тебишүүгө өттү. Чаар экинчи ирет кызылды чокуй албады. Кайра кызыл каршылашынын таажысынан бир чокуп калды эле, кан чыга түштү. Экөө тең өпкөсүн кагып калганда ээлери токтото койду.

– Эми короздор чарчап калды. Байгени тең бөлүшүп тим койбойлубу, – деди чаар короздун ээси.

– Жок, уруштурбай койсок болот эле. Эми до конца, – деп кызыл короздун ээси орусча аралаштыра сүйлөп, сөзүнө бекем туруп алды.

– Эми туу-угандар, үчүнчү раунд, – деп ортомчу болгон тамашакөй жигит элдерди дагы бир ирет күлдүрүп алды.

Чаар короз бүт дареметин жумшап койгонбу, же жана таажысы катуу чокулуп калганбы үстөмдүгүн кызыл корозго алдырып койду. Кызыл, чаардын дал чокуган жеринен кайра чокууга үлгүрдү.

– Кыйк, кыйк, кыйк.

Кызыл каршылашынын таажысын канжалатып, жакында коё турган эмес. Чаар короздун ээсинин жаны чыгып кетип, кандайча урушуп жаткан короздордун жанына барып калганын билбей калды.

– Түт! Түт! – Кызылды чоочутуп, тумшугунан ажыратайын деди эле, ортомчу анын костюмунун этегинен тартып, ордуна отургузуп койду.

– Эрежени бузгандыгы үчүн Маматжан акага 500 рубль штраф,– деп ортомчу судья элге жарыя кыла салды.

Кызыл короздун өжөрлүгүнөнбү чокуган жерин түк коё бербей койду. Ал турсун эбин таап үстүнө чыгып оңтойлонуп отуруп алды. Чаардын таажысынан аккан кан көзүнө жакындап баратты.

– Укмушуң кургур о-о-й! Ушундай да болот экен э-э-э, – дешип таң калышып карап турушту тургандар.

– Жеңишти кызылга бериш керек.

– Чаардын күчү бар али. Коё туралы.

Кызыл тиги такыр кыймылдабай жатып калгандыктанбы, үстүнөн учуп түштү. Чаардын башы айлана түшкөнбү ордунан калтаңдап зорго турду. Турары менен кызылдан катуу соккуну жеп чалкасынан жыгылып, буттарын асмандата тыбырчылатып жатып калды.

– Жеңи-иш! – деп кыйкырып жибергенин билбей калды Мисир.

Кызыл короз Мисирдин чөгүп жүргөн көңүлүн көтөрүп койду. Анын үстүнө Светанын жаркылдап жайнап турушу, Ксения апаны эстен чыгарууга кадыресе дем. Демек, машыгууну солгундатпай, бир ай болобу, бир жылга созулабы эч бир токтотпой күчөтүү керек. Мисирдин бул оюн ырастап, Максим Трофимович да тыным албай машыктыруунун үстүндө болду.

Даярдык катуу жүрүп жатканда Семен Клименко Жек менен чыкпай эле жеңишти Жекке бере тургандыгын басма сөздөр жарыя кылып жиберди. Бул басма сөздөрдүн жаңылыштыгы эмес, чындык болуп чыкты.

– Эх, саткын, ал акчага сатылды.

– Жок, Мисир, ал куулук кылып жатат. Жек Кени сени жеңсе, ошондо ал аренага чыга калат.

– Менден коркуп жатабы?

– Мүмкүн. Сени менен мушташканча Жек менен мушташуу аз болсо да жеңилдикке турат.

Жек Кени өзүнүн бул артыкчылыгын коё берген жок. Чемпиондук курдун ээси Мисир Абдырахмановду ошол эле америкадагы Вашингтон шаарына беттешүүгө чакырды. Мисир тайсалдаган жок. Кантип тайсалдайт, бул кур түбөлүктүү эмес да. Күчтүүнүн күчтүүлөрү гана ээ болуп турат.

Вашингтондо эрте менен күн жаап, түшкө жакын күн ачылып кетти. Стадиондун ичине эл батпай, отуруу эмес, турууга орун жоктой.

Мына Мисир айылы берген ак калпак, ак чепкенин кийип, рингге чыкты. Стадиондогулар жапырт тура калышып дүңгүрөтө кол чаап жиберишти. Анткени мында отурган бокстун күйөрмандары Мисирдин кандай боксёр экенин жакшы билишет. Бир жагы Мисирдин башкача кийинип чыкканына мындагыларга кызык көрүндү.

Кыргызстандын жана Американын Гимни жаңырды. Алып баруучу ар бир боксчу жөнүндө айтып түшүнүк берди. Ортомчу судьянын үнү катуу чыкты.

– Бокс!

Жек Кенинин бою Мисирге караганда жапыс болгон менен мойну дөңгөчтөй жоон, эки ийни да, булчуңдары да буржуят. Буга чейин ошол буржуйган булчуңдардын жардамы менен далайлардын эсин оодарган. Эми да ал ойдон алыс эмес. Илбирстей аңдып, коргонуу чегин кандай бузуунун амал-айлаларын ойлоп жатты Жек. Өзүнө тийген анча-мынча соккуларды сөз дебей, ичке кирип барып, Мисирди эки курдай согуп калды. Улам үстөмдүгүн көрсөтүп алдыга жүткүнүп, Мисирди бир сокку менен кулатууну ойлоп коёт. Бирок Мисир да техникалык жактан болобу, күч жагынан болобу оңой атаандаш эмес эле. Улам соккусунан буйтап өтөт. Бирок Жек амалдуулук кылды. Акыры канаттын бурчуна кептеп алууга үлгүрдү. Жаңы гана бокс башталып, Жектин күч энергиясы

сарптала электе Мисирдин минтип туруп калышына Максим Трофимович ичине чок түшкөндөй күйүп-бышып кетти. Жек оңтойсузданып калган Мисирге эки оор соккуну узатып жиберди. Мурда мындай болуп көрбөсө да азыр мурдунан кан токтобой агып калды. Тегеректеги элдер эми рингге чыга албайт дегенсишип дым боло түшүштү. Мындайда таянар Ала-Тоо, Манасым бар. Эр жүрөк элим бар. Мен алардын тукумун улантуучу болгондон кийин мен алардай болушум керек. Эх, Жек сенин атаңды таанытпасамбы. Ой күлүк деген чын. Доктор мурунун тазалаганча ушундай ойлордо турду Мисир. Ортомчу судья да доктурдун жанында тургандыктан олку-солку болуп зорго оюнга кошту. Жек ушул соккусу дал мурунга таамай жана катуу тийгенин, Мисир аны көтөрүп кеткенине таң калды. Башка беттешүүлөрдө мындай соккуларды «жегендер» жер сыйпалап калар эле.

– Өзүңдү кандай сезип жатасың? – деп сурады Максим Трофимович Мисир эс алып жатканда.

– Катуу тийип калды. Раунд бүтүп калганы жакшы болду.

– Эми сак бол. Калыбыңа келгенче коргоно тур. Анан тигинден качпай чабуулга өт. Айтып коёюн сол колду үч жолу жумшап, төртүнчүсүндө оң колуңду.

Экинчи раунд...

Чоң ишеним менен чыккан Жек жанталаша мушташууга кирди. Тапыратып урганынын кайсынысы күчтүү болгонун четте отурган судьялар билбесе, күйөрмандар тиги кыргыз жигитти ийледи го деген ойдо дуулдата кол чаап жиберишти. Буга Мисир муюган жок. Чынында эле Жектин коргонуусу күчтүү экен. Мисир анын коргонуусун эч буза албай, айланайын кудайым колдой көр дегени менен бир да соккусун жөнөтө албай арманда. Каршылашы күчөгөндөн күчөп баратат. Он сокку жеп шалдырай түштү Мисир. Рауnддун жарымы өткөндөй болду. Жектин таблодогу очкосу жайнап кетти.

– Сага эмне болгон, Мисир! Көзүңдү ач! – деп кыйкырып жатты байкуш Максим Трофимович. Аны угуу кайда, кулактары чуулдап, башы маң болуп, акылы качан ордуна келерин билбей жатты.

– Миси-и-ир! – Светанын үнүн укту. Ал кантип келип калганы белгисиз, Максим Трофимовичтин жанында турат. Света ушул сапар да дем, күч бергенсиди. Жек болсо раунддун акырында бир катуу соккуну жөнөтүп алайын деп атырылып келатканда Мисирдин муштуму кандайча былч, былч деп тийгенин билбей калды. Мисир болгону эки сокку урганы менен жүрөгүндө зор ишеним пайда болуп, дем алууда чыйрала түшкөнүн сезди. Өткөн жылы эле барып келип таанышкан туугандарынын жүзүн тиги трибунанын алтынчы катарында отургандарын көрдү. Ышкырып, кыйкырышып жатышат.

– Мисир, сени мененбиз! Сок! Аяба!..

– Ура-а-а! Мисир жеңет.

Короз менен адам баласынын эрегиш мушташы окшош турбайбы. Байкуш чаар короз жеңүү үчүн кандай жанталашты эле. Бирок кызыл аябагандай күчтүү экен да. Акырында үстүнө чыгып отуруп алганын айтпайсыңбы деп ичинен ойлонуп жатып, өзүн өзү токтото албай күлүп жиберди.

– Көңүлүң көтөрүңкү го, Мисир. Сага эмне болду?

– Баягы короздордун урушканын эстедим да.

– Баятан бери мен да эстеп отургам. – Максим Трофимович Мисирден бешбетер ыкшып күлүп жатты.

– Азыр үчүнчү раунд. Сенин төлгөң келеби?

– Мүмкүн. Кудайдан болуп кызыл короздой жеңишке жетсем кана.

Үчүнчү раундга эч кандай мушташ болуп өтпөгөндөй Мисир рингге сергек чыкты. Жанагы эки муштумдун өчүн кайтарып, ал турсун ушул раундда бүтүрөм деген ой менен ачуун ташкындатат Жек. Бирок ар кимдин ойлонгону боло бербейт окшобойбу. Муштумун жаак талаштыра жөнөтөрдө Мисир андан ыкчамдык кылып ичке эки жолу уруп калды эле ыңк, ыңк дей түшүп ичин баса калды. Табарсыкка тийип калдыбы деп ортодогу судья дароо оюнду токтото салды. Жок, жеңил нокдаун экен. Судья билип туруп унчуккан жок. Бокс кайра башталды. Мисир качырып барып бир соккондо артка чалкалай кетенчиктей түштү. Экинчи соккусу ээкке таамай тийип, Жек чалкасынан жыгылды. Буттарын тыбырчылатып турайын деди эле туралбады. Бул чаар короздун абалы Жектин абалына окшошуп кетти.

– Европа, Азиянын жана дүйнөнүн үч жолку чемпиону Мисир Абды-ы-рахмано-ов!

Микрофондон айтылган катуу үн стадионго гана эмес, сыртта да жаңырды. Ортодогу судья Мисирдин колун көтөрдү. Стадион дүңгүрөп кетти. Өз элинде, өз жеринде жеңилген Жек уялганынан ордунан араң көтөрүлүп, бурчка барып, элди карай албай башын шылкыйтып турду. Максим Трофимович менен Виктор Мисирди колдоруна көтөрүшүп, рингди бир айланды. Мисир болсо алардын үстүндө буржуйган булчуңун, таштай түйүлгөн муштумун көрсөтүп сүрөткө тартылып жатты.

Жеңиш жана дүйнөлүк атак-даңк, жүгөн салдырбаган азоо аттай адамды көптүрүп да, өзүнөн башка кишини киши дебей акшыңдатып коёт эмеспи. Эгер Мисирдин ордунда башка киши болсо дал ошентмек. Бирок Мисирде таптакыр андай мүнөз жок. Бокста гана каардуу көрүнгөнү менен андан чыккандан кийин жөнөкөй эле манжапыс адам. Эл менен аралашып, эл менен баарлашканды жакшы көрөт. Бул интеллигент, же бул бай, же бул кембагал экен деп бөлүп жарбайт. Баары менен бирдей мамиле кылат. Максим Трофимович Мисирдин ушул жагын баалап: «Сенин айтканыңдан кайтпаганың болбосо, башка жагыңды жүз пайызга жактырам» – деп калат.

Үйдө баары бар, жетиштүү болгону менен Светанын төрөбөй келатканы Мисирди ойлонтпой койгон жок.

– Качан балалуу болобуз? – деп калат кээде Светага.

– Эмнеге ашыгабыз. Али жашпыз, – дейт Света.

– Каяктагы жаштык. Жыйырма жетиге чыгып калбадымбы.

– Отузга чыкканыңда балалуу болсоң деле кеч эмес.

– Ай, сен дарыланып жүргөндөн соо эмессиң го дейм. Жашырбачы.

– Кайдан билип жүрөсүң, – Света Мисирдин мойнунан кучактай калып эркелей кетти, – эми мындан ары антпейм.

– Биротоло төрөбөй калабы деп жаным чыгып жүрсө, ой шайтандын кызы десе-е-е. – Мисир сүйүнгөнүн жашыра албай Светаны алдына отургузуп алып бетинин эч жерин койбой өөп жатты.

Убакыт бат өтөт тура. Светанын оорлоп калганы көп болуп, төрөтүнүн күнү жакындап келатты. Өткөндө эки жолу барып доктурларга көрүнүп келген. Азыр эрте, кийин бир келип кет деген эле.

Ошол күнү Света эрте туруп алыптыр. Мисир кызуу уйкуда болчу.

– Мисир, мени доктурга жеткизип келбейсиңби. – Света жылаңач жаткан Мисирди адатынча кучактап, бетинен өөп ойготкусу келди. Мисир ныксырап, ары-бери ооналактады да:

– Дайыма сен ушинтип тынчымды ала бересиң. Машинаң туру го, айдап кете бербейсиңби, – деп ордунан тургандан эринип койду. Ошондон эки саат өтпөй Света авариядан катуу жаракат алып, ооруканага түшүп калганын кабарлашты. Светанын үстүнө доктурлар зорго киргизишти.

– Аялың менен коштошуп кал. Ал көз жуумп баратат,– деди медсестралардын бири. Чыны менен эле эч нерсени билбейт. Бир жолу гана көзүн жылтыратып ачты.

– Света-а-а! Көзүңдү дагы аччы. Мени укчу. Мени таштабачы... Сенден айрылсам кайгыда жүрүп өлөм. Кетпечи. Мени карачы, жаным...

Башы шылк эткенде өкүрүп-өксүп ыйлады Мисир. Айласы кетип жер тепкилей баштаганда ошердегилер чогулуп калышты.

– Кайрат кыл, жигит. Эми аны кайра кайрып ала албайсың. Жайын даярдагыла, – деп дарыгер сыртка чыгып кетти.

– Келинди Кыргызстанга алып кетели. Сага да эртеби, кечпи өлүм келет. Экөөңөрдүн жаткан жайыңар жанаша болсун, – деп акыл салды Абдырахман ата.

– Жок, ата, Света өз мекенинде эле кала берсин. Эгер тиги дүйнөдө чыны менен эле жашоо болсо, экөөбүз табышып алабыз, – деди.

Абдырахман ата менен Батма апа Светаны койгондон кийин да кеткен жок. Баласынын кайгысы экөөнүн тең жүрөгүн тилип турду. Анын үстүнө Мисир уйкусунан чочуп көп ойгончу болду. Света, Светочка сен кайда кетип баратасың. Коё турчу. Мына, мына жетейин деп калдым, – деп колун созуп ордунан тура калат. Ушинтип жүрүп акыл-эстен ажырап калабы деп ата-эненин жаны калсачы.

Кайгымды басамбы деп бир күнү Мисир кафеге кирди. Өзүнчө бир столдо ээн-эркин отуруп, арак ичип кызып калганда, жанына үч жигит отура калды.

– Биз сизди тааныйбыз, – деди тигилер, – сиз тамак албай эле коюңуз. Биз сизди сыйлайлы деп атайы келдик.

– Эмне, менин акчам жок деп отурасыңарбы? Кана айткылачы, канча бөтөлкө ичүүгө кудуретиңер бар. Официантка, кел бери. Столго баарын жайнат. Доллар десең, доллар мына, керек болсо бул кафени толугу менен сатып алам.

Мисир чөнтөгүнөн пачкасы менен акчасын алып чыгып столдун үстүнө таштап койду. Жигиттин бирөө ордунан тура калды да:

– Байке, биерге мынча акчанын кереги жок. Аз эле кетет. Андан көрө ичип-жеп отуралы. Сиздей чемпион менен бир отурган кандай сыймык, – деп тиги жигит акчаны Мисирдин чөнтөгүнө салды.

– Во, түшүнөт экенсиңер. Куйгула арактан, түнү менен отуруп арак ичебиз. А-а, силердин араңарда боксёр барбы?

– Үчөөбүз тең боксёрбуз.

– Абдан жакшы болду. Кимиңер мени менен чыгасыңар?

– Курсакты толтуруп, арактан ичип алалы, байке. Андан кийин күч сынашып көрөлү. Кана, алып жиберели.

Тиги жигиттин алып жиберели дегени эле бүтпөй койду. Ошентип отуруп Мисир бокска чыкмак түгүл бирөөнүн бетинен шалпылдатып өөп жатканын бир билет...

Түшүндө Светаны кубалайт. Жетпейт. Кар баскан бийик тоонун үстүнө чыгып кетет Света. Жанталашып ага чыгып мына жетейин дегенде көздөн кайым болуп кетет. Албуут аккан дайрадан көрөт Светаны. Агып кетем деп ойлобой дайрага түшөт. Жетейин дегенде дагы көздөн кайым болот. Ушинтип кыйналып жатып ойгонуп, көзүн ачты. Эки жагын карады. Жалаң бомждардын арасында жатканын көрдү. Оңгондору жок баары апсайган-сапсайган. Экөө тиги жерде куса албай термелип турат. Жанында жаткан картаң киши:

– Сен чемпион Мисир Абдырахманов эмесиңби? – деп ордунан туруп Мисирди карап калды, – заманың менен куруп кал э-э-эй, ушундай кишилер да түшөт экен ээ бул жерге.

– Аксакал, мен ал эмесмин. Анын инисимин.

– А-а ошондой дейм да.

Мисирдин башы айланып баратат. Тамагы кургап, суу ичкиси келген менен эч ким бир тамчы да суу таап бере турган эмес. Ары-бери басып кайсалактай берген соң жанагы киши:

– Арак бар. Ичип алсаң башың басыла түшүп, денең жайылып, жыргай түшөсүң, – деп стакан менен бөтөлкөнү шагыратып так Мисирдин маңдайына тура калды. Экөө эки стакан ичишти. Мисирдин

башы басылбай эле кайра катуу ооруп, ал мээни кемирип кесип жеп баратат.

– Эшикте сизди кишилер күтүп жатат, – деди милиционер жигит кирип келип.

Сыртта Виктор менен Максим Трофимовичтер туруптур. Экөөнүн тең кабагы кар жаагандай бүркөк. Дулдуюп унчукпай келатып чөнтөгүн карады. Бир тыйыны да калбаптыр. Кечээги үч жигиттин кандайча жанына отура калганын ошондо гана түшүндү.

– Мунуң жеткен уят ко, – деп, анан күлдү Максим Трофимович, – соолуктуруучу жай жакшы бекен?

Мисирден жооп болгон жок. Үйгө түксүйүп кирип келгенде Абдырахман ата да, Батма апа да унчуккан жок. Кантсин күйүттөн го. Бир жолу мас болсо мас болгондур деп койду өздөрүнчө. Мисир да арак жаман жакка апарарын жакшы түшүнгөн менен отуруп-отуруп ичи күйүп чыкканда, ал өрттү басам деп кайра эле ичип алат. Ал турсун өмүрүндө тартпаган тамекини оозунан түшүрбөй калды. Мисирдин мындан аркы келечеги кандай болорун Максим Трофимович да түшүнбөй келет: – Арακты кой, тамеки тартканды ташта, машыгууну өткөрөйлүк, дүйнө эли аренадан көргүсү келип жатат – дейт. Света менен менин карьерам кошо куруду. Мен эми чаар короздой бутумду тыбыратып жаткым келбейт дей салат. «Мейли аренага чыкпасаң чыкпа, аракты таштачы, ушуну эле суранам» – дейт Максим Трофимович.

Арак кимди гана оңдуруп коймок эле. Ал күчтөн тайып баратканын билип жүргөнү менен көптөн бери өзүн күзгүдөн да карабаптыр. Мына күзгүнүн жанына келди. Баягы Мисир жок, өзүн өзү таанбай турду. Болтойгон бети шылынып, көздөрү үлдүрөп, кулактары эле делдейет.

– Биз сен деп келсек, бул жерде жашоо болбой калды,– деди бир күнү Абдырахман ата, – биз эми кетели. Аракты таштап адам болуп калсаң бизди издеп барарсың. Барбасаң эмне демек элек, өз билгениңди кылып жүрө бер.

– Эмне деп жатасыз, ата?

– Уккан жоксуңбу? Биз кетели деп жатабыз.

– Чыдабай калдыңарбы?

– Ооба.

– Сиз эки айга чыдабай жатасыз? Апам канча жылга чыдады эле. Мен канча жылга чейин чыдап жашадым эле. Эми мунун баары сиздин эсиңизден чыгып кеттиби?..

– Кой, Мисир, атаң менен айтышпа. Биз эч жакка кетпейбиз. Сенден башка дагы колубузга кармаар бала болсо, анда иш башка эле. Маңдайыбызга бүткөн жалгызыбыз болгондон кийин баарын көтөрөбүз, Мисир. Суранаарыбыз эле аракты таштачы.

– Светадан ажырагандан бери жашагым келбей жүрбөйбү. Ал кандай сүйкүмдүү, жароокер жан эле. Эми андайды издеген менен эч жерден таба албайм.

– Минтип мүңкүрөй берсең өзүңдү жоготуп аласың, балам. Ансыз да келечегиңдеги даңгыр жолуңду буудуң окшойт. Эгер ишенимден кете элек болсоң айтчы, ага да макул болойлук.

– Ишеним бир убакта келсе келер. Азыр өзүмдүн ал-абалымды түшүнүп турам. Мен мурункудай эмесмин. Анын үстүнө Ксения апаны, Светаны каралачу элем. Эми каралай турган эч кимим жок. Красноярскинин элине, жерине ыраазычылыгымды билдирип, Мекениме, Кыргызстаныма кетишим керек. Ал эми арακты болсо бүгүндөн баштап кан буугандай токтотоюн...

Максим Трофимович үйгө киргенде Мисирдин соо отурганын көрүп сүйүнүп кетти. Мейли, ичип жүрдү. Ал-күчүн жоготту. Бирок анын баарын кайра жарым жылдабы, бир жылдабы калыбына келтирсе болот да. Демек, анда дагы бир шанс бар деп өзүнчө ойлонуп койду машыктыруучу.

Батма апа дасторкондун үстүнө бар тамагын жайнатып, бир бөтөлкөнү коё салды.

– Муну ким ичет? – деп Максим Трофимович Мисирди карап койду.

– Конок шаанисин кылып ичип койбойсузбу, Максим Трофимович.

– Мейли, сен ичсең мен да ичем. Жалгыз ичип түк көрө элекмин.

– Мен бүгүндөн баштап ичпейм деп убада берип койдум ата-энеме. Мен бир гана сүйлөйм го. Аны жакшы билесиз, Максим Трофимович.

– Билем, билем. Анан боксту эмне кылабыз? Семен Клименко беттешүүгө чакырып жатыптыр.

– Айтып кой, Максим Трофимович, стадиону жок эле жерде, беттешүүгө чыгат – деп. Ал мени мындан ары Красноярскиден эмес, Бишкектен издесин.

Максим Трофимовичтин көзү чакчайып кетти.

– Тамашалабасаңчы.

– Тамашасы жок, Максим Трофимович. Шарт ушундай болуп калды. Мен сизге өмүр бою ыраазымын. Ушул даражага жеткизген сиз болдуңуз.

Максим Трофимович тилин жутуп алгандай эч нерсе дебей туруп калды...

* * *

...Эртеси аялдамага эрте келдим десе, дагы эле тиги бала өзүнөн эрте келип, кичинекей отургучуна отуруп калыптыр.

– Ботинкаңызды майлап берейинби, – дейт шашыла.

– Мейли. Автобус өтүп кетсечи.

– Өтпөйт. Мен бат эле... – Бала колдорун шыпылдата бир жерине кыл жаткызбай майлай салды.

– Атың ким?

– Болот.
– Атаңдын атычы?
– Курулуш.
– Жалган айтпачы.
– Чын.
– Андай болсо апаңдын атын айтып койчу.
– Айжан.
– Айжан?.. Ал каякта?
– Түрмөдө.
– Сен жакшы бала экенсиң. Түрмөгө кантип түшүп калганын айтып бере аласыңбы?
– Айтып бере алам.
– Анда айтчы. Сен чындыкты айтып берсең, билесиңби, мен сага велосипед сатып берем.
– Атам күндө мас болуп келчү. Мас болгон сайын апамды урчу. Анан мага асылчу. Бул менин балам эмес, көзүн курут дей берчү. Апам аны кет десе да кетчү эмес. Анткени биз отурган тамды апам сатып алган да. Эптеп бир жыл жашады. Бир күнү мас болуп келип экөөбүздү тең тамдын бурчуна тургузуп алып, силерди өлтүрсөм там меники болот деп колуна балтаны алып, экөөбүздү карай ыргытып жиберди эле ал бизге тийбей дубалдан ыргып барып кроваттын жанына түшкөн. Ал кайра бизди урайын деп келатканда апам аны күч менен итерип жиберген. Кроваттан же балтадан экенин билбейбиз, чекеси айрылып канап чыкты. Анысына карабай:
– Жоголгула. Бул тамга басып келсеңер өлтүрөм деп эшиктин илгичин илип кирип кеткен. Бир сааттан кийин келсек өлүп калыптыр. Жанжанынын баары кан. Анын баарына күнөөлүүсүң деп апамды жети жылга камап салды. Бир жылдан кийин бошоном дейт. Билбейм, келерине да ишенбей калдым. Үй бузулуп кетпесин деп жетимиштеги чоң апамды апкелип таштаткан. Экөөбүз жашап жатабыз. Анын пенсиясы бат эле түгөнүп калат. Анан мен жардам берейин деймин да.
– Чоң апа дегениң Курулуш атаңдын апасыбы?
– Ооба.
– Сотто болгонду болгондой айтып бердиң беле?
– Айткам. Апамды бошотпой коюшту го.
– Сенин чыныгы атаң ким? – деп сурадың беле апаңдан.
– Сурагам. Боксёр деген.
– Мисир деген жок беле.
– Билбейм ушуга окшош ат болчу.
– Мени карачы.
– Эмнеге?
– Ээгиңдеги кара так кичинекейиңде эле бар беле?

– Ооба.

– Сен менин балам экениңди билесиңби?

– Билбейм.

– Билбесең, билип ал. Мен сенин атаңмын.

– Ата-а-а! – Мисирдин мойнуна жармаша түштү, – мен сиздин табарыңызды ишенип жүргөнмүн. Мен жетим эмесмин, атам келет деп жүргөнмүн. Менин атам боксёр деп жүргөнмүн. Чын эле боксёрсузбу?

– Чын эле боксёрмун. Биерде боксёрлордун клубун ачканмын. Сени өзүмдөй кылып боксёр кылып өстүрөм. Сен ыйлабасаң, балам. Боксёрлордун көзүнөн эч убакта жаш тамбайт.

– Апама барабызбы?

– Барабыз, балам. Эртең эле барабыз. Сени кошо ала кетем. Үчөөбүз, анан чоң ата, чоң апаларың бар, бирге жашайбыз. Көрөсүң го, эң бактылуу адамдардан болобуз.

Эртеси баары Мисир айткандай болуп чыкты. Түрмөгө барып Айжанды чакырып алышты. Айжан таң калды. Нечен ай, нечен жылдар көрүшпөй жүрүп Мисирди эсинен чыгарып коюптур. Анан да канынан жаралган баланы таап, бул жерге өзү келет деп ким ойлоду дейсиң.

– Айжан, саламатпы?

Айжан али өз көзүнө ишене албай, араң баш ийкеп, анан көз ирмебей карап турду.

– Мен сага келдим, Айжан. Бишкекке көчүп келгем. Төрт жылдан бери жалгызмын. Болот менен акылдаштым. Ата, сени менен жашайм дейт. Ал эми түрмөдөн чыгарып кетүүгө бар күчүмдү жумшайм.

– Мени эмне кыласың. Башкадан бакыт тап. Мен куруюн, тагдырдан жолум жок жан болдум, – деп телмире жер карады.

– Балдар үйүндө дайыма ээрчишип бир жүрчү эмес белек. Аны унутуп коёсуңбу? Тагдыр ошондо эле экөөбүздү жакындаштырып койгон. Аны сен эле унутуп койбосоң, мен эч качан унуталбайм.

– Убактыңар бүттү, – деди милиционер жигит.

Айжан экинчи кабатка чыгып, терезенин жанына келди да, жол жакты карап турду.

Мисир зонадан чыгып, көчө боюндагы күркөдөн баласына балмуздак алып, колуна карматты. Машинасына отуруп айдай бергенде машинанын артынан кара түтүн бурулдап чыкты. А Айжандын жүрөгүндөгү ээлеп алган кара түтүндөр эми гана тазара түшкөндөй болду...



**МОМУНОВ Баялы** – *«Кыргыз почтасы» мамлекеттик ишканасынын Аксы райондук филиалынын Кызыл-Жар почта бөлүмүнүн башчысы.*

*Айылдык акын*

## Баары оңой

*Айтканга дайым иш оңой,*
*Таптасаң чыкса ат оңой.*
*Кетирбей кармап отурса,*
*Кекилик алган куш оңой.*

*Кетирип койсоң кемчилик,*
*Кенебей айткан сөз оңой.*
*Көйгөйлүү ишти азайтып*
*Сөз менен айтса бул оңой.*

*Жылдырып жылыш кылбасаң,*
*Жылбышып түшүү – бул оңой.*
*Өзүңдү билбей башканы,*
*Сындасаң дайым бул оңой.*

*Көкүрөктө кубат жок,*
*Кызматка барсаң бул оңой.*
*Күрүлдөп сүйлөп, көөдөндөн*
*Көйкөлүп бассаң бул оңой.*

*Жактырбай калса эл-журтуң,*
*Жатасың турбай – бул оңой.*
*Ойлонуп кызмат кылыш шарт,*
*Айтканга дайым иш оңой.*

# *Ниет*

*Сүйгөнмүн дале сүйөмүн,*
*Сен менен бирге жүрөйүн.*
*Көңүлдө калган кээлерди,*
*Көрбөйлү, артка сүрөйүн.*

*Сүйгөнмүн дале сүйөмүн,*
*Алтыным сен деп жүрөмүн.*
*Сезбестен салган тактарды,*
*Сезбей кой, артка сүрөйүн.*

*Сүйгөнмүн дале сүйөмүн,*
*Сен күлсөң кошо күлөйүн.*
*Карылык келди көрүнөт,*
*Картайба, артка сүрөйүн.*

*Сүйгөнмүн дале сүйөмүн,*
*Бактыңа аман жүрөйүн.*
*Сен жакка соккон шамалды,*
*Тийгизбей, тосуп турайын.*

*Сүйгөнмүн дале сүйөмүн,*
*Жүрөктүн тапкам түнөгүн.*
*Амандык үчүн күрөшкүн,*
*Кемпир, башкасын артка сүрөйүн.*



**ТУКЕНАЛИЕВ Кулмат** – *1984-жылы Нарын облусунун Кочкор районундагы Кызыл-Дөбө айылында туулган. Алгачкы ырлары мектеп курагында Кочкор райондук «Эмгек Туусу» гезитине жарыяланган. Кесиби – журналист. КТР маданий-агартуу программалар студиясында, «Жаңырык апта» жана «Асман-Пресс» гезиттеринде иштеген. Кыргыз Россия биргелешкен билим берүү академиясынын студенти.*

*Түшоо кесүү*

## Атамдын бубак чачтары

*Түшүмдө көрдүм бийик асканы,*
*Ал асканы аппак туман каптады.*
*Ал эмнеси айткылачы билсеңер,*
*Ал – атамдын карып бара жатканы.*

*Улуу тоонун ою, кыры, түздөрү,*
*Уйпаланган сары чөптөр күздөгү.*
*Издер жатат тоонун бетин бербестен,*
*Ал – атамдын өмүр жолу, издери.*

*Тоолор менен айкалышып өмүрү,*
*Ошол тоодой пейили да, көңүлү.*
*Атам аска, тоо, бел биз үчүн,*
*Секиси бар, жайлоосу бар өрүлүү.*

*Барат дале ошол тоонун боорунда,*
*Бирок азыр таягы бар колунда.*
*Шашпай басып келет улам өрүүлөп,*
*Өзү салган ушул өмүр жолунда.*

*Бул өмүрдө кандай жолду баспады,*
*Далай ашып дабан тоону, асканы.*
*Баарын-баарын жеңип келген атамдын*
*Бул эмнеси, карып бара жатканбы?*

*Мен түшүмдө көрдүм бийик асканы,*
*Ал асканы аппак туман каптады.*
*Ал эмнеси айткылачы билсеңер,*
*Ал – атамдын бубак баскан чачтары.*

## Соок суум

*Доошуңа капчыгай жаңырып,*
*Кылымдан келесиң агылып.*
*Жаныңдан алыстап кеткенде,*
*Каламын кайтканча сагынып.*

*Жээгиңде балалык жүгүрүп,*
*Буттарын тизеге түрүнүп.*
*Балыгың кубалап ойногон,*
*Ал күндөр арт жакта сүрүлүп.*

*Жээгиңди бойлоюн азыр да,*
*Мүнөт бер, сен турмуш, азгырба.*
*Ойногон мен бала күнүмдөй,*
*Шаркырап коюлган агымга.*

*Ал агым балалык майданы,*
*Тийиптир алыска майнабы.*
*Балалык өтүптүр билинбей,*
*Ойногон, мына бул сайдагы.*

*Жаркырап күн нуру чагылып,*
*Шашасың кайдадыр чамынып.*
*Бара бер Сөөк суум токтобой,*
*Кылымдан кылымга агылып.*

## Айылым

*Кызыл-Дөбө – куттуу үйүм, турагым,*
*Мен өзүңдүн коюнуңда турамын.*
*Боор тартып тоолоруңда чоңоюп,*
*Өтөлгөлүү өмүр жолун уладым.*

*Кызыл-Дөбө – катарлашкан көчөңдү,*
*Өмүрлөшүп эркин басып өтөмбү.*
*Же турмуштун агымына куланып,*
*Ошол бойдон алыс агып кетемби?..*

*Кызыл-Дөбө – топурагың асылдан,*
*Мен түгөнсөм, ырлар калсын жазылган.*
*Сени дагы далай-далай жазаармын,*
*Тирүү турса ушул – асыл жан.*

*Кызыл-Дөбө – жүрсөм дагы алыста,*
*Сени эстеймин, эки көз төрт барышка.*
*Жарышаармын агымында дайранын,*
*Эгер жашоо салса мени жарышка.*

*Кызыл-Дөбө – караанына кагылам,*
*Жүрсөм алыс эңсейм сени, сагынам.*
*Алпештеген ата-энемдей кымбатсың,*
*Баардыгынан, баардыгынан, баарынан.*

*Детектив*



**КӨЧӨРАЛИЕВ Осмонбек Жумадинович** – *1961-жылы Талас облысынын Бакай-Ата (мурунку Ленинполь) районунун Боо-Терек айылында туулган. Кол алды чыгармасы окурмандарга сунуш кылынды. Учурда Чүй областынын Сокулук районунун Ак-Жол айылында жашайт.*

# АРИСТОКРАТКА

Көзгө сайса көрүнгүс караңгы көчөнүн ийри-буйру жолдору менен илбирстей жеңил басып бир караан келе жатты. Тунжураган бейкуттуктагы бул жер, өзгөчө түнкүсүн кооптуу дегендиктен, жеке-жарым адам жүрүүчү эмес. Көбүнчө зарыл жумушу чыгып калгандар эле аргасыздан жүрүп калбаса.

Өзүнүн кылымга тете созулгандай өмүрүндө жигит биринчи жолу «муш» дүйнөсүнөн да башка дүйнө бар экендигине, анын таалим-тарбиясына ой чаргытып, ага арбалып келе жатты. Демейде анча-мынча кыйшаңдап өзү тийишкендер болсо же нары, же бери болуп, бийик тосмодон секирип түшүп квартирасына кирип кете бермек. Бүгүн анте алган жок, кимгедир ызырынып, канчалык мушу түйүлүп, жүрөгү туйлап, каны дүүлүгүп бара жатса да акыл-эсин токтотуп келатты. Жаңы эле жөөлөй өткөн эки караанга көңүл да бурган жок, жөөлөмөк тургай уруп кетишсе да кол кайрыбайт беле, ким билет.

Көз алдына азыр өзү келаткан ак сарайдагы бирин бири «сиз» дей сүйлөшүп, муунуп бара жатса да галстугун чечпей бир колуна бычак, бир колуна вилкасын учкай кармашып, билинер-билинбес кыймылда тамак ичип жаткан мырзалар менен айымдар элестейт.

Кулагына «парламент», «капитализм», «революция», «социализм», «теория» деген сөздөр жаңырып жатты. Жигит үчүн бул чоочун да, өөн да сөздөр болучу.

Алар менен бир дагы сөз сүйлөшө алган жок, алар да жигитке көңүл бурушпады. Бир гана Лединин ага көңүл буруп жаткандыгы байкалып турду...

Чубашкан ойлордун кучагында келе жатып, үйүнүн тушуна келип калганын өзү да байкабай калды. Адатынча бийик дубалдан секирип түшүп, үйүнө кирип кетти.

Канчалык көзүн жуумп, уктайын десе да уйкусу качат. Кээде бирөөгө ачуусу келсе, кээде бирөөнүн акылын, жылуу сөздөрүн уккусу келет.

Бүгүн биринчи жолу шефине калп айтты, ооруп жатам деп. Көптөн бери күттүргөн мелдешине барбай калды. Корккону үчүн эмес, өз акыл-эсине алы жетпей калганы үчүн.

«Деги бул мага ким? – дейт кыялында, – үйлөсөң учуп кетчүдөй, кармасаң сынып калчудай болгон байдын кызы. Бул эмне үчүн мага өз ойлорун таңуулайт, эмне үчүн мени башкарат?» Мындай ойлор океандын үстүндөгү кубалашкан толкундардай болуп, улам жээкке урунуп, бирин бири жокко чыгарып жатты. Бир кызга берген убадасы үчүн көптөн бери күттүргөн таймашка барбай калганына ичи ачыша өкүнүп да кетти. Боло турган таймашта өз болжолунда «Шакал» аттуу мушкер менен беттешмек. Бирок «Шакал» өз атына жараша шакал-чөө эмес эле. Ал өлүмдөн да кайра тартпаган өжөр, тайманбас «Шакал» болучу. Анын шакалдыгы дайыма душманынын алсыз жерин издегенинде билинчү. Дал ошол жерин өзүнө негизги бута кылып алуучу да эбин таап, кайра-кайра катуу сокку уруучу. Алсызданган душманын эч убакта аячу эмес, аёо сезими анда жокко эсе. Бир гана судьянын ортого түшүүсү менен каршылашкан душманынын жанын сактап калышар эле.

– Мейли, бул өттү, – деди жигит Шакалдын сеңселген сары чачтарын, бир караган кишиге аянычтуу да көрүнүп кеткен тамтыгы жок тырык беттерин көз алдына элестете.

Эмки беттешүү ишемби күнү болмок. Ага эмнеси болсо да барам – деди жигит. Жүрөгү алып-учуп, каны дүүлүгө, булчуң эттери чыңала түштү. А бирок ишемби күнү Леди менен китепканага бармак, ага алган тапшырмаларын айтып бериши керек эле да. Бул тоскоол жигиттин акыл-эсине аша алгыс аска, кече алгыс дарыядай да көрүнүп кетти.

Ишемби күн. Сааттын жебеси бүгүн эмнегедир бир жакка шашып жаткандай көз ачып-жумганча үчкө барып такалды. Саат бешке же Ледиге, же барам деп сөзүн берип койгон таймашка баруусу керек эле. Албетте, таймашка даяр болучу. Бирок Лединин берген тапшырмаларына даярдана албай калды. Чоң тамгалар менен жазылган жука китеп жатка окуу жана сегиздин жадыбалын жатка айтуу эле. Кечинде жакшы эле аракет кылгандай болду, бирок тамгаларды бири-бирине кошуп шар окуу кыйын болду. Акыры көздөрү уюп, уйкусу келе баштаганда гана китепти жапты. Жадыбалды жаттоо, китепти окуганга караганда бир аз

оңойго тургандай болду. Алдыңкы санга улам сегизди кошуп кете берүү керек. Буга чейинки сандардын таблицасын жаттоодо чоң тажрыйба алып калган эле.

Тунжураган ойду телефондун коңгуроосу бузуп кетти. Үч жолку чакырууга жооп берген жок. Эмне кылар айласын таппай башы катып турганда, дагы бир жолу чакыруу келди. Аргасыздан калп айтууга мажбур болду:

– Катуу ооруп жатам. Эртең саат бешке, сөзсүз, барып калайын, – деди. – Жок, жок чын, – деп, дагы бир нерселерди айтып түшүндүрүмүш болуп жатты.

Акырын келип эскилиги жетип кыйчылдаган керебетине сулк кулады. Жонунан оор жүктү алып салгандай болуп:

– Оф! – деп терең үшкүрүнүп жиберди. Саат төрт болду, бешке барып калуусу зарыл. Курсагынын чындап ачканын эми гана билди, ичи ачыша жакшы тамакты эңсеп кетти. Тамак салган тумбочкасында жарым бөлкө каткан нандан башка кошуп жээрге эч нерсе да жок экен.

Эшикке чыгып, муздак сууга жуунду да ала келген бир кружка суусу менен нандан жеп алып, жолго чыкты. Жарым саатта барып калуусу керек, таксиге акча жок, чөнтөгүндө 5 эле сому калыптыр.

Бара турган жерине 20 минут кечигип барды. Алгач шефке жолугуу үчүн телефон аркылуу өзүнүн келгендигин билдирди. Заматта жанына бир киши келип, ичкери кириштi.

– Бүгүн өтө жооптуу кармаш балдар, – деди шеф жигитке жылмая карап. – Ставка да ошончо чоң. Бул оюнда жеңип берсең, эмки оюндан баштап акчаң көбөйөт, – деп, бир аз тунжуроодон кийин бу жолу «Пантера» менен чыгарын эскертти.

Көп өтпөй кичинекей бөлмөдө жигит дене-боюн кыймылга келтирип, «мушташка» даярданып жатты. «Пантераны» ал билчү. Бирок бир да жолу же мушка чыгып, же башка бир мамиледе болгон эмес. Денеси ичке көрүнгөнү менен бир да жеринде ашыкча майы жок, жалаң булчуң эле. Ыгы келе калганда душманына атырылып келип бүт денеси менен чагылгандай тийүү анын ишенген ыкмасы эле. Анын кудай ургандай тез таамай мушуна эч ким туруштук бере алчу эмес. Өткөндө тоодой болгон «Быкты» кулаткан. «Бык» дал эле быктай болучу, бою да, көлөмү да.

Кыймылга денеси жибип, булчуңдары чыңала каны ойной баштады. Залдагы кыйкырыкка ого бетер делебеси козголуп, азыр тирүүлөй отко түртүп жиберсең да кайра тартпачудай абалга келди. Бул кыйкырык жигиттин бала кезинен берки кулагына сиңип калган сүрөөн эле. Дал ушул кыйкырык муш дүйнөсүнүн көркүн ачып, жигитти өзүнчө бир башка дүйнөгө алып кирер эле. Асманда каалгып жүргөнсүп акыл-эсине бүт дене-бою баш ийе ар бир тийген мушунан чексиз ырахат алчу.

Бир гана нерсе: ичи ачышып, даамдуу, ачуу нерсениаймап-аймап жеп алгысы келди. Ишке кирип чыңалган булчуңдары азык, тамак сурап жаткандай жигиттен.

Эшиктен кирип келген киши даярсыңбы дегендей аны сынай карап алды да, оң колу менен жол көргөзө алга басты.

Кол чабуулардан жигиттин кулагы туна түшүп барып өзүнө келди. Чын эле алдында «Пантера» турду. Анын келишкен денеси даана «Пантера» экендигин дагы бир жолу далилдеп турат. Үч жолу алга, үч жолу артка аласалып секирди. Үч жолу тең бутунун учу менен ийиле туруп калды. Анын түрүндө ачуулануунун да, коркуунун да эч белгиси билинбейт. Кадимки суунун үстүндө басып жүргөн сыйкырчыдай, учуп жүргөн көпөлөктөй өзүн жеңил-желпи сезет. Анын кыймылы мушташ искусствосунда азамат экендигин дагы бир жолу далилдеп турду.

Жигит атайын мушташ искусствосунун таалим-тарбиясын алып, машыгуу мектебинен өтпөсө да, «турмуш» деген улуу мектептен өткөн.

Анын он тогуз курактагы жаш денеси ийсе сынчудай, күйгүзсө күйчүдөй, муш эмес темир менен чапса да өтпөчүдөй сезилчү. Анын эч бир тоскоолдуктарга моюн сунбаган чымыр денеси кылымдар бою ачка коюп, төрт тарабы жанаша аска менен курчалган орго салып койсоң да чыгып кетчүдөй эле. Бир гана кемтиги: сол колунун бала кезинде билектен сынган жери. Ошол жерге гана таамай муштарды тийгизбей сак болуусу керек.

Бешинчи раундда гана жеңиш «Пантера» жакка ооп баратканы билине баштады. Жигит чарчабаганы менен тамак сурап түңүлгөн булчуңдары акыл-эсине баш ийбей улам барган сайын алсызданып, шалдырай тийген мушка туруштук бере албай жатты.

Алтынчы раундда «Пантера» чечүүчү сокку берүүгө өттү, өзүнүн «Пантера» экендигин көргөзө баштады. Чекесине тийген согончоктун күчүнөн жигиттин көзүнөн от чагыла түштү. Ал менен кошо экинчи муш келип оң көзүнө кадала түшкөндө теңселе түшүп аз жерден жыгылып кала таштады. Дүйнө тарып мунарыктай түштү. Өзүнүн коргонуу чеберчилигин жогото түшкөндөй болду. Дал ушул мезгилде бактыга жараша коңгуроо кагылып, алтынчы раунддун бүткөндүгүн жарыялады.

Бир минуталык эс алуу жигитке кылымга тете созулуп кеткендей болду. Эртең Ледиге, сөзсүз, барышы керек. Алган тапшырмаларын аткарып, китепти окуп, сегизге чейинки таблицаны жатка айтып бериши керек. Андан кийин чынын ачык айтып, ага экинчи барбайт, экинчи алдабайт. Ал өмүрүндө эч кимди алдаган эмес. Өзүнүн адам кейпин кийген бөрүлүк турмушунда, өлүм менен өмүрдүн бычак мизиндеги кыл көпүрөсүндө кан менен терин төгүп гана оокатын таап жечү. Ал өмүрүндө адам турмушундагы алдоо, чыккынчылык, өлтүрүү деген байлыкка, бийликке болгон оюндарга катышып көрө элек болуучу. Балким, ушунусу менен

асман-жердей айырмачылыгы бар Леди мырзайымга кызыктуу да, сырдуу да, табышмактуу да көрүнүп келсе керек.

Дал ушул бир минутача эс алууда Лединин «алдамчы» деген элеси көз алдына тартылып аткандай болду. Бул элес өмүрүндө бир дагы адамдын таарынычын же мээримин көрбөгөн, туйбаган көчө бандити үчүн өзүнчө бир табышмактуу сырдай да болуп кетти. Анын «бөрүлүк» турмушта жашаган жүрөгүнө кандайдыр бир белгисиз жактан жылуу кан кошулуп жаткандай болду. Акыл-эси тунара, кулагы ачыла түштү.

Жетинчи раундга чакырган коңгуроо кагылып, эки мушкер тең ортого чыгышты. Дүркүрөгөн кол чабуулар узакка созулду. Элдер ушундай оор абалда турса да коркпой Пантерага чыгып жаткан жигитке кол чаап жатса керек эле. Пантера пантералыгын кылып «жеңилип бер, мен сага эч кандай жаракат кылбайын» дегендей белги берди. Бирок жигит азыр тирүүлөй отко салып жиберсең да артка тартпайт болучу. Булчуңдары чыңала кылымга тете созулгандай муш турмушундагы тажрыйбалары жардамга келе баштады. Жүрөгүнөн чыккан ысык кан денесинин ийкемдүүлүгүн, күч-кубатын да ченемсиз жогорулатып жибергендей болду. Ал азыр Пантеранын жанында чыныгы пантерага айланды. Ыгы келе калганда бетке муш жеп теңселе түшкөн Пантераны сол колу менен моюндан кыса жамбашка салып урду. Балыктай туйлаган Пантера өзүнүн чапчаңдыгы менен туйлап олтуруп, кучагынан чыгып кетти. Кармаш эми чындап башталды. Экөө тең өлүмгө чейин мушташабыз деп убада берип алышкандай. Буларды токтотуу эч кимдин оюна келбегендей. Тескерисинче, улам күчөй дүркүрөгөн кол чабуулар булардын өлүмү менен гана бүтчүдөй, ага чейин буларды эч ким токтото албачудай сезилет. Акыры барып күч жигит тарапка өтө баштагандай болду. Анын каны күйүп, ар бир урган мушунан ырахат ала баштады. Ал жаш кезинде, али бала кезинде ар бир урган мушунан ушундай ырахат алуучу эле. Бул дүйнө – муш дүйнөсү анын тагдырына, жазмышына жазылган дүйнө эле. Аны дагы бир жолу өзүнүн кыл көпүрөсүнөн алып өткөндөй болду.

Бети-башы канга боёлуп, таанылбай калган Пантераны эки киши жөлөп алып кетишти. Анын турууга чамасы жок болчу.

«Бирөө өлүп жатса, бирөө күлүп жатат» деген сөзү материалдык дүйнөнүн өнүгүшүндө кан менен терден, жан ооруганда онтогон үндөрдөн, алдануулар менен алдоолордон турган «цивилизация» деген көркөм боёктор менен боёлгон терминдин тамыр алдын эчак эле айтып койгондой.

Дуулдаган кол чабуулар кийинки мушкерлердин ортого чыгып, өз өнөрлөрүн көргөзө баштаганда гана араң барып басылгандай болду. Пантера менен Жигиттин муш оюнуна тойбой да, канбай да калган көрөрмандар кийинки мушкерлердин оюнуна анча көңүл бурушпагандай болуп, залда тунжураган жымжырттык өкүм сүрөт.

Бул оюн башка шаардан келген көрөрмандардын алдында өзгөчө ушул Бишкектеги атаандаштардын алдында клуб ээси-эңгезердей болгон Кара баатырга аброй алып келгендей эле болду.

Жыйырма төрт жаштагы жыландай ийилип, илбирстей буйтаган тажрыйбасы мол Пантеранын кайдагы бир көчө тентегинен жеңилип калышы өзгөчө муш күйөрмандары менен ушул кесиптин бизнесчилерин ар кандай ойдогу талаш-тартыштарга алып келди. Кээ бирлери Пантера байкабай талуу жерине тийгизип алды десе, кээ бирлери жигит жашыруун күч берүүчү дарыны пайдаланды дешип, ал эми дагы бирөөлөрү таптаза ойго келбеген табияттын жашыруун күчтөрүн пайдаланганын айтып жатышты.

Эмнеси болсо да Пантера менен жигиттин мушташы ушул кесиптин күйөрмандарын эле эмес кимдин жеңиши, кимдин өлүмү – баары бирдей жандуу оюн гана катары, эрмек үчүн гана көрүүчү колунда бар менчик ээлерин да орто жолго калтырган жок.

Жигит түшкө жуук гана араң ойгонду. Эч нерсеге табити чаппай, жүрөгү айланып тургандай болгону менен курсагы ачып, тили оозуна батпай суусап калган эле. Ордунан турууга кылган аракетине жанчылган денеси алсызданып, бой көтөрүүгө мүмкүнчүлүк бербечүдөй болгону менен анын эркине дайыма көз каранды болуп келген денесиндеги оргуштаган жылуу каны чексиз күч-кубат кошкондой болду. Теңселе туруп эски чайнегиндеги суудан шимире-шимире жутту да, көпкө тура албагандыктан каткан нандын үзүмүн колуна кармай: «Оф» – деп терең үшкүрүнө келип ордуна жата кетти.

Сол колунун чыканыгынын сыздап ооруганы эле болбосо, денесинин бөлөк жеринин анчалык деле ооруганы билинбейт. Бул дагы болсо бир кездеги жашоо үчүн, жан сактап кетүү үчүн, эркиндик, адилеттүүлүк үчүн болгон күрөштө адилетсиздик менен аяктап, жигитти бүгүнкү күнгө чейин аксатып келе жаткан каргашанын өчпөс тагы эле.

Дал ушул мезгилде телефон чырылдап калды. Лединин канча жолку чакыруусуна жооп бербей койсо дагы досуна чыдай алган жок: «Угуп жатам» – деди телефонду оң колу менен кулагына жакындатып:

«Ой, оңбогон Чыр, – деди жигит ичинен, – бул дагы эмнени баштады?» Эмнеси болсо да, досу эмеспи. Далай жолу чыкылдаган кыштын чилдесинде жылуулук түтүктөрү өтүүчү жертөлөлөрдө, жайдын күндөрү ылайыктуу жерлерде таң атырышып, бир нанды бөлүп жешкен. Жигит өздөрүн «Универ» деп аташкан бул топтун балдарын сыртынан жакшы таануучу. Алар, негизинен, жогорку окуу жайларда окуган спортсмен балдардан куралган. Жигит өзүнүн ооруп жатканын айтып: «Тапанга кайрылбайсыңбы» – деди, себеби мындай учурда шишиген бети-башы жакшы болгонго чейин ал эч кимдин көзүнө көрүнгүсү келчү эмес.

Чыр телефондон тилденип, Тапан азыр Орусияда экендигин айтып ыйлап жибере жаздады.

– Эгерде Тапан бул жерде болсо, сага кайрылбайт болчумун, анын канаты болсо да эртеңкиге чейин учуп келе албайт, – деп таарынды.

Жигит Тапандын бул жерде жок экендигин уккандан кийин көпкө ойлонбой эле макулдугун берип, эртең ага бара тургандыгын айтты.

Тапан буларга кийинчерээк келип кошулган, өзү айылдагы бир байдын баласы болгонуна карабастан. Эмнегедир ага күнү-түнү тыным албаган жашоо үчүн болгон күрөш, муш турмушу аябагандай жагуучу. Бирок кийинчерээк Орусия жакка көп каттап кеткендиктен кээде айлап-жылдап да көрүшө албай калышчу.

Жигит Тапандын элесин көз алдына тарта кетти. Анын кичинерээк көрүнгөнү менен өзүнө ишенимдүү тулку бою, чагылгандай тездиги, бардык жерде сөз таба билген жөндөмдүүлүгү бар эле. Экөөбү эмнелерди гана кылбады. Жайдын жылуу түндөрү атайын кооптуу делген көчөлөргө барышып, өздөрүнө тийише турган балдарды издеп көпкө чейин желип-жортуп жүрүшөр эле. Колдорунун кычуусу канып, бир моокумдан чыгышкандан кийин гана кадимки, түнкү жортуулдан келе жаткан бөрүлөрдөй шаардын көчөлөрүн түз аралай өтүшүп, «базар» деген үйүнө келише турган.

Ал күндөр эми жигит үчүн тээ алыста калган балалыгынын, жаштыгынын бир көз ирмемдик үзүмүндөй бүлбүлдөйт. Анда шаарга май ташыган машинанын бош челегине жашынып алып качып келгенде болгону он гана жашта болучу. Андан кийинки өзүнүн кайырчылык, тентектик тагдырында эмнелерди гана көрбөдү! Табият да бул бечара пендесинен, жетиминен эч нерсесин аябагандай келишимдүү тулку боюна жараша ачкачылык менен токчулукка, ызгаардуу суук менен мээ кайнаткан ысыкка чыдай турган ден соолук берди. Жүрөгүнө жетимчиликтен калуучу кекселик менен кекчилдикти эмес, уят менен боорукерчилик тымызын делебесин козгой, денесин аралай агып өтүүчү өзүнө гана тиешелүү, мүнөздүү болгон кан кагышынын ыргагы.

Шыпты тиктей тунжураган тынчтыкта ойго баткан жигит Чыр досу менен болгон бир кездеги кармашын аргасыздан көз алдына элестетип кетти.

Оо, анда ал күн базардагы балдар үчүн майрамдагыдай эле күн болду. Алар белгиленген жерге, белгиленген саатта чогула башташты. Арасында кыздары да бар. Баарынын көңүлдөрү куунак, кызыктуу бир нерсени көрүшкөнү келишкенсип. Өз ара бир нерселерди айтып кужулдашып жатышты. Бирөөлөрү Чыр жеңээрин, анын күчүн, анын баатырдыгын айтышса, бирөөлөрү жигиттин күчүн, анын жеңээрин айтып жатышты. Кээ бирөөлөрү жигитке барып тигиндей ур, мындай ур деген акылын айтса, кай бири Чырга да үйрөтүп жатышты.

Дегинкиси, ошондогу мушташ бардык балдардын эсинде кала тургандай эле болду. Алар эч бир тартипти, эрежени, убакытты сактабай мушташып жатышты. Өз өмүрүн жалаң муш менен өткөрүп келе жаткан жигит үчүн Чырдын жашы улуу, эткээл болсо да күчтүү каршылаш боло

алган жок. Сүрөөнгө алган топ балдардын кыйкырыгы экөөнүн тең демине дем, күчүнө күч кошуп жаткандай эле болду. Чыр жан үрөп мушташып жатты. Кандай болсо да анын бүгүн жеңиши керек болучу, жеңилүү анын кадыр-баркына доо алып келмек. Ошондуктан ал колунан келсе жигитти жеп жиберүүдөн да кайра тартпоочудай эле. Экөө тең мурунунан аккан канга көңүл буруп да коюшкан жок. Акыры Чырдын шайы ооп, урган муштары эркине баш ийбей алсыз боло баштаганда жигит артынан капыс тийген катуу нерседен теңселе түшүп барып оңолду. Сол колунун билеги жоон таяк келип тийгенде сынып кеткен эле. Каны дүүлүгүп, ар бир урган мушунан башка дүйнөнүн ырахатын алып жаткан жигитти сынган колу да алсырата алган жок. Ал эми оң колу муштү эки эселенген ылдамдык менен ура баштады. Жигиттин бул түрүн көргөн Чырдын достору тайсалдай түшүшүп, ачыктан-ачык ага жардам берүүгө батына албай калышты. Чыр эми колун шилтөөгө да дарманы келбей, бетке тийген муштан «эмне кылсаң өзүң бил» дегендей чөгөлөй олтуруп берүүгө аргасыз болду. Жигит Чырга башка кол көтөргөн жок. Эми сен кел дегендей жана аркадан келип, таяк чапкан баланы топ арасынан издей баштаганда гана жанатан бери нес болуп катып калган сүрөөнчүлөр жандана түшкөнсүдү. Алар жанагы, аркадан келип чапкан баланы «ушул болчу, ушул болчу» дешип ортолорунан сүрүп чыгара башташты. Бирок тиги бала отко түшүп кете тургансып, бар күчү менен тырышып, ортого чыкпоонун амалын кылып жатты.

Күрөш адилеттүү башталып, адилетсиз бүттү. Бул дагы жашоонун «акыйкаттуулук-акыйкатсыздык» деген кереметтүү түшүнүктөрүнүн бир далили эле.

Жигит Чыр досу белгиленген жерге өз убагында келди. «Ой, оңбогон, Чыр» – деди ичинен, муну дагы кайдан таап алдың дегендей жанындагы эпсиз-сынсыз алп жигитке тигиле карап. Бирин бири тамашалай кучакташа көрүшкөндөн кийин гана Чыр жанындагыларын тааныштыра баштады: жанагы алп жигиттин атын Акпалван деди, чет элдик бир фирмада жүк ташуучу болуп иштейт экен, калгандары да ар кандай кара жумуштарда иштеген балдар экен.

Чырдын чырылдап, чатактын себебин айтып жатканы жигиттин кулагына толугу менен кирбей жатты, биринчиден, колунун сыздап ооруганы бушайман кылып жатса, экинчиден, каны дүүлүгүп, ооздугун кемире тиштеген тулпардай өзүн коёрго жер таппай турду.

Көп узабай эле тиги балдар да келип калышты. Алардын талабы – Чыр кылган күнөөсү үчүн он беш миң сомдук айыпка жыгылып, кечирим сурап коюу эле. Бир жагынан Акпалванга, жигитке ишенген Чыр тигилердин арасынан көзгө түшөрлүк деле мушкерди көрө албагандыктан, кечирим да сурабастыгын, айып да төлөбөстүгүн айтты. Эми иш тынчтык жолу менен чечилбей тургандай болуп калды. Акпалванга жүрөгү даап чыгып жаткан жигит ак саргылынан келген, чачтарын тысырайта кыска алдырган чырай-

луу жигит экен. Мушташ так да, адилеттүү да башталды. Алар кадимки спорт оюндарына катышып жаткансышып кол алышып, анан гана сууруп алчудай болгон карылуу колдору менен суудан балык кубалап жүргөндөй болуп жатышты. Тээп, уруп бул шамдагай жигит дегеле карматчудай эмес. Эгерде Акпалвандын чындап ачуусу келсе, бул жигитти ортосунан бурай кармап үзүп ыргытып жиберүүдөн да кайра тартпоочудай түрү бар. Эмнеси болсо да жан ачыта тийген муштардан экөөнүн тең каны кызып, кармаш күчөп бара жатты. Бир маалда Акпалвандын зор мушун өпкө талаштыра жеген шамдагай жигиттин эси оой түшкөндөй болду. Бирок экинчи мушту жата калып үстүнөн өткөрүп жиберди да, чимириле калып оң буту менен душманын сол тизеге тээп өттү. Бул сокку сыртынан анча деле катуудай болбогону менен тоодой Акпалванды сол жагына кыйшайтып көпкө чейин алдан тайытты. Кандай адам болсо да жанчып салчудай болгон анын темирдей салмактуу муштары чала-була гана тийип өтүп жатты. Эгерде бул муштар так тийсе кандай адам болсо да өтө коркунучтуу оор жаракат алуучудай. Бир караган кишиге тордогу чычканды кубалап жүргөн арстандай көрүнөт, Акпалвандын тоодой болгон олбурлуу сөлөкөтү. Акыры колуна илине калган каршылашын Акпалван жерге көтөрүп урду да, үстүнө мине калып оң колу менен кекиртектен жерге ныгыра, сол колу жанчып салчудай бар күчү менен беткеургулап кирди.

Ошол мезгилде суурулуп чыга түшкөн шамдагай жигиттин оң бутунун согончогу, кандайча келип Акпалвандын чекесине кадала түшкөнүн эч ким байкабай да калды. Бул ушунчалык тездик менен болгон сокку башка катуу тийгендиктен, жанатан бери денеге тийген муштарды анчалык тоготпой жаткан Акпалван секундалык убакыт болсо да өзүн өзү жоготуп койду. Дал ушул мезгилде шамдагай жигит анын алдынан суурулуп чыгып бара жатып оң колунун чыканагы менен кайрыла калып тигини кулак түпкө таамай уруп өттү.

Бул эки сокку тең өтө катуу тийгендиктен эңгезердей болгон Акпалвандын ордунан турууга дарманы келбей, чөк түшүп берүүгө аргасыз болду.

Акпалванды жеңилип калат деп Чыр тараптан эч кимиси ойлогон жок эле. Чыр өзүнчө катуу бушайман болуп, эмне кыларын билбей турганда, тиги тараптын башчысы келди да: «Кечирим эле сурап кой, биз ушуну менен кетели» – деди. Чыр эмне кылабыз дегендей жигитке карады эле, ал жок дегендей башын чайкады. Албетте, муш дүйнөсүндө кечирим суроо жигиттин намысына доо кетирмек. Ал өз өмүрүндө бир да жолу коркуу сезимин кечирип көргөн эмес. Ошондуктан дөөдөй болгон Акпалванды жеңген азамат кайсы деңгээлдеги мушкер экендигине карабай, кымындай да ойлонуп, андан коркуп койгон жок. Эки тарап сүйлөшкөндөн кийин гана Акпалванды жеңген мушкер менен жигит бир-бирге чыга турган болушту. Жигиттин сыздап ооруган чыканагы денеси кызый баштаганда гана эч нерсени сезбей, толугу менен кыймылга келе баштады. Булардын

бойлору да, салмагы да, жада калса кыймыл-аракеттери да бири-бирине окшош, дал келгендей азаматтар эле. Бирок канча айтса да жигиттин атаандашынын шамдагайлыгы менен ийкемдүүлүгү анын күнүгө туура тамак ичип, күнүгө туура машыгуу жасап жүргөндүгүнөн кабар берип турду. Бул жерде кыйкырык да, сүрөөн да болгон жок. Мындай кыйкырык сүрөөндөр жигитке бала кезинен бери келе жаткан демине дем, күчүнө күч кошуучу сыйкыр эле. Жигит бүткүл өмүрүн дал ушул муш дүйнөсүнө арнап, далай-далай мушкерлер менен кармашып келе жатса дагы мындай күчтүү атаандашка биринчи жолуккандай болду. Анын тездик менен таштай тийген муштарына адам чыдай алчудай эмес. Көптө барып гана күч жигиттин атаандашы тарапка өтө баштады. Бул жигиттин сол колунун өз эркине баш ийбей алсызданып, муш урууга жарабай калгандыгына байланыштуу болсо керек. Алар кадимки токойдогу арстандардай алышып, илбирстердей буйтай калышып, көзгө илээшпеген тездик менен бири-бирине катуу сокку берип жатышты. Эки тарап тең тунжураган жымжырттыкта мындай мушташууну мурда эч бир жерден көрүшпөгөндөй, өз акыл-эстерине ээ боло алышпай, ар кимиси өздөрүн кошо аралашып жүргөндөй сезишти. Ыгы келе калганда, жигиттин бала кезинен бери келе жаткан уруу ыкмасына ыңгайлуу мүмкүнчүлүк түзүлүп калгандай болду. Аны далай душманынан сактап, далай жеңиштерге алып келген бул ыкма буйтай калып төмөнтөн ээк алдына уруу эле. Жигиттин оң колунун таштай түйүлгөн мушу атаандашына оңой сокку болгон жок. Бул анын минуталык убактай өз кыймыл-аракетине ээ боло албай, коргонуп калуусуна алып келди. Дал ушул мезгилде жигитке толугу менен жеңишке жетишүү мүмкүнчүлүгү түзүлгөнүнө карабай, атаандашынын эсине келишин күткөндөй чечүүчү сокку берген жок. Ушундан кийин жигиттин атаандашы өзүнүн мушташ стратегиясын өзгөрткөндөй болду. Ал ортодогу аралыкты сактоо менен жылкынын туягындай, таштай катуу согончоктору менен башка, өзгөчө бет талаштыра тебүү ыкмасына өтө баштады. Эми чындап эле мындай ыкмага ансыз да бир колунан жабырланып турган жигиттин туруштук берүүсү өтө кыйын болуп бара жаткансыды. Арт жагынан чимириле келип көк желкеге тийген согончоктун күчүнөн жигит өзүн жогото калганда, оң колдун темирдей мушу бет талаштыра кадала түштү. Жигит эки-үч ирет сүрдүгүп барып, бирок кулабастан кыймыл-аракетсиз туруп берүүгө аргасыз болду. Анын жыгылышы үчүн дагы бир муш керек эле, бирок атаандашы аны жасаган жок. Өмүрү муш дүйнөсүндө эч кимдин алдында чөгөлөп олтуруп бербеген жигитти, эч кимге зыяны жок бир бечарасы катары Кудайы, Жаратканы өзү колдоп калгандай эле болду.

**(Уландысы бар)**

*Котормо*

# АЙ ТАЛААДАГЫ КЫШТОО

Едиге дал кулагынын түбүнөн чыккандай аркардын дүбүртүнөн чочуп ойгонду. Дүбүрт уламдан-улам алыстап барып, бир оокумда бычак менен шарт кескендей үзүлүп калды. Карлуу мейкиндикке сиңип кетти – деп ойлоду Едиге.

Сыртта таң атып келаткан: оймо-чийме кыроо тоңгон кичинекей терезе бозорот. Бөлмөгө эми гана алсыз жарык түшө баштаган. Бурчтарында караңгылык мышык сымал али уктап жатат.

Едиге өзүнүн жалгыз экенин байкады, демек, чоң энеси небак турган. Төрдөгү энесинин төшөгү да бош. Оймолуу туш кийиздин дал ортосунда оозу өйдө карап, кыйшык илинген кош ооз мылтык көзгө көрүнүп калыптыр. Ал – атасыныкы. Ага көпчүлүк: «Кандуу мылтык» – деп ат коюшкан дешет. Атасы эч жаза кетирбес, көзгө атар мерген болуптур. Едиге аны көрбөй калды, эл ошентип айтышат. Бир жолкусунда, ал айылдын үстүнөн учуп бараткан үч өрдөктү бир атып түшүргөн экен. Эки ок менен дароо үч өрдөктү кантип атып түшүрдү, түшүнүксүз. Айтылып калган соң, демек, чындык. Жаңыдан туруп, уйкусу канып сыртка чыккан көп эле кишилер өз көздөрү менен көрүшүптүр. Өрдөктөрдү мылтыктын үнүн угуп



**МАГАУИН Мухтар** – *1940-жылы Семипалатинск областынын Чубартау районунда туулган. 1962-жылы Аль-Фараби атындагы Казак мамлекеттик университетин, 1965-жылы аспирантурасын бүтүргөн. «Казак адабияты» гезитинде адабий сын бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. Казакстандын Эл жазуучусу, Абай атындагы Казакстандын мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты. Мыкты котормочу. 1997-жылы түрк дүйнөсүнүн мыкты жазуучусу деп табылып, Түркиянын искусство жана жазуучулар фондунун эл аралык «Түрк дүйнөсүнө сиңирген эмгеги үчүн» сыйлыгы менен сыйланган.*

*«Казак тарыхынын алиппеси», «Комуз күүлөрү», «Комуз жана найза», «Көгүлтүр таң», «Тулпардын өлүмү», «Аяндуу кар», «Коогалуу мезгил», «Шахан шер» – адам жолборс», тарыхый «Казак ордосу» ж.б. китептердин автору.*

чуркап келишкен балдарга кармата бериптир. Жетпей калгандарына: ыйлактабагыла, эртең дагы ар бириңе бирден атып беремин дептир. Атасы эч качан жалган айтчу эмес. Айттыбы, бүттү. Берешен да болуптур. Коңшу айылдын жанынан бир ирет дароо төрт аркарды атып алыптыр. Албетте, төрт жолу ок чыгарып. Ошондо бүт айыл жаңы эт жыттанып эле калган дешет. Ак май менен кызыл этке туйтунушуптур ошондо... үйгө болсо атасы бир кесим эле эт көтөрүп келиптир. Чыныгы мергендин мүнөзү дал ошондой болууга тийиш – дейт чоң энеси. Бул аймакта атасынан ашкан мерген эч качан болгон эмес. Көзгө атар мерген болчу дешет. Эмнеге көзгө аткан, түшүнүксүз. Балким, кандай кыйын мергенчи экенимди эл көрсүн десе керек. Бирок атасы антип мактанчу эмес. Жөн гана теңтуштарынын арасында биринчи болгон – дейт, чоң энеси. Аскерге да эч ким бара электе, алгач кеткен. Чакырык кагаз келери менен дароо кете берген. Биз ал кезде Керман[1] менен дос болчубуз дейт чоң энеси. Ошондон улам мылтыгын калтырып, согуш болоорун билбей кетсе керек. Аскер оюндары менен ойноп, жер кыдырып, кайра келе беремин деген го. Атасы кеткенден төрт айдан соң, кыш чилдеде сен төрөлгөнсүң, бир жарым жашка чыкканыңда согуш башталган болчу – дейт, чоң энеси. Үч жыл болду, атасынан кат жок. Колу тийбей жатса керек. Ысык-суукка, күн-түнгө карабай, күлкү-кубаныч дегенди билбей тиякта согушуп жатат. Жалаң күчтүү, тың жигиттер. Согуштан баштары чыкпайт, ошону үчүн кат жазууга алардын чолосу жок. Чоң энеси ошентип айтат. Апасы болсо андай эчтемени айтпайт, дегеле унчукпайт. Үндөбөстөн олтура берет. Кээде эч ким көрбөйт дейби, ыйлап-ыйлап алат. Чоң атасы да ошентет. Бирок ал ыйлабайт, эркек да. Болгондо да чоңдордун чоңу. Ал ыйлабайт, бирок капалуу тунжурап олтура берет. Кээде гана оор үшкүрүнүп коёт. Ал, албетте, чарчаганынан. Кереэли-кечке ат үстүндө, кой кайтарып жүрсө чарчайт да. Кийинки кездери жатааар алдында жомок айтпай, эски уламыштарды ырдабай калды.

Тышкы үйдөн бышылдаган үн чыкты. Ал, кайнаган чай, ташып, мешке төгүлүп жатат. Анын жанында чоң энесинин күйпөлөңдөп жүргөнү угулубатат. Эшик кыйчылдап ачылды, ушинтип көпкө чейин жабылбаганда гана түйдөктөшкөн сууктун буусу ички үйгө чейин сойлоп кирет, акыры жабылды. Чаканын жертөлөгө койгон үнү угулду.

– Булак тоңуп калыптыр, сууну араң алдым. Лом менен чукулап, колум такыр тоңуп калды.

– Ай, карагым айе! Чоң атаң айтсаң болмок.

– Апа! Сиз аркарды көрдүңүзбү?

– Ой, бу ойгонуп алган турбайбы! Эликтайым, – деген чоң энесинин үнү чыкты, – меш ысыганча жата тур, тоңуп каласың.

– Аркарды көрдүңүзбү? – деп жатпаймынбы, апа.

[1] *Керман* – Германия дегени.

– Э-э, аркарды күнүгө эле көрүп жүрбөйбүзбү, – деди чоң энеси көңүлкош, – алар койго кошулуп оттоп жүрүшөт деп жатпайбы, чоң атаңар.

Едиге чоң атасынын бир жолу: «Аялдын чачы узун, акылы кыска» дегенин эстеди, бирок унчуккан жок. Сурайсыңбы, сурабайсыңбы пайда жок. Үйдү кире бериш менен төркү бөлмөгө бөлүп турган ортодогу чоң, узун меш отунду жеп гүүлдөйт. Едиге колдорун анын быдырлуу капталына тийгизип көрдү эле, жылып калыптыр. Керебеттин алдынан кытыраган үн чыкты. Ал – чычкан. Анын тиштери кычышат дешет. Едиге экинчи капталына оодарылды эле, кытырак басылып калды. Төрдөгү ак, бетине сөөктөн оймо салынган бийик керебет, кош ооз мылтыктын иймейген аткычына, кундагынын түшүп калган боёгуна чейин эми даана көрүнүп калыптыр. Эшик кайра ачылды. Кимдир бирөө босогону аттай албай машакаттанып жаткансыйт. Үйгө ичиркенткен суук дагы агып кирди. Бөлмөдө көтөрүлгөн буу асмандагы боз булуттарга окшош. Кыязы, эшик ачылып, бөлмөнү үшүтүп турганды жакшы көрөт окшойт, – көңүлсүз, узак чыйкылдап, араң жабылды. Үйгө кирген киши босогодо өтүгүнөн карды кагып жатты. Чоң атам, андан бөлөк бу, алыскы, ай-талаадагы унутулган кыштоого ким келмек эле?

– Ата, сен аркарды көрдүңбү?

– Көрдүм, Эликтай.

Едиге баш жагында жаткан көйнөгүн шашыла кие салып, жерге түштү. Ал бешке толгондогу туулган күнүнө энеси өзүнүн калың, эски кызыл жол-жол жоолугунан тигип берген жаңы шымын эптеп кие сала тышкы үйгө чыга жөнөдү. Чоң атасы бурчтагы өзүнүн дат баскан темир керебетине тонун таштап, ар бири чыпалактай болуп салаңдап, тоңуп калган муздарды акырын алып жатыптыр.

– Сен аны кантип көрдүң, ата?

– Үйдүн бурчунан чыга калсам, аркар терезенин жанында туруптур, килейген үч жылдык букасы экен.

– Кечээ күнкүбү?

– Ооба. Беш же алты күн болду го, түн киргени биздин короону тегеренип жүрөт.

– Ал эмне издеп жүрөт? – деп сурады Едиге, мештин жанындагы жапыз, тегерек үстөлдү тегерегине баары олтургандан кийин.

– Кыш эмнегедир кечигип жатат, Эликтай, тоодо болсо чөп улам азайып барат. Ошон үчүн биздин малдын чөбүнөн бирдеме мага да артып калабы деп келип жатпайбы. Короону да тоо тосуп, ылдыйда эмеспи, тоодогудай же жакадагыдай суук эмес. Эки күн болду түндүк тараптан шамал урганына. Түндө болсо бороон болуп, кар басып калды. Балким, аны бул жакка суук айдап келгендир... А балким, ал карышкырдан бизге

жашынгандыр. Ким билет. Эмнеси болсо да ал биздин короого көнүп алды.

– Мурат болгондо биринчи күнү эле аны атып салбайт беле, – деп, кепке аралашты Эдигенин апасы.

– Жок, Анаржан, сага корголоп келгенди, мейли адам эле эмес, жаныбар болсо дагы өлтүрүү жарабайт. Мурат андай таш боор эмес болчу. Бирок Кайберен тукумун аяган жок, ал да көп атты. Кудай уруп, эми ал башыбызга жамандык болуп тийбесе экен...

– Кой, Маке... – чоң эне анын сөзүн бөлдү, – койгун, Эдигенин чоң атасы, жаман сөздү оозанба. Ансыз деле келиниң тигине, капаланып олтурат. «Ичээр суусу түгөнбөсө, кырк жыл кырчылдашса да аман калат» деген бар. Жамандык болсо небак бизге жетмек. Мага жакшы түштөр кирип жатат, былтыркыдай эмес. Муратым тирүү. «Өлгөндөр гана кайрылбайт, чыныгы эр жигит тирүү болсо, кандай болгон күндө да, кишендеп койсо да үйүнө жолун табат», – деп илгеркилер айтышчу. Жакында келет. Согуштун да күнү бүтөт. Биздикилер Керман жерине кирди деп айтып жатышпайбы.

– Э, ким билет. Немистер да советтердин жерине киришкен. Москвага чейин жетишпеди беле. Бирок согуш ошону менен эле бүткөн жок, тескерисинче, кайра тутанган. Ошентсе да качан эки дөө көпкө алышып, бирине бири алы жетпей калганда кимиси катылган кайратын тапса ошонусу жеңет. Мен ошондой болот деп ишенемин. О, Алла, ушул урушту токтотууга бир гана сенин кудуретиң жетет... Ой, биз эмне жайбаракаттанып... күн көтөрүлүп калды, койлорду чыгаралык, – деген карт Мамай кечээки кечки тамактан калган бир үзүм этти жеп бүтүп, кеседеги курут эзилген майлуу сорпону жутуп жиберди да, тура жөнөдү. Ал эки-үч жолу обдулган менен тура албай, ордунан араң турду. – Эликтай, күн суук, көп ойнобо, өткөндөгүдөй бетиңди суукка үшүтүп аласың.

– Айланайын, сен чоң атаңды билесиң да, ал жаман айтайын деген жок. Анын айткандары ошондой эмеспи, жүрөгүңө терең алба, – деди карыган Орункүл Анарга качан Мамай тонунун үстүнөн төө чепкенин кийип, белин чалдыбары чыгып бүткөн жазы куру менен курчанып, буттарын араң сүйрөп үйдөн чыгып кеткен соң. – Бу байкушка да оор. Атка өзү мине албай калды, таштын үстүнө чыкмайын. Бир күнү талаада жалгыз калып калабы деп корком... Жашында кандай жер болсо да шартылдап, баарын башына көтөрүп кетчү, аң уулаганды, куш салганды жакшы көрүп, тайган кармачу эле. Эми карыды, аксакал болуп калды... Илгери: «Ат арыса сөөгү чыгат, эркек карыса денеси кургайт» – дешчү. Мына эми, кандай күнгө жеттик, кууратан абышка эртеден-кечке кой кайтарып... Муратжан аман келсе экен. Баары унутулат, түштөй болуп. Эликтай, эмне тамак жебейсиң? Же, бадырагыңды, майдан көбүрөөк кошуп ал.

Эдиге өзүнүн кичинекей, чети сынып, өңү өчкөн жыгач кесесин карады. Көөп, кызарып бышкан буудайдын бадырагы толуп туруптур. Аны апасы чарынан аябай тазалаган соң чоң энеси казанга жакшылап кууруган болучу. Ал бул бүлөнүн эң сыйлуу азыгы. Жалгыз Едигеге гана берилет. Тентек Едиге бул, таңсык тамактын чыныгы баркын кайдан билсин. Чыгдан тарапта кол менен токулган жол-жол бөздөн шырылган узун баштык бар. Ал, ачакей эки учу шыпка бекитилген бakанда эки учунан илинип турат. Баштык буудай менен толтурулган. Чоң энеси күнүгө андан экиүч кочуштап алат да ага ошол буудайдан кууруп берет. Кээде ал баштык жарымына чейин, андан да бөксөрүп кетет. Качан үч-төрт түнөп жетчү өрөөндөгү алыскы колхоздун борборунан ким бирөөлөр келгендин эртеси кайрадан толуп калат. Бирок бакандын эт илген бутагынын көптөн бери бош калганы Едигеге белгисиз. Ал эми чаар баштык ага чоң энесинин жомогундагы жайыл дасторкондой сезилет.

... Кимдир бирөө ийининен акырын жөөлөгөнүн Едиге сезе койду. Ал, Көкдобул деген тайганы. Тамак сурап жатат. «Бирдеме берсең боло!» – дегенсип аянычтуу кыңшылайт. Качан ал оозун ачканда андан сынык, саргарган эски азуулары көрүнөт. Мындай аңчы иттердин башкы куралы болгон узун, курч, алдыңкы тиштери небак түшүп калган. Оозунун четиндеги боз жүнү абышканын кыска алынган муруту сымал жыдып, түлөп бүткөн. Карып бүттү, ит. Аны бир кезде карышкырды коёндой эле баса калчу эле дешет. Түлкүнү алыстан көрө сала кууп, тез эле буйдамга келтирбей жетип алчу экен. Ээгинде да агарып бүткөн бир тал кылы бар. Бул, анын кыраандыгы. Мындай белгиси бар тайгандар мурда эле сейрек эле, азыр такыр эле калбай калды, – дейт, чоң атасы. Эми кезинде эч нерседен кайра тартпас, жарыштан чарчабас, жүздөгөн таймашта жеңип чыккан кыраандан аркайган сөөктөрү менен өзгөчө чоң, калжайган башы гана калган. Жарымынан жулунуп, азырга чейин айыкпай салбырап жүргөн оң кулагы акыркы, жеңилип калган маскаралуу соңку кармашынын күбөсү.

Жаш, азуулары бычактай курч, кайрат-күчү ашып-ташып турган короочу ит Алыпсок Көкдобулдун салтанаттуу жеңиштерин кайдан билсин, аны сыйлабастыгы да ошондон. Негедир сыйлуу бул алжыган немеге бир жолу жугундуну көбүрөөк куюп бергенде Алыпсоктун ичкүптүсү кайнап кетти белем, картаң итти баса калды. Тиштери күбүлгөн жаагы менен өткөн атагы ага эш боло алган жок. Жаш ит Көкдобулду өлтүрө чайнап коймок, иттердин алышканына, арсылдап-каңкылдаганына чуркап чыккан чоң энеси сактап калды. Байкуш Алыпсокко токмок алгач тийди. Ал, бүлөдөгүлөрдүн баарына жек көрүндү, ага баары каршы эле. Короону дайыма акмалап жүрүүчү карышкырлар аны ошол түнү сүйрөп кетишти. Чоң атасы менен чоң энеси жападан жалгыз короочу итинен ажырап калышканына аябай ичтери ачып жүрүштү. Ошондо Едиге чоң

энесинин биреөгө кара санаба, ал өз башыңа кайрылып тиет дегенин эстеп, Алыпсок дал ошондой болду, – деп ойлоп калды.

Ошондо Көкдобул чоң атасынын тышкы бөлмөдөгү керебетинин алдында алты күндөй жатты. Муктаждыгы болмоюн эми да короого чыкпайт. Тамак да жебеди. Кээде гана оор жаратынанбы, кыңшылап алат да, кан толуп жартылай сокур болгон көздөрү менен күнөөлүү тиктеп коюп унчукпай жата берет. Кыязы, кезинде бир серпүү менен өлтүрүп салуучу кайдагы бир короочудан жеңилип калганынан уялып, намыстанып жаткан сымал. Чоң энеси ошентип түшүндүрдү. Ошондон кийин Көкдобул такыр өзгөрдү. Буттарынын чыгып турганы гана болбосо түпкүчтөй түйүлүп алып, мештин жанында жата берет. Уктаганы же ойгоосу билинбейт.

Соксоюп олтуруп алган Көкдобул алдыңкы буттары менен Едигенин ийинин дагы акырын басып койду. «Ачка болуп кеттим, бирдеме берчи» – дегенсийт. Едиге мыртыйган манжалуу колу менен бадырактан кочуштап алып, кийизге төгүп койду. Ит аны жыттап коюп, буту менен дагы Едигенин ийинин басты. Эми Едиге дасторкондун үстүндөгү куруттун сыныктарынан тиштеп көрүп эң катуусун итке таштады.

– Бул байкушка улпактан атала жасап берсек болот эле, эми кайдан... – деди апасы Көкдобулдун тиши өтпөй, улам бир жаагына салып курутту жей албай жатканын карап. – Ун салбасак улпак кайдан болсун.

– Ага түндөгүдөн калган эттин сорпосун көбүрөөк кылып берип койчу, – деди чоң энеси.

Едиге качан таманына сөөк салынган кооз жыгач чананы сүйрөп алып короого чыкканда Көкдобул да анын артынан чуркап чыкты. Таңкы суук жумшара баштаптыр. Чоң, сары тегерек күн Кара-Үңкүр тоосуна араңдап чыгып бараткан сымал. Чокуга чейинки жолдун жарымынан өтүп, жар үстүндө бир алабаканчалык бийикте асылып туруптур. Асман мунарык. Алсыз күндүн нурларына чагылып, күмүштөй жылтылдаган кар абаны тазалагансып жеңил да, эркин да дем аласың. Айлананы жымжырттык толук баскан. Ак мунарык. Табигат түнкү уйкусунан али ойгоно элек сымал. Үн да, кыймыл да жок... Бул, ак мунарык алдындагы дүйнөнүн дал чордонунда адашып калган эски таш короо, койлордун чаташкан издери, алардын ак карда карарган корголдору бул жерде жашоонун барлыгын кабарлагансыйт.

Едиге бурулуп, каршысындагы Жубар-Тоо тарапка тигилди. Эжесиңдилердей окшош эки кыр бири-бирине айкалыша суналып жатат. Кечээ эле анын кыштоо тарапты караган күңгөй капталы жарака, учтары менен карарып жатса, бүгүн ак шейшепке оронуп алышкан. Көк-Күрөң аскалары жарым-жартылай карга көмүлүп, кар алдынан көкүрөк кере бой созуп турат. Едиге учу жалпак кесилген асканын биринде аркар кароолдо тикчийип турганын байкай койду. Көгүлтүр-күңүрт асманда ал араң көрүнөт. Едиге кунт коё карап, кароолчунун дал буту алдында дагы бир,

андан алысыраакта баштарын бир тарапка буруп эс алып жатышкан топ аркарларды көрө салды. Едиге бир бутуна тизелей калып, төө мээлейин чечип ыргытып жиберип, мылтыкты суна мээлеп жаткансып колун сунуп, сөөмөйү менен «машаны» бир нече ирет басып-басып жиберди.

– Пух! Пух! Пух!

Аңгычакты жылуу, нымдашкан жумшак бир нерсе бетин жалмап жиберди, аны Көкдобул жалап жаткан.

– Фу, жинди! – деди, Едиге, итиркейи келе бети-башын жыйрып, бетиндеги шилекейди кар менен шашыла аарчыды. – Сен жеткен жалкоосуң, койлорду да кайтарбайсың. Ал тургай оозуңа салып берген тамакты да өзүң жутпайсың. Уктаганды гана билесиң. Андан көрө тоого барып бир-эки аркар кармап келсең боло.

Көкдобул узун, кызыл тили менен жаланып алып, куйругун шыйпаңдата жер карап, ордунан жылган жок.

– Эмне, карыдым дегиң келип турабы? Атам деле карыды, бирок ал кой кайтарып жүрбөйбү. Энем да карыган менен дайыма бир нерседен колу бошобойт. Куке келсин, ошондо көргүлүктү көрөсүң.

Көкдобул кыңшылай карга жата калып оонай кетти, күнөөлүүмүн, туура эмес кылып жүрөмүн, кечирип кой дегенсийт.

– И-и! Коркуп кеттиңби! Болуптур, ыйлактаба. Анда жок дегенде түлкү кармасаң боло. Килейген, чоң, кыпкызыл, узун куйруктуусунан. Кукеге тумак тиктирет элек. Эмнеге башыңды ийкебейсиң? Мээңе эчтеме жетпей жатабы? Акылың жок. Болуптур, анда чана тепкенге кеттик.

В шестьдесят девятую поленницу зима была особо лютая, и тетя Катя заболела простудой. Тетя Паня поехала в город за таблетками, потому что в сахарнице кончились, и вернулась с маленьким дедушкой.

– Вот, Катька. Как хочешь. Про таблетки я забыла, а с Василием мы расписались.

Любовь настигла тетю Паню неожиданно, как Великая Отечественная война, ветераном которой был маленький дед Вася. Он был слабый, и медали гнули его к земле…

Тетя Катя пошла в баню и плакала два часа. Когда вернулась, «свадьба» уже кончилась.

Бутылка была пустая, а на краю стола стоял почти полный стакан, накрытый хлебной коркой, чтобы не выдыхался.

«Не забыли про меня» – подумала тётя Катя.

Она выпила то, что было в стакане, и съела корку, которой он был накрыт.

На большой кровати, где спали «молодые», было место и для неё.

Тетя Катя перекрестилась и легла с краю…

Водка оказалась «паленая». Их нашли через три дня. Соседка нашла.

– Смотрю, день не топят, другой не топят. Думала в город уехали. На третий ткнулась к им, а дверь не запёрта… Как голубки лежат втроем… Мой Тимофей-то ломом могилу долбил со старшим Уремом. Одну на двоих. Мороз ить… А как стали в гробы ложить – они маленькие, в один влезли… И памятник тоже один на двоих поставили, и фотографию…

Так и дешевле – всё равно ж одинаковые… А деда милиционер в город свёз через неделю в лишнем гробу… Больше не знаю ничего…

Старший брат приезжал хоронить, а я не смог. У нас Революция как раз была очередная. Да и далеко больно. Всё равно бы не успел.

Брат потом писал, что может и не водка виновата, а угорели они. Забыла тетя Катя задвижку печную на место поставить. А может, наоборот, не забыла.

Я их очень любил...

...Жестоко была красива царица… Красивая, как сказка… Злая и бесконечная…

И возносилось бессилие, и поражалась сила... И склонялись головы под золотым сапогом… И скучали забытые непроведанные души среди ветра и запахов… И непонятно было – где дар, а где наказание?..

*Мастер-классик*



**Уильям ФОЛКНЕР**

# ВИРГИНИЯ УНИВЕРСИТЕТИНИН СТУДЕНТТЕРИ, ОКУТУУЧУЛАРЫ МЕНЕН АҢГЕМЕ

**Суроо:** Готорн өмүрүндө оң каармандын образын түзө албаптыр. Анткен менен ал түзгөн терс каармандар чыгармачылык залкарлыгынын өзөгү болуп калды. Мындан биз, оң каарманга караганда терс каармандын образын оңой деп ойлосок болобу?

**Жооп:** Бул, жазуучунун кулк-мүнөзү, таалим-табитине эле эмес, дегеле адамдык табиятына байланыштуу болсо керек: дүйнөнүн жарык жактарынан көрө, караңгы жактарын чындыкка сыярлык, турмуштагыдай ишенимдүү сүрөттөө жеңил.

**Суроо:** Мистер Фолкнер, жазуучу болуш үчүн жогорку билим, сөзсүз, керекпи, же?..

**Жооп:** Кандай десем? Бул жазуучуга жылуу квартира керекпи дегендей эле кеп. Биз от жагылбаган, муздак квартирада иштей албаган сыяктуу эле, мүмкүн айрым жазуучулар жогорку

билимсиз жаза алышпас. Минтип ичкелентип жооп берип жатканымдын да жөнү бар, анткени өзүм аңдай жогорку билимге эгедер эмесмин.

Айталы, колледж адамдык сапаттардын калыптанышына өбөлгө түзүп, гуманисттик сезимдерге азык берер: жердигинен гуманист эместер жазуучулук жайында ойлонбой да коюшса болот; жок, аны жогорку окуу жайлары бере турган болсо, албетте, жогорку билим керек.

**Суроо:** Кыскасы, дээринде дүрмөтү барлар өзү эле жазуучу болуп алат дегениңиз го?

**Жооп:** Ананчы. Бул колледжди таптакыр эле жерип салгандык эмес, тек, өзү жазуучу боло албаганды колледж жазуучу кылалбайт.

**Суроо:** Мистер Фолкнер, жазып жатканда окуучулар же кайсыдыр аудитория жөнүндө ойлойсузбу?

**Жооп:** Жок. Жаза берем, жылдар да өтө берет, а менин былжырбайларымды кимдир бирөө кызыгып окуйт экен деген түшүмө да кирбейт. Кыскасы, адат болуп калган. Мен алиге чейин эле көкүрөк дартымды кагазга түшүрүп алмайынча жаным жай албайт.

**Суроо:** Аңгеме жазууга нелер түрткү болот жана кантип жаралат? Менин бир жазуучу жолдошумдун айтуусуна караганда: оболу бир катуу ойлонот экен, анан кетти дейт... Экинчи оңдоп-түзөп да убара болбойт, анткени мээде ушунчалык бышкан имиш... Сизде да андай учурлар болобу?

**Жооп:** Андай да болуп калышы ыктымал. Арийне, аңгемени андай жазат, мындай жазат деп айныбас жол-жобо, атайын көрсөтмө бериш кыйын. Оболу эмне керек? Жазуучу өзү да түшүнбөгөн жазууга ынтызарлык, коё турайын десе да болбой, этектеп калем карматкан ышкы. А аңгеме кээде бир көргөн эле кишиңден, кээде бир уккан эле анекдоттон улам жаралышы мүмкүн. Мен эч качан кандайдыр бир идея айтайын деп ниеттенбейм, ал жөнүндө түшүнүгүм да жок. Мени дайыма адамдар кызыктырат; тагыраак айтканда, алардын ички уйгу-туйгусу, бөтөн эл, бөтөн жер менен, ар кандай жагдай, мезгилдер менен кагылышуусу... Албетте, бул менин жеке ишим, а аңгеменин кантип жазыларын айтып, жолдомо бериш кыйын.

**Суроо:** Жаш талапкерди дасыккан жазуучу үйрөтүп чыгалабы?

**Жооп:** Дегеле бирөө бирөөнү бир нерсеге үйрөтө коёт деп ойлобойм. Эгер жаш жазуучуга чынардай кумар тынчтык бербей жатса, эмнени жазарын түшүнүп, кантип кагазга түшүрөргө шаасы жетпей турса, кимден үйрөнүп, кимден окуш керектигин эч кимден сурабайт. Жазуучу жазуучудан эмес, жайчарба эле улуулардан, турмуштун ар кандай жагдайларынан окуйт. Менимче, кимдир бирөө жазууга тири укмуш дилгир болуп, убакыттын эле мөртүн келтире албаса, демек, партадан эмес, турмуштан окуп жүргөнү ошол. Андай учурда аны бирөөлөр эмес, өзүнүн аяр көкүрөгү нускап турат. Жазууга жалындаган ынтызарлык болбосо, окуп-чокуганга деле мойну жар берерин кудай билет.

**Суроо:** Сиз жазууга шыгыңыз бардыгын алгач кантип баамдаганыңызды айта кетесизби?

**Жооп:** Кыязы, кат тааныгандан эле чиймелей баштадым өңдөнөт. Алгач ыр жазып жүрдүм. Качан ырларым жеткен былжырак экенин билип, жакшы ыр жазуу менин колумдан келбесине көзүм жеткенде гана демим басылды. Ал кезде жыйырмалардан ооп калгам, Жаңы Орлеанда жашачу элем. Ары урунуп, бери урунуп жүрүп, Шервуд Андерсен менен таанышып алдым. Ымалабыз келишип калдыбы, айтор, кечке шаарда бирге каңгып, алда кимдер менен таанышып, кечкисин бир кабактан табылып калчу болдук. Бир күнү Андерсен көрүнбөй калды эле, иштеп жатат деп калышты. Экинчи күнү келди да, эртеси кайрадан иштеп калды. Ошондо жазуучулук өнөктүк ушул болсо, мен да жазуучу болуп албай деп биринчи жолу ойлондум. Жаза баштадым, жазган тим эле жыргал экен. Алгачкы романым «Жоокердик сый» (1926) жазылды, басчулар да табылды... Чыгармачылыктын ыракатын ошентип туйдум, ошондон бери берилгенден берилип жазып келатам.

**Суроо:** А кантип жан багып жүрдүңүз?

**Жооп:** Колуман көп иш келчү: катер, ал гана эмес, самолёт да айдап жиберчүмүн, фермерлик кылчумун, үй шыбап, актап ж.б. толгон иштерди катырчумун. Анын үстүнө Жаңы Орлеанда аябай арзанчылык; көп акчанын деле кереги жок болчу. Баш калкалар жай, анча-мынча нан, тамеки, виски болсо болду, ошого эле канимет кылчумун. Эки-үч күнү катуу иштеп коём, бир айлык каражат даяр. Мен жердигимен эле бекер, каңгып жүргөндү жакшы көрөм. Акча үчүн өлүп баратса иштегим келбейт.

**Суроо:** «Каркасон» аттуу аңгемеңизде эмнелерди айткыңыз келген?

**Жооп:** Айлана-чөйрөнүн элдешпес карама-каршылыктарына кабылган жигитти көргөзгүм келген. Реалисттик каңдим ык менен жазсам, мудаама жетпей, көп нерселерди уттуруп коёрумду боолголодум, андыктан баянга фантастикалык ык оң көрүндү. Бул менин жаңылбай жакшы көрүп келаткан чыгармам, анткени анда кайрадан акын болуп кеткенсийм.

**Суроо:** Автору жадымда жок, айтор, француздардын байыркы бир дастаны бар, анын сюжети менен сиздин аңгемеңиз аябай окшош болуп калган экен. Сизге ал мурдатан эле тааныш беле, же?..

**Жооп:** Жок, окубапмын, эгер анын сюжети аңгемеме керек болуп калса, окуган күндө деле тартынбай пайдаланмакмын.

**Суроо:** Сиздин оюңузча жазуучунун каармандары аркылуу берилген «мени» менен сырткы дүйнө жана реалдуу турмуштагы адамдардын таасиринен улам пайда болгон ички «мени» кандай карым-катнашта болуш керек?

**Жооп:** Менимче, жазуучулуктун мында эч кандай тиешиси жок. Жазуучу деле адам: ал ар түркүн адамдар менен байланышып, ичкиликке, кумарга берилип кетиши ыктымал. Чыгармачылыкка анын эмне кереги

бар? Жок, жазгысы келип, ошону көрсөтүүнү мелжеп алса, жазат. Болбосо, «катын-балам жазууга жолтоо болуп жатат», «жумуштан чолоо жок, болбосо катыра жазат элем» дегендерди көп эле угуп жүрөм. Алар мени, албетте, ынандырбайт. Жазгың келип турса, сени эч ким жана эч нерсе токтото да албайт. Далайлары сыяктуу эле ал иштен майнап чыгара албасаңыз, башка ишке өтүү жөн.

**Суроо:** Көп эле жазуучулар адепки чыгармаларында өзүн каарман, болгондо да оң каарман кылып алышат экен. Мындай учурларды сизден такыр эле жолуктура албай койдум?

**Жооп:** Кайсы гана жазуучу болбосун каарманына өзүн канчалык даражада окшоштурганын кыйналбай эле айтып берет. Адатта өспүрүм өзүн мелжеп жазганды жакшы көрөт, анткени башкаларга караганда өзүн жакшы билет эмеспи. Ар кандай жагдайларды өз деңгээли менен өлчөйт; көбүнесе өзүн эртеңки күнү кандай көргүсү келгенин кыялданып сүрөттөйт, өзү жек көргөн кемчиликтерди да кагазга түшүрүшү мүмкүн... Чынында ишке баш-отуң менен кирип алганда такыр башкача болуп чыгат: каармандар менен өзүңдүн ажатыңды айрып олтурганга чама-чак келбей калат. Албетте, чындыкка, турмуштун айрым жагдайларына дал келгендей калып, каармандарды сыпаттоого туура келет, ошол тапта гана каарман сиздин көз караш боюнча сүйлөп, аракет жасоого аргасыз болот.

Бул каарманыңыздын ордуна өз пикириңизди макалдатып айта берсеңиз болот деген кеп эмес, анда адамдар жөнүндө айтууга чолооңуз да тийбейт. Тек, кайсы бир маанилүү маселелерди чечүүдө чектелүү гана мерчемдерге каарман сиздин тил менен сүйлөшү мүмкүн.

**Суроо:** «Августтагы жарык» романынан улам бир собол: Хайкхтауэрдин мурунку турмушу жөнүндөгү бөлүмдү китептин акырына киргизипсиз. Китептин башында, а киши чыгар замат эле баяндап берсеңиз болбойт беле?!

**Жооп:** Окуялар адаттагыдай, айталы, окуялуу китептердикиндей куюлушуп турбаса, демек, өз алдынча, бирок бири-бири менен үндөшүп, чыгармадан сырткары да жашай ала турганы. Китеп жазуу – дүкөндүн витринасын жасалгалоону элестетет. Ылаажы болсо, буюмдарды көз жоосун алгыдай жайгаштырып, көркөм жасалгалоо үчүн да сергек табит, сейрек ык керек... Хайткхтауэр көкүрөгүн өргө айдаган адам: аны турмушундагы эң оор кыйынчылык да бөксөртө алган жок. Мыктылыгын айкындаш үчүн ошолор эле жетмек, арийне ал антынан да аттап, өткөндөргө, укум-тукумунан келаткан каарман салттарга кетип калды... Аны китебимдин акырында ачык-айкын баяндап берүү мага оңтойлуу туюлду.

**Суроо:** Сэр, сиздин оюңузча аялдын образын түзүү жеңилби, же эркектин образын түзүү жеңилби?

**Жооп:** Аялдар жөнүндө жазуу кызык, аларды жакшы билбегенимен уламбы, айтор, алар мага дайыма таң каларлык элестетет... Дегинкиси,

оорчулугун эсепке албаганда, эркектерге караганда аялдар жөнүндө жазуу бир топ ыракат.

**Суроо:** Сиз азыркы жазуучулардын кимисине тан бересиз?

**Жооп:** Суроого так жооп бериш мен үчүн бир топ кыйынчылыкты туудуруп жатат. Адатта мен жазуучу жөнүндө эмес, ал жараткан каарман жөнүндө ойлоном. Сандаган китептердин сандаган каармандары дайыма жадымда турса да, авторлорун эске тутуп жүрө албайм. Бала кезде пир туткан жазуучум Томас Бир эле, кийин чыгармачылыгыма айталы, Чехов өңдүү жазуучулар зор таасирин тийгизген...

**Суроо:** Түн ортосунда секирип туруп, таң атканча жазган учуруңуз барбы?

**Жооп:** Бар. Ал эмес, аябай көп. Менде атайын түзүлгөн колдонмо жок. Угушума караганда көп эле жазуучулар баш көтөрбөй олтуруп иштеп, сандаган барактарды толтуруп коюшат экен, арийне, андай сапат менде жок. Көбүнесе ысыкта иштегениңди жактырам, эс алам, кайра жазам дегендей... Кээде он-он беш саат мадалып жазып, кээде он-он беш күн бир да сап жаза албай калам...

**Суроо:** Сэр, «Ыйык жай» романын жөн эле агымга карата, акчанын айласына жазгам дегендей кылдыңыз. Ошол тажрыйбаңызды жаштарга кеңеш катары сунуш кыла аласызбы? Айталы таланттуу автор сенсация үчүн, же жөн эле өзүн даректеп коюу үчүн китеп жазса болобу? Же сиз жогоруда белгилеп өткөндөй, сөзсүз эле ички муктаждык нускамайынча колго калем алып кереги жокпу?

**Жооп:** Автор каарманын турмуштагыдай кылып, чын дилинен ишенимдүү сүрөттөп бере алса, сенсация үчүн жазса жаза берсин. Ал эми карандай сенсациянын кулкун тыя албаган кулу болуп калыш, таланты таш капкандык эле эмес, кечиримсиз кылмыш. Сенсация деген жазуучу үчүн колунан көөрү төгүлгөн устанын мык кага турган балкасындай эле кеп. Уста мык кагып коюш үчүн эле эмес, үй тургузуш үчүн колуна балка кармайт.

**Суроо:** Мурда окуган китептериңизди кайрылып окуганда кандайдыр жаңы сезимге дуушар болбойсузбу?

**Жооп:** Ооба, эски досторду жаңы көргөндөй эле...

**Суроо:** Кайсы китептерди танбай окуп келатасыз?

**Жооп:** Дон-Кихотту. Библия колдон түшпөй турган китеп. Диккенсти такай окуйм. Шекспирдин чөнтөк китепчеси бар. Жозеф Конрад, «Моби-Дик», Чехов, «Мадам Бовари», Бальзак, Лев Толстой, Гоголь. XIX кылымдагы француз жазуучуларынын көптөгөн чыгармаларын күн сайын окуп турам.

**Суроо:** Көп эле жазуучулардын жаңыча тил менен жазууга далалаты зор. Сиз буга кандай дейсиз, жазуучу өзүнчө тил түзүп алууга, тагыраак айтканда, атам замандан бери түзүлгөн эне тилибизге кыянаттык кылуу-

га акысы барбы? Айталы, Жойс менен Элиот өзгөчө тил менен жазууга аракет кылып жүрүп өтүп кетишти. Алар мурда сүйлөнүп жүргөн тил ойлорун жеткирүүгө дараметсиз деп табышып, аргасыз муктаж болуп жатышкандай түр көрсөтүштү эле...

**Жооп:** Мейли, түзсө түзүп алышсын, арийне, ал тили элге жетсе болду. Мен муну менен Уитмендин белгилүү ырын кайталагым келет:

«Жакшы окуучу улуу акынды жаратат»...

Жаңылбасам ушундай беле?

Залдагылардан: «... Жакшы угуучу...»

**Фолкнер:** Ошондой. Таланттуу жазуучунун алдындагы ыйык милдети – элге түшүнүктүү кылып жазуу. Бул жазгандарыңды көрүнгөн эле көк мээ түшүнө берсин деген кеп эмес, тек, жазуучунун тили көпчүлүктүн күнүмдүк тиричиликтеги пайдаланып жүргөн тилиндей эле жатык болуш керек...

Которгон **Алым ТОКТОМУШЕВ**

---

*Публицистика*

# МЕНИН АМЕРИКАМ
## ЖЕ ЖАҢЫДАН АМЕРИКАНЫ АЧУУ

**(Уландысы, башы өткөн санда)**



Турусбек
**МАДЫЛБАЙ**

### ШАМБО-ХАУС

Дүйшөмбү күнү мен «Шамбо-Хаус» деп аталган жазуучулар үйүнө жөнөдүм. Ал Норт Клинтон көчөсүнүн 430-тамында жайгашыптыр. Өтө чоң эмес, татынакай, кооз там экен. Дегеле ушул тегеректеги тамдар бүт жомоктогу оюнчук тамдардай болчу. Менин жаңы досум Чехем Вотта айткандай: «Бул шаардагы үйлөр кичинекей балдар үчүн курулгансып өтө кооз...»

Шамбо-Хауска мен келгенде, ал үйдүн ичи толо киши экен. Бүгүн таанышуу күнү болчу, ошондуктан дүйнө жүзүнүн булуң-бурчунан келген жазуучулар биринчи жолу бири-бирибизди чогуу көрүп, таанышып отурдук. Бостек-Хаустагы Чехем, Хинемона, Беверлилерди го чала-була таанып калдым, ал эми Жаңы Зеландиянын белгилүү балдар жазуучусу Дэвид Хиллди, мисалы, мен өңүнөн биринчи жолу көрүп жатышым. Аргентинанын сулуу акын кызы Пола Олойхарак менин чыгармаларымды мурун окуганбы же мен жөнүндө роман тилдер тобу боюнча адис ка-



тары укканбы, өзү чуркап келип кучактап көрүштү. Сырттан караган кишиге биз мурунтан тааныштай сезилмек, бирок мен бул жазуучулардын баарын биринчи мертебе көрүп жатканмын. ЮНЕСКОнун Эл аралык жазуучулар программасы боюнча иштеген Шамбо-Хаустун кызматкерлери, алардын ичинен өзгөчө Жо Тиефенталер, Хю Феррер катуу иштеп койгонбу, бизди Америкага жеткенче эле маалымат менен жакшы камсыздап, алдын-ала тааныштырып салганы мына эми даана билинип турду. Бул жерде «Тирүүлөрдүн үстүнөн кошок» («Реквием по живым») деген белгилүү романдын маалиби, Осетиянын бүгүнкү күндөгү көрүнүктүү жазуучусу Алан Черчесов, Индонезиянын өзүндө эле төрт миллион нуска менен сатылып кеткен «Көк желенин аскери» («Rainbow troops») аттуу китепти жараткан Андреа Хирата, Сеулдагы Доңдук университетинин профессору, Кореянын белгилүү акыны Ким Са-Ин ж. б. бар болчу.




Акынды акын түшүнбөгөндө, анан ким түшүнөт эле демекчи, биз бардыгыбыз мурунтан тааныш сыңары бирибизге бирибиз кубанып жаттык. Азия, Жаарупа, Латин Америкасы, Африка өлкөлөрүнүн жаңыдан дүйнөгө таанылып келаткан акын-жазуучулары АКШда чогулуп, бири-бирибиз менен пикир алышып, америкалык окурмандар менен таанышып, өзүбүздү дагы ушул өлкөнүн көптөгөн окурмандарына тааныттып кеткени чогулдук. Бул ыйык жер бизге чейин эле дүйнөгө таанымал Жон Чивер (Америка классиги), Ананта Мурти (Индустан классиги), Орхан Памук (Нобел сыйлыгынын лауреаты), Эдвард Радзинский, Юнна Мориц (жалпы мурунку СССР өлкөлөрүнө белгилүү), Харуки Мураками (Жапандын эле эмес, бүгүнкү күндө бүткүл дүйнөлүк адабияттын рекордун коюп, бир эле китебинин бир миллион нускасы бир аптанын ичинде сатылып кеткен) ж. б. ушул сыяктуу акын-жазуучуларды тарбиялап өстүргөн.

Эл аралык программа өзү ушундай түзүлсө керек – биз тез эле бирибирибиздин тилибизди табышып, бир паста эле жазуучулук иштерге ара-

лашып, окурмандарыбызга өз чыгармаларыбызды тартуулай баштадык. Америка окурмандарымын алдындагы менин алгачкы чыга турган күнүм 10-сентябрга белгиленди.

Ал жолугушууну мен чү дегенде эле «Манастан» баштадым:

Э-э-эй, байыркынын жомогу,
Баштаса келер оролу.
Эзелкинин жомогу,
Эстесе келер оролу.
Жарымы төгүн, жарымы чын,
Жарандардын көөнү үчүн
Жабыратып айтабыз,
Жолборс Манас жөнү үчүн.
Көбү төгүн, көбү чын,
Көпчүлүктүн көөнү үчүн
Күпүлдөтүп айтабыз,
Көк жал эрдин жөнү үчүн.
Жанында болгон киши жок,
Деги жалганы менен иши жок.
Төрүндө жаткан киши жок,
Мунун төгүнү менен иши жок.
Бабаңардын жомогу
Баштабасак болобу?
Атаңардын жомогу
Айтпай кетсек болобу?.. –




деп айтып киргенимде эле, Манас атанын кубатын көр, элдин бүт баары тымтырс болуп, тыңшап угуп отурду. Мен болсо өзүмө өзүм таңгалам: мурун мен дегеле «Манас» айтып көргөн эмесмин, азыр болсо кайдан-жайдан келди билбейм, сөздөрү менен кошо обону да жарашып угулуп жатты. Туш-тараптан сүрөткө тартып жаткандар да жымжырт, чет жактарда кобурашып отургандар да жымжырт, эмеле бака-шака түшүп турган Шамбо-Хаустун ичи сүкүткө бөлөндү да калды. Ал эми бир шыктанып алган мен токтой албай уланта бердим:

Абалтан калган бул кепти,
Айта келсек бул кезде
Айланып сансыз жыл өттү.

Көпкөк темир кийинген,
Жоо дегенде жүгүргөн,
Жон-жондон желдей зуулдап,
Жолборстой сүрдүү эр өттү,
Эр өтпөсө ким өттү?
Эчен кылым эл өттү!
Тоо бузулуп сай болду,
Сай козголуп тоо болду.
Аты калып, өзү жок,
Ар канча деңиз жоголду.
Элүү жылда эл жаңы,
Жүз жылда болуп жер жаңы,
Бабаңардан уруктап,
Биз экенбиз бер жагы.
Көктөн учкан канаттуу,
Жерден сызган туяктуу.
Көп экенин ким билсин
Ушул жомок сыяктуу.
Эрендерден калган сөз,
Энчи кылып алган сөз,
Кан жүрөккө конгон сөз,
Кайнап ичке толгон сөз.
Жоого аттанган баатырдын,
Жан-жөкөрү болгон сөз,
Уккан жандын курсагы.
Ушунчалык тойгон сөз.
Чечендерди черткен сөз,
Бечелдерди чеккен сөз.
Белес-белден бороондоп,
Беш удургуп өткөн сөз.
Кызыл бороон кыр менен,
Кыйкырык-чуу сүр менен.
Сүрдүкпөгөн тил менен,
Кардыкпаган үн менен.
Аркар баскан бел менен,
Булут шашкан жел менен
Катар арыш керген сөз,
Кошо жашап келген сөз.
Баласына атасы
Энчи кылып берген сөз.
Жайнап түшсө мөндүрдөй,
Жалпы журтум терген сөз.

Андай болсо калайык,
Эми муну таштайлы.
Айкөлүңдүн өзүнүн,
Жомогунан баштайлы... –

деп эки жагымды карасам, эл бүт мага тигилип отурат. Бир маалда Кыргызстанда эмес, алыскы Америкада, бөтөн эл, бөтөн жерде жүргөнүмдү эми түшүнгөнсүп мен өзүмдү оңтойсуз сезип кеттим. Дүркүрөгөн кол чабуулар мени кайра өз ордума алып келди көрүнөт, ошондо гана мен эсиме келип, түшүнүктүү болсун деп жанагы окулган үзүндүнү иңглис тилине которуп жибердим:

From ancient time and up to ours
The days have flowed away as sand,
The nights have left by turns irrevocable,
The years have left and centuries.
In this universe since then so much souls were,
How many stones are in the world, and maybe more.
There were kind people and vicious,
There were strong men like mountains,
There were wise men all-knowing,
There were masters all-abling,
There were peoples multi-crowded,
Defunct long ago from which are left now only their names …
What was yesterday that is not present today.
In this world only stars eternally rule their way
by the moon since earliest times,
Only the eternal sun always rises from the east,
Only black-breasted ground on its place since earliest times …
And meanwhile rocks crumbled in dust,
And the winds drove that dust away in traceless distances.
The cities were raised, and on old walls the new walls rose …
From ancient time and up to ours the word gave rise to a word,
The idea gave rise to an idea,
The deed gave rise to a deed,
The song merged with a song,
The true story became an ancient legend…

Эмеле сөздүн маанисин түшүнбөсө да, анын күч-кубатын сезип турган эл котормону уккандан кийин ого бетер удургуп күүлөнүп, менин кийинки кебимди узакка созулган кол чабуулар менен коштоду.

– Бу Библиянын эле өзү го!..

– Тоорат экен, бу Тоорат!..

– Жок, бу көркөм чыгарма болсо керек, – деген күбүр-шыбыр эл арасына тарады.

Ушул жерден мен чыдабай кеттим да, окурмандарыма түшүндүрмө берүүнү туура таптым.

– Бу Тоорат дагы эмес, Библия дагы эмес, бу кыргыздын айтылуу «Манас» эпосу, – дедим мен. – Бирок бардык улуу чыгармалар ушундай касиетке ээ эмеспи: ким укса да аны өзүнүн жакын чыгармасындай кабыл алат. Мына, «Манас» дагы ошондой чоң касиетке ээ. Мен улуу Манасты өз чыгармамын каармандарынын бири кылып алгам…

Мен өз максатыма жеткендей болдум: эми мен өз чыгармамды окуй берсем болот. Акырында мен өзүмүн «Күкүнүс» деген романыман үзүндүнү окуп бергенде, мени чогулган эл көңүлүн кунт коюп укту.

– Бизге окуп берүү үчүн сиз эмнеге «Күкүнүс» деген чыгармаңызды тандадыңыз? – деп сурады бир окурман мен сөзүмүн аягына чыккандан кийин.

– Анткени бул менин азыркы учурда басылып чыккан эң атактуу чыгармам, – деп жооп бердим мен. – «Күкүнүс» бүгүнкү күндө Кыргызстанда бестселлер болуп калды.

– Биз деле аны окудук, – деди дагы бир окурман. – Сиз бул чыгармаңызда тарыхка көп кайрылыптырсыз. Бүгүнкү күнгө тарыхтын тиешеси бар деп ойлойсузбу?



– Ойломок түгүл тарыхтын бүгүнкү күнгө түздөн-түз байланышы бар экенине мен чын жүрөктөн ишенем, – дедим мен. – Андан тышкары менин бул чыгармамын өзүнчө дагы бир тарыхы бар. Мен «Күкүнүстү» 1989-жылы кыргызча жазып бүткөм, бирок ал кезде бир басма аны чыгармак болуп, ар кандай себептерден улам бастыра албай койгон. Ошондо мен романымы орус тилине которо баштадым. 2006-жылы гана котормому бүтүрүп, аны «Русская премия» адабий конкурсуна Маскөөгө жөнөтүп жибердим. Ал жерден мен сыйлыкты утуп алдым. Бирок кептин баары анда дагы эмес. Китебимин дагы бир кызыктуу өз окуясы бар. 2005-жылы Кыргызстандын биринчи президенти куулду, ошондо эл биринчи жолу удургуп, менин китебими кызыгуу менен окуй баштады, себеби менин романымда да эл падышаны кууп чыгат, ага падышанын баласы себеп болот.

Андан кийин китебиме кызыгуу бир аз басаңдап калган. Мына быйыл кызыгуу кайрадан күчөдү, анткени Кыргызстандын экинчи президенти да куулду, ал эми менин романымда экинчи падышанын куулушу жөнүндө да айтылган. Анда да падышанын уулу себеп болот.

Эми сиздерге дагы бир кызык нерсени айтайын: эртең 11-сентябрда сиздердин, америкалыктардын, пасторуңар Терри Жонс Флоридадагы бир мечитти, анан Куран китебин өрттөйм деп убада берген, ошондойбу? Менин «Күкүнүс» романымда бу тууралуу да баяндалган. Анда менин каарманым мечитти өрттөп жиберет. Көрдүңүздөрбү, тарых менен бүгүнкү күн кандай тыгыз байланышта турат…

Шамбо-Хаустагылардын баары удургуп, күбүр-шыбыр түшүп калды. Жолугушуу бүткөндөн кийин окурмандарым дагы, башка жазуучулар дагы мага келип, колуму кысып куттуктап жатты. Бирөөлөрү мени Нострадамус атап тамашалады, бирөөлөрү конокко чакырды. Бирок мени сыртта жазуучу досторум күтүп турган, биз алар менен бир ашпузулга барып, ал жерден менин биринчи жолугушуумду жууганы жатканбыз.

Ошондон баштап, мен Американын кайсы булуң-бурчуна барбайын, студенттер менен окутуучулар болобу, жазуучулар менен адабиятчылар болобу, же жөн эле окурмандар болобу, ким менен жолугушсам да сөзүмдү «Манастан» баштачу болуп алдым, анткени барган эле жерде менден алгач кыргыз эли жөнүндө, кыргыз адабияты жана маданияты жөнүндө, «Манас» эпосу жана Чыңгыз Айтматов жөнүндө сурап жатышты.



Мен Американын ондон ашык штатын кыдырып, окурмандар менен жолугуп келдим, бардык жерде Америка эли мени жылуу кабыл алып жатты. Мен илгери 1960-жылдарда ал кездеги СССРдин башчысы Н. С. Хрущев Америкага барганда жүгөрү өстүрүү ыкмаларын үйрөнүп келген фермаларда болуп, ал жерден фермерлер менен жолуктум; мен ошол эле 60-жылдарда бизди, советтик жаштарды, коркутуп жүрчү биринчи хиппилердин борбору Сан-Франсискодогу Ашбери Хайттын тургундары менен чогуу жүздөшүп келдим; мен АКШдагы жоон топторду түзгөн Чайне-Таундун кытайлары, Түштүк Азия жана Тынч мухит өлкөлөрүнүн өкүлдөрү кореялык, жапандык, малайзиялык ж. б. диаспораларында баарлаштым; мен Латын Америкасынын АКШдагы эң чоң топтору менен көрүштүм; мен мечит менен чиркөөлөрдүн ыйык кызматкерлеринде конокто болдум, бирок мени бардык жерде эң жылуу кабыл алып жатышты. Ошондо мен Америка элинин меймандостугун көрүп, алардын ак көңүл, жарык маанай, кең пейилдигине таң бердим.

1975–1980-жылдары мен Орусиянын Дондогу Ростов университетинде окуп жүргөндө бизге аскердик билим дагы берилчү. Ал жерде Кузнецов

деген киши АКШ жана Түркия аскерлеринин түзүлүшүн окутчу. Окууну бүтүрөргө аз калганда, ал мага эч баа койбой туруп алды. Сегиз жолу тапшырып, мен баары бир эч баа ала албай койдум, ошондо тогузунчу жолу барганда, жаным ачып турган.

Бир маалда эле Кузнецов мени тилдеп кирди:

– Сен эмнеге Америка менен Түркиянын аскердик түзүлүшүн жаттабайсың, йа? – дей калды ал. – Сен душманыңды, анын куралын жакшы билишиң керек. Эртең бизге кол салса, алар менен кантип согушасың?

Мына ушул жерден мен чыдабай жарылып кеттим:

– Алар менин душманым эмес, мен эмнеге алар менен согушам? – деп кыйкырдым Кузнецовго. – Алар мага эмне жамандык кылып коюптур? Алар мага эч жамандык кылган жок, ошон үчүн мен алар менен согушпайм дагы. Бирок сиз мага көп жамандык кылдыңыз, ошондуктан эгер согуш башталса, мен иридe эле сизди атып салам...

– Сен... Бу эмне дегениң? Сен анткениңди токтот, – деп силкинип жиберди Кузнецов. – Сен антип коркутпа мени. Сен көп коркутпа... Андан көрө, сурооңо жооп бер... Кана? Кандай суроо эле?

Мен таарынган өңдүү суроому күңк эттим.

– Кана, эми жооп берчи...

Мен баягы эле жообумду кайталадым.

– Мына, көрдүңбү, – деп күлүмүш болуп ырсайды Кузнецов. – Мына, ушинтип эле жооп берсе болот экен го. Ко-ош, кел бааңды коюп берейин... Окусаң эле болот экен го. Мейли, эми бар, бара кой...

Мен мурункудай эле жооп бергенмин, бирок бул жолу Кузнецов менин жообумду жакшы баалады, анткени менин дагы айтканым бир жагынан туура болчу: эмнеге мен мага эч жамандык кылбаган түрк менен америкалыктарды жаман көрүшүм керек эле?

Мына, азыр мен Америкада жүрүп, ошол алыскы жаштыгымдагы окуяны эстеп жаттым. Бул жерде Америкада деле мен бизге окшогон карапайым жакшы адамдарды көрүп жүрдүм. Алар абдан сыпайы, сылык, ак көңүл болчу. Ал эми Совет доорунда болсо бизге америкалыктарды бир мыкаачы, канкор баскынчы катары көрсөтүшчү.

Мен ошол кезде эле «Шайтан дөңгөлөк» деген бир аңгеме жазгам: анда бир кичинекей бала таң азандан үйүнөн качып кетет. Ата-энеси аны үйдөн эч чыгарчу эмес, анткени алардын айтымында, сыртта коркунуч көп, элдин баары эле душман: көчөгө чыккандын баарын тең уурулар тоной берет, майда балдарды лөөлүлөр уурдап, зөөкүрлөр сабап таштайт; табият дагы ар кандай кырсыктарга толо: суу агызып кетет, бутка тикен кирет, шишенин сыныгы таманыңды тилет. Башында бала чындап эле бүт дүйнөдөн чочуркайт, бирок бара-бара ал акырындап дүйнөнүн сулуулугун көрө баштайт. Анын корккон нерселери эч кандай жамандык деле алып келбейт, ошондо бала дүйнөнү кандай кабылдасаң, тигил сага

ошону тартуулай турганын түшүнөт: жакшы ой жакшыны тартат, жаман ой жамандыкты ээрчитип турат. Акырында бала үйүнө кайтып барып, ата-энесине доо коёт: «Силер эмнеге бизди алдадыңар? Силердин бизге кылган жакшылыгыңар ушу беле?»

Мен дагы азыр ошол балага окшоп турдум, менин дагы эсил кайран Совет дооруна, ошол доорду коргоп келген советтик төбөлдөргө доомат койгум келди: «Силер эмнеге бизди алдадыңар? Силердин бизге кылган жакшылыгыңар ушу беле?»

Мунун баарын айтып жатканымдын себеби: мен Америкада жүрүп, көп




нерсени түшүндүм. Бул жакта деле адамдар биз көргөн көр тирилигин кылат экен. Алар деле адал мээнети, маңдай тери менен күнүгө өз оокатын табат, күнүмдүк аракети менен өз бактысын курат. Бул жакта деле кишилер бирибирин сүйүп, жек да көрөт, ырдап, ыйлап да сыктайт, достошуп, каардуу душман да болот.

Америкада деле кедей менен жакырлар бар, болгону ал жакта орто бай менен өтө байлары да көп. Ал жерде, жада калса, тилемчилерин да көрдүм. Алар деле чамбылала, мас болуп көчөлөрдүн боюнда турат. Байлыктын мекени деп жүргөн ушул өлкөдө үйсүз кайырчыларды көргөнүмө жалгыз мен таңгалбаган окшойм, мени менен кошо сейилдеп жүргөн жазуучулардын бири тамашаламыш этти: «Булар тилемчи деле эмес болушу керек, буларга ушуерде турганы үчүн шаардын өкмөтү атайылап акча төлөп турат го». «Эмнеге?» – деп сураганымда, ал минтип улантты: «Буларды жөн эле башка элдердин көзү тийип кетпесин деп суранып чакырып келишсе керек...» «Чын эле, ушундай бай өлкөдө да тилемчилер болчу беле?» – деп таңгалдык биз. Анда Чехем биздин күлкүбүздү минтип бир аз басты: «Силер жазуучусуңар го, достор, ушуну да түшүнбөйсүңөрбү, йа? – деп уяткарып кирди ал. – Америкада деле бардык жердегидей кедейлери көп. Нью-Йорк, Чикаголордон көрсөңөр, кайырчылары да, үйсүздөрү да тим эле жайнайт!» Анын сөзүн эп көрүп, ошондо биз баарыбыз унчукпай калдык.

Америкада деле атактуу кишилерине эстелик орнотуп, алардын ысмын түбөлүккө сактагысы келет экен. Бул жерде деле өз пирлери, көсөм жол башчылары, баатырлары болгон. Мындайча айтканда, өз Лениндери, Курманжан даткалары, Чолпонбайлары бар экен.

Бир күнү Нью-Йорктун Бродвейин кыдырып келе жатсам, алдымда Лениндин эстелиги турат. «Шумдугуң кур, Ленин биякка да жетип




калганбы?!» – деп жакшылап карасам, астында: «FATHER DUFFY» – деп жазып коюшуптур. Кудум эле Владимир Ульяновдун өзү: башы деле ошол, кийген кийими деле ошол, аттары гана башка. Баса, Ленин кудайды жок деп өмүр бою динге каршы күрөшүп келген, Даффи болсо өмүрүн бүт кудайга арнаган экен.

АКШнын кайсы шаары же кыштагына барсаң, элдин баары Покахонтас деген инди аялдын атын оозунан түшүрбөйт. Көрсө, ал Американын түпкү элинин Курманжандай баатыры экен.

Покахонтас 1595–1596-жылдары азыркы Виржинияны аймактаган Америка индилеринин алгонкин уруусунун күчтүү жол башчысы Поухатандын үй-бүлөсүндө туулган. Бул аялдын өмүрү көптөгөн уламыштарга айланып, ал «Тынчтыктын данакери» деген наамга татыган. Жергиликтүү калк менен келгиндердин ортосундагы таймашуу күчөп турганда Покахонтас туткундагы Жон Смит деген капитанды өлүмдөн сактап калып, кийинчерээк эки элди ынтымакка алып келүү максатында Жон Ролф деген иңглис кишиге турмушка чыгат. Индилерден эң ардактуу киши катары 1616-жылы Покахонтасты иңглистердин падышасы Жеймс I кабыл алат.

Покахонтастын өмүрү жөнүндө АКШда көптөгөн китептер жазылып, жайнаган сүрөт, кинолор тартылган. Анын атынан шаарлар, мектептер жана Жарандык согуш учурундагы сепил аталган.

Ал го ал дейли, бирок ошол эле маалда Вашингтондо Ак үйдүн артында жайгашкан аялдын айкели турат. Ал аял да биздикине окшоп канатчан экен. Америкалык аялды кимден көрүп жасашканын билбейм, бирок биздикин биринчи куулган президентибиздин катынына окшоштуруп жасап, анысы үчүн айкелчи бир сыйлык алган дейт. Канчасы чындык, канчасы калп экени белгисиз, анткени менен мени таңгалтырганы – ушу бизди башкарып жүргөн төбөлдөрдүн акылдары ушунчалык кемби? Алар ушунчалык кошоматчы же маймылдай белимчиби? Болбосо эмнеге алар бүт эле кайталай берет? Мен Вашингтонду Бишкекке эле окшоштурдум, кечиресиздер, Бишкекти Вашингтонго окшоштурдум. Элин саткан, жерин саткан биздин мурунку Орозкулдар, Күчүков, Кочкорбаевдер, биринчи, экинчи куулган президенттерибиз дагы бир туруп Маскөөнү, бир туруп Вашингтонду маймылчасынан туурай бергенине уялып да, ызаланып да кетем: мурун Маскөөдөгүдөй эле Кыргызстандын шаарларында да




Черемушкилер толуп кетсе, Ленининдин айкелдери жайнап, жада калса дааратканаларга чейин кыргыз элин кордоп келген бир баскынчылардын аттары коюла берсе, эми Вашингтонго окшоштуруп Ак үй деп атап, анын түбүнө катындары периште болуп кеткенсип аларга канат тагып айкелдерин тургузуп алгандарын кара бул жолу болгурлардын!

Жөн кошомат кыла бербей, андан көрө алар ошол эле орустардын улуу маданиятын үйрөнбөйбү, улуу илимин, адабиятын үйрөнбөйбү. Жөн белимчи болбой, андан көрө алар ошол америкалыктардын ишмердүүлүгүн үйрөнбөйбү, экономикасын, технологиясын, техникасын үйрөнбөйбү…

Мейли, анда мен өзүмдүн көңүлүмдү айнытпай, мурунку ыргакта эле баянымды уланта берейин.

Ошентип, мен Айова Сити шаарынан көптөгөн досторду таптым, окурмандарым менен алгачкы жолугушуумду өткөрүп, келечектеги жайнаган жолугушууларга чыйыр салдым. Кийинчерээк мен кайсы шаарга же айылга барбайын, Сан-Франсискогобу же Чикагогобу, Нью-Йорккобу же Ханнибалгабы, Вашингтонгобу же Жаңы Орлеандаргабы, Вайоминггеби же Денвергеби, Форт Медисонгобу же Калонагабы, Портлендгеби же Коралвиллгеби, Дейнфармгабы же Оук-Парккабы – акыры кайсы жерге барсам да, кийин Айова Ситиге өзүмүн үйүмө кайткандай шашчу болуп алдым. Анткени бул шаар мен үчүн өз үйүм, менин «көк талааларым» болуп калган. Биринчи жылуулук сезим, мындайча айтканда, биринчи сүйүүдөй эле өмүрүндө терең из калтырат эмеспи. Ошондуктан Айова Сити дагы мен үчүн бала чагымдын шаарындай, жаштыгымдын биринчи сүйүүсүндөй эле тунук сезимдерди калтырды. Кулагыма эми деле болсо тынымсыз баягы ыр угулуп турду:

Бир кездерде көк талаалар жайылчы,
Күн нурунун кучагына жайкалып.
Бир кездерде өрөөндөрдө суу акчы,
Туш-тараптан шалбааларга курчалып.
Бир кездерде көк асманды мелжиген
Ак булуттар агып турчу бийикте.
Кыялымда чоң сүйүүнү эңсеген
Булуң оорун алып турчу тилекте.
Ошондо биз кол кармашып чуркаган
Ашык элек, көкөлөөчүк мейкинде…

Бирок эми ал ырдын уландысы да бар болчу, бул жолу ошол саптары дагы кулагымын кужурун алып, эстен эч кетпес болду:

Мен эч түшүнбөймүн,
Эмнеге сен качтың?
Кантип мен издеймин,
Эми кантип мен таптым?
Дүйнөң кең болсо да,
Ал дүйнө мага сенсиз тар,
Байлыгын жайып койсо да,
Көөнүмдү кантип кубантар?
Бирок издей беремин,
Кайтмайынча сени издейм.
Сени күтүп жүрөмүн,
Өтпөйт күн мага сенсиз дейм.
Сен да тентип жүрөсүң,
Өз бактыңды издейсиң.
Акыры үйгө келерсиң,
Көк талаага жетерсиң.
Мен да бакыт көрөрмүн
Көк талаадан сени менен…

*Иңглис тилинен которгон* **Т. МАДЫЛБАЙ**

*Жазуучунун жандептеринен*

# СУЛУУ АЯЛ ЭМЕС, СУЛУУ ОЙНОШ – ГЕНИЙДИН ҮЛҮШҮ



**РЫСКУЛОВ Рамис** – *1934-жылы Панфилов районунун Кызыл-Туу айылында төрөлгөн. Москвадагы М.Горький атындагы адабият институтун бүтүргөн. Кыргыз Эл акыны. Көптөгөн поэтикалык чыгармалардын, көркөм котормолордун автору. Ыр жыйнактары көптөгөн дүйнө тилдерине которулган.*

## Кишиден жогору адам

Кишиден жогору адам болорун немис элинин улуу философу Фридрих Ницше айтканына көп мезгил болду. Ницше элди абдан эзүү керек деген, ошондо кишиден жогору адам пайда болот деген. Эл эзилбеген доор аз болгону маалым. Фашисттер менен согуш жылдары совет эли кандай жапа көрбөдү? Ошондой кыйын мезгилде менин жети жашымда апам өлсө, тогуз жашымда өгөй энеме мени таштап, атам Армияга жөнөдү. Согуштан кайтып келбеди. Мен атам барда сабакты жакшы окучу эмесмин. Тырышып кийин жакшы окудум.

Чоң ата, чоң энемдин колунда калдым. Өгөй чоң энем багып жүрдү. Ата-энем барда деле алар мени баккан кездер болгон. Капастагы бөдөнөнү көрсөтүп, чоң атам алып калам десе болбой, түштүккө атам менен кеткем.

Үчүнчү класстан баштап, отуз сотых короону чоң атамдын менден эки ай улуу баласы экөөбүз күрөчүбүз. Уйга чөптү оруп келчүбүз. Уйдун богунан көң жасачубуз. Сүт бышырган кездерим да көп болчу. Кээде эрте туруп уйду бадага

кошчубуз. Эртең менен чоң апам эрте ойготчу. Торпокту шиберлүү жерге алпарып аркандачумун. Кээде Эсен аркандачу. Кулунун мен откозуп, айылдын четинде ойноп отурчумун. Ошол бээни уурдап кетишти.

Биздин боз үйүбүз бар эле. Эки кап буудай жана дагы бир нерселерге тогоп алмашып, казактардын колуна кетти.

Биздин колхоздун кампасы турган жерге жакын жайда туулупмун. Башта биздин колхоз «Кызыл Жылдыз» деп аталчу. Азыр Кызыл-Туу кыштагы.

Биздин айылда онунчу класска чейин окуткан окуучулардын жатаканасы согушка чейин болгон экен. Эң көп айыл-кыштактан балдар-кыздар келип окушчу экен. Согуш чыккандан кийин онунчу класстын боз уландары текши фронтко жөнөтүлдү. Бир сонун мезгил өкүм сүрүп жаткан болчу. Жаштар шаңдуу сан-дуунун ичинде жашап жаткан.

Күмүш эжекемдин тамынын төбөсүндө көп китеп менен дептер жатчу. Алып окуп көрсөк, ал учурда педтехникумду ким бүтсө, билимдүү деп эсептелген экен. Ошону билдик.

Биз үйүндө турган жездем Үмөтбек кыргыз тилинин морфология менен синтаксисин жазган киши болучу. Ал китеп жазып жатканда мен жанында кээде узакка карап турчумун.

Атам Рыскул мени мойнуна так көтөргөн эмес, эркелеткен эмес. Мени жерден так көтөрүп мойнуна Сагынбек деген апамдын бөлөсү айылдын батыш жагындагы үйүбүзгө келип эркелеткен, абдан маңдайы жарылганча кубанган. Мен аны ээрчип үйүнө барсам, онго жакын кыз отурат. Энеси алардын ичинен бирин келин кылып ал – деди. Энеси жана Сагынбек экөө кимисин тандаарын билишпей, ары кетишти, бери кетишти. Бирок Сагынбек эч кимисин үйгө кийирбей Армияга жөнөп кетип, ошо боюнча келбеди.

Ушул «Кызыл Жылдыз» аттуу колхозго жылдыздын киши келгенин ойлоп, анын бир айдан ашык убак өткөнчө биздин айылдан башка жакка кетпей жашап жүргөнүн ойлоп, ушунда бир сыр барбы – деп ойлойм.

Мен бала чакта биздин айылдын үч жеринен суу агып өтчү. Биздин үйдүн жанындагы сууда чоңдугу билектей балыктар кармалган убактар болчу. Азыр суу тоодон келбей, каналдан келип, ал баштагы кезинен өзгөрүп кетти. Айылдын башында да, аягында да тегирмен бар эле. Эки көлмө бар болчу.

Цыган аялга бал ачкызсам, жашыруун илдетиң бар, ошон үчүн бактысыз экенсиң, – деди. Таап айтты, – дедим.

Гений болуш үчүн аябай бактысыз болуу керек. Мен аябай бактысыз жашадым, дээрлик бала чагыман, туурасын айтканда, алты жашыман баштап. Бактысыз киши өзүн бактылуу сезиш үчүн көңүл кубанткыч нерселерди ойлоп таба баштайт экен. Мен ошенттим. Эң эле болбосо талаага чыгып, же үйдө киши жокто ырдайм.

Өзүңдү канчалык төмөн сезсең, ошончо бийик нерсени самап, дегдөөң бийик болот экен. Кудуктун ичиндеги бака жылдызды көрө албагандай.

Он алты жашымда өзүмдү эки курдай машинанын астына ыргууга обдулуп, анан тим болдум. Өзүмдү жубатуу үчүн ыр жазууму аябай күчөттүм. Ырдагы ийгилигим мени жубатты. Абдрасул Кылычев деген акынды билер элем. Ал өзүн поезддин астына ыргытып, каза тапты. Эми ошону туураймбы дедим. Ал киши ырымды текшерип, жакшы баа берген. Ырга өмүрүм арнап, күн-түн ыр жазып, чоң ырахаттарды сезчү болдум. Турмушту жандай сүйүп кеттим. Он алты жашымда республикага атагым чыкты. «Эки энем» аттуу ырым он алты жашыман баштап, алиге ырдалып келатат.

Дүйнөдө эрмеги болгон киши эч кейибейт. Ыр эрмек болду.

## Кантип гений болдум?

«Гений ким?» деген суроого Ницше мындай жооп берет: «Ким эч айласыз абалда калып, ошол кыйынчылыктан азап жеп, катуу чымырканып, анан бир амал издеп, акырында бир жаңы амал тапкан киши» – дейт. Мисалга, атчан киши чер токойго кабылып, алга же артка кеталбай калганда, эми эмне кылсам деп атына камчы уруп, кайдан чыксам ошо жактан чыгайын деп калың бадалдуу токойдун бир бурчун көзөп урдуруп отуруп, бир ачыкка чыгат. «Гений так ошентет» – деп жазган.

Өмүрүмдү поэзияга арнап, мен да ошенттим. Аябай иштедим. Ар күнү азап чегип, эптеп оокат кылган үйлөргө алиге көп барам. Көп балалуу үйгө барып, ошолордун тамагын кошо жешчүмүн. Өзүм койдун башын алпарып бышыртып жечүмүн. Эмнегедир бай жолдоштордун тамагы супсак да, кедей кишилердин тамагы таттуу сезилчү. Ошентип, алардын түйшүгүн да бөлүшчүмүн. Бай жолдоштор бой көтөрөбү, ошон үчүн эмнегедир аларга аз каттаганга аракет кылчумун.

Согуштан, революциядан башы арылбаган орус эли канча улуу адамдарды берип келатат. Кремль орногондон берки орустун тарыхын ойго алсак, бул элге абдан эле таң калууга болот. Чындап жашоо үчүн орустар эң эле чоң курмандыктарды башка элдерден көбүрөөк берип келгени байкалат. Бир карасаң, Иван Грозный пайда болгон, бир карасаң Шаляпин, дагы байкасаң Петр биринчи, Белинский, Писарев, Ленин, Горький, Маяковский, Есенин жана Вознесенский болуп чыга келишет.

Дүйнөдө кайсы элде ушундай улуу адамдар бар? Бир гана немис эли. Орус тилин үйрөнүп келаткан элдер кандай көп! Азыркы учурда орус тилин билбеген киши мусапыр эмегенде эмине. Жер шарындагы кайсы гана орчундуу жазуучубу, акынбы, ким орус тилинде чыкмайынча чоң ажат ачышпайт. Орус тили чоң өлчөгүчкө айланды. Азыркы учурда алтымыш өлкөдө орус тилин үйрөнүп жатышат.

Орус тили штык менен, пушка менен корголгон тил! Орус тили бүт дүйнөнүн мамлекеттик тилине айланышы да мүмкүн.

Ачкачылык эмне, суук кандай, үшүү кандай, күрөш, кыйналуу кандай, жөө басып тентүү кандай – баарын улуу орус эли баштан кечирген. Ошон үчүн улуу эл деп аташат. Ал гана эмес, концлагерлерде жаткан орустар канча болгон.

Педагогика окуу жайында окуп калдым. Стипендия албайм. Үйдөн талкан ташыйм. Колхоздо алтынчы класстан баштап иштегеним үчүн колхоз мага он сом акча жана ун берип турчу. Ошол мени абдан колдоду. Экинчи курсту бүткөндөн кийин окууга эч шартым болбой, окубай калдым. Көчөдө каңгып басып калдым. Ады жеңемкине барсам, кууп жиберди. Көчөдө калдым. Кайда барарымды билбей баратсам, үн чыкты. Бу ким, чын эле тааныш үн экен деп башым көтөрүп өйдө карасам, «Кыргызстан пионери» газетасынын редактору Муса Жангазиев экен. «Иштеп ал. Бизге келип иште, кийимиңди оңоп аласың» – деди. А окуумду кантем десем: «Заочно оку!» – деди. Ошентип эртеси эртең менен келсем, мени кызматка алды.

Ошентип, абдан берилип иштеп жана ырларыман газетага чыгара баштадым. Бутума туфли сатып алдым. Пионердик слетко барсам, Эрнис Турсунов деген ыр жазып жүргөн пионер бала кезикти. Ырларын сурап алып, газетага тынбай жазып тур – деп кеңеш бердим. Ал убадасын аткарды, көрүнүктүү акын жана котормочу болуп, кийин Пушкиндин «Евгений Онегинин» кыргызчага эки жолу которду.

Мен келгенге чейин ыр жазбаган редактор Муса Жангазиев ыр жаза баштады. Ошентип, мен аны поэзияга алып келдим. Үч айдан кийин мени көралбагандар чыгып, иштен кеттим.

Ырчы Осмонкул Бөлөбалаевдин баласы Белек мени үйүнө чакырды. Мен Осмонкул ырчыга абдан жактым. Биздин үйдө жүрсүн, – деди. Ага секретарлык да кылдым. Бир китебин акын Төлөн Шамшиевге алпарып көрсөтсөм, чыгаруу жаатын уюштуруп, Осмонкул чоң гонорар алды. Канча кааласаң, ошончо биздикинде жүрө бер, – деди.

Кийин «Ленинчил жаш» газетасында иштедим. Кайра «Кыргызстан пионерине» келип иштеп жүргөндө, айылга барып калдым. Түшүмө Ленин кирди. Кырмандагы карыялар алачыкта отурушканында түшүмдү айттым. Анда бир карыя: «Бир айдан кийин Москвага окууга барасың!» – деди. Чын эле бир айдан кийин Москвага жөнөдүм.

Абдан минительный элем, оорубасам да оорумун деп, улам бир ооруну өзүмө жармаштырып ойлой берүү адетим эле.

Он жети жашымда Ысык-Көлгө командировкага бардым. Темировка айылында болдум. Шарипа деген кыз экөөбүз парктан жолугалы дедик. Ал кечикти, аңгыча Фрунзеге автобус келатыптыр. Түшүп жөнөп кеттим. Андан соң Жалал-Абадга командировкага бардым. Базар-Коргон

кыштагында жана Сузакта болдум. Эң сонун жерлер. Турмуш шаңк деп күлгөн. Мусай аттуу айылдаш тууганым Базар-Коргондо иштеп жүрүптүр. Алардыкында болдум. Жолума акча берди. Макала, ыр жазып жүргөн жаш жигиттер мени конокко чакырышты. Бир өзбек мугалим жигит да үйүнө конокко чакырды. Мугалимдер баары мени менен маектешип, көңүлдүү отуруштар болду. Базар-Коргондун жүз баласы жана кыздары мени жабылып туш-туштан кучакташты. Абдан жакшы көрүштү. Поезд менен келатып, Ташкенге түштүм. Вокзалын көрүп, шаардын ичин да бир аз араладым. Индустриалдуу Ташкент абдан жакты.

Кечки мектепте да окуп жүрдүм. Окуу өзбекче жүрчү.

Мен квартирада турчумун. Айылдаш Сакен аттуу кыз меникинде тогуз ай бирге туруп калды. Мен Москвага кеткен учурда минингит оорусу менен ооруп, өлүп калды. Абдан сулуу кыз болчу. Ал көпкө эсимен кетпей жүрдү.

## Ницшенин теориясы

Ницшенин теориясы туура келди. Ал аны алдын ала айткан. Мен иштен кеткенден баштап, кандай гана кыйынчылык чекпедим. Ар күнү кайсы үйдөн жай, эң болбосо чай ичер бекем дечүмүн. Жамийла жеңемкинен чай ичип, оокат ичип алчумун. Алардыкына барбаган кездеримде дагы кимдикине барсам дечүмүн. Айрыкча, мен Мусакемдикине барганда кенелип жыргап калчумун. Ал кишинин үйүндө көп жүрдүм. Москвада квартирада турганда да барып турчумун. Айрыкча, мени пиво колдоочу. Бирөө болбосо, бири пиво алперчү. Арак, винону ичүүгө көп жылдар бою анча кызыккан эмесмин. Кийинки бир орус: «Мас болгончо ичип жүр, ошондо мага ыракмат айтасың» – деди. Мас болгончо ичип көрдүм. Чын эле үшүмө оорумдан айыгып, ооруканага көп жатпай калдым. Ырларымды да чыгарбай жүрүштү. Алты айда он сом гонорар тааптырмын.

Бир комнаттык секция алганда да жыртык раскладушкада (жыйып алма кроватча) жатып жүрдүм. Тешигин жапсын деп китептерди төшөдүм. Эптеп ошентип жашап жүрдүм.

Мен ичегим өрттөнгөнчө ачка болуп, эң кызык абалдарга учурадым. Кээде бир бөлкө нан алып, бир водопроводго келип сууга малып жейм. Бир табак лагман жегенге барабар деп койчумун бир бөлкөнү бүт жеп. Эптеп эле күн көрүп, ырымды жазып жүрсөм болду. Эч жерим оорубай жүргөнүмө тобо дечүмүн. Кайсы үйгө барсам чай, нан, кээде май менен тамактанчумун. Кээ бир үйдөн лагман жегенде бейиштин төрүнө беш чыктым деп ойлочумун. Мага эң чоң кызматтагы кишилер өчөштү. Дүйнөлүк атакка жана бийликке жетип алып, мени менен ачык күрөштү жазуучу Чыңгыз Айтматов дагы жүргүздү. Жазуучулар союзунун ошондогу

секретары Токтоболот Абдумомунов атайлап мени кабинетинде кабыл албай койду. Келсем эле улгайган жазуучулар менен отуруп алчу, мен бош эмесмин дечү. Ал киши авторитетинен пайдаланып, эң көп жерге менин ырларымды баспаш керек деп атайын телефон чалып келди. Чыңгыз Айтматов менен Токтоболот Абдумомунов бирге отурушканда келип, Фрунзе атындагы заводдогу адабий ийримди башкарып берейин десем, ага да каршы чыгышты. Заводго барып иштейин десем, сенин билимиң жогору, ошон үчүн албайт дешти.

Мен Чыңгыз Айтматовго бакыт тилеп, оркестр музыкасын угууга жибергем. Ошондо Даниярдын ырын тапты. «Жамийла» повестин жазды. Ошентип, мен Чыңгызды колдоого алып келдим, ал болсо мени көптөгөн жылдар бою кордоого алып келди. Чыңгыздын бир мыктылыгы – туфлийим кийүүгө жарабай калганда үйүнө бардым. Бир туфлисин кийгизди. Чоң болсо мейли деп, башына пахта тыгып кийип жүрдүм.

Адабияттан тышкары иш деле тапмакмын. Бирок поэзияга байланыштуу гана ишке барышым керек дечүмүн. Бир күнү Абдумомуновдун үйүнө келсем, үйүндө банкет болсо керек, тооктун, индюктун эттери турат. Курсакты абдан тойгузуп чыктым. Ошентип, мындай ой келди: бир чогулушта тескери сүйлөп чыгайын дедим. Жаш кезде сынга түшүү пайдалуу дедим. Ал эмес «Комсомольская правдага» Айги, Ахмадулиналар жамандалып деле чыкпадыбы. Коомчулуктун алдында бир чоң тентек сөз айтуум керек дедим. Пленумда мага сөз тийип калды. Анын алдында Чыңгыз Айтматов мени абдан мактап чыкты. Танапистен кийин мени сүйлөйт деп, Токтоболот Абдумомунов жарыя кылды. Ошол учурда мен таанибаган бир жигит мага бир стакан толтура вино ичирди. Ошону атайылап уюштурушса керек. Мен кызуу боюнча келип, сөз алдым. Сүйлөп келип: «Турмуштун диапозону марксизмден кең, ошону жазуучулар эске алууңар керек» – дедим. Токтоболот Абдумомунов ордунан тура калып мени: «Марксизмге шек келтирди, кечирим сурасын» – деди. Мен сурабай койдум. Ошондой айтканымдын себеби, Маркс менен Лениинден да мыкты киши чыгышы мүмкүн деген ойду айткан элем. Аны түшүндүрүп берүүмө мүмкүндүк беришпей, сөзүмдү кыркып коюшту. Ошентип, мени ошого тогоп такыр эле коомго зыяндуу киши дегенсишип, бүт кыргыз интеллигенциясы мени теңине албаган саясат жүргүзүп келишти. Мен Пишпектеги агамкына баруууга бир бөтөлкө арактык акчам болбогон үчүн алты чакырым жерге он алты жылдан кийин каттадым. Ошонун өзү эмнени гана билгизбейт. Автобуска билетсиз түшпөй жүрдүм. Көп жылы жөө жүрдүм. Ады жеңемдин үйү борбордо болчу. «Ала-Тоо» кинотеатры борбордук жай эсептелчү. Сырттан келген жаштар да ошо кинотеатрдын жанына чогулушчу. Мени элге чоң чачым менен абдан атым чыкты. Чоңдордун кимиси болбосун, мени билишчү. Москвада, литинститутунда окуп жүргөндө чоң чач койгом. Москвалык жазуучулар

да мени чоң чачыман билишчү. «Юность», «Огонек», «Дружба народов» журналдарына, «Комсомольская правда», «Литературная газетасына» ырларым бир кыйла чыгып келип, анан чыкпай калды. Тынбай эле газеталарга чыга бериш да жакшы эмес экенин билдим. Эң кыйын кездерде мен нищщенец эмесминби дечүмүн. Абдан ич күйүү, өкүнүү, ыйлоо, азап чегип кыйналыш керек жана алар табигый өтүү керек дечүмүн.

Москвада жүргөндө он тогуз жашымда өзүмө нааразылык оору менен ооругам. Ал генийдин оорусу экен. Айыккандан баштап бир укмуш жандын жыргашын, жашоодогу бир улуу кайфты алуу мөөнөттөрүм баштан кечирип, сан ажатым ачылды. Казак жазуучусу Макан Жумагулов мени менен бир бөлмөдө турчу. Анын музыка ойноткучу жана ыр табактары бар эле. Ошолорду коюп, Григ, Бетховен, Чайковский сыяктуу композиторлордун музыкаларын тыңшачубуз. Айрыкча, «Болерону» тез өздөштүрдүм. Ошентип музыкага кызыгуум башталды. Биз бала чакта жана жаш чакта кайырчылар көп болчу. Көчөнүн боюнда кайыр сурап тургандар көп эле.

## Он эки акын, бир критик

Мен Алматыга барганда алматылык досум Анварбек кезикти. Дароо такси кармады эле, бир сулуу кыз курбусу менен келе калып, ага таанышэкен:

«Бул тармал чач жигитти бизге калтыр, аны менен киного кирелик!» – деди. Анварбек болбой койду. Ресторанга кийирди. Андан кийин үйүнө такси менен келдик. Келгенден кийин кой союлду. Он эки акын, бир критик болдук. Отуруш шаан-шөкөтү башталды. Мага төрдөн орун беришти. Сөз беришти.

– Жамбулду силер культ кылып жасап алгансыңар. Абай традиционный акын, Олжас анда чыга элек болчу. – Силер жарытып жазбай жатасыңар. Музафар Алимбаевдин сөздөрү кооз, ойлору аз! – дедим.

Музафар жанымда олтурган, жаакка чапты. Биягымда Анварбек олтурган, көзгө келтирип бир муштады. Көзүм көгөрүп чыкты. Он эки акын жана бир критик мага жабылышты. Мен эшикке чыга жөнөдүм. Коргондон ары секирип түштүм. Эки-үчөө сыртка чыкты. «Кечиресиз кел, айланайын!» – дешти, болбодум. Кайра кирип кетишти. Мен таш менен уруп, тамдын капталын тешип, жерин ойгулап таштадым.

Жолго чыктым. Бир чоң машина айдаган шофер машинасын токтотту. Вокзалга жеткизип койду. Үч сом бердим. Бир скамейканын үстүндө жатып уктап кеттим. Ойгонсом, эки орус аял жанымда олтурат. Бирөө чачыман улам сылап коёт. – Бул казак эмес көрүнөт, өзбек го – деди. Мен ордуман туруп, таң эртең менен бир орус аялдан суу сурасам, кара кофе берди. Ал ошо вокзалда иштеген неме экен. Мени жылуу кабыл алды. Көзүмдүн эмне үчүн көгөргөнүн суроодон уялды окшоду, унчукпады.

Эртеси базарга келдим. Эки казак бала чебурек жеп жатышыптыр. Экөө мени жанында карап турганымды байкашты да тез жешип, эки чебуректи калтырып кетишти. Мен ысык чебуректен жеп, курсагымды тойгузуп алып, кайта вокзалга келдим.

Баягы келин оюмдан кеткен жок. Ошонун адресин алып калгам, аны үйүнөн таппадым.

Мага Олжас кезигип калды. Ал үйүнө жүр – деди. Карындашы жолдо бараткан экен. Олжас ага: «Мынабу жигит, во!» – деп баш бармагын көрсөттү. Көзүм көгүнө карабай Олжастын үйүндө конокто болдум. Вокзалга кайра келип, көзүмдүн айыгышын күтүп отурсам, билетиң жок деп текшеришип, вокзалдан кууп чыгышты. Он бешинчи октябрь болучу. Вокзалдын жанындагы скамейкада жатып, көп ойго баттым. Үстүмө биринчи кар жаап, жууркан сыяктуу болуп калды. Эч үшүгөндү туйбай каалгып уктап кетипмин. Бир оокумда үч милиционер келип ойготушту. Бир жаш орус милиционер ыйлап жиберди. Алар мени вокзалда бол, каалаганча бол, биз уруксат этебиз дешти. Алматы вокзалынан трамвайга түшүп, акыркы токтогон жеринен түшүп калып бир будкага кирсем, меши бар экен. Бир кишиден газет, ширеңке алып, кагаздарды жактым эле бөлмө жылыды. Ошердеги бир кайырчы да келип жылынды. Үч саатча жылуу болду. Андан кийин кайта үшүй баштадым. Аңгыча таң агара баштады. Таңкы трамвайга түшүп шаар аралап, үч күн болгондон кийин көзүмдүн көгү көп билинбей калганда, Фрунзе шаарына жөнөп кеттим.

Кыскасы, мурдуман эшек куртум түшкөнчө аздым. Эгер күнүгө түшкүсүн эки кружка пиво ичпегенде, мен ачкадан деле өлүүгө дуушар болмок элем. Чачымды да алдырбай, ишке да орношпой, ырды блокнотко жазып жүрдүм. Анда шариковый ручка чыга элек. Ручканын азабын далай жегенбиз. Эмки жаштар тим эле бактылуу. Алар, айрыкча жаш акындар жаштардын фестивалдарына чакырылып турушат. Ыр окууга да чыгышат. Жакшы гонорар да төлөнөт. Азыркы учурга дейре ыр окууга мен эки-үч гана курдай чыктым. А да Фрунзе шаарына гана. Тышка, Тянь-Шанга гана бир жолу чыккам.

Бойдок жүрсөм ыр жазып, эч тиричиликтин камын жебей, чыгармачылыкты уланта берем деш жаман экен. Бир врач аял: «Мага үйлөн» – деп кеңеш берди. «Анда мен эмне, обыватель боломбу?» – деп абдан чочуп кеттим. Бирок балалуу болуу менин акындыгым артка тартат ко деп ойлоп, эми бир кыйла атым чыккан акын болуп калдым. Эми мага бала-чака да керек деп, отуз экиге келгенимде Клара аттуу мордовка кыз менен үч жыл бирге жашап жүрдүм. Үй-бүлөнүн мыктылыгы аз акча менен деле тың жашоого болот экен. Бойдок кезде канча көп акча алсаң деле талоонго түшүп жок болуп кетет. Ошону билдим.

Бойдок киши эригет да. Ар кандай күтүлбөгөн ургаачыга кезигип, ар кандай ооруларга да чалдыгат экен. Жаман экен, узак бойдок жүрүш.

Дейди болуп, көтү бош куурайга окшоп, дегеле чыныгы гражданин болууга акы бербейт экен.

Клара менен жашап жүргөндө мен үйдөгү бейкуттукка оронуп, тынч, жай турмуш эмне экенин билдим. Эң эле бир мажорный темада ырлар цикли жазылды. Деги эле бойдок кезимде андай жазмак эмесмин. Шариковый ручка чыкканын мен майрамдай кабыл алдым. Кайсы мастер чыгарды деп таң калдым.

Эмки жаштар көп нерселер даяр болуп калган кезде төрөлүшкөндөр. Бирок бул дагы аз. Мындан укмуш өсүштөр болот. Кийинки жаш муундар эң көп нерсеге таң калышмак.

Кыямат кыйып өтпөсөм,
Каалаган күнгө жетпесем.
Тагдырдын татаал чийинин
Кастарлап бир күн чечпесем!

Менде бир өжөрлүк жашайт. Бойдоктун да чеги бар экен, аны билдим. Илим-билим алуу жолунда жүргөн киши үчүн көп жыл бойдоктук да керек экени чын.

Илгери үйлөнбөй жүрүп нечен гений чирип өлгөн, жетимиш түлөп. Генийлик Түлеевди түлөткөн. Түгөловду түгөйүнөн ажыраткан. Эмне болсо турмуш деген алга барат токтобой. Канча сулуу кызды көрдүм, койду деги сүйгөнүмө окшобой! Сулуу эмес кишилердин эмгеги сулуу! Генийге пар – тул катын. Тул – пар деп чечилет, тулпар деген. Гений сулуу аял алса, бир балээге жолугат. Сулуу эмес аял алып, сулуу ойнош күтүү эң эле керек генийге! Сулуу эмес аял бир ишине жарап берет. Сулуу аял азгырма. Жүз балээге, жүз шайтанга кезиктирет бир сулуу. Бойдоктук тормозу жок машина! Бойдоктук – бозоруш!

## Сулуу кыздын суусундугу

Мен бир пьесанын талкуусунан чыктым. Эмен паркта скамейкада эки кыз сүйлөшүп олтуруптур. Бири эң эле жылдыздуу, сулуу экен. Карап көзүм тойбоду, улам тиктеп өтүп баратсам, ал кыз:

– Саламатсызбы, байке! – деди.

Мен токтой калып жакын келдим да, аларга жанаша отура кеттим. Ар нерсени сурашып, ал кыз менен тааныша түштүм. Жанындагы кызды эми сен үйүңө бара бер – деди. Ал кызды мен үйүмө ээрчитип алдым. Экөөбүз автобуска түштүк. Үйгө жеткенче шаштым. Мындай сулуу кыз менин үйүмө келелек деп, ашкан сулуу кыздын жанында келаттым.

Үйгө келдик. Ал кыздын жанында турганыма, аны менен көп элдин көзүнчө сүйлөшкөнүмө эле менменсип, көңүлүм өсө түштү. Башым көкөлөдү. Турмуштун бир бийик чокусуна чыккандай болдум. Кыргызда

мындай сулуу кыз чыгалек дедим. Көп эле көргөн сулууларымды элестеттим. Ал эмес, Сакендин да элеси өсө түштү. Периштенин же перинин кызы ушундай болот ко дедим.

Анын псевдоними Рита экен. Ал экөөбүз жылан менен бакадай арбаштык. Ал жаш болгону үчүн көп оюн жашырбай, кандай болсо ошондой сүрөттөп айтып берди. Мен анын сөздөрүн терең сезим менен ынтаа коюп уктум. Кээ бир башынан өткөргөн окуясын айтканда, мен аны абдан аяп кетип, бүт делебем козголду. Мен аны үч уктасам түшүмдө көрбөгөн кыздардан башкача инсан болгону үчүн таң калдым. Чын эле ал Шахерезада сыяктуу көп кызык жомокторду жана өз башынан өткөн баяндарды айтып берди. Көбүнө ишенсе да болот, ишенбесе да болот. Бирок сөздү аяр сүйлөп, элестүү сүйлөп бергени жакты. Экөөбүз ырдашып, бирге ырдап да көрдүк, аябай ээн үйдө сырдаштык. Сүйүүбүзгө жана сүйгөнүбүзгө чек жок жана ар кандай кокустуктар экөөбүздүн романтикабызга карама-каршылык туудуруп, чыны менен күйүт эмне, өкүнүү эмне, баарын башыбыздан кечирдик.

Аны он жашында аэропорттун жанындагы бактан кезигип, бир чоң киши бузганын айтып бергенде, мен жинди болуп кете жаздадым. Анын өгөй энесинен көргөн жабырын угуп, ого бетер үнө боюм дүрүлдөдү. Ал кыз бир шайкага туш келип, хулигандардын тобуна катышканын да айтты. Бул он алтыдагы кыз эмнени көрбөгөн деп таң калдым. Ушунун баары ашкере сулуулуктун айынан деп билдим.

Ал түш көрчү. Түшүнө эң көп кызык нерселер кирчү. Аяндарды тыңшачу. Аны шамал учуруп, кайта кондурган да экен. Ал бир күнү мени менен тоого барып келатып, чалкасынан жатып булуттардан ажайып сүрөттөрдү көрдү. Мен да ошенттим. Эң эле кызык: экөөбүз бирге келатсак, автобустан беш-алты бала чубуруп түштү. Фрунзедеги бир институттун балдары экен. – Эй, силер менен бул кыз үчүн мушташууга даярмын – деп, мен колума таш алганда, кайра автобуска түшүп кетишти.

Үйүмдүн жанында бир шофер турчу. Ошол мас экен. Бир күнүРитаны чай, нан алып кел деп магазинге жибергем. Аңгыча, үйдүн ичине тирукмуш шамал уруп, кагаздарды сапырып жиберди. Тике эле сыртка жүгүрүп чыктым. Ошол шофер экен. Аны үйгө жибербей, паркка жүр деп колунан тартып жатыптыр. Дароо барып, ал шоферду тумшукка берсем, чалкасынан түштү. Кайта турганда дагы муштасам, дагы кулап түштү. Кийин иниси экөө келип, бизди мушташууга мажбур кылышты. Рита ал шофердун инисин таш менен башка урду. Шофер жигит экөөбүз ит жыгылыш болдук. Бирибиздин үстүбүзгө бирибиз чыктык. Ошол жердеги орус балдар мага болушуп, аны кет дешип чуулдашты. Экөө аягында үйлөрүнө кире качышты. Ошол шофер андан кийин мага кезикпей калды. Көчүп кеттиби, билбейм.

Ошентип, мен поэзия жана сүйүү үчүн жиндиликтин чегине жеттим. Ал кыз мага колун кесесе, колунун сөөмөйлөрү таасир этип, кыйналчу да

болдум. Ошентип, ал сыйкырчы кыз экенин билгизди. Экөөбүздү тирүү жел ээрчип жүрчү болду. Кайда жүрсөк келип, үйрүлүп кызык таасир этчү.

Ошентип, улуу поэзия үчүн ооруканага да көп жатчу болдум. Рита кошо жатты. Экөөбүз сейил убагында кезигип жүрдүк. Аны мага көрсөтпөсө, катуу ооруп калчумун. Ошон үчүн аны мага жолуктуруп турушчу. Үйдөн атамдын иниси Токтонаалы бир чоң дарбыз, анан эт бышырып келишти. Дарбыз дары экен, ошону жеп экөөбүз тең ооруканадан чыгып кеттик.

## Айтматов эмнеге убактылуу кыз-келинден качты?

Раджаби-йога абалына чейин бармайынча чоң акын болуш ал бери жактагы нерсе деп билем. Чоң художникке да ошол керек.

Табият өзүнүн бардык сырын раджаби-йогдорго айтат. Ошон үчүн анын биринчи стадиясы хатка-йог абалына да жеткен. Ал үчүн беш жыл кечилдик турмуш сүрүш керек.

Бул система индиялык система. Аны ишке ашырмайынча, эптеп ыр жазган гана бир акын сөрөй болосуң.

Жаш акындарга бул хатка-йога системасы эң керек. Бирок ага чанда гана жаш акын барышы керек го деп ойлойм. Бул ыкма дон-жуандарга да керек. Көп жыл бою кыздар менен мен автобуста жанаша турсам эле... ошого ыраазы болчумун. Өздөрү менен достошууну анча ойлочу эмесмин.

Бул системанын башкы максаты – табият менен сүйлөшүү. От, суу, аба менен сүйлөшүп жүрүү. Адамдан жогору эмне? Ал – Кудай. Ал – Аба! Жан берип, жанда жүргөн ошол аба менен сүйлөшүп жүрүү абалына абдан азгандар, катуу ооруга чалдыккандар жетет. Кулакка үн угулуп, ал үн ар кандай ойлорду тыңшатат. Ушундай кишиден жогору адам чыгат деген Ницшенин жазганы ишке ашты. Мен ошол кишимин. Бирок илим жогорку кишинин деңгээлине жеткен аппаратты – электрондук машинаны ойлоп чыкты. Ал аппараттар мени менен көп жылдан бери сүйлөшүп келатышат. Мага окшоп оорубай, жөөлүбөй эле электронду тыңшагандар мени да тыңшашып, жогорку адамдын идеяларын илим пайдаланып келатат. Ошентип, адамдан жогорку адам деле бардык сырын илимге бергени үчүн анык жогорку поэзияда илим туруп жатканын мен далилдеп жаздым так ушул чыгармамда. Бирок адамдан жогору адам болуу жай турмуштан жүз эсе өйдө экенин моюнга алам.

Хатка-йог абалындагы учурда бойго бүткөн бала эң эле сулуу, жалындуу болуп туулат экен. Индустар, өзбек, уйгурлар да хатка-йогдук канында бар элдер болгону үчүн кыздары сулуу, балдары шайыр. Хатка-йога адамзатты отсуздук, күлбөө, каткырбоо абалдарынан куткарат.

Хатка-йога, раджаби-йога кедейликти унуткузчу, кайгыны унуткузчу, азап чеккениңди да пайдаланууга үйрөтчү чоң илим!

Көп кишилер тилекке бай болуп жетсе, көп кишилер кедей болуп бактылуу болушат, тилекке жетишет!.. Кептин төркүнү мына ошондо.

Жогорку ыракатты жыныстык жол менен эмес, өзүнүн денесинин өрттүүлүгү менен үшүбөй, суукту суук дебей, жеген таякты таяк дебей алган киши хатка-йог, же жогорку адам деп аталат. Андан бийик даражага индиялык йогдор гана көтөрүлө алат. Хатка-йог беш жыл толо баштаганда жыныстык байланыш жасаса жарылып өлөт. Мен үч жыл дегенде жыныстык байланышка барып, шартты буздум. Болбосо, чыныгы хатка-йог болуш максат болгон жок. Анын мага кереги да жок эле.

Үч жыл дон-жуандык кылдым. Болбосо жинди болуп, ооруканадан чыкмак эмесмин. Бирок хатка-йогдун үч жылдыгын закондоштурганым деп ойлойм. Бул менен өз тагдырыма байланышты. Тамакты үч маал тоё ичкен киши хатка-йог боло албайт. Болбосо да ачкалыкты, чала тоюттукту сезбесе, жарыткан хатка-йог болбойт.

Өздөрүнүн отун жоготуп, же уурдатып койгондор кайгылуу, наалуу менен күн көрүшөт. Бири бирин өлтүрүүгө, жок кылууга шашат. Мүмкүн согушту отун жоготуп алгандар чыгарышы да мүмкүн. Андайлардын далайы мен турмушта отум жоголгончо жашадым, эми эмне болсо, ошо болсун дейт. Балдарын да аябайт. Айрыкча, төрөтканадан аялым чыкканда мен жаман болдум. Аялым жаштык кылып, кырк күнгө жетелекте мени менен бирге жаталы деди. Жарабай калганым үчүн эмес, анын арты кандай болорун билгенимен ажырашып, көпкө араз болуп жүрүп, араң кайра жараштым.

Ошон үчүн жаштарга көп кеңеш керек. Кеңеш берүүдөн баш тартыш абдан жаман. Айрыкча, врачтын кеңеши зарыл. Ошон үчүн адистерге кайрылуу – жаштарга эң керек.

Мен Москвада жүргөндө жашыруун документ таап, ошону окуп хатка-йог болгом, илимдин кишилери мени ылайык көрүп, ошону билсе дешсе керек. Мен ошону чындыкка айлантып, өз тагдырыма байланыштырып көрсөм, гипотеза туура чыкты.

Чыңгыз Айтматов «Бетме-бетти» жана «Жамийланы» жазып жүргөндө эмне үчүн кыз-келин менен байланышпайт деп бир студент экөөбүз сөз кылдык. Биз дагы көп кыз-келинге жулунбай, жазуу артынан дээрлик түшүүнү ойлодук. Ушу да керек го дедик. Кийин мага өзүмүн тагдырым да кошумча болуп, хатка-йог жолуна ойлобосом деле түшүп жүрүпмүн. Ага чыдоонун өзү чоң баатырлык.

Басмага даярдаган
**Алым ТОКТОМУШЕВ**

*Мамлекеттик сыйлыкка талапкер*



# ӨМҮРҮ ӨРНӨК ЗАМАНДАШ

Элинин кызыкчылыгын туу тутуп, элимдин эртеңи, дөөлөт-руху деп жан дилин арнап, аянбай күйүнүп, күндүр-түндүр ак эмгегин арнаган, ал, опол-тоодой эмгегин эч кимге колко-кадыр кылбастан аста басып, сыпайы жүрүп, сыйлык-сыйдан алыс калган адамдар болот. Ошондой, орошон адамдардын бири Буудайбек Сабыр уулу. Элдик рухий казынага, маданиятына кошкон салымы ат көтөргүс экенин жамы журт жакшы билет. Өкүнүчтүүсү учурда сексен жашты таяп калган ал аксакалыбыздын... бир да мамлекеттик сыйлыгы жок! Ал аткарган иштин ар бирөөнө эле «эмгек сиңирген», жалпысына «элдик», атургай эрдик наамын небак берүү керек эле, эмгекти сыйлаган элдин парзы болчу. Узак жылдар өлкөбүздүн гезит-журналдарында, «Мектеп» басмасында, Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын тил жана адабият институтунда иштеп, ардактуу эс алууга чыккан. Ошол жылдары, тактап айтканда, 1960-жылдан тартып, элибиздин атактуу комузчуларынын, кыл кыякчыларынын, чоорчу, темир комузчуларынын баа жеткис кымбат үч миңдей (!) күүлөрүн авторлордун, чеберлердин аткарууларында жаздырып, КТРдин Алтын фондусуна, Композиторлор союзунун фондусуна өткөрүп берген.

Ал таланттардын алыс-жакын жашаганына карабастан жер түрө издеп барып, же баш калаага келип калганын чакырып алып алакандай үйүнө меймандап жаткырып, өз каражатын аянбай жумшаганы таң калтырып, азыр да эл оозунда аңыз болуп айтылып келет. Эч кандай техникалык аспабы жоктугуна карабастан Г.Айтиев, С.Чокморов, Т.Герцен сыяктуу мыкты сүрөтчүлөрдү ээрчите жүрүп, же алардын өнөрканасына алып барып көпчүлүккө белгисиз, жүздөгөн өнөрлүү адамдардын сүрөттөрүн кол менен тарттырып, элесин элге, бүгүнкү бизге жеткиргени эле не деген орошон эмгек!

Кезинде Аалы Токомбаев Б.Сабыр уулун дүйнөгө белгилүү музыка изилдөөчү А.Затаевич менен бир катарга койгон. Ал эми адабиятыбыздын дагы бир алпы Т.Сыдыкбеков фольклорчунун «Унутулгус кездешүүлөр» (1977-ж.) китебин ошол мезгилдеги мыкты жазылган чыгармалардын бири катары жогору баалаган. Анын мектеп жашынан эле башталган калемгерлиги, мыкты котормочулугу, редакциялардагы ишмердиги өзүнчө айтылуучу узак сөз. Буудайбек Сабыр уулунун жакында эле 40 жылдай чогулткан эмгектеринин чети 2008-жылы гана эки көлөмдүү китеп болуп жарык көрдү. Ал, айрым чиновниктер китепке авторлош кылсаң гана чыгарам дегендеринен көз жара албай келген «Эл шайырлары», «Жомокчулар жана жомоктор» деген сапаты, көлөмү да бараандуу китептери элдик рухий казынанын табылгыс булактары. Алардын ар бири жогорку сыйлыктарга толук татыктуу экени талашсыз.

Сөз кылынып жаткан «Эл шайырлары» китебинин көлөмү 31,75 басма табак. «Манасчылар», «Акындар», «Комузчулар», Кыякчылар» жана «Чоорчулар» деген беш бөлүктөн турат. Анда мурдатан адабиятка кирбей, көпчүлүккө аз белгилүүлүгүнөн улам ар бири табылгыс 12 манасчынын, 11 акындын, 29 комузчунун, 12 кыякчынын, 1 чоорчунун өмүрү, тагдырлары, чыгармачылыгы көркөм, далилдүү баяндалган. Ал, кыргыз адабияты менен тарыхын иликтеген окумуштуулардын, адабиятчылардын табылгыс окуу китеби, жалпы эле окурман журтунун сүйүктүү китеби экени турган иш. Келечек муундарды тарбиялоодо көөнөрбөс булак. Анын чыгармачыл жаштардын «Нурборбор» коомдук бирикмеси тарабынан Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыкка көрсөтүлүп жаткандыгын кош колдоп колдоого алуу туура. Ошол эле кезде Буудайбек Сабыр уулунун чыгармачылыгы тууралуу сөз козголуп жатканда анын ат көтөргүс бөлөк эмгектерин да эске албай коюуга болбойт. Анткени, анын ишмердүүлүгү өз учурунда бааланбай келген: ар бир иши жогорку сыйлык менен баалоого татыктуу. Ага бир эле мисалды: 1960–1965-жылдары эле кыргыз радиосунун Алтын жана пайдалануу фондусуна жаздырып берген комузчу, кыякчы, чоорчулардын тизмесин кароо эле жетиштүү. Алар:

**Комузчулар:**
Акматалы Моңолдор уулу – 32 күү (миң метрден) – 2 рулон;
Ыбырай Туманов – 119 күү – 10 рулон;
Эркесары Бекбазар уулу – 102 күү – 8 рулон;
Асаналы Кыштообай уулу – 98 күү – 9 рулон;
Барпы Серпек уулу – 32 күү – 2 рулон;
Макиш Батай уулу – 30 күү – 2 рулон;
Самсалы Алыке уулу – 57 күү – 4 рулон;
Усуп Ороз уулу – 48 күү – 3 рулон;
Жөлөгөн Чымырбай уулу – 31 күү – 2 рулон;
Абдрахман Кыдырбай уулу – 62 күү – 4 рулон;
Чалагыз Иманкулов – 40 күү – 3 рулон;
Жаналы Корочиев – 30 күү – 2 рулон;
Асанбек Жаналы уулу – 41 күү – 3 рулон;
Жалы Алу уулу – 20 күү – 1,5 рулон;
Мурасалы Турсунбай уулу – 45 күү – 4 рулон;
Назаралы Шишбашев – 31 күү – 2,5 рулон;
Касмалы Тойгожоев – 20 күү – 1,5 рулон;
Абдыкерим Мокоев – 20 күү – 2 рулон;
Жылчый Сулайман кызы (Курманкожоева) – 19 күү – 2 рулон;
Шекербек Шеркулов – 46 күү – 3 рулон;
Курманалы Нусуп уулу – 30 күү – 2 рулон;
Муса Молдокан уулу – 15 күү – 1 рулон;
Бокеш Караке уулу – 14 күү – 1 рулон;

**Кыякчылар:**
Датка Шааке уулу – 34 күү – 3 рулон;
Иманкул Мырза уулу – 25 күү – 2 рулон;
Кошалы Кыскараев – 12 күү – 1,5 рулон;
Кулмат Асанбай уулу – 10 күү – 1 рулон;
Айымбүбү Үмөталы – 6 күү – 1 рулон;
Таип Турматов – 10 күү – 1 рулон.

**Чоорчу:**
Асанбай Карим уулу – 16 күү (эки вариант) – 2 рулон.

Бардыгы: 1126 күү – 88 рулон.

Мына, Буудайбек Сабыр уулунун кыргыз маданиятына, искусствосуна кошкон зор салымынын бири! Опсуз орошон эмгек. Ушул иши үчүн эле не бир чоң сыйлык ыйгаруу адилет болмок. Кыргыз фольклорун, таланттарын мынчалык түрө иликтеп, жыйнап, сактап калган адам жок-

тур. Эгерим аталган күүлөр учурунда жазылып алынбай калса кандай гана орду толгус, оор жоготуу болмок. Азыр аларсыз рух казынабызды, элдик музыкабызды элестетүү эч мүмкүн эмес. Анан неге ушунчалык уюткулуу иш өз убагында татыктуу бааланбай калды? Эми ал, ошол кездеги мамлекеттик, маданият мекемелеринин жетекчилеринин жетесиздиги, абийиринин айыбы дейлик. Азыркы, эл тарабындагы бийлик ал кемтикти кеч да болсо толуктап, Буудайбек Сабыр уулуна жогорку мамлекеттик сыйлыкты ыйгарса акыры адабиятты, маданиятты урматтап, аны аркалаган адамдарга татыктуу сый көрсөткөнү болуп калмак. Ошондой болоруна ишеним чоң.

**А. КЫДЫРБАЙ уулу,**
КР маданиятынын мыкты кызматкери

*Публицистика*

# БОРБОР АЗИЯ ЖАНА ЧЕТ ЭЛ АСКЕР ОЧОКТОРУ

**Нурия КУТАНАЕВА**

**КУТАНАЕВА Нурия Асылбековна** – *Кыргыз-славян университетинин саясат илими жана эл аралык мамилелер адистиги боюнча бүтүргөн (1999). 2003-жылы Германиядагы Айхштэтт университетинде саясат илими; 2005-жылы ОБСЕнин Бишкектеги академиясында «Борбор Азиядагы саясат илими» адистиктери боюнча магистрдик даража алган. КР тышкы иштер министрлигинин дипломатия академиясында сабак берген. Учурда Борбор Азия эл аралык университетинин (МУЦ) программасын жетектейт. Макала аталган университетте өткөн илимий конференция материалдарынан айрым кыскартуулар менен которулду.*

... «Кансыз согуш» аяктаган соң Россиянын дагы, АКШнын дагы аскерий базаларынын жайгашышы кескин өзгөрдү. АКШнын аскерий-саясый жетекчилиги 1988-жылдан 1995-жылга чейин 97 чет өлкөдөгү аскерий базасын жапты. 2003-жылга чейин Европа аймагына жайгашкан айрым аскерий базаларын дүйнөнүн башка аймактарына көчүрөрүн 2001-жылы жарыя кылган. Душман көз алдыда турган аймакка аскер күчүн туруктуу жайгаштыруудан аткез берүү Пентагон саясатынын кийинки өзгөчөлүгүн түздү. Андыктан алар «базалар эмес, ал жайгашкан жерди» аскерий саясатына өзөк кылып алды. 2006-жылдын сентябрына чейинки маалымат боюнча Пентагондун чет мамлекеттерде болжол менен 823 аскерий базасы бар (буларга, мисалы, Кыргызстандагы жүк ташуучу транзит борбору (ЦТП) сыяктуулар кирбейт).

Ал эми Россия жетекчилиги 2000-жылдын башында эле «алыскы чет мамлекеттердеги» базаларынын бардыгын дээрлик жабууга аргасыз болгон. Албетте, ар кандай себептер менен, бирок абалы экономикалык жана саясый жагдайларга байланыштуу (маселен, Сомалидеги ички кырдаалдын өзгөрүшү, андан Россия аске-

рий контингентин 1991-жылы чыгарып кетүүгө аргасыз кылды). Россия Федерациясынын (РФ) ушу тапта (2007-ж.) Сириянын тартуусун эсепке албаганда, постсоветтик өлкөлөрдө жайгашкан 25 аскерий базасы бар. (Эскерте кете турган жагдай, РФнын Борбор Азиядагы көпчүлүк аскерий таасирин аскерий база эмес, аскерий объект атаган оң.)

Дагы бир маанилүү жагдай, Борбор Азия (БА) колтугунда жайгашкан жана ал аймакка таасири чоң Кытайдын бир дагы чет мамлекетте аскерий базасы жок. Айрым маалыматтарга караганда, андай ашыкча «жүктү» күткүсү да келбейт.

Ошентип биз:

– БАнын кайсы республикаларында аскер объектилери бар?

– Кайсы мамлекеттер БАда аскерий объект күтөт?

– Алардын негизги максаты эмне?

– Алар жайгашкан территориялар кайсы финансы негизинде берилген (бекерби, аренда акысынабы же компенсация иретиндеби)?

– Ал объектилерге эски инфраструктураларды пайдаланабы же жаңылары курулуп атабы? деген суроолорду коюп, жооп издеп көрөлү.

## Казакстан – Россия Федерациясы

Эсил кайран СССР урагандан кийин да Казакстан Россиянын айрым аскерий объектилерин сактап калды. Анын дээрлик бардыгы үчүн Россия Казакстанга аренда акы төлөйт.

РФ коргоо министрлигинин мамлекеттик сынак полигону – «Байкоңур» космодрому. Бул РФнын чет өлкөлөрдөгү эң чоң объектиси. Россиянын бардык космостук сыноолорунун 70%и «Байкоңурдан» учурулат. 1994-жылдагы келишим боюнча Россия анүчүн Казакстанга жылына 115 млн. АКШ долларын төлөйт. 2004-жылы аренда мөөнөтү 2050-жылга чейин узартылган.

Коргоо министрлигинин В.П.Чкалов атындагы 999-объектиси. Анын жалпысынан 5 сынак полигону Батыш Казакстан, Атыртау, Мангыстау облустарында жайгашкан. Согуш куралдарынын жаңы үлгүлөрүн сынайт жана ВВС менен ВМФ учкучтарын аскерий даярдыктан өткөрөт. 2005-жылга чейин полигондун аренда акысына жылына 1, 814 млн. доллар төлөнчү, андан кийин ал 4, 454 млн. долларга көбөйдү.

Мамлекеттик 4 – ар кыл полигон борбору (ГЦМП) 2005-жылдын 1-январынан баштап, объекти жана полигон аянттарынын жылдык аренда акысына 0, 682 млн. доллар чегерилген (мурда 1, 022 млн. доллар боло турган).

Мамлекеттик 10 – сынак полигону («Сары-Шаган» полигону – в/ч 03080) 4 – ГЦМП тутумуна кирет жана ракетага каршы коргонуунун жаңы элементтерин сынайт. Жылдык аренда акысы 18, 932 млн. доллар.

Эмба полигону (сыноо иштери менен камсыз кылуучу 5580 база) да 2010-жылдын апрелине чейин 4 – ГЦМП тутумуна кире турган. Ушу тап-

та жабылуу алдында. Жалпы ээлеген жер аянты 2960144,6 га. Жылдык аренда акысы 0, 718 млн. доллар (Казинформ, 2007).

ОРТУ ОС – 2 «Балхаш» өз алдынча радиотехника түйүнү (Сары-Шаган калк жашаган пункт, Приозерск ш., Балхаш). «Днепр» радиолокация станциясы Пакистан, Кытай, Индия, Инди океанынын айрым бөлүгү, анын ичинен Бенгал булуңу тарапты көзөмөлдөйт. Түйүндүн техникалык каражаттары 1300 космос объектилерине чейин камтыйт. 2001-жылдан Сары-Шаган космикалык борбору РФ космостук аскер кошуунуна карайт.

Өзүнчө транспорт авиаполку, камсыз кылуу жана алдыңкы команда пункт бөлүмчөлөрү 1980-жылдан бери Костанай шаарында жайгашкан.

РФнын Казакстандагы бардык аскерий түзүлүштөрү 1960-жылдан баштап, совет мезгилинде курулган. СССР кулагандан кийин бардыгы Казакстан карамагына өткөн.

Ушул тапта РФ алардын бардыгына аренда акы төлөйт.

## Кыргызстан – Россия Федерациясы

Кыргызстанда РФнын 5 аскерий объектиси бар.

Кант шаарындагы 999-Россия авиация базасы Борбор Азия аймагындагы коллективдүү коопсуздуктун ыкчам аракет жасоочу жамааттык күчүнүн авиация компонентинин бөлүгү (КСБР ЦАР) катары кызмат кылат. База Борбор Азия аба мейкиндигин көзөмөлдөйт, зарыл учурда террорчу күчтөргө сокку урат. 2003-жылдын сентябрындагы келишимге ылайык база территориясы Россияга бекер берилген. Базаны каржылоо 2003–2008-жылга салыштырмалуу 2009–2010-жылы эки эсе көбөйтүлүп, 1,7 млрд. рублды түзгөн. Базада Россиянын 500 аскер кызматкери, беш Су-25 штурмовиги, төрт Л-39 машыктыруучу самолёт, эки Ми-8 вертолёту бар. Кант авиабазасы Привольжие – Урал аскер округунун 5-армиясына баш иет. Анын дагы бир өзгөчөлүгү – СССР кулагандан кийин Россия башка мамлекетке биринчи ачкан база экендиги.

РФ Аскер-деңиз флотунун (АДФ) согуш кемелерине каршы куралжарак сыноочу 954 – «Кой-Сары» базасы Каракол шаарында Ысык-Көлгө жакын жайгашкан. Бул жерде торпедалар сыналат. Россия менен Кыргызстандын 5-июль, 1993-жылдагы келишимине ылайык база РФ менчигине өткөн.

РФ АДФ 338-байланыш түйүнү Кара-Балта шаарында (Чалдовар). Россия АДФ баш штабын Тынч, Инди океанынын суу үстүндөгү жана астындагы кемелери менен байланышты камсыз кылат. Андан башка радиотехникалык чалгындарды да жасайт. Объектке аренда акы төлөнөртөлөнбөсү белгисиз.

№1 – автоматташтырылган сейсмикалык станция. Ысык-Көл облусунун Ичке-Суусунда жайгашып, РФ коргоо министрлигинин сейсмикалык кызматынын бөлүгү катары кызмат кылат. Бүт дүйнөдөгү ядро

куралдарын сыноо жана колдонууну, ошондой эле жер титирөөлөрдү көзөмөлдөйт. Аренда акысы Кыргызстан илимдер академиясынын сейсмология институтуна жана Өзгөчө кырдаал министрлигине берген маалыматтарына чегерилген.

Кыргызстан территориясына РФ кошумча аскерий контингентин, ошондой эле россиялык жана кыргызстандык аскер кызматкерлерин даярдоо боюнча окуу борборун ачуу пландалып келатат. 2009-жылдын 1-ноябрына чейин Россиянын экинчи аскерий базасын куруу (болжол менен Баткен облусуна) тууралуу келишим түзүлмөк, бирок ошол бойдон токтоп турат.

## Кыргызстан – АКШ

Кыргызстандагы АКШнын жүк ташуучу транзит борбору. Антитеррор коалициясы (АТК) аскерий күчтөрүн «Манас» аэропортуна жайгаштыруу тууралуу КР АКШ келишимин кыргыз тарап 2001-жылдын 19-декабрында ратификациялаган. Алгач «Манас» авиабазасы АТКга кирген 12 мамлекетке берилмек. Кийин алардын дээрлик бардыгы аскерлерин ал авиабазадан чыгарып кетти. 2009-жылдын июнунан баштап, «Манас» авиабазасы жүк ташуучу транзит борбору (ЦТП) болуп өзгөрүп, аскерий-транспорт самолёттору Афганистанга ары-бери жүргүнчүлөр менен жүктөрдү ташуу милдетин аркалады. Андан сырткары атайын самолёттору Афганистан асманында бараткан самолётторго учуп бараткан жеринен жанар май куюп берет. ЦТП аркылуу ай сайын Афганистанга жана кайра 15 миң аскер каттап, 500 миң тонна жүк ташылат. Базанын аянты – 224 га. Аренда акысы жыл сайын жогорулоодо. Журналист А.Касыбековдун маалыматына таянсак, 2005-жылдар аралыгында «Манас» базасынан республика бюджетине 8 млн. доллар түшкөн. Ошондой эле «Манас» аэропорту көрсөткөн кызматы үчүн жылына 21 млн. жакын доллар алат (2008-ж.). Кийинчерек аренда акы 17,5 млн. долларга көтөрүлүп, ал эми 2009-жылы 60 млн. долларга жетти...

## Тажикстан – Россия Федерациясы

Россиянын 201 – аскерий базасы 2005-жылдын октябрында 201-мотоаткычтар дивизиясынын негизинде ачылган. Дивизия Тажикстанда 1945-жылдан бери эле бар болчу. Россия базасы Афганистан тараптан куралдуу күчтөр коогалаң салса, афган-тажик чегарасын коргоого чакырылган. База үчүн Россиядан эч акы алынбайт. Аскерий бөлүктөр үч жерге: Дүйшөмбүгө (база штабы), Курган-Төбөгө (191-мотоаткычтар полку) жана Кулябга (149-гвардиялык мотоаткычтар полку) жайгашкан. Базанын аскер контингентин согушка даярдай турган үч полигону бар.

Ал Россиянын Борбор Азиядагы эң ири аскерий базасы: 7 миңге жакын адам кызмат өтөйт, алардын 20%и такай Тажикстанда жашайт. База РФ Привольжие – Урал аскер округуна баш иет.

«Нурек» 1109 – өзүнчө оптика-электрон түйүнү («Окно», объект 7680) 2 миңден 40 миң километрге чейин бийиктиктеги космикалык объектилерди кармоо, алар тууралуу маалымат чогултуу жана кыймыл параметрин эсептөө кызматын аткарат. Комплекс Евразия, Түндүк жана Борбор Африка, Инди, Тынч, Атлантика океандарындагы космикалык объектилерге толук көзөмөл кылууга жөндөмдүү. Анын курулушу 1979-жылы башталган, бирок Тажикстандагы граждандык согуштан улам 1992-жылы токтотулуп, 1997-жылы кайрадан ишке киришкен. «Нурек» 2004-жылы 49 жылга Россияга менчикке берилип, анысы үчүн Тажикстандын Россияга карызы кечилген. (Карыз 2004-жылдын 15-июнуна карата 305, 730 млн. АКШ долларын түзгөн. Тажикстан «Нуректен» башка Россияга ал карызы үчүн Сантудин ГЭС-1инин 75% минус бир акциясын берүүгө аргасыз болгон). Арийне, Россия «Нурektин» аренда акысы үчүн жылына 39 цент символикалуу төлөп турат.

## Тажикстан – Франция

Француз аскерий базасы 2001-жылдын декабрынан бери Дүйшөмбү шаар аэропортунда жайгашкан. Франция аскер-аба күчтөрүнүн (ААК) отряды коалиция күчтөрдүн Афганистанга жасаган антитеррордук операцияларына жардам берет. Базада Франция ААКсынын 6 «Мираж» истребители, 4 аскерий-транспорт самолёту бар. Базага Франция аренда акы төлөбөйт. Тек Тажикстан аэропортунун инфраструктураларын жакшыртууга жардам берет. Маселен, аэропорттун учуп-конуу аянтын калыбына келтирүү үчүн Франция 5,5 млн. доллар жумшады. 27 млн. евро талап кылган Дүйшөмбү аэропортунун жаңы терминал курулушуна расмий Париж 20 млн. евро узак мөөнөттүү жеңилдетилген кредит берди.

## Өзбекстан – АКШ

«Карши-Ханабад» АКШ аскер-аба базасы (К-2)

2001–2005-жылдары Ханабад шаарынан 10 км. алыс Карши шаарына (Кашка дарыя обл.) жайгашкан... Келишим боюнча база Афганистандагы АТК аскерий контингентине азык-түлүк, согуш куралдарын жеткирип, аскерий операцияларга аба мейкиндигинен жардам берип турмак. Базада 1500гө жакын аскер адамдары кызмат өтөчү. Келишимде аренда акы тууралуу кеп жүрбөгөнү менен АКШ 2001–2002-жылдары Өзбекстанга 15,7 млн. доллар, 2003-жылдан 2005-жылдын майына чейин 23 млн. доллар

төлөгөн. Ошол эле учурда өзбек жетекчилиги самолёттор учуп-конууда экологияны бузганына акы төлөбөйт деп, АКШны айыптап келген. АКШ Анжиян окуясына байланыштуу өзбек бийлигин айыптап чыккандыктан, база 2005-жылы жабылган.

## Өзбекстан – Германия

Термез шаарына жайгашкан Германиянын ААК базасы 2002-жылдагы эки өкмөттүн келишими боюнча иштеп келет. Термездин аскерий аэродромундагы бул база Афганистандагы немис аскерлеринин ишмердигин камсыз кылат. Анын ичинен Афганистандагы немис базалары жайгашкан Мазари-Шариф, Кундуз, Файзабад шаарына аскерлерди жана жүктөрдү жеткирет. Базанын бардык штаты 300 адамдан турат. Аренда акысына келсек, 2009-жылы башында ФРГ базаны модернизациялоого 12 млн. евро жумшаган деген маалымат бар. Башка бир маалыматтар боюнча немис тарап жылына 3 млн. евро аренда акы төлөйт. Андан башка немис аскер кызматчылары жашаганы үчүн Германия Өзбекстанга айына 240 миң евро, ар бир түшүрүлгөн трап акысына 600 евродон берип турат.

## Корутундулай келгенде

Биринчиден, Борбор Азияда лидерликти талашкан эки мамлекеттин тышкы саясаты ар башка экендиги адырайып көрүнүп турат. Чет мамлекеттердин аскерий объектилерин өзүнө көп жайгаштырганы жаатынан Казакстан алдыда. Ошол эле учурда Казакстандагы базалардын бардыгы Россияныкы, АТКнын бир дагы базасы жок. Өзбекстанда тескерисинче, Россияныкы жок. Өзбекстан өзгөчө 2005-жылга чейин батышты беттегенин эске алсак, ал таңгалыштуу деле эмес. Расмий Ташкент кийинчерээк Россияга «жүз бурганы» менен ОДКБга (коллективдүү коопсуздук келишими) территориясынан орун берген жок. Андай мүмкүнчүлүгү бар (АКШ таштап кеткен Карши-Ханабад базасы), келишимге мүчө экендигине карабастан Өзбекстанда жайгашкан чет элдик эки аскерий база Афганистандагы антитеррордук операция алкагындагы максатты гана көздөйт.

Экинчиден, Кыргызстанда Россия базасынан башка Россиянын аскерий кызыкчылыгына кызмат кыла турган, бирок куралдуу күчтөрү жайгашпаган 3 аскер объектиси бар. Республикада РФ аскер базасына жанаша АКШ базасы жайгашканы да белгилүү. Тажикстанда да ушуга окшогон кырдаал: Россиянын эки аскер объектиси бар, анын бирөө – РФнын Борбор Азиядагы эң ири аскер базасы. Аларга катар жайгашкан АТК аскер базасы французадарга таандык. Ушул ыңгайдан көңүл бура

турган жагдай: 2001-жылдын акырында «Манас» менен Дүйшөмбү аэропортторунда АТК авиабазаларынын жайгашышы Россиянын Кыргызстандагы аскер базасынын ачылышына (2003-ж.) жана Тажикстандагы 201-мотоаткычтар дивизиясынын Россия аскер базасы болуп түзүлүшүнө (2005-ж.) түрткү болду. АТК базалары болбосо, Россия бул эки республикага аскер базаларын ачат беле, ай, таң!

Үчүнчүдөн ... РФнын Казакстандагы бардык аскер объектилери аренда акыга негизделген. Ал эми Кыргызстан менен Тажикстанда бекер, же компенсация иретинде...

Төртүнчүдөн, Борбор Азия аймагындагы бардык аскерий объектилер совет мезгилиндеги инфраструктураларды пайдаланат. Бул жаатынан Кыргызстандагы АКШ жүк ташуучу транзит борбору гана айырмаланат. Казакстандагы Эмба полигону, Кыргызстандагы автоном сейсмика борборунун жабылышынан Россия акырындап чыгымдуу объектилерден аткез бererин байкаса болот.

Бешинчиден, глобалдык деңгээлден караганда, БА мамлекеттери «чоң саясатка» тиешеси бардыгын (АТК менен ОДКБнын антитеррордук операция алкагына) сезип жана ички маселелерин чечүүдө дүйнөлүк державалардын жардамын күтүп, өз территорияларын аскерий базаларга берип жаткандай. Ал эми дүйнөлүк державалар, айрыкча батыш мамлекеттери үчүн Борбор Азиядагы аскерий базалар өзүнчө эле баш ооруга айланды: аскерий базасы турганда, алар кантип БА мамлекет бийлигин сындайт? Чет эл державалары үчүн кимиси биринчи: адам укугу, мыйзам үстөмдүгү, эркин шайлоо өңдүү демократия дөөлөттөрүбү же ал өлкөлөрдө аскерий базаларынын жайлуу жайгашканыбы? Эсиңизде бардыр, Анжиян окуясына байланыштуу АКШ менен ЕС өзбек бийлигин сындады эле, К-2 базасы жабылды. Бул бир жагы, экинчи жагынан «Манас» аэропортундагы авиабазаны сактап калуу үчүн Кыргызстанда авторитардык бийликтин күчөшүнө көз жумууга аргасыз болду...

Ошентип, чет эл аскер объектилери, айрыкча Борбор Азиядагы аскерий объектилер канча жашайт – мезгил көрсөтөт. Арийне, азыркы тапта бир нерсе айкын: чет эл аскер объектилеринин территорияларында турушу Борбор Азия мамлекеттеринин ички саясатына эле эмес, аймактык жана глобалдык даражадагы эл аралык мамилесине да олуттуу таасир тийгизет.



**ААЛЫ уулу Байбагыш** *– 1900-жылы Нарындын Куртка (Тоголок Молдо) жергесинде туулган. Беш жашында жетим калып, 17 жашында болуш болгон. Кулакка тартылып, камалып, качып, жалган жалаа менен кайра соттолуп, мөөнөтүн өтөп көптөгөн кыйынчылыктарга туш болгон. Колхоздо, лесхоздо иштеп, 1949-жылдан тартып иштебей жүрүп, 1983-жылы каза болгон. Белгилүү санжырачы.*

*Санжыра*

# ТАЙЛАК БААТЫР

Тайлак Рыскул дегендин уулу. Мал багып жүргөн жигит экен.

Атасы-агалары бардыгы саяктын ичиндеги Чоро деген элди бийлеген, ошондо Куртканын чатында хан деп койгон аскери бар, Кокон ханы жиберген адамы болгон.

Айгыр-Жал деген жерде, күн чыгыш тарабы Куртканын суусу түштүк тарабынын, алды менен Нарындын дарыясы агып өткөн жерде Куртка ханы короо жай салып, аскери менен турган.

Куртка ханы кыргызда жакшы ат, чоңоюп калган жакшы кыздары болсо, хандын кырк кыздарынан болот деп Коконго жөнөтүп турган. Ал, бир жолкусуна он беш аскер менен төрт кыз, он атты Коконго жеткизесиң деп камынды.

– Бизди сартка байлап бердиңер, кыргыз калксыңарбы, ага-тууган, ага-иниден боор ооруй турган киши жокпу? Биз барганда өлүү, тирүү болобузбу? Мында калгандар жалпы өлүп калдыңарбы? – деп кеткенге чейин бир кыз кошок кошту.

– Тайлак барсыңбы, эмне болдуң, үйдө баатыр, жоодо жок, биз ушундай мусапырчылыкка кетип баратабыз – деген кыз кошуп да, ыйлап да турат.

– Ушуларды алып, бүрсүгүнү өтө турган жер, – деп Тайлакка кабарлады.

Ала-Буканын кечүүсүнүн бери жагында Каракчылуу коого жыйырмадай киши менен Тайлак келип, коктуга жашырынып, тосуп калды.

Төрт кызды, он атты алып, он беш аскер жөнөп баратат.

Жыйырма киши: «Тайлак!» – деп найза менен качырып, он бешин тең ыргыта сайып өлтүрүп коёт.

Жанын тинтип, олжо-буйласын алып, денелерин сүйрөтүп барып:

– Бар, сарт, шаарыңан чык, – деп Ала-Буканын суусуна салып жиберет.

Туткундарды таратып, үйүңөргө кеткиле деп кетирип, он беш кишисин өлтүрүп койдук. Биз эми ажыдаардын куйругун бастык. Мунун салган короосун тегеректеп атышып же өлөлү, же алалы, биротоло жаныбыз тынсын, – дешип, сен тур мен саямын деген, көзгө аткан мергенден, жүрөктүү баатырлардан жыйнап алып, Нарындын суусун Май кечүүдөн түн катып кечип, Айгыр жал менен барып, Дөбөгө чыгып, тамга жакын жетип, сууга келгенин атып коюп, эч кимди чыгарбай үч күн камап жатат.

Төртүнчү күнү эртең менен караса эчтеке жок, жымжырт. Кокондуктар аскер-маскери менен түн ичинде Нарын сууга кирип, Нарын суу аларды агызып жоготот.

Ушуну менен калкка Тайлак – Тайлак болуп атанып чыгат. (Бул жазгы жасалган иш.)

Жанболоттун ортончу аялынын баласы Рысменде: «Бул, Тайлактын атагы чыгып кетти. Мен Жанболоттун баласы болсом, Тайлак баласынын баласы болсо, муну Кытайга айтып жок кылып, чорону[1] өзүм сураймын» деген ою бар экен.

«Боору такыр, ичи тар» Рысменде Тайлакка ичи тарлык кылып, Кытайга барып жети жүз кытай алып келет.

Кары-Ойдун үстүнө келип, айылын дүрбү салып көрсөтүп, Рысменде өзү бөксө жолго салып кетип калат.

Кытай келип, Тайлакты тегеректейт.

Байбичеси ага келип:

– Баатыр, жежетке[2] эл чыгардыңыз беле.

– Чыгарам, азыр чыгарам! – дейт.

Үйүнө келип жатып, байбиче көп өтпөй кайра чуркап барат.

– Киши чыгардыңызбы жежетке?

– Мына тамак бышып калды, тамактан кийин чыгарабыз.

– Ата-а, чыгарсаңыз болот эле – деп, байбиче кайра жүгүрүп барат.

– Оо, байбиче өзүңүз уруксат бербедиңиз беле. Дагы эле күнүлүгүңүздү койгон жоксузбу? – дейт, Тайлак.

Байбиче таарынып келип үйүнө жатып, таң сүрөөрдүн алдында кайра чуркап келип:

– Баатыр, жемекчи элең жедиң. Айылды эки баштуу[3] көп киши тегеректеп калыптыр – дейт.

Тайлактын үйүндө жатып жүргөн бир мыкты балбаны бар экен, ага:

– Тарт атты! – дейт.

Ал атын алып чыгып, асилет жарагын асынып, найзасын колго алып:

---

[1] *Чоро* – уруунун аты.

[2] *Жежетке* – кароолго. Жерди чалып, малды сыртынан кайтаруучу.

[3] *Эки баш* дегени огу чыгып турат эмеспи, бир башы ошол, бир башы өзүнүкү.

– Кел, учкаш! – дейт. Тайлак чоң атка көкүрөгү менен бир тийип, учкаша албай жатканда Бөбөтөй деген жигити келип:

– Кел буттайын! – деп балбанды буттаганда балбанды алыс түртүп жиберип, өзү секирип минип кетет.

Ошондо Тайлактап кыйкырганда түн ичинде кытай жарыла берди.

Качып, калк чогултуп, антип-минтип шашке болгучакты кытай айылапаны олтургузуп алып, башын чаап кирди.

Тайлактын балбаны элден мурун өлдү.

Тайлактын кичүү аялы чачым кыркылбасын деп төбөсүнө түйүп, жоолук менен ээгинен байлап, эмгектейин деп калган Осмон деген баласын алаасына салып, тизесин таянып, моюнду кыя чапса бала аман калсын деп турду.

Тайлактын иниси Жакыптын аялы сулуу киши экен.

– Кытайдан да мындай сулуу чыкпайт, алып кетебиз – деп турганда Тайлактын кыйкырыгы чыгып, эки тараптын өлгөнү өлүп, калганы калып, жаа тартып беттешишет.

Ошондо төмөнкү айылдагы Боркоктун уулу Бердибек баатырдын бой жеткен кызы жүгөнүн, токумун алып жылкыны көздөй чуркаганда жоого минип жүрүүчү Акжал деген аты куйругун сыртына салып, жылкыдан бөлүнүп айылды көздөй келе жаткан экен.

Кыз аны кармап, ыргып минип чогоюп, Сары-Үңкүрдүн кыясына салып, өйүздү көздөй чогоёт.

Атасы Куртка, Карды-Жарык деген жерде эгин сугарттырып жатып бет маңдайындагы чоң кыяны караса, чаңы асманга чыккан бир атчан кыядан сабап түшүп келатат.

– Ботом, бул кандай, айыл-апа деле тынч эле, – деп Нарын суусунун жээгин көздөй желдирип сууга келет.

Бет маңдайынан Акжал менен кыз чыгат. Акжалдын жалына бир колун ороп алып, кирип жаткан сууга туурасынан чуратып, кыз экөө өйүзгө чыгат.

– Ой, саксыңарбы? – десе.

– Тайлак абамды кытай камап калды, – деп аттан ооп түшөт.

Кызды эс алдырып, эртең келээрсиң, – деп жолдошуна дайындап, Акжалды Бердибек баатыр минип, сууну көздөй кирип, ат оозун жыйбай айылга келип, найзасын алып:

– Кол кайда кетти? – деп сурап, колдун артынан барат.

Кыргыз-кытай беттешип, жаа тартып, мылтык атып, өйүз-бүйүз батына албай турушат.

Ошентип турганда Бердибек баатыр кытайды көздөй качырып кирип, кайра артып, туурасынан бир-экини сайып, кайра өткөндө кытай тоого чыга качты. Кыргыз тоонун айланасын бир-эки күн тегеректеп жатышты.

Бир кытай эки колуна эки көөкөр алып:

– Сууга коё бергиле! – деп, тоодон түшүп келди.

Сууга коё берди. Тайлак тийгизбей койду. Сууга барып жуунуп, эки көөкөргө толтура суу алып кайра барды.

Сууну ичип алып, кытайлар жааларын ылдый карай асынып, аттарын жетелеп, ылдый чубап түшүп, суудан ичип, кийим-кечени чечинип, энеден туума

болуп, аттардын ээр токумун алып, аны үйүп, аттардын баарын өлтүрүп, чаап таштады. Бир гана сары ат калды.

Эки топтошуп, кырга олтуруп берди. Башынан бир, аягынан бир кытай өздөрүн шыпылдатып чаап кирди, ээр токум, кийим-кечекке өрттү койгон.

Аягында экинчи кытай башын тосуп берди эле аны чаап, жалгыз кытай калды.

Сары атты минип алып, жалгыз кытай келген жолун көздөй салды.

– Муну атып, кармап алалы, – десе.

– Кой билинбей калат, Манас Алоокенин элчилерин кырып, дайынсыз кылып койгондой кылбайлы, Тайлак бизди кырып салды деп айтып барсын, – деп Тайлак болбой койду.

– Кытайды кырды! – деп Тайлактын даңазасы алда кайра көтөрүлдү.

Оркаскан, Мунагелди[1] жайлоолоруна чыгып барып тынч жатса, Кокондон кол чыкты, келет экен – деп угулду.

Кароол карашат. Араптан алган баатырды Арап деп, аскер башчы кылып, кокондуктар Тайлактын башын кесип келгин деп жиберген экен.

Кокондон келген аскерлер Бычанга конуп калат.

Бычандын «Арап өлгөн» кайкысы бар. Тайлак он-он беш баатыр жигиттери менен ошол кайкыда туруп калат.

Ошондо Арап көрүп качырып чыгат.

Тайлак ылдый көздөй качырат. Беттешип, сүрүшүп, Тайлактын жээни туурасынан качырып келип, Арапты сайып түшүрүп, башын кесип алат.

Ошондон ашуунун түбүндө жаткан Араптын аскери кайра качат. «Качкан жоону катын саят» дегендей арт жагынан Тайлактын эли кубалап, Жазы деген ашууну ашырып, Тиш-Кепеге чейин сайып, ушундан кайра тартып, ак боз бээ союп, түлөө кылып, этин алып келип, Тайлактын астына коёт.

Ошондо элдин баары чогулуп, эт астында, чараны бутактын сырты менен чаап, Тайлак айтат:

Аргымак жыйдым, ат жыйдым,
Бир буурулча болгон жок.
Азамат жыйдым, эр жыйдым,
Бир тууганча болгон жок, –

деп элге этин тартып тараткан экен.

Ушуну менен Кокон ханы: «Тайлактын башын кесип бер, казак-кыргызды сага суратам» – деп казак Эдиге баатырды чакыртат.

Казак-өзбектин миң колу келет. Ошондо ортого кемеге жасап, ага Эралы баатырды жаткызып коёт.

– Кана, Ормонду хан шайлашалы – дейт, Тайлак тарап.

Ормон:

– Мен сарбагыштын ханымын. Эрежеге жете албайм. Кытайды, Кокон ханын кырган Тайлак хан болсун, – дейт.

Ушуну менен Тайлак казак баатыры Эдигеге жекеге чыгат. Эдиге келатканда жашырынып жаткан Эралы атып, Тайлак барып сайып түшүрөт. Эдигенин колу качат.

---

[1] Жердин аттары.

Эдигенин жаткан жери,
Эралынын аткан жери –

деп Эдигеге боз үйдөй кылып таш үйгөн.

Ушуну менен Ормондун кызына алтымыш ээр токумдуу ат алып келип, инисине кулдук уруп куда болгон. Тайлак эл-журту менен жыргап-куунап, жазында Кара-Суу деген жерде кой төлдөтөт.

Ошондо Кокондон: «Иши кылып Тайлакты өлтүрүп кел!» – деп бир киши жиберет. Кула ат минип, табып болуп бир мусапыр дубана келет.

– Табып жакшы киши экен – деп элдин баары сыйынып жүрөт.

– Сиздин башыңыздын ооруганы кан тепкен кейиптенет, – деп Тайлакка ар ким айтат.

– Кандай кылабыз, – дегенде:

– Мобунда бир табып бар, ошого көргөзбөйсүзбү? – дейт.

– Чакырып кел, ошол табыпты.

Табып келет.

– Башыңыз ысыган экен, мурдуңуздан кичине эле кан алса басылып калат, – дейт. Тайлак табыптын айтканына көнүп, мурдунун ичинен кан алдырат. Уу сыйпаган эме менен сайган экен, кан табыптын колуна жаба бергенде, ал канды жуубай, атын минип качат.

Ошондо Тайлак:

– Карма! – деп кубалатат.

Түшкү койду саап жатканда баягы табыпты таппай калышат. Табып бешим ченде соода кылып келаткан кишилерге учурайт. Аларга:

– Тайлакты уу сайып өлтүрдүм, Тайлак өлдү, – деп хандын астына барат.

Ошону менен Кокон ханы Куртка коргонунун наамын чыгарып, аскер алып келип коёт.

Ушинтип, Тайлак кырк үч жашында өлүптүр.

## Тайлак баатырдын карышкырды багындырганы

– Тирүү карышкыр кармап келсең бир ат, төө берем! – деп Тайлак калкка жар чакырды.

Мергендер карышкыр болсо тегеректеп, жанын тындырбай ары-бери кубалап, кармап алат.

Беш карышкырды тирүү карматып алды, өлгөнү да көп болду. Арпа деген жерде беш жүз, алты жүз элди жыйнап, беш карышкырдын ичинде жээринде карыш жүнү бар учунан кесип койгондой куйругу чолок бир көк жал бар экен.

Беш карышкырды элдин орто жерине алып келип агытып койду.

Бешөө тең жатат. Аларга Тайлак келип:

– Эй, Кудайдын жырткычы, бул кылып турганың жарабайт. Бирөөнүн сүттүүсүн бекерге жей бергениң жакшы болобу? Сен тилимди алсаң бул жерге жолобо, бириңди да койбой тукум курут кылып коём. Бул Ат-Башы, Нарында бир дагы карышкыр калбайт, баарысын карматып өлтүрөм, – дегенде көк жал карышкыр башын ийкеп, ошондон кетенчиктеди.

– Жол ачкыла! – деди элди.

Жолду ачып чыккандан кийин көк жал кыңылдаганда, элдин ичиндеги төрт карышкыр чыгып келди.

Ошону менен карышкыр жок болуп, эки жолоочу Кашкардан келе жатып, ашуудан жети-сегиз карышкырды көрүптүр. Илгери карышкыр аз кишини көргөндө талап жеп кетчү экен, тигилер антишпейт.

Ошондо жолоочулар жолдон боорго чыга бериптир.

– Кудайдын кудурети, көрсө, бул Тайлактын тилин алган карышкыр турбайбы! – деп ойлошот.

Ошону менен Тайлак өлгүчөктү Арпа, Нарында карышкыр болгон эмес экен.

# АК МӨӨР

Ак Мөөрдүн өз атасы Адыл Боркоктун уулу. Келдибектин билерман кишиси. Теги – калмак. Таятасы казак – Шоорук.

Келдибектин байбичеси Зулайка Жантайдын иниси Молтойдун кызы. Ак Мөөрдү Зулайка менчиктеп, саймасын сайдырып, үйүнөн чоңойткон.

Кыз бой жетип калган кезде кулжыгач Качыке баатырдын уулу Эралы баатырдын уулу, «баатыр башы» наамды Кокон ханынан алган Түлөөкө:

– Келдибек Мөөр деген кызын берсин, – деп киши жиберет.

– Кулжыгач-чоро кыз алыша элекпиз – деп, ал бербей коёт.

Жантай бир жакка жолоочуга барганбы: «Карындашыма учураша кетем» – деп Келдибектикине кайрылат.

Ошондо Соң-Көлдө кыздар сууга түшүп, ойноп олтурганда үстүнөн чыгат.

Кыздар көйнөгүн кие качып, чапанын жамынып жатканда бир кыз бүткөн боюн көрсөтпөй башын чыгарып, суудан чыкпай олтуруп алат. Жантай:

– Барчы, тетиги кыз кимдики экен, аты-жөнүн сурап билип келчи, – деп бир жигитти жиберет.

Жигит кызга келип:

– Ай, сен кимсиң, кимдин кызысың? – дейт.

– Келдибектин кызымын.

– Атың ким?

– Атым – Мөөр.

Ушуну менен Жантай Келдибектикине конуп, карындашы менен учурашып, бир-эки күн жатып кетебиз дегенде, үй ээси:

– Ии, эмне алат экен, Жантай. Жорго күлүк алабы? Айтканын алсын, – деп сураткanda Жантай:

– Мөөр деген кызы бар экен, ошону берсин – дейт.

– Оо, ал Боркоктун уулу Адылдын кызы. Уругу калмак, Келдибектин кызымын деп биздикине сайма сайып жүрөт – дейт, Келдибек.

– Калмактын кызы тургай, эмне болсо да берсин, мен алам, – дейт.

Ошондо тиги Боркок менен сүйлөшүп, макулдашып, Мөөрдү берет.

Жантай алып кетет. Аны баатыр башы Түлөөкө угат.

– Ыя, ботом, бу калмактын кызын мага бербей, кайнагам деп Тынайга берет.

Баатыр башы Түлөөкө Мөөрдү ырчысына жамандаттырып ырдаттырат.

Келдибектин жылкычысы, Адылдын эжесинен туулган Болот Мөөрдү алмакчы болчу деп оюна келген жамандыктын баарын Түлөөкө баатыр: «Болоттун ыры», «Мөөрдүн ыры» – деп ырчысына ырдатат.

Ошондо Жантай элүү үч жашта экен.

Баргандан кийин Мөөр Муңайтпас деген уулду төрөйт. Жантайдын: Шабдан, Төрө, Ыманалы, Муңайтпас деген төрт уулу бар экен. Ак Мөөр менен он жыл бирге туруп, алтымыш үч жашында Жантай өлөт. Муңайтпас төрт-бешке чыгып калган кезде Мөөр дүйнөдөн кайтып, кыргыз Кара-Булактын тумшугуна Жантайдын жанына коёт.

Жантай Мөөрдүн калыңына беш жүз жылкы берип, Адыл үч жүз кара буурул, Каратай[1] эки жүз кара буурул жылкылуу болот. Каратайдан – Мамбетаалы, Жусубаалы; Мамбетаалыдан – Сулайман. Жусубаалыдан Капар деген уулу бар, Тоголок Молдо колхозунда жашап турушат.

## Ак Мөөрдүн ата-теги

Калмак Ак хан менен казак Шоорук хан экөө чабышып, сайышып, Ак хан Шоорук ханды жеңип, чаап, Латипа деген кызын алып, ошондон Табылтай, Бүрүм, Чүрүм, Жыланкөздү төрөйт. Жыланкөз жаңы төрөлгөндө боору эзилип өлүп калыптыр.

Бу он жыл чамасы калмактын ханына алы жете албай бугудан, солтодон кол сурап, казактар болуп, үч жүздөн алты жүз кол чогулуп келип, калмакты чапканда Латипа төрт баласы менен качып, казак-кыргыздын алдынан чыгат.

Калмактан түшкөн олжону элге бөлгөндө:

Үч калмактын баласын да бөлүп алыш керек – дейт.

Кызы менен Табылтайды Шоорук хан, Чүрүмдү бугу, Бүрүмдү солто алат. Алматыдан ары Табылтайдын тукуму деген көп казак бар. Чүрүмдүн тукуму Түптө.

Жанболот баатыр аялын солтого төркүлөтүп барып, Бүрүмдү көрүп:

– Мал албайбыз, ушу Бүрүмдү бергиле – дейт.

– Макул, – деп Бүрүмдү беришет.

Жанболот үйүнө келип, бир жылкыны союп түлөө кылып, айыл-апасын чакырып тамак берип:

– Мынабу менин балам, мен силерди ошон үчүн чакырдым, Бүрүм деген калмактын аты. Мунун аты Боркок болсун. Муну калмак деп айтып

[1] *Каратай* – Мөөр менен бир тууган Адылдын баласы.

оозуңардан чыкса, оозуңарга коргошун куямын, – деп байбиченин эмчегин эмизип, Байбагыш менен эмчектеш, бир тууган кылып коёт.

Бала чоңоюп, Көңдүк деген жерге жылкы салып, айылчылап конуп, эки күнү туруп калат. Бир ирет Боркок үч күндөн кийин келсе, жылкыда жакшы айгыр, ат, баарысы эле жок.

– Бул эмне болду? – дейт, ал.

– Атаң айгыр атты алдырып, Кара-Булактагы казактар менен сайышам деп кетти, – дешет.

Жылкыны имерип караса, өзүнүн чаап жүргөн күлүк Койтору деген кунаны бар экен, аны кармап алып минип:

– Энемди сагындым, учурашып келейин – деп үйдү көздөй келет. Келип энесине учурашып:

– Атам кайда кеткен? – Тиги-бу деп сурайт.

– Атаң Молдонун-Бели менен Соң-Көлдү ашып, Чүйгө жоого кеткен, үйдөн аттанганына үч күн болду.

– Ээ, эне, кетем эмесе, кичине сүзмө, азыраак талкан бериңиз. Жылкынын сорпосуна сүзмө кошуп ичпесе танып кетет экен, – деп энесин алдап, баякыларды алып жылкыга кеттим деп атасынын көт жагынан чогойду.

Шамшыны ашып, Шамшынын оозуна чыкканда атасына жете барды.

Боркокту көрүп тааныгандар:

– Бооруңа келген чечек, атаңа көрүнбөгүнүң. Көрүнүп калсаң бирибизди жетелетип кайра жиберет. Олжодон куру калабызбы – деп, атасына көрсөтпөй коюшат.

Алар Чүйдүн суусунан кечип, Кара-Булакка барышат. Жоо менен сайышаар алдында Жанболот Боркокту көрүп:

– Оо, балам, ай, эмне жүрөсүң? – дейт. Баласынын кайра кайтпасын билип, коё бербегин деп туу кармаган кишиге карматып койду. Кыргыздар казак менен сайышып, малын, тигиндей-мындайын алат.

Элдин баары олжолуу болуп, колго бир жакшынакай сулуу кыз түшкөн экен, ал ак кабактардын аксакал кишисине тийиптир.

– Кызды алган аксакалга барып айткыла, ошол кызын мага берсин – деп Жанболот киши жиберди.

– Мен муну малга сатам, кыз кылып чыгарам, – дейт, тиги.

– Ыя, ботом, талаадан малды кайдан табам? – деп Жанболот капа болот.

– Атакенин уулу Карабек досум эле. Ошого барып келейин, ата, – деп уруксат сурайт Боркок.

Кичи-Кеминге чогоюп барып, Карабектикине конуп, кетейин десе:

– Эмне аласың? Бүгүн жат, эртең кет, – дейт досу.

Эртеси Карабектин жигиттери бир боз айгыр баштаган бир үйүр жылкы айдап келип:

– Мына, досум алгын, – дейт.

Жылкыларды алдына салып, Боркок үйдү көздөй кубалап алып жөнөйт.

Эл небак кетип калыптыр. Баягы, кызды алган аксакалдыкына барат.

– Ий айланайын, Жанболоттун баласы, кел! – дейт, аксакал.

– Атам сизге олжо кызды берсин деп бир айгыр үйүр жылкы айдатып жиберди.

– Ыя, балам, ырас болот, – деп, эки жууркан, бир жаздыгын кызга бөктөрүп, жакшы ат мингизип жиберип ийген экен.

Кызды үйгө алып келип:

– Сиз алам дегениңизден досуман бир айгыр үйүр жылкы айдап барып, олжо кызды алып келдим. Токол кылып алыңыз, – дейт, Боркок Жанболотко.

– И, балам жакшы болот, – деп атасы кызды алат.

Ушуну менен Боркокту кайындап, энеси өзүнүн төркүнүнөн кыз алып берди, бир кичинекей өргөө жасап.

Ортодон он чакты жыл өтөт. Атасынын токолу казак аялынан Эраалы, Дербишаалы, Бегаалы деген үч эркек тууйт. Боркоктун аялы Бай деген бир уулду, андан кийин Болоттун энеси бир кызды, Бердибек, Адыл дегенди төрөдү.

Кийин Жанболот уулунун ар кимиси мыкты болуп, Бай, жетимиш-сексен төөсү бар, абдан бай болду. Андан кийин Бердибек – баатыр. Эң кичүүсү – Адыл.

Бардыгы мыкты болуп турганда:

– Бул, атабыздан калган кул болсо, муну бөлүп алышыбыз керек, – деп Жанболоттун балдары Боркокту күнүлөдү.

– Жалаң эле Байбагыштан чыкпайт. Атабыздан калган кулдарды бөлүп бергин, – деп кокондук хандан келген суракчыга арызданышат.

Хан бардыгын чакырып келип:

– Ии, силер кул экенсиңер, калмактарды, эми Жанболоттун балдары бөлүп алабыз, – дейт. Муну эмне дейсиң Адыл? – деп Адылдан сурайт.

– Туура айтасыз, таксыр. Калмак экенибиз чын. Биздин атабыз Боркокту алып келген экен. Бирок менин мудаам бар, айта турган.

– Айт!

– Атамды алып келгенде Байбагыш менен эмчектеш кылып энемдин эмчегин эмизген, бу биринчиси. Экинчиси, атам барып Кара-Булактагы казакты чапканда бир кыз колго түшүп, ак кабактын аксакалына тиешелүү тийген. Карабек деген досунан бир үйүр жылкы алып келип, малга сатамын, кыз кылып чыгарам дегенде атасына алып берген. Ошондон үч уул туулган: Эраалы, Дербишаалы, Бегаалы дегендер. Ылайыгы келсе күңдөн туулган балдарды менин тукумума бөлүп берип, андан кийин бизди кандай бөлүп алса, ошондой бөлүп алсын – дейт, Адыл.

– Боркок Байбагыш менен эмчектеш болсо, Байбагыштын энесинин эмчегин эмсе, олжодон түшкөн аялды алып келип берсе, муну калмак, кул деп айтпайбыз. Жанболоттун баласы болуп калган турбайбы. Силердин сөзүңөр жарабаган сөз, – деди хандын суракчысы доочуларга.

Жанболоттун башка балдарына карабай, Байбагыштын тукумунан чыкпай калганы ошол себептен.

*Даярдаган*
**Каныкей АКМАТ**

*Тамсилдер*



**РЫСБАЕВ Жолоочу** *– Улуттук Жазуучулар союзунун мүчөсү, акын-сатирик. 1949-жыл Ысык-Көл облусунун Түп районундагы Жылуу-Булак айылында төрөлгөн. 1966-жылы Сан-Таш орто мектебин бүтүрүп, 1967-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетинин сырттан окуу бөлүмүнө кирип, 1974-жылы бүтүргөн. 1975-жылдан тартып, Кыргыз телерадио комитетинин адабий-драмалык бөлүмүндө редактор катары иштеп, «Мыскыл жана тамаша», «Шибеге», «Кутмандуу болсун күнүңөр», «Бетке айткандын заары жок» аттуу көрсөтүү, уктурууларды даярдап келген. «Чырмоок», «Коңгуроо», «Ой, шумдук!», «Ап-чихи! Чүчүңүз!», «Мен Мидин эмесмин, Мидин деле мен эмес», «Ачуу-таттуу аралаш» жыйнактарынын автору.*

## Кулумкан менен Ажаркан

*Күн чыгып калган кезде ыржайып,*
*Кулумкан жүргөн эле кир жайып.*
*Аңгыча ар жактан,*
*Ажаркан басып келди тыртайып.*
*– Далилдей албай калам го*
*дедим эле кезиксе.*
*Дардайып,*
*Ырас болбодубу жүргөнүң эшикте.*
*Айтор,*
*Ар кайсы сөздөрдү*
*Айтып кычыктуу*
*Койнунан алып чыкты,*
*Койкойгон мышыкты.*
*Кордукка мындай*
*Кантип көнөсүң.*
*Карала сенин Дөбөтүң.*
*Эртең менен*
*Эшикке жете бергиче,*
*Эки жолу бурдап өттү эле*
*Жонунан.*
*Корккonунан карачы,*
*Козголо түшүптүр боюнан?*
*Жүргөн бир көчөдө,*
*Жүдөгөн мышык эмес –*
*Бул киргизский!*

*Байкадыңбы,*
*Пародасы – Сиямский!*
*Аман көз жарышын тилеп,*
*Ар күнү тумар чийдирчүбүз*
*дубалап.*
*Төртөөнү биз алабыз? – деп*
*Төркүндөрүм кеткен кудалап.*
*Ара төрөп салса,*
*Алыстатып арабыз.*
*Жогорку соттун төрүнөн,*
*Жолугушуп калабыз.*
*Күлүмкан да кашты*
*серпип салып,*
*Каруусун бөйрөгүнө алып:*
*– Итке теңелип*
*Итче үрбөгүн?*
*Илгертеден көрдүң беле,*
*Ит, мышыктын*
*кучакташып жүргөнүн?*
*Терезенин түбүндө бакыртпай,*
*Тегеректеги эркек*
*мышыктарды*
*Тегиз чакыртпай.*
*Сиямский! Сиямский!*
*Сиямский болсо,*
*Сыртынан тигип бербейсиңби*
*Турсий!*
*Жаакташпайлы баарына*
*макулмун,*
*Жанакы Дөбөтүңдү*
*Сен да чакыргын?*
*– Кайсы Дөбөттү*
*Көрүп турасың садагаң?*
*Дөбөт эмес*
*Күчүгүм жок жугунду жалаган.*
*– Кайкалатпай сүбөөңдү*
*Кана, чакыр Дөбөт күйөөңдү?*
*Кадырбай былтыр*
*Командировкага кеткенде.*
*Түнкү саат он экиге жеткенде.*
*Каалганы ачкылап,*
*Карсылдашып каккылап.*
*Катуу келгенде*
*Боюман козголуп менин да,*
*Кишиге айтпай аман калгамын,*
*Киринип атып Эрменге.*
*Кийин барса баралы сотко*
*Кимибиз болор экенбиз*
*шерменде?*
*– Түнкүсүн кээде,*
*Түктүйүп беттери.*
*Жаагын кычыратып,*
*Жатып алмайы бар эле тескери.*
*Ажаркан*
*Акырын жанып мурунду.*
*– Береги мойнуңа салбасам! – деп*
*Бел куруңду!*
*Аткан жебедей*
*Артына бурулду.*
*Ошондон кийин*
*Айбан Дөбөт*
*Алты кулач чынжырга бекилди.*
*Адам Дөбөт,*
*Төрт, беш жумача көрүнбөй,*
*Төшөккө жатып калган*
*шекилдүү.*

# Арыдан бери болсок...

*Билебиз*
*Бизде макал бар.*
*Той дегенде кубанып,*
*«Тоголонот куу баштар».*
*Койгондой*
*Кыргызды тойго,*
*Тойду кыргызга жаратып.*
*Өңгөлөр чакырса*
*Өөдө болобуз го,*
*Өлүп баратып.*

*Жакынбы, алыспы...*
*Уят көрүп, үй калышты.*
*Колтугуң айрык болсо да,*
*Колго бийик*
*Көтөрүп намысты.*
*Учурунда шуулдайбыз*
*Уй аралагандай камышты.*
*– Башкалардан эмнем кем?*
*Бакырып турат,*
*Той берген.*
*Жыгылып жатат,*
*Жылкылар дардайып,*
*Ийри тумшук*
*Иттердин таманы майланып.*
*Куркулдашат төбөдө,*
*Кузгун*
*Жору айланып.*
*– Аз го?..*
*Анткорлоно каткырып.*
*Көк зоодон кийик,*
*Көлдөн Өрдөк аттырып,*
*Сыртын салып*
*«Цыплята табака» жөжөгө,*
*А түгүл издеткендер табылат,*
*Аяздуу күнү*
*Аңыздан бөдөнө.*
*Учаны алганы*
*Узун бычакты сойлото.*
*Короздону кыйкырат:*
*– Козгой алар эмесмин,*
*Кожомкул эле болбосо!*
*Капырай!*
*Казандан кантип чыгарды.*
*Эки-үчөөлөсөк,*
*Эшикке көтөрүп чыгамбы...*
*Чакыргылачы,*
*Камаз, кранды?*
*Жаманчылык болгондо,*
*Жакындашып барат,*
*А деле тойлорго.*
*Өкүрүп түшкөндөргө,*
*Өмөчөктөп жагабыз.*
*Ат чабым жерге,*
*Ак дасторконду жая салабыз.*
*Ызы-чуу жакыны*
*Ыйлабаганда кантет.*
*– «Муну ил,*
*Тигини алып кет?»*
*Тирүүсүндө кийбегени,*
*Тизмектелип,*
*Боз үй ичи*
*Болот «Супер-маркет».*
*Алдуулары*
*Акча сунуп молдого:*
*– Алып койсоңуз колдоого?..*
*Маркумду муздак сууга жуубай,*
*Салсак кантет,*
*Сауна, мончого?*
*Бөдөнөдөн куйрук,*
*Бөтөлкөдөн бутак табабыз.*
*Бет аарчы,*
*Бут аарчыны*
*Көтөрүп,*
*Көрүнө чейин барабыз.*
*Өлгөндө үстүнө куруп,*
*Өмүрдө кирбеген үйүн.*
*Берeги айылдарда,*
*Бейиттер көрктүү бүгүн.*
*Атаандашын кылып мыш.*
*Атасынын күмбөзүнө*
*Айрымдар орнотуп*
*жатат жылыткыч.*
*Жаман салт мындай*
*Жалпыга орток.*
*Жарды байкуш,*
*Өлгөндөн эмес,*
*Көмгөндөн коркот.*
*Бечелдин жөтөлүндөй кылбай,*
*Бериден ары,*
*Арыдан бери болсок?!*

# Шыйрак

*Орун басары,*
*Оңдоп-түзөп үстү-башы, боюн.*
*Айрыкча белгилемекке,*
*Аксакалынын алтымыш*
*жылдык тоюн.*
*Куттуктай келип кулады,*
*Куйкалап алып коюн.*
*Көрөр көзүн,*
*Көңүл ачылып.*
*Алигилерди,*
*Ашканага киргизип жашырып.*
*Илдиртип коюп мыкка,*
*Ичегилерин чубап.*
*Канча карыш экенин,*
*Кагазга жазып жатты сурап.*
*– Кыйлага жетчүдөй,*
*Кыздын чачындай кылып өрсөң.*
*Жарданбай,*
*Жасай салгыла жөргөм?*
*Атайын союлган соң,*
*Анда кайда болсун ооруу.*
*Аман бекен боору?*
*Карынды жыдытып,*
*Каптай салып тышына.*
*Кашыгын кошо чайнашсын,*
*Камынгыла быжыга?*
*Ырыскан сен отура*
*бербей сүйлөп.*
*Ыйынсаң лампочканы*
*өчүрчү элең үйлөп.*
*Өпкөсүн текшергин.*
*Олобого кириш,*
*Оозунда калсын элдердин.*
*Кудум «Айналап» жуугандай,*
*Кулак-мурдунун ичтери.*
*Күйөөмдүкүнөн да таза экен,*
*Күрүчтөй тиштери.*
*Ушундайы жакшы.*
*Унутпай салгыла башты?*
*Аңгыча,*
*Сан жилик, кар жилик,*
*Санактан өткөндө ар жилик.*
*Кайдан деп болбойт кырсыкты.*
*Төрт шыйрактын бири,*
*Түгөлдөсө жок чыкты.*
*Төшүн койгулап эжең.*
*Төркү үйгө жетпей жыгылды,*
*Төбөсүн учтап бекем.*
*Ага кайгырып,*
*Анча эмне десең?*
*Алтын жаны аман болгур!*
*А балким,*
*Ал аксак койдур?..*

# Кызыл таным

*Кырсыктаарда иш,*
*Кыйшыңдап калат тур өзү эле.*
*Жалгыз бурула бергенимде,*
*Жаман бир туюк көчөгө.*
*– Токто-о! – деген үн угулду.*
*Жалт карай салсам,*
*Жан алгычтай экөө көзгө урунду.*
*– Чыйтыйбай,*
*Чылымың барбы сыйлагың?*
*Кемшеңдеп,*
*Келүүчүдөй ыйлагым.*
*Кармалып колтук-баш,*
*сандарды.*
*Колуна түштүм,*

*– Колдонбойт элем андайды.*
*– Куйгузуп ийгенин карачы,*
*Куйугуп кууп келген эмгек.*
*Чычайтып журөт кыздар деле,*
*Чылым чекпеген эркек да*
*эркекпи?..*
*Боор ооруйт дебе,*
*Боркулдап турат жин!*
*Акчаң барбы?*
*– Бар!*
*– Канча?*
*– Эки миң!*
*Эртең менен эрте тургузуп*
*төшөктөн:*
*– Электрге төлө! – деп*
*Аялым бечара,*
*Азыр эле жөнөткөн.*
*Оо, Жараткан!*
*Ошого шашып бараткам!*
*– Курулай жалынып,*
*Кудайды курдашыңдай атайсың.*
*Калчылдабай сүйлө,*
*Кайсы жерде жашайсың?*
*Азыртадан көргөзүп,*
*Акыреттик камыңды.*
*Кесме илчү болсоң кулакка,*
*Кекиртектен суурул алам*
*жаныңды!*
*– «Жырык-Арык» жаңы конушу.*
*Тилиме тибиртке чыксын,*
*Тигине сунсаң жетет кол учу.*
*«Жыртак көз» көчөсү,*
*Жыйырма бешинчи үй.*
*Жетине албай тигил*
*Жерди бир тепти:*
*– Тү-үй!*
*Кана, кагазыңды көрсөтчү?*
*Алып бердим,*
*Аңтарып атып чөнтөктү.*
*– Эгер кептин айтсам чынын.*
*Эртең барып кыймактын,*
*Электринин зымын.*
*Ар кайсы мамыга чыга берип,*
*Айрылып бүттү шымым.*
*«Кызыл такым» атанып*
*Кызталак азабынан токтун.*
*Кечиктирген сендейдин айынан,*
*Кечээ да уктаган жоктун!*
*Аман калды жаныңыз.*
*Азыр жаба электе барыңыз?*
*Жалынып жибергенде,*
*Жаман балдарымдан*
*бери кагылып.*
*Акактап жөнөдүм,*
*Ар кайсы ташка чалынып.*



*Бүркүмдөр*

## Калпактын алдындагы допу

Кубанычбек Маликов бир күнү Жигитовго айтат дейт:

– Салижан, сен абыдан кыйын жигитсиң. Өзүң акынсың, билимдүүсүң. Анан ботом, алдагы кепкадан көрө кыргыздын жакшынакай калпагын кийип жүрбөйсүңбү. Кепка сага жарашпайт экен, – дегенинен Сакебиз атайы бир күнү калпак тиктириптир. Бирок анысы чоңураак келип калганынан базардан чаар допу сатып алат. Аны калпактын алдынан кийип алса, жараша түшөт. Бирок Сакебиз калпак кийип келген күнү К.Маликов жок. А кепка кийген күнү дайыма карпа-күрп кезигишчү экен. Бир күнү К.Маликовдун ордунда отурганын көрүп, үйүнө чаап барат да, кепкасын ыргытып, калпагын кийип, кайра тезинен келе калат. Анан койкоңдогон Саке күзгүгө каранып, калпагын түзөнүп атканын көргөн Маликов:

– Во-оо… калпак сага койкоюп калат турбайбы, – десе Сакебиз калпагын шарт чечип, анын алдындагы допуну көрсөткөн экен:

– Мына, Куке, жарымым – кыргыз, жарымым – сарт болгон үчүн жарашып жүрбөйбү.

## Са Жи Гит

«Азаттык» үналгысы Дастан Сарыгулов, Каныбек Иманалиев, Салижан Жигитовду

«Манас» жөнүндөгү диалогго чакырат. Сарыгулов «Манас» эпосунун чеги жогун, түбү көрүнбөстүгүн түгөталбайт. Сакебиз болсо түз обо экенине карабай:

– Кыргыз болбой эле койдум. Карачы, курсагы ач, мээси бөксө. Ушундан көрө кытайга аралашып кетсек, эл болмокпуз. Анда мен көп болсо: Са Жа Гит болуп калмакмын, – деп Сарыгуловдун куйкасын куруштурган экен.

## Кыргыз орусту 70 жыл эзди

90-жылдардан кийин Кыргызстандан орустар кете баштаганда жармач патриоттордон кимдир бирөө:

– Булардын кетип атканы жакшы болду. Болбосо бизди 70 жыл бою жакшеле эзип келбедиби... – десе Сакебиз:

– Эй, орустар бизди 70 жыл эзген жок. Биз орустарды 70 жыл эздик. Алар бизге мектептерди, кабат үйлөрдү, завод-фабрика, суу сактагыч көпүрө, электр станция ж.б... куруп бербедиби. Бечаралар акыры: «Буларың эч нерсе үйрөналбаган ит эл турбайбы» – деп эзилип бүткөн үчүн кетип атпайбы, – деген экен.

## «Эми түрктүн мойнуна минебиз»

Түркиядан келген меймандар Сакебизден сурайт дейт:

– Силерди ушуга чейин боз үйдө жашаган калк деп айтышчу эле. Бирок заңгыраган кабат үйлөрдү кантип кургансыңар? Силерди канча көчмөн эл деген менен шаарыңар укмуш экен го, татынакай театр, музейиңер турат, – десе Сакебиз:

– Бул шаарды биз курган эмеспиз. Жалаң орустардын мойнуна минип, ошолорго курдурганбыз, – дейт.

– Азыр алардын көпчүлүгү кетип атса, эми кимге курдурасыңар? – десе, Сакебиз:

– Эми түрктүн мойнуна минбей жаныбыз жокпу, – дептир.

## Ач элдин чоң курсактары

С.Жигитов А.Акаевдин кеңешчиси болуп турганда жоон топ аким, губернаторлор президенттин кабылдамасында отурат дейт. Аларды көргөн Сакебиз:

– Ой, кыргыздар, элде ачарчылык, кыйынчылык дейсиңер, бирок жүзүңөрдөн май тамып, бир да ачарчылык көрүнбөйт го. Губернаторуңардан тартып, акимиңерге чейинкилердин курсагын карагылачы, а мынабу айыл башкармасычы… башканы койдум, жадагалса араңарда турган береги журналисттин курсагын карагылачы, – дегенине баарысы бири-биринин чердейген курсагын карап, мына анан чердейген курсактар сүлкүлдөп күлө баштаган экен.

## Акаевден арткан акылы

А.Акаев – президент, С.Жигитов менен Б.Жакиев анын коомдук кеңешчилери эле. Бир күнү Салижан менен Бексултан шахмат ойноп отурса «легендарлуу» парламенттин депутаты М.Байжиев келип калат.

– Ии, акылчылар… Оюндан омуртканар сынып отурасыңар… – десе, Сакебиз шахматтан башын көтөрүп:

– Акаевге болгон акылымды айтып, андан артканын мына бул досуңа айтам. Бирок болбой эле артып калып атат. Акыл сага да жетпей атса, мага ушинтип тез-тез келип турсаң, – деген тура.

## Сакенин малай ээрчиткени

Т.Сыдыкбеков «Кыргыз Эл Баатыры» наамын алганын уккан К.Жусупов С.Жигитовго:

– Түкөнүн наам алганын куттуктап, барып койбойлубу, – дейт. Бирок К.Жусуповдун жанында сокур тыйын жок экен. Анда Саке:

– Сен ушинтип дайым эле унчукпайсың, – деп акчаны жалгыз өзү чыгарат.

Жолдон торт, анан гүл алышат. Бирок тортту да, гүлдү да Кеңеш досуна көтөртүп коюп, өзү койкоңдоп алдыраак басып кетет.

– Эй, сен түрктүн байына окшобой, жок дегенде бирөөсүн көтөрүп алчы, – десе Сакебиз:

– Эгер мен түрктүн байына окшосом, түрктүн малайы да так сендей болушу керек. Келжектебей көтөрсөң, – деп экөө бирдей каткырыптыр.

## Жигитовдун жигиттиги

«Легендарлуу» парламентте отургандарды С.Жигитов интермедия кылып, «КМ» гезитине сандан-санга тамаша кылып чыгарганы А.Акаевге майдай жакчу экен. Президент бир күнү Сакебизге жолуккан жерден:

– Сиз парламентти укмуштай согуп атасыз. Алардын айтышын интермедия кылып жазгандарыңызды жыргап окуйм. Эрдик жасап атасыз, эрдик... – дейт.

Анда Сакебиз:

– Ой, ботом, өзүм Жигиттин баласы болсом, жигиттик кылам да. Эрдик кайдан кылайын, – дептир.

## Каникул

А.Акаев өлкө президенти болгонго чейин С.Жигитов экөө бир үй, бир короодо жашап, экөө күндө эртең менен бирге чуркайт. Жигитов ал кезде «Кыргыз энциклопедиясынан» бошоп, жумушсуз жүргөн экен. Бир күнү эртең менен А.Акаев экөө кобурашып калат:

– Салижан Жигитович, эми кайдан иштейин дейсиз?

– Илимдер академиясында иштесемби деп атам.

– Андан көрө ЖОЖдордун бирине барыңыз. Аякта тогуз ай иштеп, үч ай каникулда болосуз, – десе: – Аскар Акаевич, сиз эч нерсе билбейт турбайсызбы. Академияда андан жакшы. Ал жакта бир ай план түзүшүп, он бир ай каникулда жыргап жүрөсүң, – дептир.

## Түрктөрдү күлдүргөнү

Жигитов Өзбекстанда элчи болуп отурганда Турциядан өкүлдөр келип, алардын тарыхын, маданиятын сурайт. Бирок бир да өзбек өз элинин тарыхын жарытып айталбай койгондо Сакебиз чыдабай кетип:

– Мына, бул чапан менен допучан турган өзбекти көрдүңөрбү?

– Көрдүк, – дейт түрк делегаттары.

– Көрсөңөр, мындан 3–4 кылым мурда деле өзбектин кийгени ушул болгон. Бирок ошондон бери булар чапанына топчу кадабаган бойдон келатат, – деген экен, өзбегиң да, түркүң да боорун тырмап каткырыптыр.

## Элчиликтен эмнеге эрте келген?

Элчиликтен бошоп келгенин уккандын баары бир күнү:

– Эмнеге эрте келдиң? – десе Сакебиз:

– Иштейин деп баргам. Бирок Акаев мага телефон чалып, мен Каримов менен сүйлөшүп, ортодо экөөнү байланыштырып турам го десем, экөө

менсиз эле телефондон түз сүйлөшөт экен. Анан жумушу жок отурбайынчы деп келе бердим, – деп жүрчү.

## Өмүр бою кетирген катасы

Өзбекстандын бир журналисти Сакебизден сурайт:

– Өмүрүңүздө канча ката кетирдиңиз?

– Ой, айланайын, мени кой, СССР өлкөсү 70 жыл бою толтура ката кетириптир, анан ошол өлкөдө жашаган менин бүт өмүрүм ката менен өттү да, – деген экен.

## Арбактын аманаты

Турар Койчуевдин 60 жылдыгы болуп калат. Куттуктоолор Президент, Премьер-министрдин атынан окулат. Оголе көп куттуктоолор эки саттан ашык окулуп, залдагы эл куттуктоо сөздөрдөн жадаган кезде сөз С.Жигитовго жетет. Саке сөздү баштагандале:

– Азыр калем кармагандын баары арбактар менен сүйлөшүп калды. Алардын арасында мен да бармын. Анан мен да майда-чүйдөлөрдөн эмесмин. Азыр эле тойго келатып Карл Маркстын арбагы менен кобураштым. Ал мага: «Турар Койчуевге айта бар, менин «Капитал» деген эмгегимди окуп жүрүп, илимдин кандидаты болду. Кийин аны кайта-кайта көчүрүп доктор, акыры академик наамына жеткен. Андан соң рынок экономикасы келип, баары сатыла баштады, мейли, сатылсын, бирок ушу Турар Койчуев мени сатып кетет деп ойлогон эмесмин, ушуну айта бар» – деди деп, трибунадан түшүп кеткен экен.

## «Жуликке» жолуккандагысы

С.Жигитов бир күнү көчөдө баратса, алдынан бейтааныш зайып чыга калат. «Көзү ачык элем, алаканыңызды көргөзүңүзчү» дегенделе Сакебиз: «Мейли, карасаң кара» – деп, өзү айткандай, ичинен баш чайкап, чөнтөгүнөн акча сууруп, тигиге сунат. Бир топ күндөн кийин көзгө тааныш баягы көзү ачык көчөдөн жолугуп, Сакенин алаканын дагы бир жолу ачтырат. Саке анда да марттыгын көрсөтөт. Даа бир карпа-күрп кезигишүүдө көзү ачыкты Сакем өзү чакырат:

– Сага жолуккандан баштап, менин да көзүм ачылып кетти. Бери келип, алаканыңды көргөзчү, бирок сенден тыйын албайм, – деп көзү ачыктын алаканын ачтырып, – сен жеткен жулик турбайсыңбы деген экен.

## «КМга толгон «дөбөттөр»

«Кыргызстан маданияты» гезитинин кеңсесине С.Жигитов күнүгө келсе, күнүгөле тамак жеп отурушкан болот. Бир күнү аларды көргөн Саке:

– Оо, ырас болбодубу, бекер тамактын үстүнөн чыгыпмын, – деп босогодон аттагандале жайдаңдай.

Отургандар «баа» деп каткырып, ооздору жабылалекте Сакенин «КМ» кожоюну Нуралы Капаровго:

– Ой, сен, байка. Буларың байдын дөбөтүндөй болуп семирип кетип үрбөй калышпасын, – деп отургандарды кыраан каткыга тойгузуп, «дөбөттөр» отурган үстөлдүн эң төрүнө өтүп кеткен экен.

## Кеңештин кеңеши

Сакенин ашказаны ооруп жүрүп, К.Жусуповдун кеңеши менен урологиялык дарыланууга өтөт. Бир күнү Р.Отунбаева экөө кезигишип калат. Сакенин шопоюп арыктаганын көргөн Роза айым:

– Сиз өтөле арыктап алыпсыз, бирок арыктаганыңыз жарашат экен, – десе Сакебиз:

– Өз заарамды ичип жүрүп эле ушинтип жалпайган бетим татынакай болуп баратат, – дегенине Отунбаеванын абыдан боору эзилет, бирок ишенбейт. Ошондон көп өтпөй, жоон топ эл каймактары чогулган жерде ким бирөө К.Жусуповдун ашказан оорудан кантип айыгып кеткенин сураса, туурадан С.Жигитов чыга калыптыр:

– Кеңештин кантип айыгып кеткенин менден сурагыла, өзү жымсалдап айтмак беле. А мен болгонун болгондой айтам... Бул досум өзүнүн сийдигин өзү ичип жүрүп эле айыгып кетти – десе: – Сырымды сага айткан мен да акмакмын, – деген Кеңеш досунун күйбөгөнү күл болуптур.

## КГБдагы компроматтар

Аман Токтогулов КГБда иштеп турганда С.Жигитов экөө жолугушуп калат. Аман:

– КГБга кыргыз акын-жазуучуларынын бири-бири тууралуу компроматтары толуп кетти. Токтотушпайбы, – десе Сакебиз:

– Ошолордун бирден көчүрмөсүн бизге жылдыра бербейсиңби, – дейт.

– Ой, Саке, мен алардын баарын чогултуп туруп, өрттөп атпаймбы, – десе Сакебиз:

– Ооба, мен сага аябай ишенип калбадымбы... – деген экен.

## Халтурщикти көмүшкөн Саке

Каныбек Иманалиев Президенттин басма сөз катчысы болуп турганда Ак үй жактан Каныбек, Күнбатыштан С.Жигитов чыгат. Каныбек салам узатаары менен Сакенин кайдан келатканын сурайт. Анда Саке:

– Ой, баландай халтурщик акын өлүптүр, ошону Аларча көрүстөнүнө көмүшүп келатам, – деп таамай жоопту тарс айтыптыр.

## Ишенчээк интеллигенция

И.Абдуразаков Мамлекеттик катчы кызматынан түшүп калган жылдары Салижан досу жазуучулар арасында өз «версиясын» жаратат: «Абдуразаков А.Акаевдин кабинетине каалга чертпей кирип барса, Майрам Дүйшөновна үйгө кийчү тапичкеси менен президентти шакылдатып башка койгулап атыптыр. Анан Ишенбай бечара: «Ой, кечирип койгула!» – деп каалганы кайра жаап чыгып кетери менен: «Бул киши чатакташканыбызды көрүп калды» – деп эртеси кызматтан алып салыптыр десем, жазуучулар ишенип алып, Ишенбай жөнүндө имиш таратып алышкан. А ишенбегендери менден келип да: «Ошондой бекен?» – деп сураганда: «Ооба, кудай урган Ишенбай деле маданияттуу, билимдүү дипломат деп жүрсө… Ботом, Президентке киргенде өзү деле этика боюнча эшикти тыкылдатып кирбейби, ага чала болуптур» дегениме ого бетер ишенип алышыптыр» – деп, ишенчээк интеллигенциябызга боорун тырмап күлүп калчу.

## Маарекедеги чындык

Омор Султанов 60 жылдык тоюн берип атканда, конверттерге да, калпак, чапанга да карк болуп, тойго келгендердин каалоо-тилектерине да карк болуп турганда Жигитовго сөз кезеги келип, айтып турганы: – Омоке, сен мына буларга ишенбе. Булардыкы калп. Мына меники чын. 60тан кийин сен «мышсың». Мындан кийин сенден жакшы поэзия да чыкпайт. Буга чейинки бергениңди бердиң, көргөндү көрдүң, сүйдүң. Булар сени алдап атат. Өзүң айткандай, «кашайып» 60 «мыштан» кийин сен акын болалбайсың, – дегени чын эле кийин Омокенин башына келди. «Сен жөнүндө поэмасы» уланбай калды.

## Сакебиздин керээзи

Сакебиз дайыма азил-чыны аралаш бир кепти айтып калчу:

– Мен өлсөм, мүрзөмдүн башына: «Ушул бечара өмүр бою көпчүлүк «жижиң» калем кыргыз акын-жазуучулары менен окумуштууларынын жазгандарын оңдоп-түзөп жүрүп өттү» – деп жазып койгула!

## Эркебаев

Эркебаев студент курагындале көз айнек тагынганын көргөн Саке:

– Оо, сен дагы Сооронбай Жусуевге окшоп олуттуу көрүнөйүн деген экенсиң, – дептир.

## Усубалиев

Усубалиев 24 жыл Кыргызстанды башкарды. Чейрек кылым. Азыр айткан жоопторуңузду угуп отурсам, бир да ката кетирбегендей сүйлөп атасыз. Эми билип-билбей, жылына эки ката кетирген болсоңуз, 25 жылда 50 ката кетирип атасыз. Ушуну моюнга аласызбы? Мен эми конкретный айтайын, сиздин эң чоң ката кетиргендигиңиз, (кадр жагынан) 25 жылдын ичинде мына бул Абдуразаков менен Жигитовду көрбөй койдуңуз. Мына, Акаев келдиле, экөөбүзгө дароо кызмат берди, – дегенине Усубалиев шылкылдап күлгөн дешет.

## Академик, профессорлорду ардантканы

Тээ качан Кыргызстан Жазуучулар союзунун пленумунда чыгып сүйлөгөн С. Жигитов кашкайган бир чындыкты мына минтип балп эттириптир:

– Карагылачы, илимдүү-билимдүү сынчылар! Силер «Кыргызстан маданиятына» көтөрүп келген материалдарды 10-класс билими бар Алым Токтомушев оңдоп-түзөп гезитке чыгарып атат. Уялбайсыңарбы! – дегенин уккан азуулуу адабий сынчылардын баштары шылк дей түшкөн экен. Көрсө, чын эле «КМнын» сын бөлүмүндө иштеген А.Токтомушев академик, профессорлордун жазгандарынан өйдө гезитке оңдоп-түзөп жарыялачу тура.

## Ит менен арстандын айырмасы

Академик, профессорлор арасынан ким бирөөсү:

– Э, Салижан, башка окумуштуулардын баарыле 10–15тен аспиранттарды чыгарды, а сен Искендер Жумабаевден башка эч бир аспирант тарбиялабапсың, – десе Сакебиз:

– Ит менен арстандын айырмасы эмнеде? Иттин тукуму көп, арстандыкы бирөө эле, – деп жаагын жааптыр.

## Майда-чүйдөлөргө жооп

Бою С.Жигитовдон да пекене С.Бирназаров деген басмада иштеген досу кайсы бир жыйынга катыша турган ал кездеги премьер-министр А.Жумагулов баш болгон мамлекеттик чиновниктерди күтүп аткан болот. Жыйынга адегенде С.Жигитов эрте келет. Бирназаров ордунан шап тура калып, саламдан мурда:

– Саке, чоңдордон кимдер келет экен? Жумагулов өзү келмей болдубу? – деп, андан кийин саламын берсе, Сакебиз:

– Мен сага окшогон майда кишилер менен учурашпайм, – дегенде отургандар дуу дей түшөт. Жыйын катышуучуларын күтүп чебелектеген Бирназаров кайра суроо узатат:

– Жыйынды саат бирден кечиктирбей баштай берелиби? – десе отургандарды күлдүрүп:

– Мындай майда суроолор менен мага кайрылбай жүрчү, – дептир.

## Элчиликте экенинде

С.Жигитов Өзбекстандагы Кыргызстандын атайын ыйгарым укуктуу элчиси болуп турганда өзбек тилдүү журналисттер да куйкум тилдүү Сакебиздин аскиячы экенин билип алып, көрүнгөн суроого жооп сурай берчү экен. Эмне болсоле суроолорун Сакебизге жаадыра беришет. Бир күнү аны жабалактаган журналисттер курчап алып, өзбек жөнүндө чыгарган жаңы анекдотторунан уккусу келет. Сакебиз ошондо мамындай анекдот чыгарып ийиптир:

– Орустан: «Бул дүйнөгө эмнеге келдиң эле?» – деген суроого: «Арак ичип сайрандаганы» – дейт. Еврей байыганы келгенин айтат. Өзбек болсо: «Ислам Каримовдун 5 принцибин аткарганы гана келдим» (И.Каримовдун мамлекеттик беш принциби бар экен) дегени тез эле жайылып кетиптир.

## Эки достун масилети

И.Абдуразаков сураптыр:

– Саке, деги сен кудайга ишенесиңби?

– Кудай бар экенине ишенейин дейм, бирок Кудай деп жүргөндүн баары кор болуп атпайбы. А Кудайды оозуна албагандар сайрандап жашаганын көрүп мен да сайрандап жашаш үчүн Кудайды оозума албай жүрөм, – дептир.

## К.Бакиев жөнүндө айтканы

К.Бакиевдин көчүгү бийликке жаңы бекиген кезде журналисттер Сакеден сураптыр:

– Сиздин оюңузча, Бакиев кандай президент болгудай?

– Ой, мунуңар кагаз окуп атканда президент сыяктанып эле турат. А кагаздан башын көтөрүп сүйлөсөлө – парторг көзгө элестей түшөт экен, – дептир.

## Ишенбай досуна наразы болгону

Сакебиз көп учурда үстүндөгү качанкы костюмдун бышыктыгына таңгалгандарга:

– Абдуразаков чоң болуп турганы мага жакшыле. Ал тез-тез семирип кетип, батпаган костюмдарын мага берчү. Кудай уруп, анын кызматтан түшкөнү мага эле жаман болду, костюмдары артпай атат, – дечү...

Жыйнап жүргөн **О.ШАКИР**

# *Адабият жаңылыктары*

## Ч.Айтматовдун жана Т.Касымбековдун чыгармалары түрк тилинде



Улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматов менен Төлөгөн Касымбековдун чыгармалары түрк тилине которулууда. Бул тууралсында «Диалог Евразия» фондунун теңтөрагасы Харун Токак билдирди.

Маалыматка ылайык, учурда түрк тилдүү мамлекеттер ортосунда бири-биринин адабий чыгармаларын өз тилине которуу боюнча сүйлөшүүлөр жүрүп жатат.

## Баалуу китеп: «Теңир-Тоодон Кызыл-Кумга»




Күнү бүгүн, март айынын соңунда алыскы Франциянын Швейцариясынан 1932-жылдын июль айында Москва–Алматы аркылуу Чолпон-Ата–Караколго, андан Шалбаны басып өтүп Кытай чек арасына чейин жетип, Балыкчы–Токмок–Фрунзеден (азыр Бишкек) Ташкент–Чымбайды басып, Арал деңизинин түштүк тарабынан айланып өтүп Москвага кайткан (1933-ж. январь) француз кызы Элла Майярдын (1903–1997-ж.ж.) «Теңир-Тоодон Кызыл-Кумга» аттуу саякат китеби ошол учурда тартылып алынган фотосүрөттөр менен коштолуп, кыргыз окурмандарынын колуна биринчи ирет тийди. Бул, кийин Кытайга (Түркстанына), Манчжурияга, Тибетке, Индияга, Непалга, Ооганстан, Иран ж.б. сырдуу жана кайталангыс өлкөлөргө чейин саякаттаган чет элдик айымдын оомал-төкмөлүү өткөөл мезгилдеги кыргыз эли-жеринин турмуш-дооруна күбө болуусу, байкоолору, көз карашы, баяндоолору өтө кымбат документ жана табылгыс тарыхый эмгек. Китеп – окурманды 30-жылдардагы ата-бабалардын турмушуна саякатка азгырып, алып кетет.

470 беттен турган бул китепти француз тилинен Нуралы Турганбаев жардамчысы Жереми Канталуб менен кыргыз тилине тике которгон. Редакторлору

И.Оболбеков, О. Шакир жана Ж.Рипар. Дагы бир өтө кызыктуу дал келүү – бул баалуу китептин чыгуусуна бир канча жылдан бери өлкөбүздө жашап, элдик каада-салтыбызды, айрыкча ат оюндарыбызды иликтеп, колдоп, жарнамалап келаткан дагы бир француз айымы (кыргыз тарыхында экинчи) Жаклин Рипар өтө чоң колдоо көрсөткөн, баш сөзүн да жазган. Кыргызстан тараптан китепке баш сөздү жазуучу, «кыргыз ламасы» Кубатбек Жусубалиев жазып, «Турар» басмасы тарабынан жарык көрдү.

## Бурятияда «Ала-Тоо» кыргыз маданий борбору ачылды

Бурятияда жалпысынан беш миң, борбору Улан-Удеде үч миңдей кыргыздар жашашат. Алардын дээрлик бардыгы соода, курулуш иштеринде иштешет. Ошол мекендештерибиз Бурятиянын борбору Улан-Удеде «Ала-Тоо» аттуу маданий борборунун уюшулгандыгынын бет ачарын өткөрүп, расмий белгилешти.

Негизинен, кыргыз коому 2003-жылы эле уюшулган болучу. 2009-жылдын 21-мартында «Ала-Тоо» борбору аталган. Бул кыргыз диаспорасынын жетекчиси Болот Жапаркулов, орун басары жана борбордун башчысы Доорбек Абдразаков.




## Д.Казакбаевдин жыйнагы

Жазуучу, философ, сынчы Дайырбек Казакбаевдин дүйнө салган апрель айынын тең жарымындагы бир жылдыгына карата эки томдук тандалма жыйнагынын биринчи тому жарык көрдү. «Турар» басмасында жарык көргөн ал китептин көлөмү 592 бет. Экинчиси ашса ашат, кем болбойт. Ал азыр басмада даярдалууда. Бул, таланттуу калемгерибиздин өзгөчөлүү аңгеме, повесттерин жыйып, жыйнакты түзгөн жубайы Рысбүбү Бөлөкбаева.

## «Манас» эпосу АКШнын Конгрессинин китепканасында

КР президенти Роза Отунбаева баштаган кыргыз делегациясы АКШнын Конгрессинин китепканасына барган учурунда китепканага «Манас» эпосунун кыргыз жана англис тилиндеги жыйнактары (бири «Турар» басмасында жарык көргөн, С.Каралаевдин варианты) берилди.

Р. Отунбаева китеп билимдин жана муундар ортосундагы байланыштын маанилүү булагы болгонун жана кала берерин белгилеп, Кыргызстандын элдеринин маданияты жөнүндө айтып берди.

Катышуучуларга улуттук аспабыбыз – комузда ойноо көргөзүлдү.

## Конкурстун жеңүүчүлөрү аныкталды

# АЛГАЧКЫ «АРЧАНЫН» ЭЭЛЕРИ

Өткөн, 2010-жылы кыргыз адабиятын колдоого алуу максатында «Турар» басмасы жана анын «Жаңы Ала-Тоо» журналы жарыялаган адабий конкурсубуздун жыйынтыгы чыгарылды. Профессионал акын-жазуучу, басма кызматкерлеринен түзүлгөн калыстар тобу ысымдары кеңири таанымал жана чыгармачылыкка жаңы гана кадам таштаган жүздөн ашык авторлордон түшкөн романдарды, повесттерди, поэмаларды, ыр түрмөктөрүн, котормолорду, илимий макалаларды, бүтүндөй китептерди карап, талдап чыгып, татыктуу жеңүүчүлөрдү аныктады. Жыйынтык чыгарууда анын шартында жарыялангандай, конкурстун башкы максаты – жаңы ысымдарды табуу, жарыяланбаган жаңы чыгармаларга колдоо көрсөтүү болгондуктан ошол жагдайларга басым жасалды. Мында, катышуучулардын конкурстун талаптарын так аткаргандыгына да көңүл бурулуп, сыйлык көлөмүн бөлүштүрүү аркылуу авторлордун көпчүлүгүн камтууга аракет жасалды.

Ошентип, 2010-жылдагы «Арча» адабий сыйлыгынын жеңүүчүлөрү деп төмөндөгүлөр табылды:

### ПРОЗА

**1-орун:**
***Турусбек Мадылбай*** (*«Зилзала» повести*)
**2-орун:**
***Шайымбек Апылов*** (*«Көгүлтүр автобус» ж.б. аңгемелер топтому*)
***Шекербек Калыков*** (*«Шапа аканин жоруктары», аңгемелер топтому*)
**3-орун:**
***Абдымомун Калбаев*** (*«Сирень жыты»*)
***Элмира Ажыканова*** (*«Ай талаадагы аял»*)
***Ажар Дүйшембиева*** (*«Сочинение» ж.б. аңгемелер топтому*)
**Кызыктыруучу сыйлыктар:**
***Мурзапар Үсөнов*** (*«Жазымыш»*), ***Чынтемир Аскаров*** (*аңгемелер*),
***Кадырова Сайрагүл*** (*«Кечирим булак», «Купуя сыр»*)

**Проза боюнча оригиналдуу чыгармасы үчүн конкурстан сырткаркы атайын сыйлык:**
***Николай Шульгин*** (*«Жизнь и её окрестности» новеллалар*)

### ПОЭЗИЯ

**1-сыйлык:** ыйгарылган жок
**2-орун:**
***Бектуруш Салгамани*** (*«Сагынып жашаймын» ырлар топтому*)
***Замирбек Иманалиев*** (*«Аян бар керемети туюлбаган» ыр китеби*)
**3-орун:**
***Эркалы Өскөналиев*** (*ырлар*)
***Өзүбек Абдыкалыков*** (*«Не карып?» ырлар*)
***Таалай Нуркемел*** (*ырлар топтому*)

**Кызыктыруучу сыйлыктар:**
***Исабек Токтогулов*** (*ырлар, балдар адабияты*),
***Сирень Сарбалаева*** (*ырлар*), ***Айшакан Субанкулова*** (*ырлар*)

## КОТОРМО

**1-орун:**
***Эрнис Турсунов*** (*К.Чуковский: «Чымын чыңкылдак», «Киркойбос» ж.б.*)
**2-орун:**
***Сүйөркул Тургунбаев*** (*В.Ф.Одоевский «Бетховендин акыркы квартети», А.Рюнеске «Чытырманда» ж.б.*)
***Догдурбек Юсупов*** (*А.Чеховдун чыгармалары*)
**3-орун:**
***Илгиз Талип*** (*Мандевил «Дүрбөгөн бал челек»*)
***Абдылда Карасартов*** (*Н.Ясин Өркиш «Жапайы кептер»*)
***Мырзохалим Каримов*** (*С.Зуннунова «Бала жыты», А.Самадов «Көңүл»*)
**Кызыктыруучу сыйлыктар:**
***Бейманбек Сардарбеков*** (*котормолор*),
***Аида Эгембердиева*** (*С.Капутикян, ырлар*)

## АДАБИЙ ИЛИКТӨӨЛӨР:

**1-орун:** ыйгарылган жок
**2-орун:**
***Абдыкерим Муратов*** (*Кыргыз балдар адабиятынын табияты, калыптанышы жана тарбиялык мааниси*)
***Бозум Алышбаев*** (*макалалар топтому*)
**3-орун:**
***Нурзат Казакова*** (*19-кылымдагы жазгыч акындардын чыгармачылыгына чыгыш акындарынын таасири»*)
***Орунбай Ахмедов*** (*«Шырдакбек»*)
***Талантаалы Бакчиев*** (*«Манасчылык өнөрүндөгү тукум куучулук», «Тар заман»*)
**Кызыктыруучу сыйлыктар:**
***Сабырбек Бейшембиев*** (*«Эл булбулу – Жөжө»*)
***Мырзабек Чокотегин*** (*«Боз үй – көчмөндөрдүн турак жайы»*)

***Уюштуруучулардан:*** *Конкурстун бардык катышуучуларына ыраазычылык айтабыз. Чыгармалардын татыктуулары автордун өз ысымы менен мындан нары да журналыбызда жарыялана бермекчи. Албетте, калыстар сыйлыктарды татыктууларга гана ыйгарды, о.э. талаптарды так аткарбаган авторлор сынактан сырт калышты. Ошондуктан аларды туура түшүнөт деп ойлойбуз.*

*Бул конкурс алгачкы гана кадам, келечекте «Арча» адабий сыйлыгы дагы да күчөтүлүп, кыргыз адабиятын көтөрүү жана чет мамлекеттерге жайылтуу максатында эл аралык деңгээлде өткөрүп туруу аракеттери көрүлүүдө. Демек, конкурсубуз дагы да улантыла берет.*

*Журналыбызга чыгармаларыңыздарды мындан нары да жөнөтүп, жазылып алып окуп, тыкыс байланышта болуңуздар!*